ОКУУ КУРАЛЫ

# Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча көрсөтмө

WLP
Women's Learning Partnership













Кыргыз Республикасы,
720017, Бишкек шаары,
Исанов көчөсү, 8Б

тел.: +996 312 31 42 38;
+996 312 31 41 66

Web: www.birduino.kg

E-mail: birduinokyrgyzstan@gmail.com;
hrccac@gmail.com

Skype: BirDuinoKyrgyzstan

ОКУУ КУРАЛЫ

# Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча көрсөтмө

**Махназ Афхами**

**Энн Айзенберг**

*Кеңеш берүүчүлөр:*

**Лина Абу Хабиб**

**Асма Хадер**

**Синди Медар-Гоулд**

**Жаклин Питенгай**

**«Бир Дүйнө - Кыргызстан»**
укуктук кыймылы тарабынан
кыргыз тилине которулду

Басылманын башкы редактору:
**Төлөйкан Исмаилова**

Кыргызча которгон
**Гүлбарчын Жумабаева**

Редактору жана рецензияланган:
**Гүлзада Турдалиева**

Топтогон:
**«Карандаш» дизайн-студиясы**

**Women's Learning Partnership**
**For Rights, Development, and Peace (WLP)**

4343 Montgomery Avenue, Suite 201
Bethesda, MD 20814

Tel: (1) 301-654-2774
Fax: (1) 301-654-2775
Email: wlp@learningpartnership.org
Web: www.learningpartnership.org

Copyediting by Jean Waterman
Cover Design and Layout by Xanthus Design

© Copyright 2014
By Women's Learning Partnership for Rights, Development, and Peace (WLP)
ISBN 978-1-939525-98-7
Kyrgyz Adaptation

© By Public Association " Human Rights Movement: Bir Duino - Kyrgyzstan"
(in the Kyrgyz language)

# Мазмуну


ЫРААЗЫЧЫЛЫК ........................................................................v

**Биз Кимбиз** ........................................................................vii
WLP уюмунун өнөктөштөрү тууралуу....................................viii
WLP Киришүү ........................................................................xii

**КИРИШҮҮ** ........................................................................ 1
**Саясий активдүүлүктүн негизги компоненттери** ....................5
Тренерлер үчүн көрсөтмө ........................................................13
Тренердин ролу ........................................................................13
Катышуучулардын ролу .............................................................15
Жолугушууларды уюштуруу .......................................................15
Семинардын биринчи сабагы ......................................................17
Ар бир сабактын түзүмү ............................................................18
Семинардын сабактарын аяктоо.................................................19

**СЕМИНАРДЫН САБАКТАРЫ** ................................... 21
**1-Бөлүм/ Саясат жана бийлик: Менин ордум кайда?** .........21
1-Сабак: Көз алдыга жеткилең дүйнөнү элестетип ..............23
2-Сабак: Этикалык саясат .....................................................29
3-Сабак: Кайсы жерде мен компетенттүү боло алам? ........35

**2-Бөлүм/Таасир берүү үчүн көрсөтмө: Менин кийинки кадамдарым кайсылар?** ............................................................ 45
4-Сабак: Саясий маселелерди аныктоо жана көз караштарыбызды иштеп чыгуу ............................. 47
5-Сабак: Саясий аренадагы картаны түзүп алуу .................53
6-Сабак: Өздүк топту түзүү .....................................................64
7-Сабак: Тармакта иш алып баруу жана коалиция түзүү.....76
8-Сабак: Элге өз билдирүүбүздү жеткире билүү: Жеке байланышуу ыкмасы .................................... 84
9-Сабак: Сүйлөшүүлөр, компромиссттик жана компромисстик эмес варианттар .................. 91
10-Сабак: Жетишкендиктерди баалоо, тажрыйбаларды өстүрүү ......................................100
**Семинарды баалоо формасы** ..............................................107

**ТИРКЕМЕ** .......................................................................113
**«А» Тиркемеси: Кошумча көнүгүүлөр** .................................. 114
Радио-интервью ...................................................................... 114
Кураши жүрүшүн тандайбыз! ................................................ 116
**«Б» Тиркемеси: Пресс-релизди кантип жазуу керек: мисалдар жана көнүгүүлөр** ............................................118
**«В» Тиркемеси: Этикалык өнөктөштүктөрдү уюштуруу. Кеңештер баракчасы** ...................................................... 126
**«Г» Тиркемеси: Мобилдештирүү. Өз кабарыңды элге жеткирүү. Кеңештер баракчасы** ........................................... 129
**«Д» Тиркемеси: Тармакта иштөө жана коалиция түзүү. Кеңештер баракчасы** ...................................................... 132
**«Е» Тиркемеси:Саясий активдүүлүк боюнча терминдер** ...................................................................... 135
**«Ж» Тиркемеси: Аялдардын саясий активдүүлүгүн колдоо боюнча интернет-ресурстар** ........................................ 138
**«З» Тиркемеси: Квоталар гендердик адилеттик өлчөмү катары** .................................................. 141
**«И» Тиркемеси: Үмүт жана Эркиндик. Бет ачар** ................. 167
**«К» Тиркемеси: Аялдардын саясий активдүүлүгү тууралуу эл аралык документтер** .................................172

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Биз бул окуу китебин иштеп чыгууга жана ыңгайлаштырууга көмөк көрсөтүп, зор салымдарын кошкондугу үчүн төмөндөгү фонддорго терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз:

**MDG3 Голландиянын тышкы иштер министрлиги**

**«Ford Foundation»**

**«National Endowment for Democracy»**

**«New Field Foundation»**

**«Oxfam- Novib»**

**«Shaler Adams Foundation»**

Китепти түзүүдө өздөрүнүн окуяларын сунуштаган бир катар лидерлерге жана семинарларды уюштурууда окуу куралынын ишке ашырылышында баа жеткис байланышты камсыз кылганы үчүн, ошондой эле Монровидеги окутуу институтунда (Либерия, 2007), Экити штатында (Нигерия 2008) жана Фритаунда (Сьерра-Леон, 2009) WLPнын Нигериядагы өнөктөштөрү BAOBAB for Women Human Rights уюмуна ыраазычылыгын билдирет. Мындан сырткары, WLP нын Ливандагы өнөктөшү Collective for Research and Training on Development-Action (CRTD-A), Лина Абу Хабиб жана Дэлфин Торреске окуу куралынын акыркы вариантынын түзүлүшүнө, ресурстар боюнча жана саясий квоталар системасында изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кошкон салымдары үчүн ыраазычылык билдиребиз. Өзгөчө Анне Мугишу Бвомезиге жана Кристина Халстеддиге окуу куралын даярдоонун ар кыл этабында кошкон салымдары үчүн жана Женнифер Пендлтонго окуу куралынын акыркы вариантын топтоп жана басып чыгарууга кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдиребиз.

# БИЗ КИМБИЗ

«Women Learning Partnership» (WLP) дүйнөнүн 20 өнөктөштүк уюмун кучагына алып, калктын көпчүлүк бөлүгүн мусулмандар түзгөн өлкөлөрдө аялдарды колдойт жана лидерликке окутат. Алар дүйнөнүн кайсы тарабында болушпасын, акыйкаттыктын жар салуучулары болуп кала беришин көздөп, ар кыл типтеги окутуу-тренингдерин уюштуруп келет. WLP маданияттуулукка басым жасаган демократиянын негиздерин алып жүрүүчүлөрдү тарбиялайт жана аялдардын үй-бүлөдө, чакан чөйрөлөрдө, коомдо жана мамлекеттик деңгээлде активдүү роль ойноосун колдоого алуу жаатында жергиликтүү уюмдар менен өнөктөштүк байланыштарды бекемдейт.

Акыркы он жыл аралыгында WLP уюмунун программалары жана окутуу материалдары 20 тилге которулуп басылып чыкты, 40тан ашуун өлкөлөрдө аялдарды лидерликке окутуу үчүн жайылтылды, жергиликтүү уюмдар өз шартына ылайыкташтырып, окутууларды уюштуруп, дүйнө жүзү боюнча аялдар кыймылдарын бекемдөө үчүн салымын кошо алды.

2006-жылы «Leading to Choices» окуу китеби 17 тилге которулган жана ондогон өлкөлөрдүн жергиликтүү өзгөчөлүгүнө жараша ыңгайлаштырылды. Дүйнөнүн түштүк жер шаарындагы 9000ден ашык аялдар (ошондой эле эркектер) дал ушул окуу китебинин негизинде уюштурулган окутуу-тренингдеринин жана семинарларынын катышуучулары боло алышты. WLP уюмунун өнөктөштөрү жана ар кыл өлкөлөрдөгү мамлекеттик эмес уюмдар аялдарды жаңы деңгээлге көтөрө турган – «таасир берүүчү» окуу китебин басып чыгаруу сунушу менен кайрылышкан. «Leading to Action: Political Participation Handbook for Women» окуу китебинин алгачкы варианты WLP уюмунун өнөктөштөрү тарабынан ишке ашырылды жана рецензияланды. Бул басылма биргелешкен иш-аракеттердин натыйжасы болуп саналат. www.learningpartnership.org

# WLP уюмунун өнөктөштөрү тууралуу

**Afgan Institute of Learning (AIL)** – Афган лидер аялдары башында турган, жергиликтүү аялдардын, балдардын жана жалпы эле коомдун медициналык жардам алуу мүмкүнчүлүктөрүн адистештирилген багытта канаттандыруу максатында окутууну көздөгөн мамлекеттик эмес уюм. AIL саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагындагы адистер менен иш алып барат жана аларды окутуп келет, мындан тышкары, мугалимдерди, саламаттыкты сактоо кызматкерлерин даярдоочу, лидерлик жана адам укугун коргоо жаатындагы ар кыл программаларды колдонуу аркылуу ар кыл уюмдар менен дагы иш алып барат. Бул программалар окутууну үйдө, уюмдарда уюштуруп, колдоого, окутууларды коомчулук үчүн уюштурууга, аялдарды окутуу борборлоруна, мектепке чейинки окутуу программаларына негизделет.

**AII Women, s Action Society (AWAM) -** 1985-жылы уюшулган, негизги ишмердүүлүгү Малайзиялык аялдардын жашоосун жакшыртууга багытталган аялдар уюму. Негизги максаты – аялдарга урмат-сый менен мамиле кылган, зордук-зомбулуксуз жана басмырлоосуз, тең укуктуу жана демократиялык акыйкат коомду түзүү. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн AWAM аялдардын укугун коргоого, аял менен эркек ортосундагы тең укуктуулукту камсыз кылууга жана аялдардын оор каатчылык абалын колдоого алууга кызыкдар болгондор үчүн баардык маалыматтарды камсыз кылып, мобилдештирүүнү, байланыштарды ишке ашырат. AWAMдын ишмердүүлүгү зордук-зомбулукка кабылгандарга түздөн-түз жардам берүү, аларга юридикалык жана адвокаттык жардам көрсөтүү, окутуу-тренингдерин уюштуруу сыяктуу укук коргоочулук аракеттер болуп саналат. http://www.awam.org.my

**Association Democratique des Femmes du Maroc (ADFM)** – 1985-жылы уюшулган Марокконун демократиялык аялдар уюму–бул көз каранды эмес бирикме, максаты - аялдар үчүн адам укугун коргоо жана камсыз кылуу, теңчиликтин социалдык тажрыйбасын, саясатын жүргүзүүгө жардам берүү. Мароккодогу аялдардын укугун коргоочу чоң бейөкмөт уюмдардын бири ADFM аймактык жана эл аралык деңгээлде өкмөттүк институттар жана жарандык коом менен өз ара кызматташа турган туруктуу тармакты кеңейтип келет. Уюм башка ишмердүүлүктөрүнөн тышкары, коомдук иштер маалыматтуулукту жайылтуу, сабаттуулукту жогорулатуу, түз жардам берүү жана сабатсыздыкты жоюуга кепилдик берет.
http://www.adfm.ma

**Accociation de Femmes Chefs de FamiIIe (AFCF)** – Мавританиядагы мамлекеттик эмес уюм. Негизги ишмердүүлүгү адам укуктарын, аялдардын жана балдардын укуктарын коргоого багытталган. AFCF кыйын кырдаалга кабылган аялдарга жардам көрсөтүү (негизинен, үй чарбачылыгы менен алектенген аялдарга) аялдардын, балдардын жашоо шартын жакшыртууга багытталган ассоциация түйүндөрүн түзүүгө, гендердик тең укуктуулукту жана ар түрдүү социалдык тармактардагы аялдардын жогорку маданиятка жетишүүсү үчүн иш жүргүзөт.
http://www.afcf.rim-asso.org

**Aurat Foundation** – Aurat Foundation фонду 1986-жылы түзүлгөн. Фонддун ишмердүүлүгү Пакистандагы аялдардын укугун коргоого жана ушул эле өлкөдө гумандуу, акыйкат жана демократиялуу коомду камсыз кылууга жетишүүгө багытталган. Уюм Пакистандагы гендердик теңчилик жана аялдардын укуктарын коргоо боюнча маалыматтардын жана билимдердин жетиштүүлүгү боюнча иш алып барган активисттер, коомдук уюмдар менен тыгыз иш алып барат.
http:www.af.org.pk/mainpage.htm.

**BAOBAB for Women's Human Rights (BAOBAB)** – бул диний мыйзамдары күчтүү, мусулмандык коомдо жашаган аялдардын жарандык жана юридикалык укугун, салттык укугун камсыз кылууга аракеттенген коммерциялык эмес бейөкмөт уюм. BAOBAB адис юристтер менен бирге жөнөкөй юридикалык билими жок адамдар: мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери, адам укугу боюнча топтор, ар кандай бейөкмөт уюмдар жана катардагы жарандар менен иш алып барат. Бул уюмдагыларды окутуу программалары баарынан мурун адамдардын, өзгөчө аялдардын укугу боюнча маселелерди чечүүгө багытталган. БАОБАБ аялдардын укугу боюнча тренингдерди жана билим берүү долбоорлорун, ошондой эле, аялдардын укугун кеңейтүү боюнча программаларды каржылайт жана анын социалдык, мамлекеттик саясатка болгон таасирине байкоо жүргүзөт.

**Be-Free Center/Bahrain Women,s Association (BFC/BWA)** – Бахрейндеги аялдардын жана балдардын статусун бекемдөө иштери менен алектенген уюм. Уюм аялдардын юридикалык укугу боюнча билимдерин кеңейтүү үчүн аракеттерди көрөт жана мындан тышкары, аялдарга байланыштуу ааламдаштыруу, маалымат технологиялары, курчап турган чөйрө, саламаттыкты сактоо, маданият жана үй-бүлө маселелерин дагы камтыйт. «Be-Free» көчө балдары жана аларга карата таш боор мамилелерди азайтуу, аларды толук кандуу жаран кылып тарбиялоо маселелери менен дагы алектенип, барандуу иштерди жүргүзүп келишет.

**Cidadania, Estudo, Pesquisa, Informacao e Acao (Cepia)** – Мамлекеттик эмес жана коммерциялык эмес уюм. Негизги ишмердүүлүгү адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоону, өзгөчө, тарыхый себептерден улам, Бразилия жарандыгын алуу укугунан толук ажыраган топтордун укуктарын коргоону камсыз кылган долбоорлорду иштеп чыгууга арналган. «Cepia» изилдөөлөрдү жүргүзөт, ошондой эле, ден соолукка басым жасаган социалдык долбоорлорду, агартуу, сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды, зомбулук жана акыйкаттыкка жол ачуучу, кедейчилик жана иш менен камсыз кылуу долбоорлорун ишке ашырат. Cepiaнын укуктук стратегиясы коомдук саясатка мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону, ар кыл социалдык топтор менен жарандык уюмдардын ортосунда ачык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү кучагына алат. http://www.cepia.org.br.

**Collective for Research & Training on Development-Action (CRTD-A)** – Ливанда гендердик теңсиздикке жана акыйкатсыздыкка өзгөчө көңүл буруп, коомдук социалдык өнүгүү маселелери боюнча иш алып барган эл аралык агенттиктерди жана изилдөөчүлөрдү окутууну, аларга техникалык жардам көрсөтүүнү камсыз кылат. CRTD-A өз ишмердүүлүгүн активдүү ишмердүүлүккө негизделген сапаттуу, бирдиктүү социалдык изилдөөлөргө багыттайт. Бул уюм гендердик өнүгүү жаатындагы оригиналдуу окуу куралдарын басып чыгарат, гендер маселелери негизги багыты болуп саналып, ушул жаатта, коомдук кыймыл, жарандык коом жана кедейчилик маселелери боюнча окутуу тренигдерин уюштуруп келет. CRTDAнын мүчөлөрү гендердик тең укуктуулук боюнча иш алып барган мамлекеттик эмес уюмдардын мүчөлөрүнө кеңештерди берип келишет. http: // crtda.org.lb/en.

**Community Education and Development Services (CEDS)** – 1996-жылы Камерундагы экономикалык өнүгүү үчүн жана аялдардын статусун жакшыртуу максатында түзүлгөн мамлекеттик эмес уюм. CEDS өлкөнүн башка аймактарындагыдай, мамлекеттик эмес уюмдар анча жайылбаган түндүк-чыгыш жана түштүк аймактарындагы коомчулуктар менен иш алып барышат. Буга кошумча катардагы аялдарга, айылдык кеңештердин мүчөлөрүнө, улуттук жана аймактык уюмдарга лидерлик боюнча окутууларды жүргүзөт, CEDS абактарда, айылдык мектептерде жана айылдык кеңештерде түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. CEDS ошондой эле, Бамендеги (Камерун) WLP-CEDS маалымат-технологиялар борборунда маалымат-байланыш технологиялары боюнча дагы окутуу тренингдерин жүргүзүп келишет.

**Fondo de Desarrollo para la Mujer (Fodem)** – Никарагуадагы анча чоң эмес финансы ресурстары, бизнес жана жарандык программалары менен колдоо көрсөтүү аркылуу аялдардын саясий жана экономикалык статусун бекемдеген мамлекеттик эмес уюм болуп эсептелет. Анын программалары Grupo Intercambio тарабынан Борбордук америкалык эң мыкты ишмердүүлүк үчүн сыйлыгына татыган.
http://www.fodem.org.ni

**Forum for Women in Development (FWID)** – Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу үчүн күрөшкөн жана аялдардын эркиндиги үчүн иштеген Египеттеги мамлекеттик эмес уюмдардын түйүнү. FWID 1997-жылы негизделгенден баштап, жарандык коомдун он беш уюму менен биргеликте, аялдарга карата басмырлоочу мүнөзгө ээ саясатты жана мыйзамдарды реформалоо үчүн күрөшкөн. Анын курамы демократиялуу, акыйкат жана тең укуктуу коомду куруу үчүн бирге иштешүүнү каалаган ар кыл социалдык-профессионалдык катмарды камтыган аял жана эркектерден турат. http://www.anhar.net/who.htm.

**Foundation for the Support of Women's Work (FSWW)** – коомдун социалдык, экономикалык жана саясий жашоосунда аялдардын чечим кабыл алуу процесстерине тең укуктуу катышуусун камсыз кылууга, жергиликтүү аялдардын потенциалын жана тажрыйбаларын колдонуу аркылуу жетишкен Түркиялык мамлекеттик эмес уюм болуп саналат. 1986-ж. негизделгенден баштап, коомчулуктардагы лидерлик жөндөмүн, аз кирешелүү аялдардын топторун, алардын жашоо деңгээлин жакшыртуу максатында колдоо көрсөтүп келет. KEDV/FSWW Түркиянын түштүк-чыгышында Стамбул шаарында Мармат сейсмикалык аймагында иштейт. Уюм мындан тышкары, FSWW программасын өз ишмердүүлүгүндө интеграцилоону каалаган мамлекеттик эмес уюмдарга кеңеш берүү иштери, окутуу тренингдери, жана башкаруу органдарына мониторинг жүргүзүү иштери менен камсыз кылууну дагы ишке ашырат.
http://www.kedv.org.tr.

**Human Rights Movement: Bir Duino - Kyrgyzstan (CAC)** – Бирикменин миссиясы Кыргызстанда ак ниеттүү башкаруу принциптерин жана мыйзам үстөмдүгүн бекитүүгө көмөктөшүү аркылуу адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо болуп саналат. Бирикменин негизги максаты 1975-жылдагы Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) Хельсинк Макулдашуусунун корутунду актысынын, аны өнүктүрүү үчүн кабыл алынган башка эл аралык укуктук документтердин гуманитардык беренелерин, ошондой эле Кыргызстандан адам укуктары жана негизги эркиндиктери чөйрөсүндөгү бардык башка милдеттерин иш жүзүндө аткарууга көмөктөшүү болуп саналат.
http://www.birduino.kg

**Иран** – WLP окуу материалдарын жана мультимедиялык окуу пландарын фарси тилинде иштеп чыгуу максатында Ирандык окумуштуулар жана активисттер менен өнөктөштүктө иштейт. 2005-жылы WLP Ирандагы аялдар түйүнүн күчтөндүрүү, катышуучулардын биргелешкен лидерлик көндүмдөрүнүн өсүшүнө салым кошуу максатында «Аялдардын лидерлигинин жана улуттук тренерлерди окутуу маселелери боюнча Улуттук билим берүү институтун» Ирандык окумуштуулар жана активисттер тобу менен биргеликте уюштурган.

**Shymkent Women's Resource Center (SWRC)** – Шымкенттеги аялдардын ресурстук борбору Казакстандагы мамлекеттик эмес уюм болуп эсептелет, анын негизги багыты адамды кул катары сатууга жана аялдарга карата зомбулукка каршы турууга, аялдардын укугун коргоого жана аялдардын лидерлигин өстүрүүгө арналган. Шымкенттеги аялдардын ресурстук борбору кулчулукка каршы кампанияларды уюштуруп, аялдардын өздүк жардам берүү топторун түзүп, кулчулуктун курмандыктарына психологиялык жана укуктук кеңеш берүү кызматын көрсөтүү менен убактылуу жашай турган жай камсыз кылат. http://swrc.kz/eng.

**Sisterhood Is Global Institute/Jordan (SIGI/J)** – 1998-ж. негизделген мамлекеттик эмес уюм болуп саналат. Анын негиздөөчүлөрү адвокаттар, юристтер, активист-укук коргоочулар болуп саналат, негизги багыты – аялдардын укуктарынын корголушуна билим берүү, көндүмдөрдү калыптандыруу жана заманбап технологияларды колдонуу аркылуу салым кошууга арналган. Анын программалары адам укугун коргоо темасындагы окутууларды, кыз-келиндерге карата зордук-зомбулуктарга каршы күрөшүү, мындан тышкары, интернет жана байланыш технологиялары жаатындагы окутууларды дагы кучагына алган. SIGI/J аял лидерлердин жеке тажрыйбаларын чагылдырган маданий-агартуучу иш чараларга демөөрчүлүк колдоо көрсөтүп келет. http://www.sigi-jordan.org.

**Women's Affairs Technical Committee (WATC)** – 1992-жылдан баштап Палестинада аялдарга каршы зордук-зомбулукту жоюуга жана демократиялуу коомду курууга арналып иштеп келе жаткан коалиция болуп саналат. WATC комитетинин милдети - жаш аялдардын лидерлигинин ыкмаларын өнүктүрүү, бардык деңгээлдеги аялдардын саясатка катышуусун активдештирүү жана иштеп жаткан укук коргоо уюмдарын колдоо. Бул максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн аталган уюм тренингдерди, шериктештик байланышты, ММКда билим берүү программаларын жана буга ылайык компанияларды үгүттөө ишин пайдаланат. http//www.watcpal.org/English/index.as.

**Women's Self-Promotion Movement (WSPM)** – бул 2001-жылы Зимбабда уюшулган катардагы жарандардын уюму. WSPM аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча программаларды иштеп чыгып, негизги ишмердүүлүгүн жакыр жашаган аялдардын жашоо шартын жакшыртуу, экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана аялдардын лидерлигин өстүрүүгө багыттаган окутуулар аркылуу жакшыртууга багытталган. Уюм негизинен качкын аялдар жана түштүк Африка аймагы менен иш алып барат.

“WLP Partnership” уюмунун кулачы кеңейди, түйүнгө айлануу менен окутуу тренингдери аркылуу түштүк жарым шарында белгилүү боло алды. Андан ары WLPнын Уставынан сунуштайбыз:

# WLPнын көз карашы

**Максаты:** туруктуу өнүгүүнү, тынчтыкты, акыйкаттуулукту жана тең укуктуулукту камсыз кылуу, бийлик менен байланышты өзгөртүү максатында аялдардын кыймылын өркүндөтүү.

**Ресурстары:** Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн WLP Partnership өзүнүн концепцияларын, механизмдерин жана көз караштарын: тажрыйбаларды, көз караштарды жана көндүмдөрдү, стратегияларды алмашуу жана ресурстарды мобилизациялоо аркылуу жайылтууну көздөйт.

**Багыттары:** Туруктуу жана горизонталдуу лидерликти колдоо жана өркүндөтүү.

**Баалуулуктары:** WLP Partnership гендердик теңчилик, адам укугу баалуулуктарын, көп кырдуулукту сыйлаган консенсустун негизиндеги биргелешкен иш алып баруу аркылуу бөлүшөт.

## WLP төмөндөгү принциптерди туу тутат:

- Биз өзүбүздүн ишенимдерибиздин жана өздүк баалуулуктарыбыздын негизинде жашайбыз. Биз өнөктөштүктүн негизинде өз ара сый мамилелерге жана ишенимдерге негизделген акыйкаттуу, сабырдуу, демократиялуу коомду түзгүбүз келет. Биз ачык, тынымсыз жана кеңири байланыштагы өнөктөштүктү колдойбуз.
- Биз – таанып билүүгө, өнүгүүгө багытталган, айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө кайдыгер эмес, сезгич уюмбуз.
- Биз Өнөктөштүк менен иш алып барууну сыйлайбыз жана макулдашылган көз караштардын маанилүүлүгүнө ишенебиз.
- Биз биргелешкен жана горизонталдуу лидерликти колдойбуз жана аны камсыз кылабыз.
- Биз билимдерибизди жана көндүмдөрүбүздү жайылтуу жана байланышты камсыз кылуу үчүн жаңы маалыматтык технологияларды колдойбуз.
- Биз Women Learning Partnership уюмунун көз карашы биргелешкен жамааттык ишмердүүлүктүн ажырагыс бөлүгү экендигин моюнга алабыз.

***«Биз эң жаркын дүйнөнү курууда жүрөгүндө жалпы адамзатына тиешелүү ак ниеттик, чыныгы эрки бар аялдар жана эркектер менен кызматташабыз. Догмалар адамзаттын жашоосунун материалдык эмес жагын колдоого алат, ал эми максаттарга жетүү үчүн жашоонун маңызын ачкан, баалуулуктарга негизделген глобалдуу этиканы иштеп чыгуу керек. Сүйүү, кыйналууларды сезе билүү, тилектештик, кам көрүү жана чыдамкайлык сыяктуу баалуулуктар бул глобалдуу этиканын негизин түзүп, убакыттын өтүшү менен алардын бардыгы маданиятка, саясатка, динге жана философиянын негиздерине сиңиши керек».***

**Вангари Мута Маатай**
(Wangari Muta Maathai)
*Кения экологу*
*2004-жылдагы Нобель сыйлыгынын лауреаты*

# КИРИШҮҮ

**Негиздери**

Жер шарынын түштүк аймагынын активист аялдары, аялдардын саясаттагы ролу боюнча жаңы баракты ачты. Колониализм, апартеида жана диктатордук режимдердин кулашына алып келген өткөн жүз жылдыкта болуп өткөн окуялар, жер шарынын ар кайсы тарабындагы элдердин акылында жана жүрөгүндө жалпы адамзатына тиешелүү адам укуктарынын корголушуна жана адилеттүүлүккө жетишүүгө болгон умтулууну жаратты. Ар кандай мамлекеттерде, диндерде жана маданиятта аялдарды алдыга жылдыруунун принциптери ар башка болгону менен, тең укуктуулук, адилеттүүлүк жана укук принциптери бекем бойдон кала берет.

Аялдардын укугу боюнча күрөш, көбүнчө, модернизм менен салттын ортосундагы күрөштөй сезилет. Дүйнөнүн ар кыл бөлүгүндөгү диний, уруучулдук жана консервативдүү күчтөр, жана да, ар кыл салттар менен маданий тажрыйбалар аялдардын үй тирилиги жана эне болуу сыяктуу жеке чөйрөлөрдө эмгектениши зарыл деп эсептесе, ошол эле учурда эркектер өз коомчулугунун экономикалык, саясий жана социалдык түзүлүшүн калыптандыруу жана көзөмөлдөөгө алган коомдук чөйрөлөрдө эмгектениши керек деп көрсөтмө берип келишет. Адам укугунда аялдардын жетишкендиктери – коомдук жана жеке чөйрөнүн, же салттуулук менен модернизмдин ортосундагы эквилибристикалык катар саны эмес. Күчтүү шамалга багынып ийилип берген айтылуу камыш сыяктуу эле, салт, ал тургай маданият багынгыс күч эмес, эгер шамал абдан күчтүү болсо сынууга дуушар болот. Салт менен маданият кылымдардан бери келе жаткан сыяктуу эле, алар күчтүү болуу үчүн жаңы социалдык шарттарга ыңгайлашып өнүгө берет.

Аялдардын коомдук жана саясий активдүүлүгү аялдар үчүн да, эркектер үчүн да бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана жыйынтыктарды орнотууга түрткү берип, социалдык, саясий, экономикалык өзгөрүүлөр үчүн маанилүү кадамдардан болуп саналат. Аялдар өз керектөөлөрүнүн маалыматка бай, ойчул, туура ой жүгүртө билген коргоочулары болуп калат. Бүгүнкү күндөгү алардын саясий активдүүлүгү жеке жана коомдук чөйрөнү экиге бөлүп, реалдуу бийликти жана лидерликти аялдардын колуна берет.

«Таасир берүүчү көрсөтмө: Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча окуу куралы» китеби жетектөөчү кызматтарды ээлеген аялдардын санын жогорулатууга арналып иштелип чыккан. Мындан сырткары, биз өз тажрыйбабыздан улам белгилүү болгондой жана маанилүү экендигине карабай, аял лидерлердин саны абдан аз. Саясий лидерлик саясатчынын ким экенине карабастан, карама-каршылыкты чакыруучу же аны басаңдатуу үчүн колдонулуучу күч болуп саналат. Мына ушул себептен, «Women Learning Partnership (WLP)» уюму жана анын өнөктөштөрү «Таасир берүүчү көрсөтмө: Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча окуу куралы» китебин иштеп чыгып, демократиялуу жана жалпы элдерди бириктирген аялдардын лидер болуусуна мүмкүнчүлүк түзүүгө умтулушат.

## Максаты

«Таасир берүүчү көрсөтмө: Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча окуу куралы» китеби өз жамааттарында маанилүү роль ойноо максатын көздөгөндөрдү окутуу куралы катары колдонууга арналган. Бул аялдардын статусун бекемдөө жана алдыга жылдыруунун конкреттүү куралы болуп саналган WLP уюмунун окуу китептеринин жана колдонмолорунун ичиндеги эң соңку басылма. WLPнын бардык окутуу каражаттары жалпы компоненттерге ээ. WLPнын башка материалдары сыяктуу эле бул окуу китеби маалыматты окурмандарга жана семинардын катышуучуларына жеке бүтүм чыгарууга түрткү берген, кеңири жоопторду талап кылган суроолор жана сүйлөшүүлөр аркылуу берет.

«Сөздөн көрө, иштин үнүн ук» деген кеп бар. «Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча колдонмо» өз окурмандарына жана семинардын катышуучуларына саясий чектөөлөр жөнүндөгү сөздөн аракетке өтүүнү сунуштайт. Сиздин максатыңыз кандай болбосун, мейли, белгилүү бир кызматка келүү, башка өкүлдүн кампаниясын колдоо, аялдарды добуш берүүгө катышууга үндөө же өз коомчулугуңузду талапка жооп берген мыйзам менен камсыз кылуу болсун, бул окуу колдонмосу Сизге, кийинки саясий кадамдарды жасоо үчүн жөндөмдөрүңүздү өстүрүүгө жардам берет.

## Баалуулуктары жана түзүлүшү

«Таасир берүүчү көрсөтмө» окуу китеби өз алдынча колдонулат, ошол эле убакта WLPнын башка окуу куралдарындагы баалуулуктар жана түзүлүштөр менен шайкеш келет. Саясий активдүүлүктүн страгегиясында негизги көңүл байланышууга, уга билүүгө, консенсуска жана өз ара түшүнүшүүгө жетишүүгө, окуп-үйрөнүү өнөктөштүгүнө бурулат. Бул ыкмалар мүдөө-максаттарында жана колдонуу каражаттарында этикалык деп саналган демократиялык инклюзивдүү процесстерге алып келет жана саясий активдүүлүктүн стратегияларын иштеп чыгат.

Саясий активдүүлүктүн бирдиктүү жолу болбогон сыяктуу эле, саясий катышууну иликтөөнүн бирдиктүү ыкмасы жок. «Таасир берүүчү көрсөтмө» окуу куралында окутуу процесси саясий активдүүлүккө кошумча тренерлердин жана семинардын катышуучуларынын көндүмдөрүн өстүрүүгө багытталган. Сунуш кылынган сабактар жол көрсөтүүчү гана мааниде, андыктан, колдонулуучу жамаатка ылайыкталып, өзгөртүлүшү мүмкүн. Маселен, белгилүү адамдардын өмүр таржымалдары, ийгиликтүү өнөктүктөрдүн тажрыйбалары талкууга багыттоочу түйүн катары саналып, ар бир конкреттүү кырдаалга жараша бейнелер жана окуялар менен алмаштырылат.

## Түзүлүшү

«Таасир берүүчү көрсөтмө» окуу китеби семинарларда колдонууга ылайыкташтырылган түзүлүшкө ээ жана аны колдонуучулар жеңил өзгөртүп ала алышат. Сабактар жана көнүгүүлөр семинардын ар бир катышуучусунун конкреттүү талабына ылайык өзгөртүүгө, ыңгайлаштырууга, маанилүүлүгүн арттыруу үчүн башка булактардан кошумчалоого оңтойлуу иштелип чыккан.

Түзүлүшү «Саясий активдүүлүктүн негизги учурлары» деп аталып, саясий активдүүлүктүн мүнөзүн жана максаттардын жыйындысын кучагына алат. «Тренерлер үчүн көрсөтмө» семинардын сабактарынын түзүлүшүн, аларды кантип кеңири пайдаланууну түшүндүрөт.

Семинардын он сабагында аялдардын саясатка аралашуу жолундагы тоскоолдуктар маселеси, этикалык саясий лидерликтин стратегиясы иликтенет. Сабактар эки бөлүмгө бөлүнгөн. 1-бөлүм «Саясат жана бийлик: Менин ордум кайда?» үч сабакка бөлүнүп, мында семинардын ар бир катышуучусу өзүн лидер, саясий активист жана дүйнөнүн жараны катары сезе алат. 2-бөлүм «Таасир берүүчү көрсөтмө: Менин кийинки кадамдарым кандай?» жети сабактан туруп, катышуучулардын саясий өнөктүктөргө аралашуусу үчүн конкреттүү стратегияларды иштеп чыгуусуна түрткү берет. Сабактардын ар бири аялдардын коомдук чөйрөлөргө таанылуусунда кездешүүчү тоскоолдуктарды иликтейт жана аял-лидерлердин атаандаштык жагдайындагы маселелеринин чечилиши чыныгы турмуштан алынган мисалдар аркылуу көрсөтүлүп берилет. Муну менен бирге окуу куралы семинардын катышуучуларынын ортосундагы идеялар, талкуулардан улам оң таасирлер менен сын-пикирлердин эркин чабыты жаралган ойдон чыгарылган сценарийлерди дагы камтыйт.

Окуу куралынын аягында жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлдеги саясий ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн кошумча ресурс болуучу тиркемелер келтирилди.

# Саясий активдүүлүктүн негизги компоненттери

Махназ Афхами

Саясатка аралашуу деген эмне? Саясат деген эмне? Эмне үчүн аялдарга саясат жана ага аралашуу маанилүү? Эмне үчүн аялдар бардык жерде, айрыкча, өнүккөн өлкөлөрдө саясатка, ошондой эле коомдун башка чөйрөлөрүнө толук кандуу аралашуудан четтетилип, ал тургай тең укуктуулук берилген жааттарда да тоскоолдукка учурап келет. Саясатка активдүү тартылган аялдарды кандай артыкчылыктар күтөт? Аялдардын саясий таасиринин артышы эмнеде?

Бул биз суроо-жооп кыла турган көптөгөн суроолордун айрымдары гана. Биздин кайтарган жоопторубуз менен узаткан соболдорубуз дайыма эле айкалыша бербейт. Анткени, биз ар түрдүү коомдук, маданий, саясий-экономикалык түзүмдө жашайбыз. Кээ барибиз салыштырмалуу мобилдешкендиктен жана чечимдер кабыл алынуучу жакшы жумуш орундарына орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан, башкаларга караганда көп нерсеге жетиштик. Бирок, ажырым олуттуу эмес. Бардыгыбыз патриархаттын кысымын баштан кечирдик, ошол эле саясий активдүүлүккө аттануу жолунда дагы тоскоолдуктарга кабылып жатабыз. Андыктан, биз бири-бирибизден үйрөнүп жана бири-бирибизге жардам берүүбүз кажет. Саясий жактан жетик жарандар катары калыптануу үчүн өз жолубузду аныктоодо эмнеге, кантип жана кандай өңүттө жетишээрибизди терең анализдеген негиздүү көз караштарды иштеп чыгып, жайылта алабыз.

Бул топтомдогу биздин негизги максатыбыз – бүткүл дүйнө жүзүндөгү, өзгөчө, батыштагы эмес өлкөлөрдөгү аялзатынын кызыкчылыктары жана шарттары үчүн кыйла маанилүү болуп саналган саясатты жана ага катышуу элементтерин чагылдыруу. Аялдар социалдык-маданий жактан ар түрдүү коомдо жашагандыктан, саясий тажрыйба дагы бардыгы үчүн бирдей боло албайт. Бирок, саясат жана ага аралашуунун башкы элементтери кайсы бир деңгээлде окшош. Бул жерде жалпысынан, негизги элементтерге басым жасалды.

## Саясат жана бийлик

Саясат башка адамдардын жүрүм-турумуна таасир этүү жөндөмү, бийлик менен тыгыз байланыштуу. Бийлик - саясатка караганда өтө кеңири түшүнүк: ал адамдардын бардык деңгээлдердеги өз ара аракеттенүүсүндөгү алардын өз ара мамилешүүлөрүнүн негизги аспектиси болуп саналат. Көпчүлүгүбүз саясатка тартылганбыз. Ал эми бийликтин таасирин бала курагыбызда эле туюп-сезгенбиз. Эмнени кааласак, ата-энебизден суранып алууну бала чагыбыздан эле үйрөнгөнбүз. Ал эми эне болгон кезде өзүбүз каалаган нерсеге балдарыбызды мажбурлап жетишкенге үйрөндүк. Ошентип, биз, башкаларга таасир этүүнүн жок эле дегенде эки жолу бар экенин билебиз: күч колдонуу жолу же болбосо, коркутуу же жазалоо, экинчиси, альтернативдүү түрдө, б.а. күч колдонуу четке сүрүлүп, биз суранган нерсе көнүмүш жагдай катары эсептелип, ыктыярдуу кабылданган жол. Аял катары сөзсүз түрдө, биз адеп-ахлагыбыздын жана сезим-туюмдарыбыздын негизинде экинчи вариантты тандайбыз. Ошентсе да, күч колдонуудан практикалык себептерге байланыштуу дагы баш тартабыз: эрежеге ылайык, күчтүк куралдарга ээлик кыла албайбыз, ээлик кылган күндө деле, күч колдонуу – бийликтин натыйжалуу ыкмасы болуп саналбайт.

Күч колдонулбаган вариантта эки жолун тең өнүктүрүү мүмкүн болгон биздин жекелик абалыбыздын жыйынтыгында, мыйзамдуу абройго жетишебиз. Айрым адамдардын табиятынан эле өзүнө жарашыктуу мүнөзү бар (харизматикалуу). Кеби да элге угумдуу, себеби, алардын турган-турпаты ошондой. Көпчүлүгүбүз башкалар менен натыйжалуу пикир алышуунун жолдорун үйрөнө алганыбыз менен адамды өзүнө тартуучу талант баарыбызга эле буюра берген эмес. Биз бул жөнүндө «Менин тандоом - Лидер аялдар үчүн атайын окуу куралында» сөз кылганбыз. Лидерлик көндүмдөрдү тарбиялоо өтө маанилүү, анткени, биздин акыбалыбыздан пайда болгон элементтер бизге дайыма эле пайдалуу боло бербейт. Биздин «бийликтеги абалыбыз» негизинен укуктарыбыз, эркиндиктерибиз жана милдеттерибиздин топтомунда чектери аныкталган тарыхыбыз жана үрп-адаттарыбыз менен аныкталып, чектелет. Көпчүлүгүбүз укуктарыбыз менен эркиндиктерибизге милдеттер үстөмдүк кылган патриархалдык шарттарда жашайбыз. Бирок, байкоолор көрсөткөндөй, биз мүңкүрөп калган жокпуз. Энелер, эже-сиңдилер жана кыз-келиндер катары адеп-ахлактык түзүмдү жетекке алып келүүдөбүз. Көпчүлүк өлкөлөрдө бизди жеке сапаттары күчтүүлүк кылган жарандар катары таанышат. Акыркы он жылдыкта мурдагыдан да көбүрөөк билим алууга жетиштик. Көптөгөн өлкөлөрдүн университеттеринде эркектерге караганда кыздардын саны көбүрөөк. Учурда биз билим берүүдөн баштап, экономика, маданият, дин иштерине чейин кийлигишүү укуктарыбыздын корголушун талап кылуудабыз, ал эми бул айрым өлкөлөрдөгү патриархалдык күчтөрдүн чочулоосун жаратпай койгон жок. Бирок, биз өзүбүзгө бекем турабыз.

Ошого карабастан, алдыбызда бизди социалдаштырууга алып келген патриархалдык баалуулуктардан улам келип чыккан чоң тоскоолдуктар турат. Бул баалуулуктар негизинен каада-салттардан агылып чыгууда. Алар биздин жан дүйнөбүзгө мөөрдөй басылып калган. Алар дайыма биздин ички туюмдар менен жаңылануунун ортосундагы ички кагылышуулардын дамамат себепчиси болуп келет. Жаңылануунун ары жагындагы биздин укуктарыбыз чектелүү экендигин аңдап турабыз, бир эле убакта үй-бүлөнүн, тайпанын, коомдун «абийирин» сактоо керек деп өстүргөн тарбия туюмунун күчү менен жаңылануунун кагылышуусуна алып келебиз. Бул биздин абийир эмес, жеке жоопкерчиликтер жана укуктарга негизделбеген, бизге тануулаган абийир концепциясы деп улам айта берүүдөн майнап чыкпайт. Ошого карабастан, коомду жикке бөлбөй же үрп-адаттарды бузбай туруп, баштан кечирген карама-каршылыктарга, биз учураган адилетсиздикке, биздин абийирди, укуктарыбызды жана эркиндиктерибизди табыштырган өзгөрүү процессине карай жолду көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү өтө пайдалуу. Ошондуктан, биздин укуктарыбызга жана эркиндиктерибизге карай жолубуз – биздин жеке жолубуз болуп калмакчы. Биз салттарыбызды четке какпайбыз. Биз салттарыбызды теңдикке, эркиндикке жана укуктарга болгон муктаждыктарыбызга кандайча ылайыкташтырууну ойлонуп жатабыз. Бардыгы үчүн тең укуктуулук жана адилеттүүлүк негиз болгон бул максаттарга жетишүү үчүн биз социалдык адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн эркектер жана башка топтор менен иштешүүдөбүз.

Булардын бардыгына жетишүү үчүн албетте, саясатка аралашуубуз керек. Адеп караганда, биздин мүмкүнчүлүктөр анчалык деле убадага карк көрүнбөйт. Эгерде саясаттын күч колдонууга катышы болсо, адамды күчтүү кыла турган факторлордун жетишсиздигинен биздин - аялдардын абалы өбөлгөлүү болбошу күтүлөт. Биринчиден, карамагыбызда күч жок, бирок, болгон күндө да, биз аны каалабайбыз. Экинчиден, тарыхый жактан бизге салттуу бийлик берилген эмес, ошондуктан, эркектердин бийлигине огожо патриархалдык маданиятта жашап келатабыз. Үчүнчүдөн, учурда жашообузда колдонулуп жаткан, «рационалдуу» критерийлердин негизинде жазылса да, бизди көп жерден чектеген жана бизге карата бирдей мамиле камтылбаган мыйзамдардын бардыгы бийликтеги эркектер тарабынан киргизилген. Бул биздин

саясатка жана бийликке карата чыгармачылык менен мамиле кылышыбызды, жаңы жана көп кырдуу концепцияларды, ыкмаларды иштеп чыгып, жөн гана ийгиликтерге жетишпестен, жеке өзүбүз жана жалпы аялзаты үчүн олуттуу ийгиликтерге жетишибиз керектигин билдирет. Алдыга карай умтулуп, чоң арыштоодон мурун, келгиле, саясатты жана күчтү өтө кылдат иликтеп көрөлү.

## Бийлик пикирлешүүнүн каражаты катары

Эгер саясаттын бийликке катышы болуп, ал эми бийлик адам өзү үчүн ыңгайлуу деп эсептегендей аракеттерди көрүп, башкаларга таасир этүү жөндөмү катары аныкталган болсо, анда, саясаттын түпкүлүгүндө коммуникация менен байланыштуу экендиги түшүнүктүү. Эгерде биз пикир алышпасак, анда каалаган нерсебизди эч качан жеткире албайбыз. А эгерде башкаларга эмнени каалап жаткандыгыбызды билдирбесек, анда аларды биздин каалообузга ылайык мажбурлай албайбыз же болбосо, бизге жакпаган нерсени токтотуу мүмкүнчүлүгүбүз болбойт. Ошондуктан, пикирлешүү саясий процессте эң маанилүү. Ансыз биз саясатка тартыла да албайбыз. Демек, пикирлешүүнүн компоненттери кандай? Кадимки формада алганда бизге байланышчы (коммуникатор - билдирүүнү багыттоочу), билдирүү, байланыш түйүнү жана кабыл алуучу – билдирүү багытталган адам же топ керек. Турмушта биз күн сайын пикир алмашуу менен жашайбыз. Үй-бүлөдө биз негизинен, бетме-бет сүйлөшөбүз. Кыздарыбызга же балдарыбызга эмнени кылуу же кылбоо керектигин түшүндүрөбүз. Болбосо суроо беребиз. Досторубуз менен телефон же интернет аркылуу сүйлөшөбүз. Узак жылдар аралыгында биз сүйлөшүү жемишин бергендей кылып жүргүзүп, белгилүү бир чектөөлөрдү сыйлоого үйрөндүк. Биз беш жаштагы кызыбыздан балалык акылында аңдабаган же ал-күчү жетпегидей нерсени аткарууну талап кылбайбыз. Болбосо, ага жакпаган нерсени жасоого мажбурлоого акыбыз жок. Эгерде ал каалабаган нерсени жасатууга туура келсе, мисалы, дары ичүүгө, анда эң биринчиден, аны ал жагымсыз нерсени байкап көрүүгө даярдайбыз. Биз андан аткарууну суранып жаткан нерсе, өзү үчүн пайдалуу экендигин түшүндүрүү зарыл экендигин алдыртан билебиз. Макулдатуу үчүн алдыдагы маселени кантип жеңилдетүү жолу бизге маалым.

Бул мисалдын өзөгүндө саясий пикирлешүүнүн негизи жатат. Биринчи кезекте бизде пикир алышууга каалоо болушу керек. Андан соң, билдирүүгө тийиш болгон нерсени билишибиз зарыл. Ошондой эле пикирлешүүнүн каражаты болуусу керек. Биз пикирлешүү ким менен жүрө тургандыгын билүүбүз кажет. Ошону менен биз билдирүүнү пикирлешүүнүн каражаты болгудай жана аны кабыл алуучу жактыргыдай абалда түзүшүбүз керек, т.а. ал түшүнүктүү жана башкаларга дагы жеткиликтүү болушу зарыл. Мындай болбогон учурда ал кабыл алуучуга жетпестен (бул сүйлөшүү эмес деген мааниде), түшүнүксүз бойдон калып же четке кагылат. Өз балабыз менен сүйлөшүү жана саясий билдирүүнүн ортосундагы структуралык окшоштукту эске алып, балким, бардыгыбыз болбосок да, көпчүлүгүбүз, саясий пикирлешүүгө кирише турган болсок, адеп аны теориялык жактан башташыбыз абзел.

## Саясий пикирлешүү

Саясий пикирлешүү деген эмне? Ал пикирлешүүнүн башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат?

Биздин максат үчүн асыресе, саясий же саясий эместикти айырмалап турган үч негизги касиет бар: коомчулук жана расмий көрсөтмө. Саясий пикирлешүүдө байланышчы бир айылдын, шаардын, уюмдун, мамлекеттин же аймактын мүчөсү болуп саналып, бүтүндөй бир жамаатты козгоого багытталат. Пикирлешүү саясий мааниге ээ болуусу үчүн, ал кабылданган учурда, жамаат анын өлчөмүнө же мүнөзүнө карабастан, милдеттүү түрдө аткарылышына кепилдик болушу керек.

Демейде саясий чечимдердин кабыл алынышы жетектөөчү белгилүү бир эрежелерге, уставдарга же мыйзамдарга негизделет. Мурунку мезгилдерде салттардын түптөлүшүнө эрежелерди король же губернатор киргизген. Эгерде кимдир бирөө кызыгып, “Эмне үчүн ушундай болушу керек? – десе, «дайыма эле ушундай болуп келген» деген жооп алмак. Учурда белгилүү бир эрежелер же мыйзамдар, бийликтин мейли жетекчилерге болобу, мейли жөнөкөй атуулдарга болобу, укуктарын жана милдеттердин чектөөсү үчүн киргизилип жаткандай элес калтырат.

Негизинен, биз суроолорду ачык берип, кабыл алынып жаткан эреже, мыйзамдарды рационалдуу түрдө түшүндүрүп берүүнү талап кыла билүүбүз зарыл. Буга кошумча, бийликте олтурган адамдардын легитимдүүлүгү, кабыл алган чечимдери, коомчулуктун муктаждыгына же аларды кабыл алуу калыптанып калган салттуу эрежелерге шайкешпеген мыйзамдар тууралуу суроого укугубуз бар.

Башта белгилеп кеткендей, бул салттардын салмактуулугуна үстүртөн же көңүл кош мамиле кылуу керек дегендикке жатпайт. Бул салттардын урматына же үрп-адаттарга, баалуулуктарга бир жактуу түшүндүрмө берип же биздин укуктарыбызга, эркиндиктерибизге жана башка негизги муктаждыктарыбызга кишен болгон сөздөргө коомдогу кайсы бир күчтөр өкүм сүргөн жагдайдан пайда көрүп, аны сактап калуусуна жол бербешибиз керек дегенди билдирет. Биздин кайсы бир диндин, улуттун, расанын же жыныстын мүчөсү катары гана эмес, адам катары дагы укуктарыбыз бар экендигин ар бирибиз эске тутушубуз керек жана ар бирибиз дал ушуну өз коомчулугубузга жана маданий чөйрөбүзгө жеткирүү үчүн натыйжалуу ыкмаларды табуу үчүн күрөшүүбүз зарыл. Өз укуктарыбызды коргоого далалат кылуу менен укуктарды жүзөгө ашыруу жана артыкчылыктарга жетишүү конкреттүү социалдык-экономикалык, саясий жана маданий шарттардан көз каранды болгондугуна карабастан, укуктар универсалдуу болуп саналат.

## Саясий процесс

Бийлик саясаттан өйдө тургандай эле, учурда саясат бийликтен өйдө турат. Бийлик таасир этүү жөндөмүн түшүндүрөт: ал эми саясат биздин таасир этүүбүздүн жыйынтыгы. Саясат максаттарды аныктоо менен байланыштуу. Анын максаты – биз кайсы жакка жылып бара жаткандыгыбызды жана бизге сунушталган башка жолдорду кандайча салмактай аларыбызды аныктоо болуп эсептелет. Мына ошентип саясат бизге кызыктуу деп саналган баалуулуктар менен байланыштуу жана кайсы бир жамааттын – мисалы, айылдын, шаардын же жумуш ордунун алкагындагы башка кызыкчылыктарга тийешеси бар. Адатта саясий партиялар сыяктуу уюмдар саясат менен алектенээрин, ошол эле убакта башкалар, мисалы, өкмөттүк түзүмдөр башкарууга байланыштуу экендигин кулагыбыз чалып келет. Бул жарым-жартылай туура. Саясий партиялардын ырасмий кызматы – башкы саясатты иштеп чыгуу менен саясий бийликке жетишүү экендигине, ошол эле учурда башкаруучу түзүмдөрдүн кызматы болсо – саясий процесстердин жүрүшүндө иштелип чыккан чечимдерди жүзөгө ашыруу болуп саналганына карабастан, бул уюмдардын экөөнө тең саясат менен башкаруу таандык. Чындап келгенде, көпчүлүк өлкөлөрдө атуулдардын күнүмдүк жашоосу үчүн маанилүү болуп саналган ар кыл чечимдерди жогорку кызматтагы аткаминерлер кабыл алып коюшат. Өзүбүз жашап жаткан коомдун түрүнө жараша саясий бийликтин борборунун кайсы жерде жайгашкандыгын байкоо менен бирге туура баа берип, кылдат болушубуз абзел.

Ошону менен катар саясатка аралашууда, ийгиликке карата мүмкүнчүлүктөрдү күчтөндүргөн, текшерүүдөн өткөн ыкмалар бар. Мисалы, Сиз жашаган коомчулукту карап көрөлү. Сизде Өкмөттүн көңүлүн бурдурууну каалаган кандайдыр бир

муктаждыктар бар дейли. Сиз, Өкмөттүн аппаратындагы бул маселени чечүүгө жооптуу адамга кайрыла аласыз. Ал Сизди угат, бирок, эч кандай чараларды көрбөйт. Айлар өтөт. Сиз оң жыйынтыкка жетишүү үчүн дагы кандай кадамдарды жасоо керектиги тууралуу ой жүгүртөсүз. Сизди түйшөлткөн бул маселенин чечилишине кайдыгер карабагандар көп, бирок, алар дагы эмне кылууну билишпейт. Сизге бир кишинин үнүнө караганда, бардыгын чогултуп, Өкмөткө жалпылап кирип, сүйлөшүү натыйжалуу болсо керек деген ой келди. Бул Сиздин саясий лидер болууга биринчи кадамыңыз. Сиз өзүңүз жакшы билген адамдар менен ишти баштайсыз. Сизди түйшөлткөн маселени алар түшүнгөнү менен алар басым жасаган маселелер сиздики менен дайыма эле төп келе бербейт. Башында иштин жыйынтыгынан үмүткөр деле болбойсуз, бирок, чындап киришип, компромисске жетишүүнү каалсаңыз, тилектеш-тердин санын кеңейтүү керектигин түшүнөсүз. Кулачын кеңири жайган топтун жалпы максаты менен Сиз сунуштап жаткан максаттардын түпкүлүгү бир болмоюнча, алганыңыз да, бергениңиз да кем болот. Пикир алышуунун ушул моделин колдонуу менен макулдукка келген чоң жамааттын борборуна туш келесиз.

Убакыттын өтүшү менен Сизге жеке эмес, кеңири пикир алышуу керек экендигин түшүнө баштайсыз. Ишмердүүлүгүңүздү кеңейтүү үчүн – буклет, гезит, радио, телевидение жана учурда интернет сыяктуу кеңири жайылган каналдар керектелет. Мына ушундан соң, жагымдуу кайтарымдарды күтүү кезеги келип, Сиз өз бил-дирүүңүздү кеңири жайылта ала аласыз. Байланышуу линиясын пландаштаруу аркылуу Сиз эми өз кызыкчылыгыңызды таасирдүү жеткире аласыз. Эми Сизде белгилүү болууга мыкты мүмкүнчүлүк бар.

Бирок, Сизди ким угат? Эгер козгогон көйгөйдү жергиликтүү деңгээлге жолдогуңуз келсе, көп деле маселе болбойт. Ошондуктан, эрежеге ылайык, чечимдерди кабыл алуунун азыраак борборлоштурулган системасы борборлоштурулган системага караганда саясатка аралашууга чоң мүмкүнчүлүк берет. Бирок, Сизге жалпы улуттук деңгээлде аракет кылуу зарыл болсо, анда улуттук мамлекет менен сүйлөшүү канал-дарын камсыз кылууга туура келет. Мындай учурда өлкөңүздөгү натыйжалуу иш алып барган кайсы бир саясий партиянын шартында өз талаптарыңызды жөнөтө аласыз. Ушундай партиялардын бар экендиги мындай кызыкчылыктарды көздөгөн Сиздин топтун жалгыз эмес экендигин түшүндүрөт; ошол эле учурда буга карама-каршы же окшош кызыкчылыктарга ээ топтор бар. Мындай кызыкчылыктардын башын бириктирип жана адатта Кабинетте же мыйзам чыгаруу мекемелеринде чечим кабыл алынган тийешелүү структурага бекемдөө үчүн аларды даярдоо таасирдүү саясий партиянын функциясы болуп саналат. Эгерде процесс ийгиликтүү жүрсө, анда топтун талабы атаандаш топтордун талаптары менен шайкештирилип, акыр-аягында бардыгын канааттандырбаса да, көпчүлүктү алымсындырган багытта алдыга ташталган кадам болуп калат.

Бул процесс топтун кызыкчылыктарына кандайдыр бир деңгээлде жакын саясий системага ылайык келет. Мындай саясий системаларга, батышчыл мааниде алганда, толук кандуу демократиялашкан болбосо дагы, эгерде кайрылууларды кабыл алууга жетишээрлик түрдө ачык болуп, айрым гана кайрылууларын гана «угуу» идеология-сына малынбаган болсо, анда таасир этүү мүмкүн. Ошентсе да, аялдар бул аялуу суроолорду салмактаган гендердик тоскоолдуктардын алдында турат: эгер алар патриархалдык коомдо жашашса, анда аздыр-көптүр кош көңүл карабаган система, аялдарды демейде эң жөнөкөй укуктарынан ажыратып келген күчтүү социалдык топторго жооп кайтарат.

Мындай жагдайларда кызыкчылыктары бир жана бир пикирдеги аялдар коомду кайрадан социалдаштырууга топтолушу зарыл. Тактап айтканда, аялдар бүтүндөй коомду болбосо дагы, эң кеминде, жалпы пикирди айткан таасирдүү лидерлерди аялдардын өз укуктарын талап кылуусу – бул нөлдүк сандагы оюн эмес, бирок, эркектер үчүн дагы пайдалуу сунуш экендигине көндүрүүсү керек. Бул аялдар да, эркектер да фундаменталдуу деп караган коомдогу аныкталган баалуулуктарды кайталап интерпретациялоо дегендикти түшүндүрөт.

Бул акыркы он жылдыкта аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү ордун бири-бирине салыштыруу мүмкүн болбой калган мусулман калкы басымдуу мамлекеттер үчүн өтө маанилүү. Мындай мамлекеттердин көпчүлүгүндө аялдар үй-бүлөлүк бюджетти толтуруу үчүн өз үйлөрүнөн сыртта иштешет: алар билимдүү, эң оболу, алар жеке укуктарын жакшы билишет. Бирок, алардын укуктук абалы үйдө жана жеке мамилелерде, негизинен, өзгөрүсүз бойдон калууда.

Мындай шайкешпөөчүлүктүн тамыры тарыхка барып такалып, маданиятка байланышы жок. Аялдардын укуктары жана милдеттеринин эркектер менен карама-каршы коюлушу бардык мезгилде жана маданий түзүлүштөрдө болуп келген. Жакынкы мезгилдерге чейин эле дүйнөнүн эч бир жеринде аялдар билим алуу, турмуш куруу, балалуу болуу, добуш берүү же белгилүү бир кызматка көрсөтүлүү сыяктуу маселелер эркектерден көз карандысыз, өз алдынча чечилген эмес. Швейцарияда аялдар добуш берүү укугуна 1970-жылы гана ээ болушту, мына ушундай жол менен убакыт өткөн сайын коом жана маданият өзгөрүүдө, динде ар түрдүү жорулуп, көбүнчө, авторитардуу диний ишмерлерге каршы сындарга кабылып, диндердин эпистемологиясы уламдан улам аламрды колдонгон адамдардын социологиясынан айырмаланып баратат. Мисалы, Ислам мусулмандар тарабынан дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчунда ар башка мезгилдерде түрдүү ыкмалар менен түшүндүрүлүп келген.

## Аялдар жана демократия

Демократия – бул бизге белгилүү башкаруунун эң жакшы формасы дешет. Бирок, биз эмне үчүн демократияны башкаруунун эң ыңгайлуу формасы катары эсептелет? - деген суроону бере албайбыз. Адатта, буга демократияда адамдар өздөрүнүн эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу жетектешет деп жооп кайтарышат. Бул система элдик көз карандысыздыкка негизделген. Адамдар укуктарга ээ. Айрым адамдарга алардын жеке мейкиндиктери кепилденген. Өкмөт чектелүү. Көпчүлүктүн эрежеси азчылыктын укуктары менен байланыштуу. Эгерде биз демократияны колдоого алсак, анда бизден “демократиянын эмнеси көбүнчө жагат?” деп сурашат, биз жооп катары жеке эркиндик, адам укугу, башкалардын пикирин сыйлоо, Өкмөттү көзөмөлдөө жана адам укуктары боюнча эл аралык документтерде, «демократиялуу» мамлекеттердин “демократиялык” Конституцияларында жазылган бир топ нерселерди айтышыбыз мүмкүн. Мунун бардыгы саясий система таянган коом, философиялык тил менен айтканда, «либералдуу» коомго негизделгендигин билдирет.

Келгиле, андай эмес деп элестетип көрөлү. Көпчүлүгүбүздү бул баалуулуктарга ишенбейт деп элестетели. Көпчүлүгү, айталы, чындыгында эле, демократияны бир топ колониялуу мамлекеттер тарабынан баш айландыруу, басмырлоо жана эксплуатациялоо үчүн түзүлгөн, аялдардын укугу тууралуу айтканда, аларды оюнчук, куурчак катары колдонуу үчүн пайдаланышат деп ойлосун. Дагы алар ыйык китептерде жазылгандарды толук карманганда гана аялдардын укугу эң сонун түрдө корголот деп ойлошсун дейли. Ушуга кошумча алар диний китептерде жазылгандары түшүндүрүү – аларга гана уруксат берилген дешет.

Албетте, көпчүлүгүбүз, бул фантазия эмес экендигин билебиз: айрым өлкөлөрдө бул маселе менен кагылышууга учурайбыз, эгерде биз буга өзгөчө көңүл бурбасак, бул көйгөйгө башка өлкөлөрдө дагы кездешип калуубуз мүмкүн. Ошондуктан, аялдар саясатка коркуп-үркпөстөн, бирок, өтө аяр, өзүнө-өзү отчет берип, канчалык философиялык түрдө аныкталган болбосун, либералдуу мамлекетте жашабагандыгын эске алып кириши зарыл. Ошол себептүү, бул маселеге башкача көз караштa карашыбыз керек.

Биз демократияга тарыхый, социалдык жана маданий шарттардан оолак, бөлүнүп салынган нерсе сыяктуу карап, сындоодон алыс болбостон, маселелердин көз карашында аңдаганыбыз абзел. Биз жашаган коомчулуктагы система, биз үчүн маанилүү болгон идеалдуу демократия үчүн керектүү салттардын эрежелердин жана баалуулуктардын жакындоосун кандай түрдө оптималдаштырат? Бул суроону иликтөөнү биз суроолор менен сунуштардын кеминде эки түрүнөн баштообуз зарыл: 1) биз оптималдаштырууну каалаган баалуулуктар, мисалы, эркиндик, тең укуктуулук, жеке мейкиндик жана чектелген Өкмөт, ошондой эле, коопсуздук, коомчулук жана үй-бүлө; 2) баалуулуктарды кайда оптималдаштырууну каалаган коомчулук, мисалы, байлар жана кедейлер, сабаттуулар жана сабатсыздар, либералдуулар жана либералдуу эместер, динчилдер жана динден тышкарылар, иеархиялуулар же коммуникабелдүүлөр, патриархалдык же жыныстык тең укуктуулукту баалагандар, бир кырдуу же көп кырдуулар.

Жеке өз ара мамилелердин деңгээлинде мамлекет менен коомдун кесилишкен жери, кандай гана саясий система болбосун анын биринчи компоненттери – күч, бийлик жана адилеттүүлүк менен бийликтин деңгээлинде иш алып баруу керек, мисалы, күйөөсү менен аялынын, атасы менен кызынын, мугалим менен студенттин, жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы мамилелер сыяктуу. Бул эки деңгээл, албетте, кээде либералдуу эмес коомчулуктарда кездешет, анда фундаменталдуу демократиянын бул баалуулуктарын четке кагып, демократиялык процедуралар менен камсыз кылуу процесси шарт коюуларга алып келсе, анда күлкүлүү карама-каршылыктарга жеткирет. Өнүккөн өлкөлөрдө, өзгөчө, мусулман калкы басымдуу өлкөлөрдө аялдар көбүнчө өнүгүүнүн эң акыркы сабында калышат.

Маданий жана социалдык чөйрөлөрдүн ар бипинде аялдардан кызыкчылыкты эске алган саясатка карата мамилени тандоодон көп нерсе көз каранды. Бирок, биз ар дайым бири-бирибизге байланышуу, бири-бирибизден үйрөнүү менен жана өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн ийгиликтүү ишмердүүлүктү жүргүзүүбүз зарыл.

### Саясатка карата аялзаттык мамиле

Ар кыл саясий контексттеги аял активисттердин ийгиликтүү тажрыйбаларынан улам, биз, мүмкүнчүлүктөрүбүздү максаттарыбызга – толук кандуу саясий активдүүлүккө жетүү үчүн оптималдаштырган кадамдарды жасоону үйрөндүк.

Биринчиден, биз эркектер менен чогуу иштешибиз керек. Биз эркектерге аялдардын статусун активдештирүү аларга эч кандай коркунуч алып келбей тургандыгын көрсөтүшүбүз керек. Тескерисинче, биз бардыгына мазмундуу жана натыйжалуу өнөктөштүктү түзүүгө жардам беребиз.

Экинчиден, биз мейли, эркектердин же аялдардын ортосунда болсун, урмат-сыйдын, билимдин, сабырдуулуктун негизиндеги өноктөштүктү курабыз. Ар кыл коомчулуктагы аялдардын бири-бири менен пикир алмашуусу эң ириде, бири-биринин жасап жаткан ишин колдоо, бири-бирин үйрөтүү жана бири-биринен үйрөнүүлөрү үчүн

зарыл. Айрыкча, мусулман аялдарынын башка аймактардагы, диний жана маданий түзүлүштөрдүн өкүлдөрү менен пикир алмашуулары абдан маанилүү. Бардыгыбыз окушубуз керек жана бизде да үйрөтүүчү тажрыйбалар бар.

Үчүнчүдөн, биз социалдык адилеттүүлүк чөйрөсүндөгү кеңири түйүндөр менен тыгыз иштешишибиз абзел. Мындай мамилелерде адам укуктары, айлана-чөйрөнү коргоо, эмгек мамилелери, демократияны, тынчтыкты жана карама-каршылыктарды жоюуну камсыз кылган кыймылдар жана уюмдар айрыкча маанилүү.

Төртүнчүдөн, биз адамдардын статусунун жеке жана жарандык коомдун деңгээлинде бекемдөөдөгү маанилүүлүгүн сезип-туя билүүбүз зарыл. Биз мобилдештирүү, коргоо, суроолорду аныктоо, маселелерди таап чыгуу жана чечүү жолдорун табуу жаатында тажрыйбаларга ээ болуубуз керек. Мунун баардыгы лидерлик көндүмдөрдү өстүрүүгө байланыштуу.

Бешинчиден, аялдардын статусун бекемдөө үчүн маанилүү болгон лидерлик – бул татаал концепция. Биз күч үчүн күчтү каалабайбыз. Күчтүү болуу менен биз жасалма эркектерге айлангыбыз келбейт. Биз өзүбүздүн коомго жакшы өзгөрүүлөрдү алып келүү үчүн күчтүү болгубуз келет. Мына ушул түшүнүк биздин лидерлик тууралуу концепциябызда кызыл сызык менен белгиленет. Биз Women Learning Partnership уюму жана үч континенттеги биздин өнөктөштөрүбүз менен бирге концепциянын үстүндө тынымсыз иштеп келебиз жана лидерликти биз аялдар коомчулугу сунуштаган, каалаган өз ара таасир этүүнүн, байланышуу жана пикир алмашуу модели катары түшүнөбүз. Лидерликтин бул модели система мүнөзүнө ээ, берүү жана алуу, ар бир катышуучу бир эле учурда, же кезеги менен лидер, улантуучу боло алган таанып-билүүчүлүк өнөктөштүгү ишке ашат. Бул биздин өсүп келе жаткан жарандык коомдун түзүмүнөн турган, ассоциацияларды маалымдагыбыз келген шарттар болуп саналат.

Алтынчыдан, биз добушубуздун бийик чыгышын каалайбыз. Биздин учурда мурда болбогон өзгөчө нерсе - маалымат технологиясы өсүп жатат. Биз мурда «Leading to Choices: A Leadership Training Handbook for Women» окуу куралыбызда белгилегендей, өнөктөштүктү өстүрүүдө, саясий аренага келүү жана маданияттагы өзгөрүүлөргө жетишүүдө колдонуу үчүн бардык аракеттерди көрөбүз. Бизде аялдардын күчүнө тиешелүү таанып-билүүчүлүк жана ресурстук потенциал бар. Биздин коом маалымат технологиясын дүйнөнү таанып-билүү үчүн гана эмес, аны түзүү үчүн дагы өнөктөш уюмдарыбыз менен иштешүүбүз зарыл.

# Тренерлер үчүн Көрсөтмө[1]

Бул көрсөтмөлөр окуу куралынын негизинде топтук талкууларды жүргүзүүгө жана көнүгүүлөрдү аткарууга жардам берет. Тренер катары Сиз ар бир сабакты окутуу процессине жана мониторинг жүргүзүүгө жооптуусуз. Адаттагы окутуучудан же мугалимден айырмаланып, топтун кандайдыр бир жыйынтыктарды чыгаруусуна же суроолорго жооп табуусуна жоопкерчилик албайсыз. Сиздин милдетиңиз, катышуучулардын арасында жагымдуу, коопсуз жагдайга шарт түзүү, катышуучулар менен бирге өз ара идея алмашып, талашып-тартыша турган жана бирдиктүү аракет менен бир пикирге келе турган мейкиндикти түзүү. Сиз бул жагымдуу шартты тренинг өтө турган жайды жана топтук ишти уюштуруунун жолдорун терең өздөштүрүү менен, өз ара сыйлашууну, мазмундуу талкууну жана бири-бирине шай келишкен кызматташууну, активдүү катышууну камсыз кыла аласыз.

## ТРЕНЕРДИН РОЛУ

Мыкты тренер бир эле убакта уга да, семинардын катышуучулары менен бирге үйрөнө дагы билет. Сиздин өзгөчөлүгүңүз, катышуучулар менен жолугушууну уюштуруу жана бардык көнүгүүлөрдү катышуучулар менен чогуу аткарууда жатат. Сизге саясий активдүүлүк жаатында эксперт болуунун же бул жааттагы бардык суроолорго жооп берүүнүн кереги жок. Кызыктуу талкуулар топтогу бардык катышуучулардын салымы болуп саналат.

### Аңгемелешүүнү багыттоо

Кээде Сизге көңүл бурдуруучу сурамжылоолор аркылуу топтогу сүйлөшүүнү жаңы багытка салууга болот. Сиздин жоопкерчилигиңиздин маңызы, сүйлөшүүнү белгилүү жыйынтыктарга алып келүүдө эмес, тескерисинче, туура же кыйыр ой-пикирлер дайыма коштоп жүрөрүн эске алуу менен сүйлөшүүнүн багытын буруууда. Мындай жол менен Сиз ар бир катышуучуну үйрөнүү жана тажрыйба алмашуу процессине багыттаган болосуз. Мыкты тренер, ар бир катышуучу мага карай тескери ой-пикирлер дагы болуп калбасын деген ойдон алыс болуп, өзүн коопсуз сезген жана өз ой-пикирин эркин билдире алган жагдайды түзүүсү шарт. Буга катышуучулардын өзүн жагымдуу жагдайда сезиши менен башка катышуучулардын ой-пикирлерине макул эмес экендигин сылык түрдө билдириши дагы кирет. Эгер, мындай бири-биринин пикирин сынга алуулардын ортосунда тыныгуулар орун алган болсо, ага эч капаланбаңыз. Бул дал ушул катышуучулардын өз ой-пикирлерин топтоп, аны жалпыга билдирүүгө даярдануусу менен байланыштуу.

### Талкууну кызытуу

Окуу куралында сунушталган сабактарда талкууну жана пикир алмашууну кызытуу үчүн суроолор киргизилген. Бул суроолордун бардыгы топтордун лидерикти ар өңүттөн карап түшүнүүсүнө жардам берет. Эгер топтор активдүү түрдө талкуулоого

1 “Communicating in a Workshop Setting: Guidelines for Facilitating”, “Leading to Choices: A Leadership Training Handbook for Women” (Women's Learning Partnership, 2001) алынды.

өтсө, мындай учурда катышуучулар берилген суроолорго көңүл бурбай койсо деле болот. Мындан тышкары, Сиз окуу куралында сунушталган көнүгүүлөрдү аткаруунун ар түрдүү ыкмасын колдоно аласыз. Эгер Сиз катышуучулардын арасынан кимдир бирөөнүн тартынып жатканын байкаган болсоңсуз, ага өз ой-пикириңизди сунуштаңыз жана ага сабак боюнча анын дагы түшүндүрмө (комментарий) берүүсүн билгиңиз келип жаткандыгын билдириңиз. Ушундай жол менен алардын муктаждыктарына көңүл буруууну улантып, аларга кылдат мамиле кылыңыз, колдоо көрсөтүп, окутуу үчүн жоопкерчиликти тең бөлүштүрө билиңиз, бул Сиздин тажрыйбалуу тренер болууңузга жол ачат.

## Күн тартибин сактоо

Кээде талкууну башкаруунун эң жакшы ыкмасы деген сөз регламентти жана сабак программасын толук сактоо дегенди билдирет. Топтогулардын саны ар кандай болушу мүмкүн, бирок, бирөө же бир нече адам сөздү ээлеп албашы үчүн катышуучуларга алардын түшүндүрмөлөрү кыска болушу зарыл экендигин эскертип туруу дайыма пайдалуу. Бул ар бир катышуучу өз оюн айтышы керек болгон көнүгүүлөрдү аткарууда айрыкча маанилүү. Мындай учурда эң дипломатиялуу ыкма - өз сунуштарын же инструкцияларын кимдир бирөөгө эмес, жалпы топко айтуу. Ошондой эле катышуучуларды башкалардын айткандарын угууга үндөп, өз сын-пикирин алардын айткандарына жараша айтып турса болот.

## Жалпы жоопкерчилик

Силер ар бир сабактын ийгиликтүү аякташына жооп бересиңер, бирок, ар бир көнүгүүнү же талкууну көзөмөлдөп турушуңар милдет эмес. Жалпы жоопкерчилик сабактын бир бөлүгү боло алат жана болууга тийиш. Эң жөнөкөй чара – кайсы бир катышуучу бүт топ үчүн жазып турушун (мисалы тактада), тапшырмаларды жана мисалдарды угуза окушун жана талкууну жүргүзүүгө жардам беришин сурануу. Катышуучулар өздөрүн ишеничтүүрөөк сезиши үчүн жазууда же угуза окууда грамматикалык каталар үчүн капа болбой деле койсо боло орун эскертип койсо болот. Муну менен Сиз анын өзүн эркин сезүүсүнө көмөк берген болосуз, башкалар болсо ыктыярчы катары активдүү катыша баштайт.

## Талкууга катышуу

Талкууга катышуу же катышпай коюу өз ишиңер, бирок, силер ар бир сабактын уюштуруучусу жана белгилүү бир даражада «көзөмөлчүсү» болгондуктан, айткан пикириңер өзгөчө салмакка ээ болоорун эстей жүргүлө. Андыктан, талкууга кирүүңөрдү чектегенде жана өз пикириңерди айтканда ал пикир бирден-бир пикир эмес, силердин жеке гана пикириңер экенин айта кетүүнү унутпагыла.[2]

## Көңүлдүү иштегиле!

Семинардын ишинде билим алуу менен бирге ырахат алууну шайкештирип, катышууну унутпагыла. Ишиңер жагымдуу болсун!

2 Тренерлик иш деген түшүнүккө эмнелер кирип, эмнелер кирбей тургандыгын бул жактагы адабият толук тизмелейт: “In Own Words” / By Nancy Flowers. Bethesda: Sisterhood is Global Institute, 1999.

## КАТЫШУУЧУЛАРДЫН РОЛУ

Катышуучулар семинарга ар кандай себептер менен болуп жаткан окуялар тууралуу өз көз караштары, үмүт-тилектери менен келишет. Практикалык жана кесиптик даярдыгынын деңгээлине карабастан, катышуучулардын ролу окуучу да, окутуучу да болууда, башкалардан үйрөнүп, өз тажрыйбасын да бөлүшүүдө турат. Алар айтканды кунт коюп угуп, суроо берип жана айтылган божомолдорго каяша айта билгенде сабак баарынан ийгиликтүү болот. Алар талкууга кошкон өз салымы, жупташып же чакан топтордо иштөө, ошондой эле процессти жана сабактардын ишин баалоо үчүн жоопттуу. Семинардын ар бир катышуучусу семинардын ак пейил жана сыйлуу маанайына салым кошуу аркылуу андан ырахат алат жана пайда табат.

## САБАКТАРДЫ УЮШТУРУУ

Тренер сабактарга албетте, жакшылап даярданып келиши керек. Бүт көрсөтмө куралдын, ар бир сабактын максаттарын жана өз максатыңарды түшүнө турганыңарга көзүңөр жетиши үчүн алдын ала бардык материалды карап чыгууңуз зарыл. Кайсы материал кандай көлөмдө керек болоорун аныктап алгыла. Сабактар офисте, коомдук уюмдун имаратында, жеке ижарада же силерге эч ким жолтоо болбогон, катышуучулар өзүн эркин сезген кандай жерде болбосун өтүшү мүмкүн.

Катышуучулардан калем-кагаз ала келүүнү сурансаңар да, өзүңөр даярдап берсеңер да жарашат. Имаратка жараша бор же маркер колдонсо болот. Силерге ошондой эле чоң кагаздар, аларды тамга бекитиш үчүн скотч жана кнопкалар керек болот. Окуу тактасы, рейкасы бар лекциялык плакат же барак кагаздар угармандардын алдында жазуу жазып, кийин сабактын жүрүшүндө пайдаланып туруу үчүн керек. Талкуунун негизги жерлерин жазып туруу маанилүү, анткени, аларды кийинки ишке колдонуп, катышуучулар айткан идеяларга жана пикирлерге шилтеме берсе болот.

Айрым көнүгүүлөрдү аткарууда топту бир нече тайпага бөлүү зарыл. Китептер баарына жетишпесе, ар бир тайпа үчүн ксерокөчүрмө жасап берсе жарайт. Чоң барак кагазга инструкцияларды чоң тамгалар менен жазып, баарына көрүнгүдөй кылып тамга илип койсо да болот.

**Ар бир сабак болжол менен 2,5-3 саатка созулат**, андыктан, катышуучулар өздөрүн ыңгайлуу сезиши үчүн суусундуктар жана жей турган нерселер тууралуу кам көрүү абзел. Бул маселени катышуучулар өздөрү чечкидей кылып уюштурса да болот. Эгерде силер катышуучулардын эмне каалаганына көзүңөр жетпесе, биринчи эле сабакта муну тактап алгыла. Силерге эмне керек болуп калышы мүмкүн экенин алдын ала билиш үчүн алдын ала ишти пландап алган өтө маанилүү.

### Сизге эмне керек болушу мүмкүн

- Ручка же карандаш
- Кагаз
- Урунттуу маалыматтарды жазуу үчүн батман кагазы
- Лента жана кнопка
- Лекциялык плакат рейкасы менен
- Түстүү маркерлер
- Бор
- Тапшырмалардын көчүрмөлөрү
- Так жүргөн саат
- Суусундуктар жана кошумча нерселер
- Чыны, кашык, аш айры, жайпак табак, кол аарчыган кагаз ж.б.

### Баарлашуу, уга билүү, консенсуска жана жалпы түшүнүккө, окутуу үчүн өнөктөштүк мамилелерге жетишүү

Баарлашуу, уга билүү, консенсуска жана жалпы түшүнүккө жетишүү, окутуу үчүн өнөктөштүк мамилелерге жетишүү – этикалык саясий активдүүлүккө жетишүүнүн ачкычы болуп саналат. Сиздер семинардын сабактары учурунда же башка форумдарда бул идеяларды көтөрүп чыксаңыздар болот.

- **Пикирлешүү:** Лидерлик эффективдүү пикирлешүүдөн башталат. Мыкты лидерлер өз идеяларын жана максаттарын башкалар менен бөлүшөт.
Мыкты лидерлер байкоо жүргүзүп, уга билет, өз пикирин башкаларга билдире алат жана пикирлеше билет. Мына ушул себептен семинардын сабактары пикирлешүү ыкмаларын үйрөтүүгө багытталат. Алгачкы сабактарда көңүл чордону жеке пикирлешүүгө бурулат, ал эми акыркы сабактарда топтордун ичиндеги жана институттар арасындагы пикирлешүүгө көбүрөөк маани берилет.

- **Уга билүү:** Башка адамдарды кызыктырган максаттарды жана келечекти билүү менен лидерлер күч топтошот. Уга билүү жетекчинин, кесиптештин же атаандаштын айтканын жөн гана угуп коюуну эмес, алардын сунуштарына жана пикирлерине карата ой жүгүртүп, сый мамиле кылууну билдирет. Натыйжалуу лидер сыяктуу эле, натыйжалуу угуучу – бул уккан нерсесинен сабак алган адам.

- **Бир пикирге келүү:** Бир пикирге келүү чечим кабыл алуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Диалог аркылуу топтун, тайпанын же чоң уюмдардын мүчөлөрү маселени жалпы түшүнүүгө жетишет, ал эми чечимдер колдо болгон варианттарды жана реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү жалпы түшүнүүнүн негизинде кабыл алынат. Көз караштардын айырмасы болгон жерлерде жалпы аракеттер жасалбайт. Бир пикирге келүү процесси айрым учурларда узак жана түйшүгү көп болсо да, ал баары колдогон жана жактаган чечимдердин кабыл алынышына алып келет.

- **Жалпы түшүнүккө жетишүү:** Жалпы түшүнүк майда топторго да, чоң институттарга да пайдалуу. Диалог түзүү, бир пикирге келүү жана жалпы түшүнүккө жетишүү жалпы негизги баалуулуктардын жана принциптердин калыптанышында бардыгы катышкан шартта иштелип чыгышына өбөлгө түзөт. Жалпы түшүнүк – топтун курамына жана убакытка жараша кабыл алынуучу максаттарды тактоого ылайыкташкан, ийкемдүү мамиле. Топ жалпы түшүнүккө келгенде анын ар бир катышуучусу укукка жана жоопкерчиликке ээ болгон алкакта аракеттенет.

• **Окутуу максатында өнөктөшүктү бекемдөө:** Шериктештик мамилелердин өнүгүшү катышуучулардын аракетиндеги ойдун ишке ашышына көз каранды. Эгерде катышуучулар өз ишмердигинин мааниси, аны жакшыртуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу суроолорго жооп издебесе жана бири-бири менен алган билимин бөлүшпөсө, мүчөлөрү айтылган тапшырмаларды так аткарбаган уюм окутуучу шериктеш болуп эсептелбейт. Окутуучу менен таанып-билүүчү шериктештикти ишке ашыруу – бул уюмду өнүктүрүүнүн ыкмасы, анда жамаатты окутуу процесси сөзсүз түрдө топтун баарына карата да, анын ар бир мүчөсүнө карата да өзүн-өзү талдоону, өзүн-өзү аңдап билүүнү жана өзүнө сын айтууну камтыйт. Ошентип, окутуудагы шериктештик сын бааны, процессти бүтүндөй кайра ойлонуштуруп чыгууну жана ошондой эле жаңы билим алууну ала жүрөт. Окутуу максатындагы шериктештик жандуу жана натыйжалуу ишкер маанай түзүүгө жардам берет, анда топтун ар бир катышуучусу билим алып, ошол эле учурда өз мүмкүнчүлүктөрүн да, шериктештердин мүмкүнчүлүктөрүн да кеңейтүү ыктарына ээ болот.

## СЕМИНАРДЫН БИРИНЧИ САБАГЫ

### Биринчи сабакка келүү

Окуу өтө турган аудиториянын абалы тийиштүү деңгээлде экенин билүү үчүн биринчи сабакка эрте келүү керек. Алгач аудитория жарык бекен, жылуулугу же желдетүүсү жетиштүүбү, текшергиле жана окуу эмеректеринин ыңгайлуулугун байкагыла. Окуу отургучтары же столдор тегерек түрүндө жайгашса, дискуссия өткөргөнгө абдан ыңгайлуу болот. Мындай жайгашуу ар бир семинардын катышуучулары бири-бирин көрүп, угуп турганына жакшы.

### Катышуучулардын келүүсү

Семинарга келген катышуучуларды ачык маанай менен кабыл алгыла. Эгер алар бири-бири менен тааныш эмес болсо, мындай учурашуу абдан маанилүү. Эгер алар сизди таанныбаса, өзүңүздү тааныштырып, семинардын тренери экениңизди түшүндүрүңүз. Эгер чай же жей турган тамак-аш болсо, катышуучуларды чай ичүүгө чакырып ага ыңгайлуу жерди сунуштап, таанышыңыз.

### Биринчи таанышуу

Катышуучуларды кубануу менен тосуп алыңыз. Бул абдан маанилүү, себеби, катышуучулар али бири-бири менен тааныша элек. Эгер алар Сизди таанныбаса, сураныч, таанышып, Сиз тренер экениңизди жарыялаңыз. Эгер, жеңил тамак болсо, катышуучуларга сунуштап, андан соң катышуучулардын жанынан орун алып, алардын бири-бири менен таанышуусун сунуштаңыз.

### Түшүндүрүү

Биринчи сабакты семинардын жүрүшүндө эмнени окуша тургандыгын, кандай темаларды талкуулашаарын кыскача тааныштырып, ар бир сабактын форматы тууралуу маалымат бериңиз. (Төмөнкү жакты караңыз). Катышуучуларга күн тартибин сунуштаңыз, тыныгуу убактысын жана сабактын кайсы убакта жыйынтыкталаарын белгилеңиз.

## Сабактардын түзүлүшү

“Таасир берүүчү көрсөтмө” окуу куралынын окутуу сессиясы эки бөлүккө бөлүнгөн. “Саясат жана бийлик: Менин ордум кайда?” (I бөлүм) жана “Таасир берүүчү көрсөтмө: Менин кийинки кадамдарым кандай?” Ар бир сабактын кыскача максаты көрсөтүлгөн жана андан кийинки концепциялар киргизилген.
Сиз өзү каалаган ыктыярчыны биринчи же экинчи бөлүмдөрдүн киришүү түшүндүрмөлөрүн үнүн чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз. Андан соң катышуучулардын суроолоруна өтүңүз.

## АР БИР САБАКТЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

Негизинен, бардык сабактардын түзүлүшү окшош. Ошол эле мезгилде бардык сабактар үчүн бирдей ишмердүүлүк сунушталбайт. Тапшырмалардын түрүнө жараша сабактар төмөндөгү компоненттерди камтыйт:

**Топтордо ишмердүүлүктөрдү уюштуруу боюнча сунуштар:** Бул эрежелер I жана II бөлүмдөр үчүн сунушталат. Алар семинардагы тандалып алынган сабактар үчүн тренердин максатынын кыскача топтомун камтыйт.

**Сабактардын милдеттери:** Ар бир сабакты аткаруу үчүн тапшырмалар сунушталган. Катышуучулар ар бир сабактын, анда сунушталган көнүгүүлөрдүн максатын түшүүнүүлөрүнө жана окуялар, бейнелер боюнча талкууларды жүргүзүүлөрүнө жардам берет. Бул тапшырмаларды сабактын башталышында же аягында окуу, же таптакыр эле окубай коюу Сиздин эркиңиз.

**Семинарды баалоо жана баалоо жолу:** Семинардын сабактарын баалоого жардам берүүчү бул эки көнүгүү семинардын аягында колдонулат. Булар окуу куралында эки жолу гана сунушталганына карабастан, семинардын алкагында аларды бир нече жолу колдонууга болот.

**Көнүгүүлөр:** ар бир сабакта катышуучулардын топ-тобу менен жана эки-экиден иш алып барууcуна багытталган көнүгүүлөр сунушталган. Көнүгүүлөрдүн максаты – топтордун аялдардын саясатка активдүү аралашуусундагы кездешүүчү тоскоолдуктарды жана ал тоскоолдуктарды жеңип чыгуунун жолдорун иликтөөгө жана түшүнүүгө жардам берет.
Окутуу учурунда иштеп жаткан топтордун өзгөчөлүгүнө карап, көнүгүүлөрдү тандап алсаңыз жана аны толуктап олтурсаңыз болот. Окуу куралынын топтомундагы материалдага ар кандай топ ар кыл мамиле кылат, ошондуктан, сиздин окутууңуз ийкемдүү болуп, алардын муктаждыктарына жараша өзгөрүп турушу зарыл.

**Топтук талкуулоо үчүн суроолор:** Топтук талкуулоо үчүн суроолордун топтому конкреттүү темага карата катышуучулардын ой-пикирин аныктоо максатында иштелип чыккан. Пикирлешүүнү улантуу үчүн ар бир экинчи суроо мурунку ойду улап олтурат. Эгер Сиз саясий активдүүлүк боюнча окутуу семинарын биринчи жолу алып барып жаткан болсоңуз, жок дегенде сабактын башталышында окуу куралында сунушталган суроолордун ирээтин сактоого туура келет.
Семинардын кийинки сабактарында же келечектеги сабактарда сурамжылоонун башка түрлөрүн колдонсоңуз болот, кошумча суроолордун колдонулганы семинардын жемиштүү болушуна жардам берет. Мындан аркы кадам Сизде! Мындан сырткары, Сиз талкууларды жүргүзүү үчүн өзүңүзгө ыктыярчы жардамчыны тандап алсаңыз болот, бирок, пикир алмашууну жандуу, кызыктуу маанайда өткөрүү абзел.

**Айлампа түрүндөгү ишмердүүлүк:** Ишмердүүлүктүн бул түрүндө сүйлөп жаткан адамды бардыгы көрүп туруусу үчүн катышуучулардын бардыгы айлампа түрүндө кол кармашып туруулары абзел. Талкуу жүрүп жаткан учурда эч ким бөлмөнүн башка бөлүгүндө болбоосу кажет. Айлампа түрүндөгү ишмердүүлүк ар биринин ирети менен сүйлөөсүнө мүмкүнчүлүк берип жана талкууга баардыгынын чогуу катышуусуна шарт түзөт. Максаты – ой-пикирлердин кеңири топтомун угуу жана топтоонун ичиндеги катышуучулардын тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү. Катышуучулардын бардыгы толук катышса, ишмердүүлүктүн бул түрү абдан жемиштүү болуп саналат.

Эгер кимдир бирөө ой-пикирин билдирүүнү каалабаса, ага дагы жол берүүгө мүмкүн экендигин эскертүү абзел. Катышуучулар эмнеге сүйлөгүсү келбей жаткандыгынын себептери ар кандай болушу мүмкүн. Ошондуктан, алардын ой-пикирин сыйлоого туура келет. Эгер Сиз топтордун ичинен катышуучулардын бирөө окутууга анчейин тартылбай тургандыгын байкасаңыз, ал катышуучу менен өз алдынча сүйлөшүңүз. Бул катышуучу аялга анын ой-пикири башка катышуучулар үчүн абдан маанилүү экендигин жана башкалар менен пикир алмашуунун натыйжасында, ал өзү дагы бул окутуудан бир топ тажрыйбаларды ала тургандыгын түшүндүрүңүз. Эгер Сиздин жеке сүйлөшүүңүз аны ынандыра албаган болсо, анын себебин билүүгө аракет кылыңыз. Катышуучуларды семинарга мажбурлоо менен катыштырууга болбойт. Эгерде жакпаса, анын пайдасы жок.

**Ар бир сабактын аягында:** Ар бир сабактын аягында ар бир катышуучудан алардын мындан эмнени ала алгандыгы тууралуу сурооңуз зарыл жана алардын жоопторун сабактын максаты менен салыштырыңыз. Мындан тышкары, катышуучулар жетишилген билимдерди кандайча колдоно ала тургандыгы жана аларды өз чөйрөсүндө жана кесиптештеринин арасында кандайча жайылтуулары тууралуу өздөрүнүн ой-пикирлери менен бөлүшө алышат. Мындай семинарды мындан ары өз алдынча өткөрүүнү кыялданып жаткан катышуучулардын идеяларын кош колдоп колдоо керек.

## СЕМИНАРДЫН САБАКТАРЫН ЖЫЙЫНТЫКТОО

Топтун курамынын өзгөчөлүгүнө жараша катышуучулар семинардын ишин ырасмий эмес кече менен же башка бир иш-чара менен аяктаса болот. Тогузунчу жана онунчу сабакты өтүүдө катышуучулардан алдын ала семинардын жыйынтыктыгын кантип белгилөөгө боло тургандыгын такташып алыңыз. Семинардын аягында, катышуучулар алардын муктаждыктары жана кызыкчылыктары эске алынгандыгы тууралуу жылуу сезимдер менен кетүүлөрү үчүн муну алдын ала пландоо керек. Акыркы сабактын аягы менен катышуучуларды кетирүүдөн мурун бул окуу куралындагы онунчу сабактын аягында тиркелген баалоо анкетасын толтуртуп алууну унутпаңыз. Бул форма семинардын мындан аркы программаларын ишке ашыруу жана адаптациялоо үчүн абдан пайдалуу.

Бул форманын максатынын пайдалуу экендигин жана анда жазылган катышуучулардын ой-пикири сыр бойдон кала тургандыгын түшүндүрүү керек. Бул анкетаны катышуучулар тарап кеткенден мурун чогултуп алыңыз. Саясий активдүүлүктү бекемдөө – бул өмүрдүн акырына чейинки долбоор, ал эми катышуучулар болсо, семинар аяктагандан соң өз көндүмдөрүн өстүрүп жана аларды ишке ашырууну улантышмакчы. Кээ бир катышуучулар кайрадан чогулууну жана андан алган көндүмдөрдү кандай деңгээлде колдоно алгандыктарынын баалоо максатында

мындан аркы семинарларды бир нече айлардан кийин өткөрүүнү каалоолору мүмкүн. Сабактар дайыма достук мамилелердин себепчиси катары роль ойноп келет жана катышуучулар дайыма бири-бири менен жолугуунун жолун издеп жана бул жаңы байланыштарды чыңдоого аракет кылып келишет.

Кээде катышуучулар семинарды аяктоо боюнча биргелешкен саясий кампанияны уюштурууну дагы сунушташы мүмкүн. Бул кандай жагымдуу! Сиз катышуучуларга үмүттүн шооласын жагып бердиңиз жана алардын саясий активдүүлүгүнө жол ача алдыңыз десек болот. Биринчи аракет экинчисине себепчи болот, бирок, мындан аркы ийгиликтер катышуучулардын өздөрүнүн кийинки аракеттеринен көз каранды.

# СЕМИНАРДЫН САБАКТАРЫ

1

## I БӨЛҮМ

# Саясат жана бийлик

## Менин ордум кайда?

Аялдар бийликке жетүүнү каалашабы? Эгер бийликке жетишсе, аны колдоно алышабы жана андан дагы чоң бийликке ээ болууну эңсешеби? Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча Сиздин көз карашыңыз кандай?

Көпчүлүк учурда биз бул суроолорго карама-каршылыктуу жоопторду беребиз. Ошондуктан, аялдардын гендердик теңчиликке болгон жолу кыйын экендигине таң калбай деле койсок болот. Экинчи жактан, аялдардын коомдогу күчтүү ролу бизге белгилүү баалуу нерселерди - өнүктүрүүгө моюн сунуу, боорукерлик сапаттарын пайда кылууга жардам бере алды, бүгүнкү күндө биз муну жеке күчтүү сапаттар катары гана карабастан, "лидер" деген түшүнүктүн жаңы мүнөздөмөсү катары баалап келебиз. Бир тараптан, бул күчтүү сапаттарды күч жетишпеген учурда таасир этүү муктаждыгынын жыйынтыгы катарында карасак, анда аялдар чыныгы саясий бийликке ээ болгон учурда дагы бул сыяктуу «аялдарга гана тиешелүү» сапаттарды жарата алабы? - деген суроо туулат.

Бул бөлүмдөгү көнүгүүлөр катышуучулардын бир кадам артка таштап, изги дүйнөдө бийлик кандай элестелет жана эркек менен аялдын бийликтери бирдейби - деген суроонун тегерегинде терең ойлонууларына жардам берүүгө багытталган. Катышуучулар эркектер менен аялдардын ишмердүүлүгүнө бирдей деңгээлде, моралдык жактан дагы бирдей баа берип кароонун өзү кандай оор экендигине тан бере алышат.

Ар бирибиз өзүбүздү курчап турган жеке жана саясий жашообузда лидер болуу күчүнө ээ боло алабыз. Бул чөйрөлөрдүн ар биринде биз ким болобуз - бул ар бирибиздин өзүбүздүн көз карашыбыздан, максаттарыбыздан, жана албетте, биздин аракеттерибизден көз каранды. Биринчи бөлүм катышуучулардын өзүн сын көз менен карашына жана терең ишенич менен өз тандоосун жасоого жардам берет. Бул алар эңсеген дүйнө үчүн күрөшүүдө алдыга жаңы максаттарды коюусуна түрткү болооруна терең ишенебиз.

## Топтук ишмердүүлүктөрдү алып баруу үчүн сунуштар

Кийинки көнүгүүлөрдө, андагы окуяларды жана ага тиешелүү суроолорду үнүңүздү чыгарып окуңуз. Текстти окууда жана кийинки кадамдарга катышуу үчүн мүмкүнчүлүккө жараша катышуучуларды китептин көчүрмөлөрү, атайын көнүгүүлөр менен камсыз кылышыңыздар керек. Сабактын интерактивдүүлүгүн арттыруу максатында материалды окуу үчүн бир нече катышуучуларды тандап алсаңыз болот. Топтордо айтылып жаткан идеяларды бардык катышуучуларга бирдей көрүнгүдөй кылып батманга, же тактага жазып туруулары абдан маанилүү. Катышуучулардын көпчүлүгү процесске активдүү катышуулары үчүн аларды тез-тезден алмаштырып туруу оң. Сиз мындан аркы эске ала турган көрсөтмөлөр бор менен жазууга ылайыкташтырылган тактайчалар дагы болушу мүмкүн.

***Сабагыңыз ийгиликтүү болсун! Эсиңизден чыгарбаңыз, көнүгүүлөрдү аткарууда, Сиз, башкалар сыяктуу эле катышуучусуз!***

# 1-САБАК:
## Көз алдыга жеткилең дүйнөнү элестететип

*(Окутуу үчүн үч саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Биз кандай дүйнөдө жашагыбыз келээри тууралуу бир бүтүн көз карашты калыптандыруу
- Биздин колдообузду ыкчамдаткан пайдалуу максаттарды калыптандыруу

### Семинарды баалоо үчүн көрсөтмө: Бул семинардан эмнени билгим келет?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Бардык катышуучулардан алардын семинарга катышуу себептерин билдирүүлөрүн сураныңыз (алардын үмүттөрү акталганын же акталбаганын аныкташ үчүн бул тизмени сактап коюу керек). Топтун мүчөлөрү төмөнкүлөрдү тизмектеп берүүлөрү зарыл:

- Алар эмнени үйрөнүүнү каалап жатышат?
- Тажрыйба алмашуу жаатында эмнени билгилери келип жатат?
- Семинардан соң кандай билимге ээ болуп чыгууну самашат?

Катышуучуларды аларды таасирленткен нерселер тууралуу ой-пикирлерин семинардын аягында жазуу түрүндө билдирүүлөрүн суранyу зарыл. Себеби, катышуучуларда семинардын аягына чейин алынган маалыматтар тууралуу баа берүүгө мүмкүнчүлүгү болот. Эгер катышуучулардын бирөө тартынчаактык кылып жаткан болсо, кээде ар кыл көнүгүүлөрдү жасатуу жакшы жыйынтыктарын берет. «Менин кыялдарым кандай?» көнүгүүсүнөн кийин баалоо көрсөткүчүн камтыган көнүгүү сунуштасаңыз да болот.

## 1.1

## Көнүгүү: Менин кыялдарым эмне жөнүндө?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Нобель сыйлыгынын лауреаты Вангара Мута Маатаинин кийинки өмүр баянын жана бразилиялык жаш келиндин катын үнүңүздү бийик чыгарып окуңуз. Кезектеги айлампа түрүндө иштөө катышуучуларды бири-бирине тааныштырууга жана аңгемелешүүгө шарт түзүү үчүн сунушталат. Топтук иштин баарын катышуучулардын тыгыз айлампа түрүндөгү абалын сактоо менен өткөрсө болот, бирок, сөзсүз түрдө эмес. Бир тараптан караганда айлампа түрүндө иштөө катышуучулардын көпчүлүк бөлүгүн аңгемелешүүгө тартып, бардыгы бири-бирин көрүп тура алышат жана бири-бирин колдой алышат. Мындай учурда тренер менен биргеликте ар бири кезек менен сөз алып, сүйлөй алышат.

### Вангари Мута Маатаинин кыскача өмүр баяны

2004-жылы жетекчи Вангара Мута Маатаи «Демократияга жана тынчтыкка, туруктуу өнүгүүгө кошкон салымы үчүн» Нобель сыйлыгын алган биринчи африкалык аял болуп калды. Өзүнүн тулуп-өскөн Кениясында дарактарды олтургузуу боюнча кампаниясы анча таанымал болгон эмес эле. «Техника-ны, же болбосо, финансылык ресурстарды колдонбой деле жашооңорду өзгөртсөңөр болот деп адамдарды ишендирүү үчүн күн-түн дебей бир топ убакытым кетти» - деди ал Би-Би-Сиге берген маегинде. Ал 1977-жылы негиздеген «Жашыл сызык» кыймылы аркылуу аялдар үчүн олуттуу деп саналган билим берүү, камсыздандыруу жана башка маселелер боюнча кампаниясын уланта берди. Аны мурунку жолдошу: «өтө билимдүү, өтө күчтүү, өтө акылсыз жана аны көзөмөлдөө өтө татаал» - деп сүрөттөгөн.

Мындан соң анын жаш колдоочусунун кийинки катын ыктыярчынын окуп берүүсүн сураныңыз:

*Вангари Мута Маатаи,*
*«Жашыл сызык» кыймылынын Штаб-квартирасы*
*Найроби, Кения*

*Урматтуу директор Маатаи!*

*Мен Бразилиядагы Escola da Imaculada Conceiçāo мектебинин окуучусумун. Мен жакында эле тропикалык-амазон токойлорун кыркуу боюнча репортажым үчүн сыйлыкка арзыдым.*

*Мен өз ишимде Бразилиянын Өкмөтүнө тропикалык амазон токойлорун коргоо боюнча кеңештеримди сунуштагам.*

*Сизге жазып жатканымдын себеби, Сиздин өлкөңүздүн, жалпы Африканын экосистемасын коргоо боюнча кеңештериңиз мага абдан күчтүү дем берди. Кээде мен өзүмдү бүтүн дүйнөгө арнап, идеяма көңүл бурдуруу үчүн болгон күчүмдү арнаарымды туям. Ал эми башка убакта аны эч ким уккусу келбеген жаш окуучудай сезем.*

*Менин өлкөм жакыр жана элдер өз үй-бүлөлөрүн багуу үчүн тропикалык амазон токойлорун колдонуп келе жатышат. Мындан сырткары, чоң зыян алып келип турган ири ишканалар дагы бар. Мен өз ишимде Американын тропикалык токойлорунун 50 % келерки 20 жылдыкта кургакчылыктан жабыр тартуу коркунучунда экендиктерин көрсөттүм. Дүйнөгө бул токойлор абага ыргытылып жаткан көмүр газдарын соруп алуу, жок кылуулары үчүн керек. Эгер бул токойлор жок болуп кетсе, анда атмосферада нымдуулук жоголуп, бара-бара жамгырдын азаюусу күтүлөт. Бразилияга амазон токойлору керек, менин үй-бүлөмө жана да бир кезде менин балдарыма да амазон токойлору керек болот.*

*Менин атам келерки жылы университетке тапшырууму каалап жатат, ал эми апам аны колдобойт. Мен билим алуумду уланткым келет, себеби, канчалык көптү билсем, өз өлкөм үчүн ошончолук көп нерсе жасай алам деп ойлойм. Досторум болсо, дайыма «убараланба» деп кеңеш беришет, анткени, баары бир эч нерсе жасай албайт деп ойлошот. Мен алар чындыкты айтып жатабы деп чоочулайм.*

*Жол баштоочу катары мага багыт бергениңиз үчүн чоң рахмат жана мага эр жүрөктүк тартуулап, ачык айтууга үндөдүңүз. Мен Бразилиянын тропикалык токойлорун сактап калуу үчүн мындан ары эмне кылуу керек экендигин билбейм.*

*Чын ниеттен, Сиздин*

*Элиана*

## Айлампа түрүндө иштөө

Катышуучулар айлампа түрүндө жайгашкандан кийин, алардын ар бирин төмөндөгүлөрдү аткаруусун: өзүн тааныштыруусун, дүйнө, өз өлкөсү, коомчулугу, үй-бүлөсү тууралуу эң аруу тилектери менен бөлүшүүсүн жана Элианага бирден кеңеш берүүсүн сураныңыз.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Саясат Сизди эмнеси менен кызыктырат? Сиз өзгөрүү алып келе алам деп ойлойсузбу?
- Өзгөрүүлөр үчүн жооп берүүгө даярсызбы?
- Сиз саясий бийликке ээ болууга даярсызбы?
- Атуул катары баардыгынын саясий жоопкерчиликтери жана милдеттери барбы?
- Сиз жакшы атуул болууңуз үчүн (саясий активдүүлүктүн талапка жооп берген кайсы деңгээли) эмне кылууңуз керек?

## 1.2

## Көнүгүү: Кандай аялдарды биздин лидер катары көргүбүз келет?

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

### Айлампа түрүндө иштөө

Ар бир аял өзүнө жаккан лидер аялды атоосу керек жана ал лидер аялды эмне үчүн тандап алганын айтып берүүсү зарыл.

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Аялдарды эмне үчүн чечим кабыл алуу процесстерине тартуубуз зарыл?
- Аял-саясатчылар кандай тоскоолдуктарга туш болуулары мүмкүн?

## 1.3

## Көнүгүү: Мен кыялданам ….

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан Мартин Лютер Кингдин «Мен кыялданам…» деген белгилүү кебинен кийинки үзүндүнү үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн өтүнүңүз.

1963-жылдын 28-августунда америкалык укук коргоочу Мартин Лютер Кинг өзүнүн эки миңге чукул тарапташтарынын алдында тарыхый сөзүн сүйлөгөн. Көпчүлүк «Мен кыялданам…..» деп атаган кайрылуу Мартин Лютер Кингдин келечек жөнүндө көз карашы эле жана ал бардык расадагы, ар кыл диндеги жана класстагы адамдарга таасир берген.

Жайдын аптаптуу күндөрү, Колумбия Округу, Вашингтондогу Линкольн Мемориалынын баскычтарында туруп, директор Кинг жаш муундардын өз коомчулугун өзгөртүүгө салым кошуусуна дем берген сөздөрдү сүйлөгөн.

***Директор Кингдин кебинен:***

*“Менин элим өзүнүн жүрөктөн чыккан «Биз бардык элдердин тең укуктуу экендиги бул - табигый нерсе деп ойлойбуз» деген ураанынын чындыгына жетүүчү, кайра жаралуучу күн келет – деп, МЕН КЫЯЛДАНАМ».*

*“Менин төрт балам терисинин өңүнө карап баа бербеген, алар эмнеге жөндөмдүү экендигине карап мамиле жасаган өлкөдө жашайт – деп, МЕН КЫЯЛДАНАМ».*

*« Джорджии кызыл дөңсөөлөрүндө мурунку кулдар менен кул ээлөчүлөрдүн балдары бир туугандыктын дасторконунда бирге даам сызып олтурган күн келет –деп, МЕН КЫЯЛДАНАМ».*

*«Биздин үмүтүбүз ушундай. Мен бул үмүт отун Түштүктү көздөй ала кетем. Бул үмүт менен биз өксүгүнүн тоосунан үмүттүн ташын сууруп чыгабыз. Бул үмүт менен биз, биздин элдин калыптанбаган үнүн бир туугандыктын симфониясына айландырабыз. Бул үмүт менен биз, бирге тилек кылабыз, бирге эмгектенебиз, бирге абактарга барабыз,эркиндикти бирге коргойбуз, анткени, биз билебиз, бир күнү биз эркиндикке ээ болобуз».*

*Качан биз эркиндиктин коңгуроосун какканда, качан ал ар бир үйдө, ар бир айылда, ар бир штатта, ар бир шаарда кагылганда биз Жараткандын бардык балдары – актар жана каралар, жөөттөр менен көп кудайлуулар, протестанттар жана католиктер баардыгы бирге кол кармашып алып, эркиндиктин гимнин: «Оо акыры келди, Эркиндик! Эркиндик! Жаратканга миң мертебе ыраазыбыз, акыры биз дагы Эркиндикке жетиштик!» - деп кол кармашып ырдай турган күндү жакындатабыз!»*

## Топтук иш

Катышуучуларды төрт же беш майда топторго бөлүңүз. Кийинки темалардын ичинен (Сиз өз темаңызды кошуп же өзгөртө аласыз) ар бир топко бирден тема сунуштаңыз:

- Биздин Өкмөт тууралуу кыялдануу
- Биздин мектеп тууралуу кыялдануу
- Биздин ден-соолук жана жашоо деңгээлибиз тууралуу кыялдануу
- Биздин шаар тууралуу кыялдануу
- Биздин балдар тууралуу кыялдануу
- Биздин аялдар тууралуу кыялдануу
- Биздин дүйнө тууралуу кыялдануу
- Курчап турган чөйрө тууралуу кыялдануу
- Бардык үй-бүлөлөр тууралуу кыялдануу
- Биздин неберелерибиздин неберелери тууралуу кыялдануу

Ар бир топ чоң батман кагазы менен камсыз болуп, талкуунун жүрүшүн жазуусу керек. Топтун мүчөлөрү он мүнөт аралыгында тандап алган темасы тууралуу кандай кыялдана тургандыктары тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүлөрү зарыл. Ар бир

топ бардык кыялдануулары н чоң же кичине, аткарылаарына же аткарылбай тургандыктарына карабай жазышат.

Аларга бөлүнгөн убакыт аяктаган соң, катышуучулардын бардыгын чогултуп, топтордун мүчөлөрүн өз кыялдануулары жазылган барактарды дубалга илүүсүн сураныңыз. Ар бир топтун ыктыярчысын алардын топтордогу талкуулары тууралуу учкай маалымат берүүсүн жана топтун бардык кыялдануулары н үн чыгарып окуусун сураныңыз.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Келечектен биз эмнени күтөбүз? Этикалык, моралдык жана руханий көз караштан алып караганда биз кандай дүйнөнү куруубуз зарыл?
- Биз бийликте эмнени өзгөртүшүбүз керек?
- Андан ары кандай? Кандай жаңы идеяларды сунуштай алабыз?
- Биз кандай баалуулуктарды сакташыбыз зарыл?

# 2-САБАК:
## Этикалык саясат

*(Окутуу үчүн 3 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Этикалык саясат маселесин карап чыгуу;
- Саясий аренада тазалык, тактык, адилеттүүлүк жана чыдамдуулук маселелерин көз алдыга келтирүү.

## 2.1

## Көнүгүү: Тараза ташын салмактоо

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан аялдар уюмунун мурунку башкы катчысы жана боюнча министр Махназ Афхаминин[3] бул кызматты ээлеп тургандагы тандоо тууралуу баянын үнүн бийик чыгарып окуп берүүсүн өтүнүңүз.

*1974-жылы мен Иран айымдар уюмунун Башкы катчысы болуп турган кезимде, кесиптештерим менен биргеликте аялдын статусу жана үй-бүлө боюнча мыйзам реформаларын түптөдүк. Аялдардын укуктарын кенейткен, үй-бүлө боюнча мыйзамдарды өзгөртүүдө биз көп жерден каршылыктарга туш болорубузду билгенбиз.*

---

3 Махназ Афхами – Women's Learning Partnership эл аралык коалициясынын негиздөөчүсү Иран изилдөөлөр Фондунун жетекчиси жана «Аялдардын эл аралык музейи», «Демократия үчүн Human Rights Watch» аялдар бөлүмү сыяктуу улуттук жана эл аралык Кеңешме кеңештеринде аялдардын укугун коргоо боюнча мамлекеттик жана мамлекеттик эмес түзүмдөрдү өзгөчө Орто Чыгыш аймагында эмгектенүүгө өмүрүн арнаган. Ал "Muslim Women and the Politics of Participation, Women's Human Rights in the Muslim World, Women in Exile, and Women and the Law in Iran" сыяктуу басылмалардын автору болуп саналат. Ал мындан сырткары, Claiming Our Rights: A Manual for Women's Human Rights Societies", "Safe and Secure: Eliminating Violence Against Women and Girls in Muslim Societies" и Leadership Training Handbook for Women"окуу куралдарынын дагы биргелешкен автору болуп эсептелет

*“Биз өнөктүктү катардагы тренингдерди өткөрүү менен баштадык, анткени, аларга аялдардын укугу жөнүндөгү мыйзамдардагы ажырашууга, балдарды асырап алууга укуктары, аялдар үчүн камкордуктар тууралуу жана полигамиядан коргоо боюнча чектөөлөрүн кеңири көрсөткүбүз келген. Алардын юридикалык орду жөнүндө жөнөкөй тил менен жазылган буклеттер, ошондой эле аялдардын жашоосуна таасири боюнча академиялык изилдөөлөрдү чыгарганбыз. Биз максаттарыбызга жетүү үчүн жана жардам алыш үчүн саясатчылар, мыйзам чыгаруучулар, министрликтердин эксперттери жана башка алдыңкы өкүлдөр менен талкууларды жүргүзгөнбүз. Жакшы мыйзамдарды чыгаруу үчүн юристтер, социологдор, диний адамдар менен жолукканбыз.*

*«Даярдык деңгээли жана кызыкдар болгон ар кандай партияларды окутуу максатындагы кадамдарга карабастан, биз аялдардын укуктарын кеңейтүүдө өтө катуу каршылыктарга туш болдук. Биздин аракеттерибиз кээ бир талкуу учурунда катуу карама-каршылыктар менен коштолду. Мисалы, биз Адилет министирлигинен “Күйөөсү аялын жумушка чыгарбаганга укугу бар, анткени, бул нерсе күйөөсүнүн намысын тебелейт” деген беренени жойдурууга көндүрө албай койдук. Биз ошондой эле, баланс катары, окшош беренени күйөөлөр үчүн кабыл алдырдык. Бул берене теоретикалык мүнөзгө ээ болгонуна карабастан, ал Ирандын тарыхында аялдын намысын коргогон биринчи мыйзам болгон (ошол кезде бир дагы сот аялдарды коргомок эмес).*

*“ Мыйзам кабыл алынгандан кийин аялдардын утуу жана утулуштары менен коштолду. Полигамияны мыйзамсыз кылуу үчүн биз көп аракет жумшадык, акырында талашып- тартышуулардын натыйжасында чыңалуунун жоюлуусуна жетиштик. Мыйзамда полигамия калды, бирок, эркектердин укугу эки аял алуу мүмкүнчүлүгү менен гана чектелип, ал дагы биринчи аялынын макулдугу менен чечиле турган болду. Биз азырынча эркектердин үй-бүлө башчылыгындагы ролуна толук түрдө өзгөртүү киргизе алган жокпуз, бирок, күйөөгө тийүү жашын минималдуу түрдө жогорулата алдык, ошону менен бирге ажырашууга болгон бирдей укук жана атасынын өлүмүнөн кийинки камкордук көрсөтүүдө тең укуктуулукка жетише алдык.*

*Парламенттеги кесиптештерим үй-бүлөнү коргоо тууралуу мыйзамдын кабыл алынгандыгын мага кабарлашканда, абдан толкунданып, сүйүндүм. Мен тизелеп, жерди өөп, Кудайга ыраазычылыгымды билдирип жаттым! Бир сааттан соң, мен маалымат жыйынын өткөрдүм. Менин алдымда чийки мыйзамды коргоо жана анын маанилүүлүгүн жактоо зарылчылыгы турду, анткени, ал көптөгөн аялдар үчүн маанилүү экендиги талашсыз, бирок, өтө идеалдуу эмес эле. Менин Аялдар кыймылынын өкүлү катары эмес, Адилет министри катары кабыл алынганым таң калычтуу деле эмес болчу. Менин далилдерим мен үчүн мүнөздүү болбосо да, коомдо жоопкерчиликтүү орунга жетишкендигимди сезип турдум.*

*“Бул мыйзам Ислам мамлекетинин юриспруденциясындагы алдыңкы кадамдардан болсо дагы, мыйзам али идеалдан алыс болчу. Ага карабастан, бул жаңы мыйзам аялдардын тең укуктуулугу үчүн күрөшүүгө жаңы кадам түзүп берди. Мыйзам кабыл алынып, бир жума өткөн соң, биз аялдарга чоң эркиндикти жана коргоону камсыз кылуучу жаңы иш-чаралардын үстүндө иштөөгө кириштик. Мен колдон келишинче, максатка жетүү үчүн күрөштү улантыш керек экендигин түшүндүм.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Эки башка адам, же болбосо, эки бир-бирине туура келбеген перспективалар этикалык болушу мүмкүнбү?
- Сиз этиканы кандайча тандайсыз?
- Компромиссти этикалык деп санаса болобу? Кайсы убакытта этикалык эмес деп эсептөөгө болот?
- Лидер өз электоратынын ишенимин жана колдоосун жоготпостон, үзүрлүү эмес жыйынтык тууралуу качан кабарлай алат?

## 2.2

# Көнүгүү: Ар түрдүү ыкмалар

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан БУУнун Адам укуктарынын мурдагы башкы комиссары жана Ирландиянын мурдагы президенти Мэри Робинсондун[4] баянын үнүн бийик чыгарып окуп берүүсүн өтүнүңүз.

*“Президенттикке ат салышкан үч талапкердин арасында мен өзүмдү татыксыз сездим, себеби, мен аял жана жаш болчумун, саясий аренада тажрыйбам жок болчу. Менин максатым, Ирландиянын президенттик институтун релеванттуу жана элдин талаптарына жооп бере турган кылып түзүү. Бул шайлануучу кызмат, андыктан, мен мени тандагандарды көрсөтө алышым керек эле.*

*“Менин номинациямдан кийин жарандык коом уюмдарынан көптөгөн чакыруулар келип баштады, мисалы, тигил же бул борборду ачып берүүгө, он жылдык маарекесин өткөрүү үчүн, же башка дагы иш-чаралар ж.б.. Менин катчым келген чакырууларга «Президенттин мындай кечелерге катышуусу анчалык маанилүү эмес» деп жазчу.*

*Бирок, мен алардын маанилүү экенин сезгем. Бардыгына катыша албасам дагы, бир канчасына өзүмдүн катышуум менен бул адамдар жана топтор жасаган иштердин мен үчүн абдан маанилүү экенин көрсөтө алдым. Коомчулуктун бул өкүлдөрү заманбап Ирландиянын турпатын өзгөрттү. Ооба, дал ушундай болду, анткени, коомчулуктарда иштеген адамдардын көпчүлүгү аялдар болчу.*

4 Мэри Робинсон 1997-жылдан 2002-жылга чейин БУУнун адам укуктары боюнча жогорку комиссары катары иштеп келген. 1990-жылдан 1997-жылга чейин Ирландиянын Президенти болгон. Ал Oxfam International дын Президенти жана Аксакалдар Кеңешинин мүчөсү, “The GAeeeVI Alliance Boardтин” төрайымы жана юристтердин эл аралык комиссиясынын төрайымы. Ал Аял-лидерлердин Дүйнөлүк Кеңешинин мурунку төрайымы жана Мадрид клубунун мүчөсү Робинсон Барак Обама тарабынан тапшырылган «Эркиндик үчүн» медалынан баштап, дүйнөлүк ар кыл ардак такталарынын жана сыйлыктарынын ээси. Ал “Mo Ibrahim Foundation” жана “The Global Compact” фонду баштаган бир нече кеңештерде иштейт. Түштүк Африкадагы Претории университетинде профессор жана Дублин университетинин ректору катары кызмат кылат. “Realizing Rights: The Ethical Globalization Initiative” уюмунун президенти.

*“Мен коомчулуктардын ишмердүүлүгүн колдогон аялдардын салымын конкреттүү мисалдарды келтирүү менен, эл алдында белгилеп турдум. Ирландиялык аялдар колдоого алынып жаткандыктарын сезүүлөрү үчүн, алардын кыймылын өнүктүрүүгө аракеттендим. Электораттан дайыма: “О, мен жөнөкөй адаммын, жөн гана үй кожойкесимин”деген сөздөрдү укчумун. Бирок алардан: “Силер өз коомчулугуңарда эмне кылып жатасыңар?”- деп сурачумун. Алар: «Мен бул ишти кылам, бул ишти жетектейм» - деп жооп беришчү. Мен «үй кожойкелеринин» бардыгы активдүү лидер болгонун байкадым.*

*Менин абдан сыймыктанганым, Түндүк Ирландиялык католик, протестант жана кара жумуш кылуу чөйрөсүндөгү аялдар менен байланыш кура алганым болчу. Алардын Белфасттан Дублинге, кийин менин резиденцияма келүүлөрү таптакыр мүмкүн эмес нерсе болчу. Биз кызыктуу талкууларды жүргүздүк жана да алардын диний келишпестиктердин ортосунда байланыш куруу үчүн кылып жаткан аракеттерин көрдүм. Бул аялдар өтө эрктүү болчу жана тынчтыкка акырындык менен жетүү зарыл экендигин билишчү.*

*“Жашоодо жана коомдо аялдардын салымын жана ордун жогорулатуу мен үчүн өтө маанилүү эле. Мен көргөн бардык аялдардын мен сыяктуу күч сарптап эмгектенүүсүн жана коомдо өзгөрүүлөр болушун чын жүрөктөн каалайм. Ооба, мен бийлик жана кызмат абалы боюнча чоң сабак алдым. Менин Президент болгонум, кандай кийингеним жана жасаган кыймыл-аракетттерим, бул аялдар үчүн өтө маанилүү болчу. Алар үчүн жогорку кызматтагы адамдар менен жолугуу өзгөчө нерсе болучу. Атайын делегацияларды кабыл алганда, же жүрүштөргө барганда, элдер жөнөкөй жаранды эмес, жалаң президенттик аксессуарлар менен жүргөнүмдү көргөнү келишкенин билчүмүн. Мен Ирландия президенттиги менен салттуу түрдө байланыштуу декорум эрежелери менен айкашып, жакшы лидер өз кызматын кандай аткарышы керектиги тууралуу өз түшүнүгүмдү өзгөрттүм. Демек, мен Президенттиктин табиятына карата бир топ маселелерди, Президентке карата мамилени өзгөртө алдым жана бул орун мени дагы өзгөрттү».*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Жарандар жогорку кызматта иштеген лидер айымдардын ишмердүүлүгүнө кандай мамиле жасашат? Лидер айымдар жөнөкөй жарандардан эмнени күтүшөт? Ал эми жарандар лидер айымдардан эмнени күтүшөт?
- Лидер айымдын идеалдуу жүрүм-туруму тууралуу сиздин пикириңиз.
- Жогорку кызматтарды ээлеген аялдар үчүн «нукуралуулук» кандай мааниге ээ?
- Президент Робинсондун катардагы аялдар менен жолугуу үчүн кам көргөнүн жана алардын коомчулугунда жасаган иштери тууралуу айткандарын кандай баалайсыз?
- Аял-лидер жасаган иштеринин таасирдүүлүгүн күчөтүү максатында башка аялдарды колдоосу керек деп ойлойсузбу?

# 2.3

## Көнүгүү: Жүрүм-турум кодекси

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт бөлүңүз)*

Катышуучуларды үч-төрт топко бөлүңүз. Ар бир топту алардын ар бир мүчөсүнө таанымал саясий ишмерди (аял же эркек) тандоосун сураныңыз. Бул саясий лидер үчүн (жергиликтүү, улуттук, эл аралык деңгээлдеги жана мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде аракеттенген) жүрүм-турум кодексин иштеп чыгуу үчүн ар бир топ 20 мүнөт сарпташы зарыл.

Башында ар бир топ сызыктарды толтуруу менен, чоң барактын башына төмөнкү арызды толтурушу зарыл:

**Мен, ________________________________________ катары төмөндөгү этикалык кодекстин принциптерине баш ийем:**

Андан ары топтор алар тандаган саясий лидер саясаттын кандай эрежелерине, принциптерине баш ийиши керектигин чоң баракка жазууну улантуулары зарыл.

Бир катар мисалдар: мен өзүмдүн коомчулугума, кесиптештериме жана кеңешчилериме калп айтпайм; мен кысым көрсөтпөйм; зыян алып келбейм; мени сындагандарга каршы эч кандай каршы иштерди жасабайм. Мен бөлүп-жарууну колдонбойм; мен жеке кызыкчылыгым үчүн кызмат абалымдан кыянаттык менен пайдаланбайм; менин ишмердүүлүгүм жана мен жүргүзгөн саясат аялдарды эч кандай басмырлабайт.

Убакыт жеткен мезгилде топтун мүчөлөрүнөн алар тандап алган саясатчы үчүн, топтун мүчөлөрү кандай жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыккандыгын дагы бир жолу талкуулоосун сураныңыз.

# 2.4

# Көнүгүү: Пирогду кантип бөлүштүрүш керек

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт бөлүңүз)*

## Бул маалыматты бардык топтор үчүн көрүнгүдөй кылып тактага илиңиз:

*Атайын бөлүнгөн каражатка үч орто мектептин окуучулары үчүн компьютерлер сатып алынат. Сиз билим берүү боюнча атайын комитеттин мүчөсүсүз жана Сиздин алдыңызда он талапкердин ичинен үчөөнү тандап алуу тапшырмасы турат.*

Катышуучуларды үч же төрт майда топторго бөлүңүз. Ар бир топ жогорку тапшырманын үстүндө иштеп, кайсы мектептерге компьютерлерди берүү керек экендигин чечүүлөрү зарыл (20 мүнөттүн ичинде). Кандай критерийлер колдонулат: жаш курак, экономикалык, гендердик жана мектеп чөйрөсү? Лотерея колдонуу иши акыйкат болобу? Ар бир топ кайсы орто мектепке компьютерлер берилүүсүн чече турган суроолорду, кадамдарды даярдоолору керек. Ар бир топтун мүчөлөрүн компьютерге ээ боло турган мектептерге карата кандай кадамдар жана критерийлер колдонулгандыгын дагы бир жолу тактап, талкуулашын өтүнүңүз.

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиз тандоо маселесин кандай чечтиңиз?
- Сиз өз тандооңуздун акыйкат болуусу үчүн тандоонун кандай түрүн өткөрмөк элеңиз?
- Сиз өз тандооңузду жасагандыгыңыз менен жергиликтүү калк кабардар болуусун каалайт белеңиз? Эмне үчүн?
- Тандооңуз тууралуу жергиликтүү калкка кандайча билдирет элеңиз?
- Эгер жергиликтүү калк Сиздин тандооңузду талкуулоого алса, эмне кыласыз?

# 3-САБАК:
## Саясий ишмер катары мен кайсы жерде эң компетенттүүмүн?

*(Окутуу үчүн 3 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Активисттин ролун саясатчынын ролуна салыштырмалуу изилдөө — аутсайдерлер инсайдерлерге каршы;
- Ар түрдүү жеке жана саясий стратегияларды изилдөө: жазуу түрүндө - ачык конфронтацияга каршы тынч дипломатия, оозеки түрдө - өнөктүктөргө кошулуу, шайлоого катышуу ж.б;
- Жеке жана жалпы милдеттердин ортосундагы баланс маселесин, үй-бүлө жана адистик муктаждыктар ортосундагы балансты карап чыгуу жана жыйынтыгында татаал чечимдерди кабыл алуу жана консенсуска келүүгө жетишүү.

## 3.1

## Көнүгүү: Кызыл сызыктан өтүү

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан аялдардын укугун коргоочу жана пакистандык министрлер кабинетинин секретары Масума Хасан жөнүндө төмөндөгү очеркти үн чыгарып окуусун сураныңыз[5].

5 Д-р Масума Хасан Пакистан Өкмөтүнүн экс-катчысы. Ал Пакистандын Австриядагы элчиси, БУУнун Венадагы туруктуу өкүлү жана Эл Аралык Атомдук Энергия боюнча агенттигинин туруктуу өкүлү болуп эмгектенген (МАГАТЭ). Ошондой эле, ошол эле шаардагы БУУнун өнөр жайды өнүктүрүү жана башка эл аралык уюмдардын өкүлү болгон. Ал, 2005-2010-жылдары Ортоыкчам өнүгүү негиздерин даярдоо боюнча пландаштыруу Комиссиясынын алкагында гендер жана өнүгүү боюнча иштөө тобунун төрайымы, ошондой эле, Венадагы 77 тобунун төрайымы болгон. Ал Аялдардын Aurat фондунун (WLPнын өнөктөшү) Жетекчилер кеңешинде иштейт, ошону менен бирге академиялык жана изилдөө институттарында эмгектенет.

*"Мен коомдук ишмердигимди баштап жатканда, Пакистанда мындай кызматты ээлеген аялдар өтө аз болчу. Коомдук чөйрөдө аялдарга юридикалык же конституциялык тоскоолдуктар жокко эсе эле. Ошону менен эле бюрократиялуу өкмөттүн «элита» деп аталган кадрлары менен Карачидеги мен иштеген Улуттук коомдук башкаруу институтунун ортосунда кызыл сызык болгон. Бул коомдук ишмерлерди өндүрүштөн четтетпей даярдочу, ошондой эле изилдөө жана кеңеш берүү тармагында кадрларды даярдаган институт эле. Ал эми менин эркек кесиптештерим дагы мындай тоскоолдуктарды жеңе албайт болчу.*

*"Менин үй-бүлөм аялдар түзүмүндө пионерлерден эле жана ата-энем мага, менин эки эркек бир тууганыма бирдей мамиле жасачу. Кэмбридж универститетинин саясат тармагында философия илимдеринин докторунун даражасы наамына ээ болуу, айрыкча, кыздар үчүн. ал убакта өтө чоң жетишкендик болуп эсептелчү.*

*Билим алуу жагынан даярдыгым – маанилүү болуп, менин карьералык келечегимди кесиптештеримдикинен айырмалап турчу. Бирок, кулачын кеңири жайган патриархалдык маанай айымдардын ишке орношуусуна абдан таасир этүүчү".*

*«Жубайымдын демократиянын идеалдарына берилгендиги менин карьерамдагы олуттуу өзгөрүүлөрдүн себепчиси болуп калды. 10 жылга созулган диктатордук башкаруу учурунда ал камакка алынган. Мен жана балдарым куугунтукка алынганбыз. Мындай татаал учурда мени Исламабаддагы административдик-башкаруу бөлүмүнө которушту. Бирок, мен жубайымдын демократиянын идеалдарына берилүүсү тууралуу эч качан шектенген эмесмин жана биздин күрөш жакшы өзгөрүүлөргө алып келээрине терең ишенгенмин".*

*«Диктатордук режимди алып салгандан кийин, саясий кырдаал өзгөрдү. Менин кызматымды өйдөлөтүштү, Карачидеги мурдагы институтума кайтып келдим жана өкмөттөгү даярдоо, изилдөө жана кеңеш берүү уюмун башкарган биринчи аял жана профессионал адис болдум. Мен мамлекеттик саясатты жана мамлекеттик кызматкерлерди коомчулуктарга жакындаткан программаны иштеп чыгуунун үстүндө тынымсыз эмгектендим. Менин институтум коомдук кызыкчылыктарды өтө катуу колдогондугу жана көптөгөн аялдарды өзүнүн ачык программаларына киргизгендиги менен таанымал эле".*

*"Менин карьерамдагы эң чоң өзгөрүү- бул менин Пакистандын БУУдагы өкүлү жана Венадагы башка эл аралык уюмдарга өкүл болуп дайындалуум болгон деп эсептейм. Андан соң, мамлекеттик жарандык кызматтагы эң жогорку кызмат болгон өкмөттүк кабинеттин катчысы болуп дайындалдым. Ошентип, мен кызыл сызыкты басып өттүм".*

*« Мен иштешкен кишилердин көпчүлүгү эркектер болчу, бирок, менин ийгилигим айымдарды жарандык кызматта, ал тургай башка бардык кесиптерде иштөөгө мүмкүн экендигине ынандырып, үмүт отун жандырды. Алар ар дайым мага чоң колдоо көрсөтүп турушту жана мен алар менен жолугууга убакыт таап, кунт коюу менен угар элем. Өкмөттүк кабинеттин катчысы аял экендигин угуп, мага көп аялдар көйгөйлөрүн айтып келишет, бирок, алардын жеке маселелерин чечүү жалпы аялдардын узак-мөөнөттүү маселелерин чечпейт".*

*«Карьерамдын башында мен, айрыкча аялдар үчүн маанилүү тармактарда: транспорт, суу, билим берүү, ден-соолук жана социалдык чөйрөлөрүндө аялдардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу керек экендигин түшүндүм. Ошентип,*

*аялдардын тобунун жардамы менен мамлекеттик саясатты колдой баштадым. Кээ бир маанилүү сунуштар: жергиликтүү кеңештерде, федералдык жана провинциалдык мекемелерде айымдарга орун берүү сыяктуу сунуштар Өкмөт тарабынан ишке ашырылган жана менин мамлекетимдин саясий ландшафтын өзгөрткөн. Коомчулук менен өкмөт ортосунда көпүрө куруу аялдарга өз тагдырларын өз колуна алуу мүмкүнчүлүгүн берет".*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Өкмөттө иштөөнүн кандай артыкчылыгы бар? Сиз эмнеге эң оңой жетише аласыз?
- Мамлекеттик кызматта иштөөнүн же шайлоо аркылуу дайындалган кызматты ээлөөнүн кандай кемчиликтери бар? Мамлекеттик ишкер болгондо кайсыл иш жана максаттарга жетүү кыйын деп ойлойсуз?
- Эки дүйнө ортосунда жүргөн активист жана саясатчыларга шек келеби? Эмне үчүн? Кимдерге кыйыныраак? Аялдаргабы же эркектергеби?
- Саясий дымак аялдар же эркектер үчүн деп айырмаланышы мүмкүнбү? Бул өзүмчүлдүкпү? Эмне үчүн?
- Аялдар аялдарды алар аял болгондугу үчүн гана колдоосу керекпи? Сиз кандай чечим кабыл алат элеңиз?

## 3.2

## Көнүгүү: Сиз эмне кылат элеңиз, эгерде...?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Бул көнүгүү катышуучулардан алардын туура чечим кабыл алуусун талап кылган кыйын кырдаалдарда чечкиндүү кадамдарды жасоолору зарыл экендигине чакырат. Көнүгүүнү катышуучулардын айлампа түрүндөгү абалында кезектешүү жолу менен жооп берүүсү аркылуу ишке ашырса болот.

Биринчиден, төмөндөгү аракеттер жазылган батманды бардык катышуучуларга көрүнөө турган жерге илип коюунуз же тактага жазып койсоңуз болот (Сиз өз көз карашыңызга ылайыктап, аракеттерди толуктап же өзгөртө аласыз):

- Эч нерсе жасабоо
- Кайгысын тең бөлүшүү жана кошо кайгыруу
- Гезиттердеги окуялар жана башка жаңылык булактары менен таанышуу
- Лидер менен жеке жолугушууларда маселени көтөрө билүү
- Лидер менен коомдук форумдардын алкагында жолугушууда маселени көтөрө билүү
- Ачык кат аркылуу нааразычылык билдирүү (массалык маалымат каражаттары аркылуу)

- Жеке түрдө нааразычылык билдирүү (кызыктырган саясатчыга же чечим кабыл алуучу жооптуу өкүл)
- Кат аркылуу жамааттык нааразычылык билдирүү
- Митингге катышуу
- Митинг уюштуруу
- Кампанияларга катышуу
- Саясий өнөктүктү уюштуруу
- Саясий кызмат үчүн өз талапкерлигин көрсөтүү

Андан соң, топтун мүчөлөрүнөн бул аракеттердин ичинен өздөрүнө керектүүсүн тандоосун же өз аракеттерин сунуштоосун сураныңыз. Ар бир суроого алтыдан сегизге чейинки жоопторду алууга аракеттениңиз, катышуучулар бир топ жоопторду угуулары зарыл. Уюштуруучулар сунушталган жаңы аракеттерди кошуп жүрүп олтуруңуздар.

- Сиз чогулуш өткөрүп жаткан бөлмө муздай түшсө жана Сиз терезе ачык экендигин байкасаңыз эмне кылат элеңиз?
- Жакынкы заводдо иштеген жубайыңыз жумуштан бошоп калса, Сиз эмне кылат элеңиз?
- Жакынкы заводдогу ар бир жумушчу убактылуу жумуштан четтетилсе, Сиз эмне кылат элеңиз?
- Сиз колдогон саясий талапкердин өнөктүгүн кесиптештериңиз жана досторуңуз дагы колдоп жатса, Сиз эмне кылат элеңиз?
- Сиз дагы алты киши менен бирге үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жаатында жетишсиз чара көрүүлөр тууралуу арызданган катка кол койгондон кийин, сиздин үй-бүлөңүз ага каршы чыкса эмне кыласыз?
- Коомчулуктардын лидерлери Сизден жергиликтүү саясий кызматка талапкер болууңузду суранса жана Сиздин шайлоо өнөктүктү колдоорун айтышса эмне кылат элеңиз?

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Жеке же саясий багыттагы өзүңүз жактырган иш-аракеттер кайсыл? Сизге кандай иш-аракеттер жакпайт? Эмнеге?
- Сиздин саясий көз карашыңыз кандай? Кандай көз караштагы саясатчы болгуңуз келет? Эмнеге?
- Саясатка умтулуп, бирок ошол эле учурда адамдык этиканы сактоо мүмкүнбү? Эмнеге мүмкүн же, мүмкүн эмес?
- Четте карап туруу дагы саясий кадамбы? Эгер андай болсо, кандай мисалдар бар?

## 3.3

# Көнүгүү: Аял-лидерлерди колдоо жана дем күч берүү

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Дафна Олу-Вильямс жөнүндө төмөндөгү очеркти үн чыгарып окуусун өтүнүңүз.

*Жыйырма жыл бою созулган жарандык согуш Дафна Олу-Вильямсты Сьерра-Леонанадан кетип, Ганада баш паанек табууга мажбур кылганга чейин чейин илимпоздук менен алектенчү.*

*Ал башка адамдардын жан тартуусу жана ак ниет мамиленсине кубанып, жакшылыкка жакшылык менен жооп берүүгө түрткү берди. Ал кайра Сьерра-Леонага кайтып, жетим балдар үйүндө тарбиячы болуп иштеп баштады. Өз ишмердүүлүгүн улантып, "Африканын Ырайымдуу Жүрөктөрү" (African Kind Hearts Organization- АКНО) уюмун түздү. Бул коомдук уюм деңиз боюндагы Годерих айылында (өтүп кеткен жолдошунун үйүндө) аялдарга жана балдарга жардам көрсөткөн. Бул уюм өзүнүн ишин аялдарды окутуу жана аларга ишкердик өзгөчөлүктөрдү үйрөтүү аркылуу кеңейди.*

*2005-жылы Дафна Калабара шаарындагы лидерлер Институтунда (Нигерия) даярдыктан өттү. Бул "Women's Learning Partnership" уюму жана анын өнөктөшү "BAOBAB for Women's Human Rights" уюму тарабынан уюштурулган эле.*

*Институттун тажрыйбасы аны аялдардын кыймылына катышууга шыктандырды. Дафнанын айтымы боюнча, институттагы билими анын жашоосунда лидерликтин жаңы барагын ачты. Ал өз коомунун келечектеги өнүгүүсүн көрө билүүсү үчүн жетишсиз экендигин түшүндү.*

*Ал чечкиндүү кадамдарды кабыл алышы керек эле. Ошону менен бирге, Дафна Сьерра-Леондун аялдары саясий процесстерге көбүрөөк катышуусу зарыл деп ойлогон. Дафна саясий активдүүлүк үчүн бир канча жолдорду колдонуп көрдү.*

*Бир жылдын ичинде ал төрт региондун эң чоңу болуп эсептелген жана өлкөнүн борбору - Фритаун жайгашкан, батыш регионунда шайлоо боюнча Комиссар болуп дайындалат.*

*Өлкөдө демократиялык жол менен келген жаңы өкмөт иштеп баштоо алдында турганда, Дафна өзүнүн шайлоо участогунда иштеп баштады. Эркектерден турган шайлоо комиссиясынын персоналы, Дафна үчүн чоң тоскоолдукка айланды. Ал жыныстык жактан басмырлоого жана ар кандай коркутуп-үркүтүүлөргө туш болгон. Бирок, ал шайлоонун жыйынтыгын акыйкаттыгын камсыз кылууга бел байлап, өзүнө толук ишенген.*

*Шайлоо процессинин жыйынтыгында, башкы Комиссар шайлоонун жыйынтыгын тааныды. Шайлоолор Дафне Олу-Вильямстын жашоосунда абдан жоопкерчиликтүү көз ирмемдер болгон жана ошондой эле өз өлкөсүнүн саясий тагдырына маанилүү салымын кошуусуна мүмкүнчүлүк түздү.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиздин оюңузча кайсы окуялар Дафнанын саясий активист болуусуна түрткү болду?
- Аялдар, айрыкча семинардын катышуучулары, аялдардын саясаттагы активдүүлүгүн жогорулатууда кандай роль ойношу мүмкүн?

## Айлампа түрүндө иштөө

Өзүңүз баш болуп ар бир катышуучуга төмөндөгү сүйлөмдү аяктоосун сураныңыз*:

*"Мен аялдардын башкаруу чөйрөлөрүндө жана саясатка активдүү катышуусу үчүн ______________________аркылуу салымымды кошсом болот".*

* Туура же туура эмес суроолор жок. Аялдар аялдарга, добуштарын каттоо учурунда, белгилүү бир талапкерлерди үгүттөө же күчтүү жана өзүнө ишенген кыздарды жана адилеттүү балдарды тарбиялоо аркылуу жардам берсе болот. Мунун бардыгы жана миңдеген башка акциялар аялдарга дүйнөнү өзгөртүүгө жардам берет.

# 3.4

# Көнүгүү: Тандоо жана милдеттер

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Global institute/Jordan (SIGI/J) уюмунун координатору жана укук коргоочу Асма Хадер[6] жөнүндө төмөндөгү очеркти үн чыгарып окуусун сураныңыз.

*"Мен үй-бүлөдө үч кыздын эң улуусумун. Иорданиянын үрп-адаты боюнча 10 жашка толгонго чейин, менин атамдын аты Абу Асма (Асманын атасы), апамдын аты болсо Ум Асма (Асманын апасы) болчу. Үй-бүлөбүздө уул болбогондуктан, биз жана биздин ата-энебиз кандайдыр бир кысымды сезчүбүз, уулдун төрөлүшүн каалап, ата-энем дагы бир балалуу болууну чечишти. Мен 10 жашка толгондо Самир аттуу инилүү болдум. Бир сааттан кийин атамдын аты Абу Самир, апамдын аты болсо Ум Самир болгонун таң калаарлык менен угуп калдым. Мен өзүмдү жоголуп кеткендей*

6 Асма Хадер, адвокат жана адам укугун коргоочу, WLP нын өнөктөшү Sisterhood Is Global Institute/Jordan уюмунун башкы координатору, Иордания Хашемит Королевствосунун Өкмөтүнүн мурунку Өкүлү жана мурунку мамлекеттик министри, Иорданиянын Аялдар Союзунун мурунку президенти. Ал Араб юристтери союзунун, Адам укуктары үчүн Араб уюмунун мүчөсү жана Юристтердин эл аралык комиссиясынын аткаруучу директору. Иорданиялык аялдардын юридикалык сабаттуулугун жогорулатуу жана аларга юридикалык жардам көрсөтүү жаатында өзүнүн конструктивдүү жактарын көрсөтө алган. Араб сотунда аялдарга карата зордук-зомбулукту жоюу боюнча кеңешчи болуп иштеген, ал абийирди сактоо үчүн өлтүрүүгө каршы турган мыйзамды кабыл алуунун демилгечиси болуп саналат.

*эле сезип калдым. Мен эң улуусу болгонум менен, бардыгы үчүн Самир эң сүйкүмдүү наристе эле, анткени, ал уул болчу".*

*"Башында мен нараазы болуп, капаландым. Үй ичиндеги жумушту жасоонун ордуна көпкө чейин элдин көбү жакшы көрүшкөн эркек балдар менен ойноп жүрчүмүн. Бирок, менин атам абдан ойчул жана билимдүү киши болгондуктан, менин абалымды сезе алды жана ал өз кыздарын абдан жакшы көргөндүгүн айта берчү эле.*

*«Мен башыман өткөргөн бул окуя мага абдан чоң таасирин тийгизди. Айымдарга аларды коргой турган кимдир бирөө керектигин түшүндүм. Чоңойгон сайын өзүмдүн досторумдун коргоочусу боло баштаганымды байкадым жана алар басмырлоого туш болгон учурларда аларды коргоого алдым. Ошондуктан, жактоочу болуп, айымдардын укуктарын коргой баштадым.*

*« Менин өз кыздарым төрөлгөн учурда, тынымсыз түрдө адвокат болуп иштеп жүрдүм. Экинчи кызым 5 жашка толгондо, ал коңшубузга: «Мен чоңойгондо эч качан адвокат болбойм, апамды такыр көрбөйм. Мен чоңойгондо түштө үйүнө келе турган мугалим болгум келет» деп айтты. Буга абдан капаландым. Бир жагынан жумушумду жакшы көргөнүмө, бир жагынан жакшы эне боло албагандыгым үчүн тынчсыздандым.*

*«Бир жолу кызымды кичине чоңоюп калганда, камакта отурган бир корголуучума жолугушууга ээрчитип бардым. Ал абактын оор шарттарын көрүп абдан капаланды. Ал күнү мага абдан көп суроо берди. Кызым бир күнү өз алдынча мыйзамдарды изилдөөнү чечкенин укканымда эч бир киши менден артык таң калбаса керек. Эгерде кызымдын 5 жаштагы кезинде жүрөгүмдү какканын уккан болсом, өзүмдүн юристтик кесибимди таштайт элем. Ал эми азыркы учурда менин кызым – адвокат жана укук коргоочу. Мен өз тандоомду жасаганыма абдан кубанычтамын».*

## I Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиздин мамлекетте айымдар менен мырзалар иш менен үй-бүлөнүн түйшүгүн бирдей алып кетүүгө мажбур болушуудабы?
- Айымдардын саясатка катышуусун чектеген кандайдыр бир факторлор барбы?

Тактаны эки бөлүккө бөлүңүз жана катышуучулардан майда топтордо эркектер менен аялдардын үй-бүлөдөгү милдеттери тууралуу акыл-эс чабуулун жасоосун сураныңыз.

| Аялдардын үй-бүлөдөгү милдеттери | Эркектердин үй-бүлөдөгү милдеттери |
|---|---|
| | |

### II Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Бул тизмеде кандай окшоштуктар чыкты? Айырмасы эмнеде?
- Бул көнүгүү аркылуу Сиз эмнени биле алдыңыз?
- Аялдардын үй-бүлөдөгү милдеттери алардын саясатка аралашуусуна кандай деңгээлде таасир этет?

## 3.5

## Көнүгүү: Таасир берүү үчүн үлгү

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Катышуучулардан аялдардын коомдун төмөнкү чөйрөлөрүндөгү милдеттерин санап чыгуусун сураныңыз: эне, үй кожойкеси, доктур, мугалим, инженер, айдоочу, бухгалтер, юрист, үй кызматчысы, министр, тигүүчү ж.б. Катышуучулардын бардык жоопторун доскага жазгыла. Эгер тизме 40 же 50гө жеткен болсо, саноону токтотуп, кийинки кадамга өтүңүз.

Топторду экиден жуп-жуп кылып бөлүңүз. Ар бир жуптан сураныңыз:

- Топтук иштөөдө сунуш кылынган аялдарга тиешелүү он милдетти бөлүп көрсөтүүлөрү зарыл;
- Бул он милдетти 1ден баштап, эң негизги милдетти 10-сапка коюуулары зарыл.

Топторду кайрадан чогултуп, алардын өкүлдөрүнө бул тизмени сунуштоосун сураныңыз.

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Бул көнүгүү Сиз үчүн жеңил же татаал болдубу?
- Өнөктөштөр тизменин басымдуу бөлүгү менен макул болуштубу: ооба же жок?
- Өнөктөштүн ой-пикири Сизди ынандырдыбы? Айтып бериңиз.
- Кайсыл жерде пикирлер келишти? Кайсыл жерде келишпеди?

## 3.6

# Көнүгүү: Өткөн мезгил, азыркы учур жана келечек

*(Окутуу үчүн 20 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Төлөйкан Исмаилованын[7] укук коргоочулук ишмердүүлүктү тандап алуусуна таасирин тийгизген тарыхый кырдаалдар жана окуялар тууралуу баянын үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

*«Мен өзүмдү өмүр бою укук коргоочу болуп жүргөндөй сезем. Ал тургай, бала кезимден тарта эле аялдардын экинчи сорттогу адамдар катары эсептелерин сезчүмүн. Бардык бийлик – үйдө жана коомдо эркектерге тиешелүү болуп келет. Кыргызстанда талanttуу айым-лидерлер көп экендигине карабай, 2007-жылга чейин парламентте бир дагы аялзаты болгон эмес. Шайлоо процесстерине жана мыйзамдардын кабыл алынышына байланыштуу бардык саясат, өз бийлигине жана акчасына таянган эркектерге ыйгарылган.*

*"Чоң энелерим мага ачарчылыктан, сууктан көз жумган, качкын жашоодон жабыр тарткан балдар тууралуу айтып беришчү. Ал эмес балдарды өз ата-энелери тамак-аш үчүн саткан учурлар дагы болгон. Мындай көрүнүшкө көбүнчө кыздар кабылышчу, анткени, эркек балдар тукум улоочу деп саналышчу.Бул жагымсыз окуялар – тарых барактарынын бир сүртүмдөрү гана. Ал эми акыркы он жылдыкта Андижан же Чечен окуясы сыяктуу-жерлерде зомбулуктарга кабылгандар, кол салуулардын курмандыктарына айланышып, же болбосо, жөн гана жок болуп кетишти.*

*"Кыргызстанда бүгүнкү күндө кыз ала качуу коомчулук, аял алууга камданган эркектер үчүн кадыресе көрүнүшкө айлангандай.Кыз ала качуу жаштардын арасында гана колдоого алынбастан, алардын досторунун, ошол ала качууга кабылган кыздардын үй-бүлөлөрүндө дагы колдоого алынып келет. Алар бул өз ара келишүүнү «элдик салт» деген түшүнүк менен байланыштырышат.*

7 Төлөйкан Исмаилова Кыргызстанда укук коргоо ишмердүүлүгү менен алектенет, «Жарандар коррупцияга каршы» укук коргоо борборунун жетекчиси, WLP эл аралык уюмунун өнөктөшү, Кыргызстандагы жарандык коомдун түптөлүшүнө чоң салым кошуп, Кыргызстандагы мамлекеттик эмес уюмдардын Форумунун негиздөөчүсү (1996). Кыргызстандагы шайлоолорго байкоо жүргүзүү жана жарандык коомдун көз караштарын чагылдыруу жаатында мамлекеттик эмес уюмдардын башын бириктирген «Жарандык коом жана демократия үчүн» коалициясынын негиздөөчүсү, биринчи президенти. Ал укук коргоочу жана жарандык коомдун активисти катары жасаган иштери үчүн бир канча сыйлыктардын ээси. Ал 2002-жылы Борбордук Азиядагы Reagan-Fascell Democracy уюмунун биринчи стипендиантка-сы болуп саналат.

*“Кыргызстанда жүздөгөн кыздар ала качуунун курмандыктары болуу менен бирге, ал кейиштүү зордук-зомбулук иштери менен коштолуп, ал тургай өз жанын кыйганга чейин жеткен көрүнүштөр менен аяктайт. Ала качууга кабылган кыздар качуу жолу менен болсо дагы өз ата-энелерине кайтып келе алышпайт. Бул кыздын бир түн өз үйүндө түнөбөгөндүгү - ал кыздын абийири «таза эмес» деп саналгандыгы менен түшүндүрүлүп, элдик салт-санаа, аны кайрадан башка адамга күйөөгө чыга албайт деген түшүнүккө байланыштырылат.*

*“Чоң энелерим менин жашоомдун башкача болушун каалашкан. Алар менин руханий жактан күчтүү, билимдүү жана өз алдынчалуу адам болуп өсүп жетилишимен үмүттөнүшчү. Алар менин дагы калыптанып калган патриархалдык коомдо, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун же башка дагы мыйзамсыз көрүнүштөрдүн курмандыгы болуп калбаса экен деп коркушчу. Алар менин бактылуу болушумду, мен кандай келечекти каалайм, өзүмдүн чечим кабыл алышымды тилешет эле.*

*“Ата-энемдин жана журналисттик эмгекти аркалаган өмүрлүк жолдошумдун колдоосунун аркасында, мен жүрөгүм эмне деп соксо, ошону аткарып, өз алдынча иш алып барууга, өзүм жашаган коомду өзгөртүүгө салымымды кошууга жетиштим. Мен ар дайым укук коргоочу болуп келгем жана ишимди уланта берем, менин өлкөмдө аялдарга урмат-сый менен мамиле жасоо калыптанмайын, алар тең укуктуулукка жетишмейин мен ишмердүүлүгүмдү улантам. Менин өлкөмдө аялдарга болгон акыйкатсыз мамилелер менен күрөшүү керек болсо, мен дароо тийешелүү аракеттерди кыла алам жана чындыкты айтып, тоскоолдуктардан коркпойм!”*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Бул баянды укканда Сизде кандай сезимдер пайда болду?
- Өткөн мезгилдердеги жат көрүнүштөр Сизге таасир бере алдыбы?
- Бул баян аркылуу Сиз кайсы бир маселе тууралуу ойлонуп, келечек муундар үчүн дагы кайсы нерсени өзгөрткүңүз келди?
- Учурдагы коомдо Сиз өзгөчө эмнени өзгөрткүңүз келет? Эмне Сизди көбүрөөк ойлондурат?

# СЕМИНАРДЫН САБАКТАРЫ

2

## II БӨЛҮМ

## ТААСИР БЕРҮҮЧҮ КӨРСӨТМӨ:

## Менин кийинки кадамдарым кандай?

Саясий ишмердүүлүк эр жүрөктүктү талап кылат. Биз жеке жашоого байланышкан болобу, же кесипке байланыштуубу, башка адамдар кабыл алган чечимдерге кандай таасир берүү жана аны кантип өзгөртүү керектигин билебиз. Бирок, бизди, аялдарды саясат дүйнөсү жүрөксүнтүшү мүмкүн, анткени, биздин коомчулук аны таанибашы, кээ бир учурда каршы чыгышы да мүмкүн. Сөз алып сүйлөө, кампанияларга катышуу же коомдук маанилүү кызматка өз талапкерлигин көрсөтүү аркылуу саясий кыймылдарга кысым көрсөтүү - коомдук ишмердүүлүк катары таанылып келе жатат. Саясий ишмердүүлүк кылдат иликтөөлөргө кабылышы мүмкүн, өзүңө эң жакын адамдар тараптан же сен такыр көрбөгөн адам тарабынан катуу сынга алынышың дагы мүмкүн. Буга кошумча, Сиздин аракетиңиздин арты бул – тобокелге салуу, эң чоң күчтүн булагы. Сиз саясий кадам таштоо менен шартты өзгөртүү максатында күч колдоносуз.

Бул бөлүмдөгү окутуу көнүгүүлөрү катышуучуларга өздөрүнүн кийинки кадамдарын, балким, бирөөлөр үчүн биринчи кадам таштоого чоң жардам берүүгө багытталган. Экинчи бөлүм катышуучулар талкуулагысы келген саясий суроолорду аныктоодон башталат, ал эми бул бөлүмдөгү жети сессия кимдир бирөөнүн саясий ишмердүүлүгүн колдоо боюнча көнүгүүлөрдү жана мисалдарды келтирет, маалыматты коомчулукка жеткирүү жолдорун жана жетише турган ийгиликтерди аныктайт. Көнүгүүлөр катышуучулардын конкреттүү кадамдарды баштоосуна көмөк берип, кеңири маалыматтарга ээ болуусуна шарт түзөт деген ишеничтебиз.

## Окутууну тайпаларда жүргүзүү боюнча сунуштар

38-беттен Сиз окутууну тайпаларда жүргүзүү боюнча сунушту таба аласыз. Же болбосо, Сиз көнүгүүлөрдү окутуу боюнча өзүңүздүн жеке методикаңызды иштеп чыккан болсоңуз, анда абдан сонун. Эгер катышуучулардын бардыгы көнүгүүнү активдүү аткарууну колго алган болсо, эң жакшы.

Эгерде Сиз өзүңүздүн жеке методикаңызды иштеп чыккан болсоңуз, анда, Сиздин жеке тажрыйбаңыздан улам, натыйжалуу деп табылды деп жазып койсоңуз болот. Бул башка тренерлер үчүн үлгү болот жана күн тартибин, окуу куралын иштеп чыгуу үчүн абдан пайдалуу.

Сиз окутуунун кандай методикасын тандап алганыңызга карабай, эң негизгиси – биргелешкен лидерлик маанайын жана принциптерин камсыз кыла алуу - өз пикирин таңуулабоонун негизинде, өз ара сый пикир алышуу.

Ал эми эң маанилүүсү – ар бир аткарылган ишке өзүңүз ыраазы болушуңуз керек жана мындай сезимге ар бир катышуучу дагы туш болуусуна жетишүү.

# 4-САБАК:
## Саясий маселелерди аныктоо жана чакырыктарыбызды иштеп чыгуу

*(Сабакты өткөрүү үчүн 3 саат убактыңызды бөлүнүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Аныкталган ишмердүүлүктөрдү жасоо үчүн багытталган маселени же маселелерди иштеп чыгуу;
- Аталган маселенин гендер меселесине тийгизген таасирин аныктоо;
- Гендердик теңчиликти колдогон таасирлүү чакырыкты иштеп чыгуу.

Имараттын ичинен атайын орун даярдап, төмөнкү цитатаны бардыгына көрүнүп тургудай кылып илип койгула:

*«Эгер дүйнө Сизге бул турган калыбы менен жакпай жатса, Сиз аны өзгөртө аласыз. Сизде аны өзгөртүү милдети бар. Жөн гана бир кадам алдыга таштоо менен аны өзгөртүүгө бел байлаңыз».*

***– Мэриан Райт Эдельман***[8]

8 Мэриан Райт Эдельман балдарды коргоо фондунун негиздөөчүсү жана директору, уюмдун директорлор кенешинин мүчөсү. Ал Миссисипи Соту жумушка алган биринчи афроамериканка.Анын жарандык укуктар боюнча кыймылда иштөөсү 1960-жылдын ортосунда Миссисипи, Джекстондогу NAACP Legal Defense and Educational офисинин директору болгон учурдан башталган.1968-жылы Мэриан Эдельман мартин Лютер Кинг өлөрүнө чейинки кыска убакыт аралыгында уюштуруп кеткен Кедейлер маршында кеңешчи катары иштеген.

# 4.1

# Көнүгүү: Саясий маселелерди аныктоо жана чакырыктарыбызды иштеп чыгуу

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

## Айлампа түрүндө иштөө

Катышуучулардын баарысын ыңгайлуу олтуруп, өздөрүн бош кармап, көздөрүн жумуп жана терең дем алууларын сураныңыздар.

Катышуучулар дал ушундай абалга келген соң, алар 20 жылдан соң, өз дүйнөсүн кандайча элестете тургандыктарын сураңыз. Алардан өздөрүн мындай абалда кармоолорун улантууларын жана бир нече мүнөт ой-топтоолорун сураныңыздар. Алар бул ойлорун окурмандар менен бөлүшө тургандыктарын эскертип коюңуз.

Бир нече мүнөттөрдөн кийин алардан көздөрүн ачууларын өтүнүп, «20 жылдан кийин мен каалайт элем…» деген сөз менен көнүгүүнү баштаңыз жана өз үй-бүлөңүз, Сизди курчап турган чакан чөйрөңүз жана коомчулук үчүн Сиз каалаган жакшы жакка өзгөрүүлөрдү санап өтүңүз.

Сизден кийин катышуучулардын ар бири кезек-кезеги менен «Мен каалайт элем… » сөзү менен, өз үй-бүлөлөрүндөгү, өз чакан чөйрөлөрүндөгү жана коомчулуктагы келечекте ал күткөн жакшы өзгөрүүлөрдөн бирден бешке чейин санап, көнүгүүнү андан ары улантып кетүүлөрү зарыл. Ушундай жол менен ар бир катышуучу келечек тууралуу кыялдары менен бөлүшүп чыгат.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Ишмердүүлүктүн бул түрүн Сиз кандай кабылдай аласыз? Муну ишке ашыруу Сиздин колуңуздан келеби?
- Ишти баштоого даярсызбы же бул Сиздин колуңуздан келбейби? Кайсы биз күткөн өзгөрүүлөрдү тезинен ишке ашырса болот?
- Кайсы маселелерге көбүрөөк көңүл бурсак болот деп эсептейсиз? Сиз кайсы маселелерди биринчилерден кылып ишке ашырууну каалайсыз?

# 4.2

# Көнүгүү: маселени көтөрүп чыгуу (I)

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Катышуучулардан аларды көбүрөөк тынчсыздандырган саясий маселелер жана максаттар тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүлөрүн өтүнүңүз. Катышуучулардын сөздөрүн тактага жазыңыз. Бул көнүгүүнү жемиштүү аткаруу үчүн эки катышуучу бардыгын жазып туруулары зарыл: бири тактага, экинчиси аларды сабактардын кийинки жүрүшүндө пайдалануу үчүн батманга жазып турат.

Катышуучуларды үч-төрттөн кылып майда топторго бөлүңүз. Ар бир топту алдын-ала бардык мүчөлөрү менен макулдашылган жана семинардын аягына чейин толук өздөштүрүүнү самаган, конкреттүү бир саясий максатты алдыларына коюу тапшырмасын бериңиздер. Бул бир аз гана убакытты талап кылуусу зарыл. 20 мүнөттөн соң, топтордун бул тапшырмаларды аткаргандыгын текшериңиз. Кээ бир топтордо тапшырма көбүрөөк убакытты талап кылуусу мүмкүн.

> ***Мисалга:***
>
> *Биздин максаттын өзөгүн кимдин саясий күн тартибинде аялдардын укугун коргоо темасы, аял талапкерлердин коомдун бардык деңгээлдеринде катышуусун камсыздоо түзсө, ага колдоо көрсөтүү жана колдоо түйүндөрүн уюштуруу.*
>
> *Биз сунушталып жаткан аялдардын менчикке болгон укугун жакшыртууга багытталган мыйзам долбоору парламентте колдоо табуусун каалайбыз.*

Топторду кайрадан чогултуп, алардан бирден ыктыярчыны чыгарып, саясий максатын үнүн бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз жана дагы бир ыктыярчыны батманга жазып турууну тапшырыңыз.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Эмне үчүн дал ушул максат тандалып алынды?
- Сиз аялдарга гана тиешелүү деп эсептеген суроолор көп болушу мүмкүнбү?
- Бул максаттардын бардыгы коомчулукка пайда алып келе алабы? Ким көбүрөөк пайда алат? Ал эми ким таптакыр пайда ала албайт?

# 4.3

# Көнүгүү: Өз багытыбызды билдирүү

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Катышуучуларды эки топко бөлүп, эки саясий кандидат тууралуу төмөндөгү маалыматтар жазылган барактарды таратыңыз.

**Элестетип көрүңүз: А.А. жана Б.Б. экөө тең Сиз жашаган райондун Коомдук Кеңешине мүчө болуу үчүн талапкерлер:**

Талапкер Ара Азадех (А.А.) белгилүү мектеп директору, анын негизги багыты коомчулукта балдардын ал-абалын жакшыртуу. Ал 62 жашта, жесир аял жана эч качан балалуу болгон эмес. Коомдук Кеңештеги шайлоолорго ал экинчи жолу катышып жатат. Биринчи жолку ат салышууда ал алда канча артта калып, жеңилүүгө дуушар болгон. Себеби, ошол кезде күйөөсүнүн көзү тирүү болчу жана ал камсыздандыруу күбөлүгүн анын компаниясынан сатып албаган жергиликтүү соодагерге кысым көрсөткөндүгү үчүн соттолуп жаткан. Элдин көбү ал күйөөсүнүн коррупциялык кылыктары тууралуу кабардар эмес деген ойдо эле. Бул жагдай анын шайлоолордогу ийгилигине чоң залалын тийгизген.

Талапкер Бита Бахар (Б.Б.) өз коомчулугунда анча таанымал эмес, ал жерде болгону төрт жыл гана жашаган. Ал 48 жашта, гүл сатуу менен алектенген бай, пенсионер соодагердин аялы, нымдуулугу аз, кышкысын жылуу бул районго ал ден соолугуна байланыштуу көчүп келген. Алар менен чогуу баласы, келини жана үч айлык немереси жашайт. Жер которгонго чейин ал коңшу шаардагы кайрымдуулук уюмунда, балдар ооруканасында, мектепте эмгектенчү.

Бул коомчулукта бардыгы үчүн маанилүү маселе – агымдан 15 км өйдөрөөк жайгашкан тери өндүрүүчү заводунан чыккан химикаттардан улам ууланышы мүмкүн деген суроону жараткан жергиликтүү суу түтүк тутуму маселеси, бул өзгөчө кичинекей балдар жана кары-картаңдар үчүн кооптуу.

Катышуучуларды эки топко бөлүңүз. Биринчи топ талапкер А.Аны колдоо боюнча өнөктүктүн ролун, ал эми экинчи топ талапкер Б.Б.ны колдоо боюнча ролду аткарат. А.А. тобун бөлмөнүн бир тарабында, Б.Б. тобун экинчи тарабында жайгашышын сураныңыздар.

Ар бир топ талапкерди 10-15 мүнөт талкуулоосу керек жана башкаларды өз талапкерин колдоого чакыруу үчүн программаларын иштеп чыгуусу зарыл.

Андан соң, топтун ар бир мүчөсүн шайлоо өнөктүгүн өткөрүү боюнча роль ойноосун сураныңыздар. Б.Б. тобунун мүчөлөрү катардагы жашоочулардын ролун ойноп, шайлоочулар катары үгүтчүлөргө эшиктерин ачышат. Демек, А.А.командасынын ар бир мүчөсү эшикти «такылдатат», ал эми Б.Б. тобунун мүчөсү такылдатуудан улам эшикти ачат.

А.А. тобунун мүчөсү Коомдук кеңештин мүчөсү, талапкер А.А.ны эмне үчүн колдоп жатканын түшүндүрүүсү керек. Таанышуу үчүн анын эки мүнөт гана убактысы бар:

- Бул убакыт аралыгында ал бул аймакта канча жылдан бери жашай тургандыгы тууралуу, эмне иш менен алектенет, өз үй-бүлөсү жана жумушу тууралуу азыноолак жана ал эң негизги деп эсептеген малыматты берип үлгүрүшү керек;
- Ал ушул учурда эмне менен алектенип жатканын түшүндүрөт;
- Эшик ачкан адамдан эмнени күтүп жаткандыгын түшүндүрөт, мисалы, добуш берүү, өнөктүккө кошулуу, митингке катышуу же болбосо, талапкер тууралуу кошумча материалды окуусун сурануу.

А.А. жана Б.Б. топтору өз талапкери үчүн өнөктүккө катышууларын камсыз кылуу үчүн эки топ ролдорун алмашуу менен кайра кайталоосун сураныңыз. Ыктыярчы ар бир сүйлөшүүлөр эки мүнөттөн ашпоосу үчүн регламентти көзөмөл кылып туруусу зарыл.
Бул көнүгүү катышуучулардын көңүлүн ачкыдай жана аларга маалымат бере тургандай дагы маанайда өтүүсү зарыл, ошондуктан, оюнчуларды колдоо комментарийлери, күлкүлүү окуялар дагы колдонулат!

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиз аялдардын шайлоо өнөктүктөрү айырманалып тураарын байкай алдыңызбы? Эмне үчүн?
- Талапкерди колдоо үчүн гендер тууралуу аргументтер кездештиби (Мисалы, эмне үчүн ал аял катары Коомдук кеңештин эң жакшы мүчөсү болушу керек?);
- Бул көнүгүү жеңил же оор болдубу? Эмне үчүн?
- Шайлоо өнөктүктөрүнүн чыныгы катышуучусу катары аралашуу менен Сиз шайлоо өнөктүктөрүн уюштуруунун кайсы жолдору ыңгайлуу деген пикирге келдиңиз? Ал эми кайсы жолдору терс таасирин тийгизди?

# 4.4

# Көнүгүү: Өз суроолорубузду аныктоо (II)

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

**4-Сабактын максатын аныктоо**

Бул көнүгүүнүн максаты – катышуучулардын саясий активдүүлүк жолу аркылуу колдоо көрсөтүүсү тууралуу суроосун же бир нече суроолорду карап чыгуу. Алар тандап алган суроолор кийинки сабактарда талкууланат. Кийинки сабактарда биз бул суроого **«4-сабактын максаты»** катары кайрылып келебиз.

Катышуучуларды жупташтырып бөлүңүз. Ар бир жупту мурунку сабактын «Саясий маселелерди аныктоо жана чакырыктарыбызды иштеп чыгуу» (1) саясий максаты эмне экендигин карап чыгуусун сураныңыз.

Ар бир катышуучу анын кийинки сабактарда иштөөсү үчүн тактада жазылган конкреттүү суроону эмнеге тандап алуусу керектигин үч-төрт мүнөт аралыгында ынандырып айтып берүүсү керек.

Мындан соң, жуптарды бир максатка жетүүнүн аракетинде биримдикте иш алып баруусун сураныңыз. Эгер эки жуп тең бир суроону тандаган болсо, анда алар биргелешип, башка катышуучуларга суроону коргоо максатында сунуштай турган аргументтерди иштеп чыгуусу зарыл.

Катышуучуларды чогултуп, жуптардан алар кайсы суроолорду тандап алгандыгын сураныңыз.

Бардык катышуучулар менен тандалып алынган суроолорду талкуулагыла. Катышуучулар сабактын аягына чейин иштөө үчүн тандап алган суроо боюнча консенсус иштеп чыгуусун сураныңыз. Эгер бир суроонун тегерегинде макулдашууга жетишүү кыйын болсо, анда аларга эки же үч варианттын тегерегинде иштөөгө мүмкүнчүлүк бериңиз. Жалпы катышуучулар тарабынан тандалып алынган суроо семинардын андан аркы жүрүшүндө колдонулат.

# 5-САБАК:
## Саясий аренанын картасын түзүү

*(Окутуу үчүн 4 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Саясий иштердеги тоскоолдуктар жана мүмкүнчүлүктөрдүн картасын түзүү
- Саясий бийликтин кайсы чөйрөсүнө таасир этүү керек экендигин изилдөө – жергиликтүү, улуттук же эл аралыкпы?
- Саясий платформаны иштеп чыгыш үчүн кандай кадамдарды жасаш керек экендигин чечүү

## 5.1

## Көнүгүү: Тилектештикти издөө

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчылардын же катышуучулардын биринен Араб активисттеринин улуттук кампаниясы тууралуу төмөндөгү макаланы үнүн бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

**"Атуулдук - менин жана менин үй-бүлөмдүн укугу" өнөктүгү**

"Менин күйөөм – палестин, ал мени менен Бахрейнде жашай албайт. Көбүнчөсү биз бири-бирибизден бөлөк турабыз. Мен жубайымды жакшы көрөм, бирок, биз балалуу болбойбуз деп чечкенбиз, себеби, биз басмырлоого кабылган, тең укуксуз балдарды бул дүйнөгө алып келүүнү каалабайбыз".

***– Фатима, 25 жашта, Бахрейндин жараны, Палестинанын атуулуна турмушка чыккан.***

"Менин эжем өзүнүн атуулдугун үй-бүлөсүнө өткөрө албастан өтүп кетти. Мен эжемдин элесинин урматына өткөрүлгөн эскерүү демонстрациясына катышып жатам".

***– Хадиджа, 58 жашта, марокколук, өзүнүн марокколук эмес адамга турмушка чыккан эжеси жөнүндө сөз кылууда.***

> “Биз акцияга чыгабыз. Парламенттик шайлоо июнь айында өткөрүлөт. Биз атуулдук боюнча мыйзамды реформалоого каршы чыккан бардык талапкерлерге каршы чыгууга чакырабыз."
>
> ***– Сурайя, 32 жашта, ливандык аял, египеттик жигитке турмушка чыккан.***

Араб дүйнөсүнүн көптөгөн өлкөлөрүндө, үй-бүлөдөгү эркек гана атуулдукту аялдарына жана балдарына өткөрүү укугу бар. Жарандык тууралуу мыйзамдар - бул аймакта эң көп дискриминациялашкан болуп саналышат, анткени, аларда эркектер гана жарандыкты өткөрүп берүү укугу бар экендиги ачык эле айтылат. Араб дүйнөсүндө улут боюнча мыйзамдар көпчүлүк конституцияларда жазылган тең укуктуулук принцибин гана бузбайт, ал мыйзамдар ошондой эле аялдардын эркектерге караганда өтө аз укуктуу, экинчи сорттогу жаран болуп калуусуна себеп болот.

2002-жылы алты араб өлкөсүндөгү - Алжир, Бахрейн, Египет, Ливан, Иордания, Марокко жана Сириядагы - активист аялдар бул басмырлоого каршы күчтөрүн бириктиришкен. Алар биргелешип аял менен эркектин тең укуктуулугун камсыз кылган жана ошондой эле бардык араб өлкөлөрүндөгү жарандык жөнүндө мыйзамды реформалоо боюнча аймактык кампания өткөзүшкөн. Алардын айтымы боюнча бул реформа абсолюттук зарылчылык болгон, себеби, улутка байланыштуу мыйзамдар аялдардын өзүнүн үй- бүлөсүнө бирдей билим берүү, ден соолугун сактоо, экономикалык жана саясий укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу укугун бузушат.

Бул кампаниянын активисттери башка жарандагы кишилерге турмушка чыккан аялдарды уга башташты, алардын окуяларын угуп, аларды кампаниянын лозунгуна айлантышты. Бул окуялар башка адамдардын петицияларга көңүлүн буруусуга, алардын жана ММК өкүлдөрүн кызыктыруу максатында колдонулган. Коомдук иш-чаралар, күбөлүктөр, забастовкалар, жана парламент мүчөлөрү менен, чечим чыгарган адамдар менен жана ММК менен түз талкуулоолор, адилетсиздиктин көрсөткүчү жана реформалардын зарыл болгонуна чоң белги болгон.

Аялзаттын тилектештиги араб өлкөлөрүндө ийгиликтин эң чоң фактору болуп саналган жана азыр да саналууда. 2004- жылы Египет өзүнүн жарандык боюнча мыйзамын реформалаган биринчи араб өлкөсү болгон. "Биз дайыма бул мыйзамдын токтобостон иштетилишин текшерип турабыз, биз аялдарга, палестиндик атуулга турмушка чыккан болсо, өзүнүн жарандыгын өзүнүн балдарына өткөрүүгө укуктуу болушун соттун чечими аркылуу жетиштик",- дейт кампаниянын активисткасы Мирват Абу Теедж, аялдардын Египеттин өнүгүү форумунун катышуучусу. Алжир бул үлгүнү 2005 - жылы алган, андан соң 2008 - жылы Марокко алган.

2006 - жылы Өнүгүү үчүн окутуу жана изилдөө жамааты – иш-аракет (CRTD.A), улуттук кампаниянын Ливанда иштеген регионалдык координатору жана Women's Learning Partnership кампаниясы эл аралык деңгээлде башташкан. Андан кийин facebook[9] түйүнүндө алардын өзүнүн баракчасы ачылган, ал жерде азыркы убакта 24000 активдүү катышуучу бар, алар араб өлкөлөрүнлөгү реформаларды талап кылган Жамааттык акцияларга катышышат.

---

9 http apps.facebook.eom/causes/view_cause/17486

Азыркы убакта дагы "Жарандык - бул менин жана менин үй-бүлөмдүн укугу" кампаниясы жарандык укуктарды толук камсыз кылууну талап кылууда, жаңы ыкмаларды жана куралдарды камтыйт, алардын ичинде МТ жана дискриминациялаган мыйзамга кабылган аялдардын жана эркектердин лидерлик сапаттарын өнүктүрүү да бар. Антсе да, көп араб өлкөлөрүнүн мыйзамдары реформаланышы зарыл, жарандык үчүн кампания басымды күчөтүп турат, дискриминациялоо практикасын ачыктап, бул кампанияга ушул аймактагы он миндеген адамдар дебатка чакырылууда.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

Катышуучуларга кийинки суроолорду бериңиз жана алынган жоопторду ыктыярчынын тактага жазып туруусун сураныңыз.

- Аялдардын укуктары боюнча кайсы суроолор улуттук же эл аралык деңгээлде чечилиши керек?
- Кайсыл эл аралык механизмдерде комиссиялар же соттор жергиликтүү маселени эл аралык деңгээлге чыгара алышат?
- Сиздердин мыйзам жаатында жана өкмөттүк жетекчилер үчүн коңшу мамлекеттер тарабынан жасалып жаткан нерселер канчалык деңгээлде маанилүү? Башка өлкөлөрдүн Өкмөтү Сиздин өлкөнүздүн Өкмөтүнө таасир этиши мүмкүнбү? Эмне үчүн?

Катышуучулар кайсы өлкөнүн аялдары менен өздөрүндөгү окшоштукту сезе алышат жана алардын алдына кайсы маселени тезинен чечүү талабы турат?” деген суроого акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыздар. Катышуучулардан эмне үчүн алар дал ушул өлкөлөрдү тандап алганын сураңыз.

Эл аралык деңгээлде тармактарды уюштуруу, кампанияларды жана альянстарды, коомдук кыймылдарды уюштурууда негизги ийгиликтер кайсылар болуп саналарын карап чыккыла. Кандай кемчиликтер болушу мүмкүн? Тактаны экиге бөлүңүз, катышуучуларды башка өлкөлөрдүн аялдары менен чогуу кампания өткөрүүнүн «оң тараптары» жана «тескери жактары» тууралуу акыл-эс чабуулун өткөрүүсүн сураныңыз.

| Макул | Каршы |
|---|---|
| | |

# 5.2

# Көнүгүү: Биздин коомчулуктагы саясий бийлик

*(Окутуу үчүн 60 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан марокколук лидер, укук коргоочу Рабеи Насиринин[10] кийинки цитатасын үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*«Менин саясий уюмдан алган чоң сабагым - бул, эгерде адам, же уюм өзгөрүүнү кааласа, аларда так көз караш болуусу керек. Экинчиден, алар өздөрүнүн узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү пландарын иштеп чыгуусу керек. Үчүнчүдөн, алар коалиция түзүп, өз ишмердүүлүктөрүнө массалык маалымат каражаттарын тартуусу зарыл. Ушул сыяктуу бардык чараларды көрүү менен, саясий өнөктөштүктө ийгиликтерге жетишүүгө болот».*

Топторду үч командага (А, Б, жана В) бөлүп жана алардын ар бирин тизме түзүүсүн сураныңыз:

«А» командасын жергиликтүү таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыз.

«Б» тобун аймактык деңгээлдеги таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыз. Топ өзүнө берилген тапшырмасын так түшүнүүсү үчүн «аймактык» деген терминдин маанисин аныктап алгыла.

«В» тобун улуттук деңгээлдеги таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыз. Топ өзүнө берилген тапшырмасын так түшүнүүсү үчүн «улуттук» деген терминдин маанисин аныктап алгыла.

| жергиликтүү деңгээлдеги таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр | аймактык деңгээлдеги таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр | улуттук деңгээлдеги таасирлүү адамдар жана жетектөөчү түзүмдөр |
|---|---|---|

10 мүнөттөн соң топту чогултуп жана ар бир топтун өкүлүн үч бөлүктү толтуруу менен өз тизмесин келтирүүсүн сураныңыздар.

Топту 4-сабактын «Максатын» карап чыгуусун сураныңыздар жана үч бөлүккө жазылган адамдар менен уюмдарды багытталып жаткан ишке жардамы тийеби же жолтоо болушабы аныктап чыгууларын сураныңыздар. «Пайдалуу» уюмдарды бир өң менен, «жолтоо» болуучу уюмдарды башка өң менен тегеректеп коюуңуздар.

10 Рабеа Насири WLPнын Өнөктөшү Démocratique des Femmes du Maroc Ассоциациясынын негиздөөчүсү жана мүчөсү. Ал аялдардын укуктары үчүн тынбастан күрөшкөн «Collectif 95 Maghreb Egalité» Алжирдеги, Мароккодогу жана Тунистеги аял изилдөөчүлөрдүн жана аялдар ассоциациясынын түйүнүндө координатор катары “Equality without Reservation” кампаниясында аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча эмгектенген. Насири араб аялдары жана жакырчылык жөнүндө аялдар жана Ислам, аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана аялдардын укуктарынын корголушун камсыз кылуу стратегиясы тууралуу бир нече макалаларды жана башка публикацияларды жазган. Ал Мороккодогу Рабат университетинде Faculté des Lettres et Sciences Humaines факультетинин профессору болуп эсептелет.

Топтун бардык мүчөлөрү кайсы адамдар жана уюмдар 4-бөлүмдөгү максаттарга жетүүгө жардам берет жана кайсы элдерди жана уюмдарды макул кылдыруу керек экендигин карап чыгуулары керек. Бул талкуунун жыйынтыгын тактага жазыңыздар

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор

- 4-максатка жетүү үчүн кайсы саясий контексттен кысым көрсөтүүбүз зарыл? Бул жергиликтүү, улуттук же эл аралык деңгээлби?
- Биз кимге таасир этүүбүз керек?
- Кайсы жетектөөчү түзүмдөр менен байланыш түзсөк болот же кайсы жетектөөчү түзүмдөрдү көндүрүүгө туура келет?
- Биз кайсы жетектөөчү уюмдарга же саясий түзүмдөргө таасир этүүбүз зарыл? Алар кайсы түзүмдөр?

## 5.3

## Көнүгүү: Эмне үчүн мага добуш берүүңөр керек?

*(Окутуу үчүн 60 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан кийинки баянды окуп берүүсүн сураныңыз.

*Толкунданган Мария калтырак аралаш терең үшкүрүндү. Башка талапкерлер менен катар (бардыгы бырышкан костюмчан эркек мырзалар) Карла Херназдез деген бир гана аял бар эле. Бир нече айлар мурун Карла чиркөөгө Марияга келди жана өзү жөнүндө айтып берип, ага добуш берүүлөрүн сурануу максатында бир нече прижанка менен жолукту. Карла Марияга ошол замат эле жагып калды. Карла чын ниеттен сүйлөп, өз оюн так жеткире алган, жана ал чындыкты айтып жаткандыгы байкалып турду. Мария жана башкалар Карланын кампаниясына акча каражаттарын сарптап жана аны колдогон плакаттарды шаар боюнча илип чыгышкандыктары менен, Мария Карла мэр болуу үчүн эркек талапкерлер менен дебаттарда бир тепкичке өйдө көтөрүлө ала тургандыгына ишене албай турган.*

*Эркектер биринчи чыгып сүйлөштү. Ар бири баягы эле кайталанма сөздөрдү сүйлөшүп, бири бирин коррупцияга күнөөлөп, өз шаарын жакшы көрө тургандыктарын жана шаар үчүн иштей тургандыктарын билдирип жатышты. Акыры кезмек Карлага келип жетти:*

*"Мен өзүмдү учурдун жаңы талапкери катары тааныштыра кетмекчимин. Мен чындыгында, шаарда эмне өзгөрүүсү керек болсо, ошону өзгөртө алам" – деп баштады ал. Чарчап калган көрүүчүлөр кайрадан жандана түштү. Карла өз тажрыйбасы тууралуу айтып өтүү менен, башка талапкерлерди өзү менен салыштырып жатты. Ал шаардагы жакырчылык тууралуу көп нерселерди жана учурдагы мэр иштин кандайча ойрондогонун айтып өттү. Көрүүчүлөр кайрадан кызыгуусун жоготту. Мария Карла айтам деп алдын ала пландаган нерселерин жана эмне үчүн ага добуш берүүлөрү керек экендигин айтат деп күткөн. Карла өз*

*сөзүн коомчулукка ал бул шаарды эмне үчүн жакшы көрө тургандыгын айтуу менен аяктады. Мария эки жакты карап, элдин көпчүлүгү ал жерден чыгып кеткендигин байкады.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Коомчулук Карланын шаарга байланыштуу кандай пландары бар экендигин түшүнүштүбү?
- Эгер Карла шайланып калган күндө жасай турган иштеринин планы, өз максаттары тууралуу так, түшүнүктүү кылып айтып берген болсо, анда ал кандай мүмкүнчүлүктөргө ээ болмок эле? Кандай коркунучтар бар эле?
- Саясий платформа деген эмне? Карла өз саясий платформасы менен тааныштыра алдыбы?

## Айлампа түрүндө иштөө

Сиз саясий орун үчүн өз талапкерлигиңизди сунуштадыңыз дейли. Тренер катары, Сиздин топко ылайыктуу келе турган жана пайдалуу деп эсептелүүчү орунду тандап алыңыз: муниципалдык кеңеш, жыйын, парламент, профсоюз кеңеши, президент же башка орун. Катышуучуларга алардын баардыгы чогуу бул орун үчүн бир талапкер экендиктерин эскертиңиз.

Сиздин өзүңүздөн баштап катышуучулардын бардыгы кийинки сүйлөмдү аягына чыгаруулары керек: “Эгер мени тандашкан болсо, мен......”. Андан ары аткара турган иштер тууралуу айтуу керек. Катышуучулардын бардыгы талапкердин саясий платформасын түзүп чыгуулары үчүн тапшырма айлампа түрүндө аткарылуусу керек.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сизге талапкердин саясий платформасы жактыбы? Эмне үчүн?
- Эгер шайлоолордо чындап өз талапкерлигиңизди көрсөткөн болсоңуз, өз платформаңызды кандайча иштеп чыкмак элеңиз?
- Сиз өз платформаңыздын кандай боло турганын алдын ала билесизби? Же Сиз алардын (үй-бүлөңүз, кеңешчилериңиз, Сиздин эң жакын шайлоочуларыңыз) ой-пикирин билүү үчүн сүйлөшмөк белеңиз?

Катышуучулар кагаз жана карандаш алуулары керек. Алардан кайсы орун үчүн ат салышууну каалай тургандыктарын сураңыз. Эгер катышуучулардын ичинде эч качан саясатчы болбойм дегендер болсо, аларды көнүгүүнү аткаруусу үчүн бир саясий орунду тандап алуусун сураныңыздар.

Андан соң, катышуучулар өздөрү үчүн тандаган саясий орун үчүн үч, төрт максат же, принципти жазууларын сураныңыз. Беш же, он мүнөттөн соң, ыктыярчынын ар бир катышуучу жазган саясий платформасын окуусун өтүнүңүз. Муну ыктыярчы баардыгынын саясий платформасын окуп бүткүчө улантыңыз.

# 5.4

## Көнүгүү: Квоталар: бул эмне? Аларды эмне үчүн колдонуу керек? Эмне үчүн керек эмес?[11]

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз керек)*

Ыктыярчыны квота боюнча маалыматты жана төмөнкү макаланы үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

Саясий активдүүлүк жолунда аялдардын алдында таң калычтуу чакырыктар турат. Аларга маданий күтүмдөр, үй-бүлө үчүн кам көрүү милдети, жогорку төлөмдүү жумушка жана таасирдүү социалдык түйүндөргө болгон аз мүмкүнчүлүк жана жакырчылыктын жогорку деңгээли кирет.

Аялдарды социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдө алдыга жылдыруу максатында, бир канча мамлекеттерде саясий бийлик түзүмүндө аялдарга көбүрөөк орун берүү стратегиясы катары квота системасы киргизилген.

### Квота деген эмне?

Квота – бул максаттуу түрдө көптүктү же аздыкты кучагына алган сан. Саясатта гендердик квоталар аялдардын көрсөткүчүнүн минималдуу баскычын көрсөтөт. Квоталар ар кыл салттык, социалдык-маданий, диний жана башка себептер менен байланыштуу аялдардын саясаттагы санынын азаюусунун тарыхый маселелерин аныктайт.

25-декабрь, 2009-ж. WLP

Аялдар көктүн жарымын ээлеп келе жатат, бирок парламентти эмес

*«Аялдар көктүн жарымын ээлеп келе жатат» - дейт кытай макалы, бирок, аялдар улуттук мыйзам чыгаруу түзүмдөрүндө эркектер менен тең укуктуулукка жетишүү жолунун жарымында дагы эмес. 2009-жылы парламенттеги мыйзамчылардын 18% аялдар түзсө, 2006-жылы 17,7% жана 2004-ж. декабрында 15,7 %ды түздү. Жылыштар байкалууда. Парламенттер аралык Союздун Башкы катчысы Андерс Джонсон мындай темп менен «биз 2050-жылга чейин ийгиликтерге жетише албайбыз» - деп белгиледи.*

*IPU[12] маалымдагандай, Сауд Аравиясы, Катар, Оман жана тынчокеандык Микронезия аралы, Науру, Палау, Соломон аралдары жана Тувалу сыяктуу сегиз мамлекеттин мыйзамчыларынын арасында бир дагы аял жок.*

11 Н тиркемесин караныз: Кошумча маалымат үчүн квоталар гендердик тен укуктуулуктун таразачысы катары.

12 www.ipu.org

*Ливанда, Иранда, Египетте, Бахрейинде, Кувейтте жана Йеменде аялдар парламенттин 3%дан азын гана түзөт.*

*Парламенттин курамынын 30% аялдар түзгөн өлкөлөрдүн жарымы - Бурунди, Коста-Рику, Мозамбик, Түштүк Африка, Танзания жана Уганду сыяктуу өнүккөн өлкөлөр. Руанду парламент мүчөлөрүнүн ичинен, 56, 3% аялдар түзүп, тизменин эң алдында турат, андан соң Швеция (46, 4%). Түштүк Африка (44, 5%) жана Куба (43, 2%).*

*Квоталар талашты туудурганы менен, саясат чөйрөсүндөгү көптөгөн окумуштуулар, парламенттин 30% ин аялдар түзгөн өлкөлөрдө квоталар тигил же бул формада ишке киргизилгендигин такташты. Анык байкалбаганы- Финландия, Дания жана Куба.*

*Саясий абалды жогорулатуу багытында квоталарды колдонуу боюнча талаштар күчөгөнү менен, анын таасири жергиликтүү кеңештен баштап, улуттук парламентке чейинки башкаруунун бардык чөйрөлөрүндө байкалууда.*

*Аялдардын саясий институттарга көрүнүктүү аралашуусу - бул жаштар менен аялдар мыйзам чыгаруу процесстерине өз салымдарын кошо алат жана кошуусу зарыл деген билдирүү.*

*Ошого карабастан, саясатка катышуу: парламентке "квотадагы аял" катары шайлануу деген эмнени түшүндүрөт?" деген суроо туулбай койбойт.*

### Топтук талкуу үчүн суроолор:

Талкууну багытто үчүн кийинки суроолорду колдонуу менен, квота маселесине байланыштуу жалпы талкууга бир нече мүнөт бөлгүлө:

- Сиздердин өлкөнүн Парламентинде жана министрлер кабинетинде аялдар канча пайызды түзөт?
- Акыркы он жылдыкта өзгөрүүлөр байкалдыбы? Шайлоолордо талапкерлиги колдоого ээ болгон аялдардын саны көбөйдүбү?
- Сиздердин өлкөдө квота системасы барбы? Кайсы убактан бери? Ал аялдардын саясий активдүүлүгүнө кандай таасирин тийгизди?
- Сиз өз өлкөңүздө аял үчүн добуш берген убагыңыз болду беле? Эмне үчүн?

## 5.4 уландысы

# Квоталар: Квоталар боюнча көнүгүү

Ыктыярчыдан Ливандагы окуя тууралуу кийинки баянды окуп берүүсүн сураныңыз:

*2010-жылдын февралында Ливан кабинети 2010-жылдын июнь айына пландалган муниципиалдык шайлоолор үчүн 20% квотаны талкуулап, аны туура деп тапты. Ливандагы жергиликтүү муниципалдык кеңештердеги аялдардын көрсөткүчүнүн болушу, жакынкы гана окуялардан (2004-ж. Жергиликтүү шайлоолор), алар эч качан 1% өйдө болгон эмес. Ливан парламенттик шайлоолордо эч качан 3 % ашык*

*көрсөткүчтөрдү камсыздай алган эмес. Акыркы үч он жылдыкта аялдар уюмдары парламенттик жана жергиликтүү кеңештер үчүн квоталарды, аялдардын 30% көрсөткүчүн талап кылган Пекин платформасын ишке ашыруунун артынан камсыздай алышты.*

*Ал кезде аялдар уюмдары Ливан өкмөтүнүн квоталарды колдонуу боюнча биринчи баштапкы кадамдарын майрамдашкан, алар жергиликтүү маалымат каражаттарына өздөрүнүн арасынан бирөө жазган макалага таң калышкан.*

*Фарида Хаджар - Аялдар кыймылынын ардагери, алыскы райондордогу жакыр аялдарды колдогон жана ызы-чуулуу жаңы мыйзамга кадам таштаган ассоциациянын өмүрлүк президенти. Анын айтуусу боюнча:*

*"агрардык райондордогу, жана да шаардын жакыр райондорундагы аялдар, саясат дүйнөсүнө аралашууга даярдалган эмес. Бул квота системасы аларды саясатка аралашууга мажбурлайт жана саясатта аял болгону үчүн гана келген компетенттүү эмес аялдарын келүүсүнө алып келет". Андан ары: "квота системасы жасалма жана демократиялуу эмес. Аялдар саясатка качан гана даяр болушканда келишет. Мындай чаларлардын зарылчылыгы жок".*

*Бул макала жарыялангандан кийин, аялдарга карата квотага каршылык көрсөткөндүгү менен белгилүү парламентчилер жергиликтүү маалымат каражаттарына: "биз мыйзам үчүн бир ооздон добуш беребиз, анткен менен аялдардын өздөрүнүн арасында дагы квота системасы тууралуу макулдашуу жок!" – деп жарыялашты.*

## Топтук иш

Бул баянды окуган соң катышуучуларды эки же үч топко бөлүңүздөр. Топторду кийинки суроолор боюнча акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыздар:

- Фариданын аялдар үчүн квоталарга каршы далилдери тууралуу эмне деп ойлойсуз?
- Квота системасы боюнча аялдар уюмдарынын ортосунда консенсустун жок болуусу аялдардын саясий активдүүлүгүнө таасирин тийгизиши мүмкүн деп ойлойсузбу? Ливандын мисалында андан ары эмне болушу мүмкүн?
- Аялдар үчүн квота боюнча Сиздин пикириңиз жана позицияңыз кандай?
- Сиз убактылуу паритетке жетишилмейинче, аялдар үчүн квота убактылуу чара көрүүнүн куралы катары сунуштала берүүсү мүмкүн деп ойлойсузбу?

## 5.5

# Көнүгүү: Колдоо болбогон учурда

*(Окутуу үчүн 45 мүнөт убакыт бөлүңүз керек)*

Ыктыярчыдан Түркиядагы кийинки окуя тууралуу баянды үнүн бийик чыгарып окуусун сураныңыз:

*Гүлсер Эсим 1939-жылы туулган. Ал майып балдарга жана алардын үй-бүлөсүнө жардам көрсөтүү үчүн Стамбулда "Tomyrcyk Cooperative" негиздеген.*

*1980-жылдын ортосунда Гүлсер аялдар жана саясат маселеси боюнча конференцияга катышат. Конференция жергиликтүү саясий партия тарабынан аялдардын Эл Аралык күнүнө арналып уюштурулган, ал бул партиянын мүчөсү эле, конференцияга ал келе жаткан жергиликтүү кеңештин талапкери катары катышкан.*

*Партиянын – аял мүчөлөрү эркектерден чарчашты. Алардын айтуусу боюнча, эркек кесиптештери "добуштарды өз максаттары үчүн колдонушчу". Ал кезде Гүлсер аялдардын ойгонуп, алардын партиясындагы күрөштү эркектер жүргүзбөй тургандыктарын көрүп жатышкандыктарына бактылуу болуп жүрдү.*

*Ал жергиликтүү шайлоолордо өз талапкерлигин коюуну чечти. Өз коомчулугу үчүн абдан кам көрдү жана ага жан дили менен берилди. Ал өзгөчө аялдардын укуктары, тең укуктуулук жана кадыр-барк үчүн күрөшүү зарылчылыгын түшүнүп, күрөшүүгө даяр болчу.*

*Талапкерлигин жарыялагандан кийин, партиянын эркек мүчөлөрү тууралуу арызданышкан аялдар ага келишти. Алардын бирөө Айсе, анын талапкерлигин алып салууга көндүрүүгө абдан аракет кылды. Айсе эгер, Гүлсер талапкерлигин алып салса, партияны анын күйөөсүнө, партиянын аткаруучу комитетинен орун берүүсүнө көндүрө тургандыгын айтты. Айсе кандай болгон күндө да, Гүлсерге эч ким добуш бербейт деп дагы кошумчалады.*

*Бул аргументтер Гүлсерге жеңишке жетүү мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды болбостон, шайлоого катышууга аттануусуна түрткү болду. Шайлоо өнөктүгү анын жашоосундагы эң бир толкундаткан учурлар болгонун ал эскерип келет. Гүлсер 15% менен шайлоодон утулуп калса да, ал кейиген жок.*

*Ал аялдар саясатка көбүрөөк аралашуусу керек деген оюнан кайткан жок. "Tomyrcyk Cooperativetин" активдүү мүчөсү катары ал аялдарды саясатка жигердүү тартуунун үстүндө иштеп келе жатат.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Гүлсер өз партиясынын колдоосуна ээ болбой тургандыгын билип туруп шайлоого катышуусун улантуусу керек болчу деп ойлойсузбу?
- Ал эмнени далилдегиси келди?
- Сиз кандай деп ойлойсуз, Айне жана башка аялдар эмне үчүн Гүлсердин шайлоо кампаниясынан чыгууга көндүрүүгө аракет кылышты?
- Өз тажрыйбаңыздан улам аялдар аялдар үчүн добуш берет деп ойлойсузбу? Эмне үчүн?
- Аялдардын шайлоого катышуусу боюнча Сиздин өлкөдөгү саясий партиялардын позициясы кандай?
- Бул тажрыйба Гүлсерге импульс берди көрүнөт. Ал жеңишке жетпесе дагы элдер ага добуш берди. Кандай деп ойлойсуз, ал эмнеге жетишти?

# 6-САБАК:
## Өздүк электораттын өзөгүн түзүү

*(Окутуу үчүн 4 саат убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Өздүк электоратка негиз түзүү үчүн стратегияны аныктоо
- Шайлоочулардын кандайдыр бир тобунун көз карашы менен коркунучтарды жана ийгиликтерди иликтеп көрүү
- Негизги тарапташтардан каражат чогултуу

## 6.1

## Көнүгүү: Эгер колдоочу жок болсо

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүүңүз керек)*

Бир же эки ыктыярчыдан Ирандагы[13] «Бир миллион кол тамгалар» өнөктүгү тууралуу кезектеги баянды окуусун сураныңыз.

*«Бир миллион кол тамгалар» өнөктүгү ырасмий түрдө 2006-жылдын 27-августунда башталган. Анын катышуучулары, Парламентке аялдарды басмырлаган мыйзамдарды реформалоо талабы боюнча чыгып, бир миллион кол топтошкон. Өнөктүктүн дагы бир негизги максаттарынын бири – басмырлаган мыйзамдардын аялдардын, жалпы эле коомдун, жашоосу үчүн кандай жагымсыздыкты алып келери тууралуу коомчулукка, өзгөчө, аялдарга маалымдоо. Башкача айтканда, ким кампаниянын максаттары менен макул болсо, кол топтоого кошулуу менен колдоо көрсөтө алат. Тактап айтканда, ким ишке тереңинен киришүүгө кызыкдар болсо, өнөктүктү уюштуруп жаткан жергиликтүү топторго кошула алат.*

13 http://www.sign4change.info/english и "Iranian Women's One Million Signatures Campaign for Equality: өнөктүгүнөн үзүндү. The Inside Story" by Noushin Ahmadi Khorasani, 2009 ( «Бир миллион кол тамгалар» Иран аялдар өнөктүгү, автор Ноушин Ахмади Хорасани, 2009).

*Мыйзамдар боюнча элдердин маалыматтуулугун жогорулатуу максатында өнөктүктө «бетме бет» ыкмасы колдонулду. Өнөктүктүн активисттери Иран мыйзамдары жана «бетме-бет» ыкмасы аркылуу өздөрүнүн жердештеринен кол топтошсо болот. Ушул убакка чейин миңге чукул адам даярдыктан өтсө, бир топтору WLP www.learningpartnership.org, сайтынан петицияны көчүрүп алып же досторунан, кол топтоого катышып жаткандардан алып жатышты.*

*Революция жолундагы отуз жылдык тажрыйба жана өткөн он жыл аралыгындагы идеологиялык күрөштөн улам, «Бир миллион кол тамгалар» өнөктүгүнүн негиздөөчүлөрү коомдун ар кыл катмарларындагы, ар кыл диний тутумдагы аялдарды тартуу үчүн идеологиялык ар жактуулукту четке кагып, көңүлдү конкреттүү талаптарга коюуга басым жасоо зарыл экендигин түшүнүштү. Сөзсүз түрдө эле жалпы макулдашууга жетишүү керек эмес. Ал мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө жана реформаларга негизделиши керек. Аялдар кыймылына карата колдонулган мындай ыкма өнөктүккө тарапташтарды гана тартып тим болбостон, 2008-жылдагы басмырлоо маанайындагы үй-бүлөлүк мыйзамдын кабыл алынышына каршы туруп, өткөрбөй коюуга жетишкен аялдар коалициясынын түзүлүшүнө негиз берди.*

*2009-жылдагы Президенттик шайлоо учурунда аял активисттер митинг, акцияларга, жыйындарга, маалымат жыйындарына катышып, бир канча түйүндөр менен иштешүүгө мүмкүнчүлүк берген шайлоо кампанияларынын жүрүшүнөн колдонууну чечишкен, жыйынтыгында, алты уюм жана 700 активист биригишип, мурдагы шайлоо учурундагы көрсөтмө менен талапкерлерди тандоо жана мындай шайлоо ишенбөөчүлүктү жаратып, ага каршы ачкачылык жарыялап чыгышкан аялдардын талаптарынын тизмесин даярдашты.*

*Басмырлоочу маанайдагы мыйзамдардагы өзгөрүүлөр үчүн активисттердин өнөктүгүнө аялдарды массалык түрдө тартуу, маалымдуулукту жогорулатуу үчүн жашоочулардын үйлөрүн кыдыруу, көчө театрлары, электрондук даректер, каттарды бири-бирине ыргытуу аркылуу жайылтуу, интернет сайттар өзүнүн саясий жемишин берди. Активисттердин талаптарынын негизинде, президенттик өнөктүктө ат салышкан эки талапкер Мир Хуссейн Муссави жана Мехди Карроуби өздөрүнүн коомдук позицияларын гендердик тең укуктуулук тарапка бурушту. Эки эркек талапкердин тең кампаниясы Иран кепилдик Совети «исламга каршы» деп таап, четке каккан БУУнун аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча Конвенциясын (CEDAW) ратификациялай тургандыктары тууралуу салтанаттуу түрдө сөз беришти.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Жакынкы аралыкта Сиздердин коомчулукта кандай маалымат өнөктүктөрү болуп өттү? Болуп өткөн өнөктүктөрдүн ичинде саламаттыкты сактоону колдой турган өнөктүктөр болдубу? Экологиялык маселелерди чече алабызбы? Кырсыктар менен күрөшүүдө башка коомчулуктарга жардам бере алабызбы? Маалымат кайсы жерге жайгаштырылган? Бул суроолор тууралуу Сиз кайсы маалымат булактарынан билдиңиз?
- Сиз кайсы бир мыйзамдаштыруу өнөктүгүн билесизби (өзгөрүүлөр үчүн кадамдар, мыйзамды өзгөртүү же жоюу) Сиз бул мыйзамдар Сиздин жашооңузга таасирин тийгизе тургандыгын качан сездиңиз же маселенин маңызын чындап качан түшүндүңүз? Мыйзам тууралуу же анын өзгөрүүсү тууралуу Сиз кайдан маалымат алдыңыз?

- Сиз качандыр бир кезде шайлоочуларды тартуу боюнча иштеп көрдүңүз беле? Сиз кандай маалымат берүүнү каалайт элеңиз? Сиз элдерге кандай жол менен маалымат бергиңиз келди?
- Өнөктүк кандай стратегияны колдонду? Анын кандай жакшы жактары бар? Кандай терс көрүнүштөр болуусу мүмкүн? Аны жактырсак болобу? Маданий жана саясий кырдаалды эске алуу менен Сиз жашаган аймакта өнөктүктөрү тарабынан колдонулган ыкма эң оптималдуу деп таанылабы?

# 6.2

# Көнүгүү: Ким буга кайдыгер эмес? (I)

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

«Каршылыксыз тең укуктуулук» өнөктүгү тууралуу төмөнкү маалыматты катышуучулар менен бөлүшүңүз:

**«Каршылыксыз тең укуктуулук» өнөктүгү**

«Каршылыксыз тең укуктуулук» өнөктүгү Түндүк Африка жана Жакынкы Чыгышта өткөрүлгөн аймактык өнөктүк болуп эсептелет. Негизги максаты – аялдарга карата болгон басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу боюнча Конвенциясына аймактын өлкөлөрүн күнөө жабуусун алып салууга жетишүү, кошумча протоколду ратификациялап, Конвенцияны тез аранын ичинде толугу менен ишке ашыруу.

## Айлампа түрүндө иштөө

Өз-өзүнчө баракчаларга жазыңыздар:
- Үч баласын багып жумушсуз отурган эне
- Эркек – банк кызматкери
- Эркек – зоопарктын кайтаруучусу
- Аскер заводунан алыс эмес жашаган эркек
- Аялы үйдө олтурган үч баланын атасы
- Аял – жүк узатуучу
- Колледжге тапшырып жаткан өспүрүм кыз
- Эркек – социалдык кызматкер
- Эркек – дарыгер
- Мугалим эжей
- Жесир аял, эки кыздын энеси
- Күйөөсү оорукчан чоң эне
- Эркек – спорт кабарларынын диктору
- Эркек - китепканачы
- Майда-барат саткан кичине дүкөндүн кожейкеси.
- Аял- аялдардын укугун коргоо боюнча адвокат
- Аял – парламентарий

- Аял – көчө шыпыргыч
- Эркек – көчө шыпыргыч
- Аял – жеке чач тарачтын ээси
- Үзгүлтүксүз түрдө сулуулук салонуна каттап турган, күйөөгө чыга элек жана балалуу боло элек аял
- Аялы жана төрт баласы палаткада тамак саткан, иштебеген эркек
- Эркек – диний ишмер
- Эркек – фермер
- Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун курмандыктары үчүн баш калкалоочу жайды жетектеген аял

Баракчаларды катышуучуларга таратып бериңиз. Өзүңүздөн баштап, оң тарабыңызда турган катышуучуга баракчаны көрсөтүңүз. Сизден кийинки катышуучу, Сиз (баракчанын ичинде жазылган адам катары) эмне үчүн «Каршылыксыз тең укуктуулук» өнөктүгүн колдошуңуз зарыл экендигин түшүндүрүп берүүсү керек.

Ал аяктаган соң, өзүнүн оң жагындагы кошунасына бурулуп, өз колундагы баракчаны көрсөтүүсү зарыл. Кийинки оюнчу дагы өз кошунасын өнөктүктү колдоого көндүрүүсү зарыл. Оюн айлампасы тренердин өзүнө кайра айланып келмейинче оюн улантылат. Ар бир катышуучу сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, ар бири өз далилдерин келтирип, ал далилдерин кошунасынын колундагы баракчада көрсөтүлгөн адамдын кызыкчылыктары менен байланыштыруусу керек.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Кайсы адамдарды өнөктүккө тартуу кыйынчылык туудурду? Ишти колдоосу үчүн кайсы адамды ынандыруу кыйынга турду? Эмнеге?
- Кайсы адамдарды өнөктүккө тартуу жеңил болду? Эмнеге?
- Ынандырууда кыйынчылык туудурган, бирок, Сиз өз камкордугуңузду көрсөтүү зарыл деп эсептеген адамдар кездештиби? Эгер андайлар болгон болсо, ынандырууну мындан да ишенимдүү кылуу үчүн дагы кандай сөздөрдү колдонуу керек эле?

## 6.3

# Көнүгүү: Ким буга кайдыгер эмес? (II)

*(Окутуу үчүн 20 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Тактаны үч бөлүккө бөлүп, төмөндөгү темаларды жазгыла: «Каршылыксыз тең укуктуулук» өнөктүгүн шайлоочулардын кайсы тобу колдой тургандыктары тууралуу катышуучулардан «акыл-эс чабуулун» жүргүзүүлөрүн сураныңыз. Аны менен кошо жыныстык жана жаш өзгөчөлүктөрүн, иштеген иши, коомдогу орду, билим деңгээли, диний ишеними, кызыкчылыгы жана үй-бүлөлүк абалы ж.б. көңүл бөлүңүздөр.

| Бул ишке түздөн-түз тиешеси бар, Сиздин көз карашыңыз менен көз карашы толугу менен дал келген адамдар | Бул ишке түздөн-түз тиешеси жок, бирок, маалымат алган соң тарапташ боло алган адамдар | Сиздин маселеңизге байланыштуу, Сиз менен толук түрдө макул болбогон, ал гана эмес, Сиздин аракеттериңизге каршы турган адамдар |
|---|---|---|
| | | |

## 6.4

# Көнүгүү: Тынымсыз баракчалар

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан кийинки баянды үндү чыгарып окуусун сураныңыз.

*Надиа Аль-Алави жесир аялдар, айылдык жана жакыр аялдар үчүн катчылык жана бухгалтердик даярдоо курстарын алып барган аял-адистерди кабыл алуучу Аялдар кесиптик борбору(АКБ) - кайрымдуулук уюмунун активдүү мүчөсү болчу. Надиа Аль-Алави жакшы акы төлөп берген жумуш тапкандыгы үчүн өз уюму менен сыймыктанчу. Ал мындан сырткары, аялдарды колдогон аялдын таң калычтуу моделин, бардык чөйрөдө, ар кандай максатта кайталаса боло тургандыгын сезчү.*

*Аль-Алавинин башкы максаттарынын бири – анын кесиптик борборунун түйүндөрүн – парламенттик шайлоодо аялдарды колдоо үчүн колдонуу болчу. Ошондуктан ал, өкмөт анын кесиптик борборун анын мүчөлөрү саясий өнөктүктөргө катыша тургандыктары үчүн каттоодон өткөрбөй тургандыктарын билгенде, таң калуу менен наараазы болгон. Буга кошумча, жалаң гана аялдар уюмдарына тыюу салынган.*

*Аль-Алави айым каттоо боюнча документтерге саясий активдүүлүк үчүн тыюу салууларды эч качан жолуктурган эмес жана ал башка уюмдардын документтеринде мындай тыюу салуулар бар экендигине күмөнү бар эле. Ал жооп катары, 4төн 6 дюйм өлчөмүндөгү анча чоң эмес баракты даярдап, басмырлоочу мыйзамдын текстин боелгон тамгалар менен жазып чыкты. Андан соң ал, баракчаларды коомдук имараттардын ажатканалары жайгашкан жерлеринин дубалдарына жана аялдар уюмдарынын штаб квартираларына чаптап жайылта баштады.*

*Адеп башында, баракчалар ошол эле маалда алынып салынып жатты. Бирок, алар тууралуу олуттуу гезитке макала басылып чыккандан кийин, башкалар дагы баракчаларды жайылтууга өтүштү. Көп өтпөй, чоң шаарлардын же айылдардын коомдук ажатканаларынын ар биринен бул баракчаларды көрбөй кирүү мүмкүн эмес эле. Алар – телефон күркөлөрүндө, коомчулук үчүн маалыматтар илинген такталарда жана ал тургай парламенттин имаратынын беттеринде дагы пайда болду. Ачык түрдөгү басмырлоочу мыйзамга тынчсызданган парламент, мыйзамды түндөсү акырын жоюшту. Парламентчилер мыйзамды жойгондугун атайылап жарыялабаса дагы, массалык маалымат каражаттары бул өзгөрүүнү шамалдай ылдам таратып, өз маалымат булактарында кенен чагылдырып жатышты.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиздердин өлкөдө мамлекеттик эмес уюмдардын саясий активдүүлүгүнө тыюу салган мыйзамдар барбы? Аялдар уюмдарынын ишмердүүлүгүнө тыюу салуулар (юридикалык же башка) барбы?
- Сиз Надия Аль Алавинин аялдардын ачык жана кесипкөй саясий өнөктүк жүргүзүүсүн көздөгөн максаттарына олуттуу доо кетирген көмүскө ишмердүүлүгү атайылап жасалган стратегия деп эсептейсизби же калпыстык болдубу?
- Аль-Алави айымдын мыйзамга байланыштуу баракчаларды таратуусунун кандай жакшы жактары бар? Кандай негиздүү маселелер болду? Баракчалардын таасирине, алар канча турарына, жаңылыктарда чагылдыра билүү мүмкүнчүлүктөрүнө жана ийгиликке жетишүүгө болгон мүмкүнчүлүктөргө ж.б. көңүл бургула
- Сиздин оюңуз боюнча баракчаларды көбөйтүү жана таратууга эмне түрткү берди?
- Баракчаларды жайылтуу ишинде массалык маалымат каражаттары канчалык роль ойноду?
- Баракчалар басылма каражаттарынын чагылдыруусусуз коомдук пикирге жана парламентке таасирин тийгизе алдыбы?

# 6.5

# Көнүгүү: Лозунгдарды жана кооз чакырыктарды ойлоп табуу[14]

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан жөнөкөй жарандардын өз пикирин ачык билдирүүлөрүн уюштуруу стратегиясы тууралуу кийинки баянды үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*Сиз өзүңүздүн кампанияңыз тууралуу айта турган жерлер ондоп саналат жана алардын ар бири - алар эмне үчүн акцияга катыша тургандыктары тууралуу айтып түшүндүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр болуп эсептелет. Теле жана радио чоң аудиторияны кучагына алуулары мүмкүн, бирок, алар өтө эле кымбат. Эгер Сиз, баракчаларды, маалымат жазылган материалдарды кайсыл жерге илүү керек экендигин туура билген болсоңуз, анда ишиңиз максатына жетет. Эсиңизге түйүңүз, баракчаларды күндө колдонгон электрондук почталар аркылуу таратса болот, сайттарга коюп жана эл көп топтолчу жерлерге илүү зарыл. Эгер Сиз жергиликтүү дүкөндөрдүн кожоюндары менен макулдашууга жетише алсаңыз, анда буюмдар коюлуучу орундуктар маалымат илүү үчүн эң ыңгайлуу жай.*

*Кампаниянын материалдарын жана баракчаларыңызды элдин назарын бургудай кылуу үчүн, Сиз кайра-кайра колдоно ала тургандай, лозунгдарды жана кооз чакырыктарды ойлоп чыгаруу пайдалуу. Мисалы, мурунку «Тынымсыз баракчалар» көнүгүүсүндө Надиа Аль-Алави акыйкатсыз жазылган мыйзамдагы бир цитатаны алат жана аны жүздөп көбөйтүп, шаар боюнча жайылткан. Анын стратегиясы бул ишке көңүл бурдуруп, андан ары акыйкатсыз мыйзамдын жок болуусуна алып келген.*

*Сиздин лозунгдарды түшүнүү жана эстеп калуу оңой болуусу абзел. Ал кыска, эстеп калуу үчүн жеңил, Сиздин далилдериңиз менен үндөш жана Сиздеги маалыматтарды колдой тургандай болуусу керек. Мисалы, сот системасындагы аялдардын санынын көбөйүүсүн каалаган топ, тең укуктуулук менен адилеттүүлүктү негизги көңүлгө түйүү менен өз эмблемасы катары таразаны тандап алса болот. Алардын лозунгу «Бүгүнкү соттор – аялдар! Бул абдан акыйкат чечим!» боло алат.*

Катышуучуларды үч-төрт адамдан турган топторго бөлүңүз. Ар бир тайпаны кийинки кампаниялар үчүн жок дегенде бирден лозунг ойлонуштуруп, жарыялоосун сураныңыз:

- Фатен Хатинин ЖАКТООЧУЛАРЫ аны парламентке шайланат деп үмүттөнүшөт. Ал 114 мүчөнүн ичинен 9 аял парламентарий болуп кала берет. Хатия медицина тажрыйбасынан кеткенге чейин белгилүү невролог болучу. Акыркы он жылдык өмүрүн ал аялдардын укуктары боюнча жана юридикалык системадагы тең укуктуулук үчүн иштөөгө арнады.
- СТУДЕНТТЕР “аялдарга университетке келүүгө тыюу салынат” деген сөздөгү эркектер көзөмөлдөп жана шылдыңга алган жаш кыз-келиндердин маселесине

14 Бул теманын андан аркы талкуулануусун «D» тиркемесинен тапсаңыздар болот: өз позициясын мобилдештирүү тууралуу мисалдар.

көңүл бурдурууну каалап жатышат. Студенттер жетекчиликтин киришүүсүн жана коркутууларды жасап жаткандарга катуу чаралардын колдонуусун чечкиндүү түрдө талап кылышууда.

- ПЕДИАТОРЛОР эненин сүтү ымыркайларды жасалма тамактандырууга караганда пайдалуу экендиги тууралуу энелерди маалымдоону каалап жатышат.
- АЯЛДАР УЮМДАРЫ шайлоолор боюнча жаңы мыйзамда аялдар үчүн 20% квотаны бекитүү боюнча петицияга парламенттин макулдугун алуу үчүн аракеттерди жүргүзүшүүдө

Баардык топтор өз чакырыктары боюнча иштеп бүтүшкөн соң, баардыгын чогултуп, ар бир топ өз чакырыктары менен бөлүшүүсүн сураныңыз.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Чакырыктарды кайсы учурларда колдонсо болот? Сиз саясий чакырыктарды кайдан көрдүңүз?
- Эгер Сиз, өз тарапташтарыңыз, студенттер, педиатрлар (өйдөнү караңыз) үчүн чакырыктарды иштеп чыккан болсоңуз, аларды кайсы жерлерге илет элеңиз? Чакырыктарды жайылтуунун дагы кандай жолдору бар?
- Сиз өзүңүздүн саясий кампанияңыз тууралуу маалыматтарды таратуу үчүн маалымат технологияларын кандайча колдонот элеңиз? Факс? Электрондук дарек? Интернет сайты? Facebook социалдык түйүнү? Дагы башка жолдорбу?

## 6.6

# Көнүгүү: Ишке тартылууну жогорулатуу

*(Окутуу үчүн 30 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан үндү бийик чыгарып, өз тобунун үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту жоюу боюнча жумушка тартылуусун күчөтүүнү чечүү жолдорун издеген аялдын кийинки баянын үндү бийик чыгарып окуп берүүнү сураныңыз.

*Мурунку күнү кечинде үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун тамырын кыркуу боюнча жумушчу топ менен жолуктум. Бул топтун ай сайын боло турган жолугушууларына келем, бирок, бардыгына эмес. Мен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарды коргоону жакшыртуу үчүн мыйзам кабыл алына тургандыгына алардын иштери боюнча акыйкат сот чечимдерин камсыз кылат деп чын ниетим менен ишенем.*

*Мурунку кечтеги жолугушууда, бир аял кеч бою саясий платформабызды жайылтуу аркылуу биздин ишибизге көптөгөн адамдарды тартуубуз керек экендигин айтып жатты. Ал алкоголь үчүн салыкты көтөрүүгө каршы күрөшүүбүз зарыл деген идеясын дагы айтып жатты. Алкоголду колдонуу менен үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун ортосунда, өзгөчө, балдарга жасалган зомбулуктардын ортосунда байланыш бар экендиги тууралуу далилдерди келтирип жатты. Чындыгында аларды биздин мыйзам тууралуу демилгебизге тартуу үчүн, а биз болсо – алардын аракеттерин колдоо үчүн алкоголго каршы топтор менен аракеттерибизди бириктирүүбүз керек.*

*Жолугушуу учурунда дагы бир аял алкоголго тыюу салынуусуна кайгырган адамдар – аялдардын тең укуктуулугуна каршы турган адамдар экендигин белгиледи. Алардын көбү өздөрүнүн күйөөлөрүнүн же өз үй-бүлөсүндө денеге кол тийүү аркылуу "тартиптин" болушу менен аталарынын укуктарын коргогондор. Алкоголду чыгарууну жөнгө салуу боюнча демилгени колдоо аркылуу биздин платформабызды кеңейтүүгө мүмкүнбү деген маселенин тегерегинде добуш берүүбүздү сураныщты. Мен эмне үчүн добуш беримди билбей жаттым, ошон үчүн буйдалып турдум.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Эгерде Сиз мындай саптардын автору болсоңуз, жумушчу тобунун платформасын алкоголь ичимдиктерин көзөмөлдөөнүн эсебинен кеңейтүүгө добуш берүүдөн мурун эмнени билгиңиз келет эле? Сиз кандай чечим кабыл алат элеңиз?
- Сиздердин каршылаштар деп аталган адамдар же топтор менен биригүү, негизги документтин кабыл алынуусу үчүн этикалык болуп эсептелеби?
- Белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн каршылаш күчтөр бириккени тууралуу мисалдарды келтире аласызбы? Алар кимдер?
- Белгилүү бир талапкерди же мыйзамдык документти колдоо менен принциптериңизди өзгөрткөн учурлар болду беле? Эгер — "ооба" десеңиз, мисалдарды келтириңиз?
- Чечим кабыл алуу, аны таразалоо маалында, салттык көз караштан алыстап, —өзүң үчүн эрежелерди калыптандырууда же анык бир маселе боюнча компромисске барууда эмнени эске алууга туура келет? Сиз мындай чечимдерди кандай кабыл аласыз? Сиз кандай факторлорду таразалашыңыз керек?

# 6.7

# Көнүгүү: Күрөш талаасын тандоо менен

*(Окутуу үчүн 20 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Бразилиянын жаңы конституциясында аялдардын укуктарынын четке кагылуусун алдын алуу максатында колдонулган стратегияны, аялдардын укуктары боюнча улуттук кеңештин мурунку президенти Жаклин Питанги[15] тарабынан жазылган баянды үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*«Аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңеш 1986-жылы Бразилиядагы демократияга болгон жалпы кыймылдын бөлүгү катары түзүлгөн. 1986-жылы Конгресске шайлоолор болуп өттү жана кайрадан шайланган мүчөлөрдүн алдында негизги милдет - өлкөнүн жаңы конституциясын иштеп чыгуу милдети турду.*

*Биринчи негизги кампания жана лозунгдар мындай эле: “Конституцияны толук кандуу кылуу үчүн ага аялдардын укуктарын кошкула!”Биз бул лозунгду ар кыл штаттардын бардык шаарларындагы бардык плакаттарда жана илгичтерде колдондук, ар бир штаттын аялдар кыймылынын ар кыл бөлүмдөрүнөн өкүлдөрдү чогултуу үчүн марштарды жана улуттук жыйындарды өткөрүп жаттык».*

*“Жолугушууда негизги декларация– «аялдардын укуктарын, үй-бүлөлүк укукту, эмгек укугун жана социалдык жеңилдиктерди, энелердин жана үй кызматкерлеринин укуктарын камсыз кылууну талап кылган Бразилия аялдарынын Конституциялык конгресске каты иштелип чыкты. Биз коомду маалымдоо жана аялдардын укуктарын камсыз кылуу максатында Конгресске таасир тийгизүү үчүн бир топ стратегияларды колдондук. Биз көчө жарнамаларын, телевидение, конференция, марштарды жана конгресстин мүчөлөрүн жекече тарттык».*

*“Биз репродуктивдүү укуктарды коргоо ишине келгенде маанилүү каршылыктарга кабылдык. Консервативдүү бөлүм Конгресске абдан таасирлүү болчу, Католиктик Чиркөө, зордуктоо менен кошо аялдардын өмүрүнө коркунуч келтирген жана кандай шартта экендигине карабастан бойдон алдырууну мыйзамдын тышкары деп жарыялоо максатында саясий лидерлерди үндөп–дем алыштагы чыгарылышта алардын бардыгы жалпы өлкөгө айтып чыгышты. Мына ушул учурда аялдар тобу бойдон алдыруу үчүн кылмыш ишин козгоону четке кагууга добуш берүү үчүн кол топтоп киришти (275 000 кол тамгасы керек болчу).*

14 Жаклин Питанги - Women Learning Partnership уюмунун Жетекчилер Кеңешинин төрайымы, Бразилиялык социолог жана саясат таануучу. Ал WLP уюмунун өнөктөшү, штаб-квартирасы Рио-де-Жанейродо жайгашкан "Cidadania, Estudo, Pesquisa, Informagaoe Agao (Cepia)" уюмунун негиздөөчүсү жана жетекчиси болуп саналат. Ал аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңештин Президенти кызматын ээлеген (1986-1989). Бул убакыт аралыгында ал Бразилиядагы аялдардын шарттарын жакшыртуу жаатында коомдук саясатты иштеп чыккан жана аны уюштурган. Мындан тышкары, анын ден-соолук жаатындагы бир нече журналдарга көптөгөн макалаларын жарыялаган жана төрт китептин биргелешкен автору. Ага Бразилия тышкы иштер министрлигинин эң даражалуу сыйлыгы болуп саналган “Рио Бранко” медалы ыйгарылган.

*«Аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңештин мүчөлөрү кол топтоо кыймылы консервативдүү күчтөр менен тең тайлаша албастыгын сезишти. Бизге аялдардын репродуктивдүү укуктарын камсыз кылуунун эң коопсуз ыкмасы – бойдон алдыруу маселесинин конституцияда каралуусун чечтетүү эле. Ыкчам түрдө колдоо жана аялдар кыймылынын колдоосуна ээ болгон аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңештин кампаниясы ийгиликке жетишти.*

*Кампания учурунда аялдардын укугу үчүн Улуттук кеңешке болгон катуу каршылашууну көрүп, коркуу сезимдерине туш болдум. Бирок, менин аялдар кыймылына берилгендигим – каякта болсом, ошол тарапта багытымды сактаганым – ал жерде менин келечекте өз карьерамды жасоо үчүн катышпагандыгым мага чоң күч берип, күрөшкө аягына чыгаруу үчүн эр жүрөктүк тартуулады. Аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңештин мүчөсү болуп турган мезгилдеги төрт жыл аралыгына көз чаптырып көргөнүмдө, бул мезгил аралыгы – саясий активдүүлүктүн, демократиялаштыруунун жана жаңы конституцияны түзүүнүн мезгили болуптур. Убакыттын өтүшү менен мен өз милдетимди аткаргандыгым үчүн кубануу сезимдерине туш болуп келем.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Аялдардын укуктары боюнча улуттук кеңештин стратегиясы боюнча Сиздер кандай пикирдесиздер? Анын негизги күчү эмнеде эле?
- Улуттук кеңеш өз билдирүүлөрүн кантип таратты? Ал Конгресске кандайча кысым көрсөттү?
- Кол топтоо кампаниясы аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңешке кандайча жардам бере алды?
- Аялдардын укуктары боюнча Улуттук кеңешинин кол топтоо кампаниясы менен консервативдүү күчтөрдүн ортосунда туруусу өз максаттарына жетүүсүнө кандай жардам берди?

## 6.8

## Көнүгүү: Каражаттарды чогултуу менен үмүттү жандырып

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан каражат чогултуу боюнча өз кампаниясын пландап жаткан аял талапкердин кийинки баянын үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*Сара Аль Вазир Мамлекеттик Ассамблеянын имаратынан чыгып, көңүлү куунак маанайда үйүн көздөй баратты. Партия анын талапкерлигин штаттын губернаторлугу үчүн шайлоого көрсөткөн эле. Ал жана анын тарапташтары колдоо көрсөтүү боюнча тынымсыз иштешти жана түнүчүндө саат 11:07 де партиянын жетекчилиги анын ысымын ат салыша турган талапкерлердин арасына кошту. Ал жетекчиликти ийгиликтүү кампания уюштуруу үчүн жетишүү каражат топтой алам деп ишендирди.*

*Сара кийинки таң заарда ойгонуп, каражат чогултуу боюнча план түзө баштады. Ал колунда бар тарапташтарына каражат боюнча жардам берүү өтүнүчү менен кайрылууну чечти, чын ниет менен берилген буюмдардын аукционун уюштурууну, бышырылган кондитердик азыктарды дүңүнөн сатуу ишин, машиналарды жуу жана салтанаттуу түрдө лотерея ойнотууну уюштурууну болжоду.*

*Анын ресторандарды, кинотеатрларды жана ар кыл дүңүнөн сатуучу уюмдарды өз буюмдарын жана билеттерди садага чабуулары үчүн көндүрө алган досу бар эле. Ал мындан тышкары, анын талапкерлигин каражат жаатында колдоону сураган катты электрондук даректер аркылуу ыргытуу кампаниясын дагы уюштуруу тууралуу ойлонду. Анын аткара турган иштеринин кээ бирлерин, эч каражат кетирбестен, электрондук дарек аркылуу жайылтууга мүмкүн эле. Ал өз жардамдарын сунуштай турган жана каражат чогултуу долбоорун жетектей турган өз тарапташтарынын гана атын жазды. Андан соң ал өз сураныччы менен алардын биринен сала бирине чалып баштады.*

## Топтук иш

Тактага каражат чогултуу боюнча төмөнкү ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүн жазгыла:

- Каржылык колдоо боюнча түз кайрылуулар
- Каттарды жайылтуу кампаниялары
- Салтанаттуу кечки тамактануулар
- Аукциондор
- Лотереялар
- Дүңүнөн сатуулар (колго жасалган буюмдар, тамактар, машина жуу)

Топтун мүчөлөрүн Саранын шайлоо кампаниясы үчүн каражат чогултуу үчүн дагы эмне жасоолору зарыл экендигин элестетип көрүүлөрүн сураныңыз. Имараттагы мейкиндикти алты бөлүккө бөлгүлө, алардын ар бири каражат чогултуу үчүн даярдалган деп эсептейли.

Катышуучуларды Саранын каражат чогултуу кампаниясын колдогусу келген бөлүккө өтүүсүн сураныңыздар. Топтун ар бир мүчөсү каражат чогултуу кампаниясы үчүн план иштеп чыгуусу керек. Топтор алардын планын протоколго киргизе турган адамды тандоосу зарыл.

15 мүнөттөн соң топторду чогултуп, ар бир топтун өкүлү Саранын каражат чогултуу кампаниясы үчүн пландарын тааныштырышат.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Каражат чогултуу эмне үчүн маанилүү?
- Сиз качандыр бир убакта талапкер же саясий кампания үчүн өз каражатыңызды жумшадыңыз беле? Эгер жумшаган болсоңуз, каржылык жардамды кандай түрүндө көрсөтүүңүздү сураныштты эле?
- Сиз мурда каражат чогултуу боюнча кандай кампанияларда иштедиңиз эле?
- Сиз каражат чогултуунун кандай түрүн жеңил же көбүрөөк ыңгайлуу деп эсептейт элеңиз? Кандай түрү оор деп ойлойсуз?
- Каражат чогултуу боюнча адамдарга жардам сурап кайрылуудан мурун, пландалган бюджеттин болуусу шартпы? Эмне үчүн?
- Сиз бүгүнкү сабактын учурунда, Сиз мурда ойлонуп көрбөгөн нерсе тууралуу жаңы идея ала алдыңызбы?

# 7-САБАК:

## Тармакта иштөө жана коалиция түзүү

*(Окутуу үчүн 4 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Саясий өзгөрүүлөргө жетишүү максатында коалиция түзүүнүн же биригүүнүн стратегиялык жактан маанилүүлүгүн иликтөө;
- Демилгелерди иштеп чыгуу үчүн башка топтор менен кызматташуунун оң жана терс жактарын таразалоо;
- Коалиция мүчөлөрүнүн кайсы саясаты жана тажрыйбасы коалициянын жетишкендиктерин жетиштүү деңгээлде камсыздай аларын кароо

## 7.1

## Көнүгүү: Жаңы жерлердеги жаңы достор

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Моудавана, Рабеа Насиринин кайрадан иштелип чыккан үй-бүлөлүк мыйзамдын кабыл алынуусу үчүн жана анын тарапташтары менен чогуу ар кыл шайлоочулар менен байланышуу үчүн жасаган аракеттери тууралуу баянды үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

Рабеи Насири[16] үчүн өзгөрүүлөр болушу мүмкүн жана зарыл.

*2003-жылдын октябрь айында Рабеа Насири Бейрутта достору менен чогуу олтурганда, ага Рабаттан кимдир бирөө чалып: «Сен кайдасың? Силер жаңылык уктуңарбы? Ал ишке ашты! Ушундай!"- деди. " Король реформа жөнүндө жарыялады «Моудавана! Биз жеңдик! Биз жеңдик!» деп ага Рабаттан досу Мина да айтты.*

---

16 Рабеи Насиринин өмүр таржымалы 56-бетте берилген.

*Рабеа ишене албай турду. Ал «Association democratique des femmes du Maroc» деген аталыштагы уюмун негиздегенден баштап, «Моудавана» (үй-бүлөлүк мыйзам) реформа үчүн кампаниясын жүргүзүп келген. Тарых жана география факультетинин бүтүрүүчүсү Рабеа, университеттин профессору кызматында эмгектенип келген, бирок, анын ойлору дайыма Мароккодогу аялдардын укуктары үчүн күрөшүүгө багытталган. .*

*1990-жылы аялдардын укуктарынын абалынын өзгөрүүсүнө үмүт шамын жаккан үй-бүлөлүк мыйзамга анча чоң эмес өзгөрүүлөр киргизилди. «Андагы кемчиликтердин болгонуна карабай, бул биринчи реформа маанилүү экендигин биз билгенбиз» - дейт Насири.*

*«Бул негизинен, өзгөрүүлөр болду деген маанини билдирет. Моудавана мыйзамы мындан ары кол жеткис болбой калды. Биз алгачкы кадамды таштадык, бирок, кыйынчылыктар али алдыда».*

*Рабеа жана анын кесиптештери чарчабастан иштешти – кампанияларды уюштурушту, акцияларды өткөрүү үчүн аялдарды тартышты. Акыркы жылдар тынымсыз көтөрүлүштөр, пикеттер жана эл алдына чыгып сүйлөөлөр менен коштолду. «Биз учурдагы Моудавана мыйзамы аялдарды кандайча кыйнап, азапка салып жатканын көрсөтүүбүз керек болчу. Биз биринчи планга аялдарга карата зордук-зомбулук, зордуктоо, балдарга карата ырайымсыз мамиле, жумуш ордундагы сексуалдык басым көрсөтүүлөр сыяктуу тыюу салынган темаларды көтөрүп чыктык. Аялдар далил боло турган көрсөтмөлөрдү бере башташты, массалык маалымат каражаттарынын кызыгуусу артып, биздин күрөштү колдошту».*

*Маудавананы реформалоо көчөлөрдөгү, гезиттердеги жана элдердин үйлөрүндөгү талкуунун негизги темасына айланды. 1988-жылы Рабеа Насири аялдар уюмунун активисттеринин жыйынына катышты. Мына ушул жыйын, Аялдарды Марокконун өнүгүүсү үчүн интеграциялоо аракеттерин колдоо Улуттук түйүнүн түзүүнүн башаты болуп калды.*

*«Биз бирге иштешүүнү үйрөндүк жана карама-каршылыктарыбызды унутуп калдык. Биздин өзгөрүүлөрдүн болушун чындап каалап жатканыдыгыбыздын далили катары, кыймылдын биригүүсүнө жоопкерчилик менен мамиле кылдык» - деди ал.*

*Марокко өкмөтү Пландын алгачкы вариантын иштеп чыгууну суранды. Рабеа курамы министрликтердин ар кыл бөлүмдөрүнүн, университеттердин, Мароккодогу бардык аялдар уюмдарынын өкүлдөрүнөн турган топту координациялап, планды иштеп чыгууну башташты.*

*Рабеинин айтканы боюнча: 1998-1999-жылдар чечүүчү жылдардан болуп калды. Биз биргеликте иштеп, 2000-жылдын 12-мартында Рабатта аялдар жүрүшүн уюштурдук. Аялдар тең укуктуулукту талап кылып көчөгө чыгышты. Биз өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө, аялдардын укуктарынын сакталышына, жана аны сыйлоого чакырыктарды жасадык. Биздин кыймыл абдан күчтүү болуп, консервативдүү диний ишмерлер тынчсызданып жатышты. Алар Касабланкада аялдар менен чогуу эски, тең укуктуулукту сактабаган абалды четке кагуу чакырыктары менен катарлаш жүрүштөрдү уюштурушту.*

*Бул биримдикте мындан дагы күчтүү аракеттерди жасообузга түрткү берди. Рабиа өз таасирленүүсү тууралуу мындайча айтып берди: Биз, бардык социалдык катмарларды тартуу менен, чогуу иштеш керек экендигибизди сездик. Биз теологдорду, академиктерди, мыйзам чыгаруучуларды, чет элдик жана жергиликтүү укук коргоочу уюмдарды чакырдык. Диний тексттерди, маданий салттарды, реформа тажрыйбасын ж.б. изилдедик. Биз Моудавананы реформалоо үчүн, өзүбүздүн кылдат ойлонуштурулган далилдерибизди иштеп чыктык. Өз*

*позициябызды билдирүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарган жокпуз: далилдер, сандар жана четке кагууга мүмкүн эмес көрсөтмөлөр менен куралдангамбыз. Эң негизгиси, биз өзүбүздүн күрөшүү токтотууга болбостугун жана Маудавана өзгөртүлмөйүнчө бүтпөстүгүн түшүндүк.*

*«Качан 2003-жылдын октябрында Маудавана өзгөртүлгөнү, абдан таң калычтуу көз ирмемдер болду» - деп эскерет Насири. «Мен бул учурду 20 жыл күткөм….Биз жеңдик. Биздин колубуздан келди. Бирок, күрөш али бүтө элек. Биз бул мыйзамды аялдардын түшүнүүлөрү, жана колдонуулары үчүн жардам беришибиз керек болду. Демек, биз анын маанилүүлүгүн жана ишке ашуусун көзөмөлдөөбүз керек».*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Коалицияны кандайча түзүү үй-бүлөлөр тууралуу «Моудавана» жаңы мыйзамынын кабыл алынышына жардам берди?
- Коалициянын дагы башка мисалдары барбы?
- Коалицияга катышуу боюнча кандай тажрыйбаңыз бар – оң же терс?
- Коалициянын дагы кандай жакшы жактары бар? Кандай кемчиликтери бар?

# 7.2

# Көнүгүү: Коалициялардын ичинде иштөө

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан 2005-жылы «Women Learning Partnership» уюму тарабынан уюштурулган Аялдардын демократия үчүн эл аралык түйүнү тууралуу кийинки баянды үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн өтүнүңүз.

*2004-жылы болуп өткөн "Демократия үчүн Бүткүл Дүйнөлүк кыймылынын үчүнчү ассамблеясынын" сунушу менен "Women's Learning Partnership" уюму Аялдардын демократия үчүн эл аралык түйүнүн (АДЭТ) өнүктүрүүгө лидерлик кылуу ролун колуна алды. Ассамблеянын иштөө учурунда катышуучулар демократияны өнүктүрүү кыймылынын иштөөсүнө аялдардын катышуусун колдогон түйүндү түзүү мүмкүнчүлүгүн иликтешти.Талкуу өнөктөштөрдүн ишин колдоого жана жалпы максаттар менен ресурстар жаатында пикир алмашууга мүмкүн болгон, буга чейинки эл аралык жана аймактык түйүндөрдү идентификациялоого багытталды. Катышуучулар демократиялык кыймылдарга аз сандагы гана аялдар катышаарын айтып, тынчсызданууларын билдиришти.*

*2005-жылдын сентябрында "Women's Learning Partnership" ишти координациялоо механизмин ишке ашыруу үчүн АДЭТ тин секретариатын түздү*[17] *мында аялдар өз ара пикир алмашып жана түйүндүн максаттарын көзөмөлдөй алышат.*

17 АДЭТ боюнча кошумча маалыматты http: www.learningpartnership.org/iwdn алыңыз

*Катардагы аялдардын уюмдары жана активисттер түйүндүн алкагындагы ишмердүүлүктү улуттук жана аймактык деңгээлде координациялоого жетише алышты. Бүгүн Аялдардын демократия үчүн эл аралык түйүнү демократияны өнүктүрүү үчүн тартылган, билим жана маалыматтарды алмашуу үчүн форумду жана ресурстук борборду көз алдына элестеткен аялдар жана аялдардын уюмдары арасындагы солидардуулукту камсыз кылуу үчүн иштөөдө. Түйүн аялдарды демократиянын салттарын өнүктүрүүгө толугу менен тартат жана эл аралык, улуттук, чакан институттарды колдойт.*

АДЭТтин максаттары:

- Тажрыйбалар, эң үлгүлүү жөрөлгөлөр менен алмашуу, башкаларды демократияны өнүктүрүү процесстери боюнча иштөөгө үйрөтүү;
- Жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлдеги мүчөлөрү тарабынан демилгеленген коомдук өнөктүктөрдү иштеп чыгуу жана колдоо;
- Демократияны өнүктүрүү ишине тартылган жарандарды жана уюмдарды колдоо жана тилектештикти орнотуу;
- Экология жана тынчтык, адам укуктары, аялдардын укуктары боюнча иштеген түйүндөрдөн тартып, ар кыл трансулуттук түйүндөрдүн ортосундагы пикир алмашууну жана бири-бирине таасир этүүнү кеңейтүү;
- Түйүндүн артыкчылыктуу чөйрөлөрүндө билим жана маалымат алмашууну жөнгө салган онлайн ресурстук борборун ачуу.
- Коалициянын дагы кандай жакшы жактары бар? Кандай кемчиликтери бар?

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Аялдардын демократия үчүн эл аралык түйүнү тууралуу кандай ойдосуз?
- Мындай түйүндү түзүүнүн кандай уюшулуучулук жана стратегиялык өзгөчөлүгү бар? Бул түйүндүн кандай кемчиликтери болушу мүмкүн деп ойлойсуз?
- Сиз өз ресурстарыңызды, өз убактыңыз менен уюмуңуздун убактысын бул түйүнгө арноодон мурун, Түйүндүн координаторуна кандай суроолорду бермек элеңиз?
- Сиздин тобуңуз же Сиздин уюм бул түйүнгө кошулуулары үчүн аларга эмнелерди айтып бермексиз?

## 7.3

# Көнүгүү: Жаштар кыймылы

*(Окутуу үчүн 20 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан кийинки баянды үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

*Лена Ривас жана анын кесиптештери жыйын маалында эки саат бою аялдардын укуктарын камсыз кылуу ишине аялдарды көбүрөөк тартуу стратегиясын талкуулап жатышты. Бөлмөнү айланып кароо менен аялдар катышып жаткандардын эң жашы 41 жашта экенин билип, мыйыгынан жылмайган болушту. Көпчүлүгү 50дөн ашып калган. Аялдардын укугу үчүн үйдө туруп да, ошондой эле чет жерде да күрөшүү маселесин кийинки муундарга калтыруу менен, алар кайсы этапта ката кетиришти?*

*Жаш аялдар алардын эркиндиктери автоматтык түрдө камсыз кылынат деп ойлошсо керек. Алар аялдар Биримдиги акыркы он жылдыкта аялдардын негизги эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн тынымсыз иштерди алып барышкандыктарын түшүнүшкөн эмес. Аялдар Союзу келечекке көз салуусу керек эле.*

*Лена алардын жасап жаткан иштери кыздар үчүн актуалдуу болушу үчүн, тынымсыз иштөө керек экендиги тууралуу далилдерди келтире кетти. «Кыздар көбүнчө эмне тууралуу ойлонушат?» - деп суроо берди ал. «Музыка тууралуу? Кийим жөнүндө? Кат алышуулар тууралуу?..» деп ойлошту аялдардын көпчүлүгү.*

*«А колледжге барып, ал жактан өзүнө жакшы адамдарды издөө тууралуучу?» - деп сурады ал. «Жана да өзүнө карьера тандоо же үй кожойкеси бойдон калуусучу?» - деп сунуштады бирөө. «Биз кыздардын маселелерин жакшы түшүнүүбүз үчүн, балким, аларды семинарга чакырып, алардын маселелери тууралуу сүйлөшүп көрбөйлүбү?» деп сунуштады үчүнчүсү, «жолугушууну аялдар Союзу тууралуу сүйлөшүү үчүн мүмкүнчүлүк катары дагы колдонобуз, биздин тарыхыбыз тууралуу дагы сүйлөшөбүз».*

*«Бирок, биз жолугушууну семинар деп атабашыбыз керек. Мен толук кепилдик берем, эгер менин кызым, токтолуп калган аялдар тарабынан уюштурулуп жаткан семинар экендигин укса, жакын дагы басып келбейт».*

*«А эгер биздин ишти колдоосу үчүн аялдар Союзу атактуулукту колдонсо эмне болот же ким белгилүү болсо, биздин уюмга кабыл алынса? Ким кыздардын жашоосуна кайдыгер эмес болсо жана ким кайрымдуулук иштери менен алектенсечи?»*

*«Эгер биз кимдир бирөөнү тапсак, абдан сонун болмок. Келгиле, Союз бүгүн алар үчүн көптү жасоого белсенип жаткан кыздарга багытыбызды буралы».*

*«Мен жээндеримдин аялдар уюмунан, биз бир канча жылдар бою күрөшүп келе жаткан нерсени каалайт деп ишенбейм».*

*«Таптакыр андай эмес. Сексуалдык жактан басым көрсөтүүлөр, жумуш орундарындагы айнек шыпка, аялдардын жакшы жашоосу үчүн турак-жай тууралуу мыйзам… мына ушул суроолордун бардыгы 20 жыл мурункудай эле, бүгүн дагы актуалдуу».*

*Лена колун көтөрүп: «Биз бир нече сааттан бери ушул жерден жылбай олтурабыз. Демек, биз кыздарды көбүрөөк тартуубуз керек деген макулдашууга келе алабызбы жана муну аткарыш үчүн, биз аларга кандай суроолор маанилүү экендигин түшүнүүбүз зарыл. Жана да биз Биримдиктин түзүмүн жашартуу жолун табуубуз зарыл жана аны атактуулукту кошуу менен жагымдуу кылып, музыка кечтерин уюштуруу же башка ишмердүүлүк керекпи?» - деп сурады.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Биримдиктин мүчөлөрү кыздарды тартуу үчүн аларга эмне керек деген маселени талкуулап жаткандыктарын туура деп ойлойсузбу? Эмне үчүн?
- Эгер Сиз аялдар Биримдигинин жолугушуусунда болсоңуз, кандай кеңеш бере алат элеңиз?
- Аялдар Биримдиги өздөрүнүн кезектеги жаңы иш чарасына бир канча жаңы жаш кыздарды тарта алышты дейли, алардын катышуусун натыйжалуу колдонуу үчүн Биримдик дагы кандай чараларды колдоно алат эле?
- Аялдар Биримдиги өз ишмердүүлүгүнө көңүл бурдуруу үчүн массалык маалымат каражаттарын колдоно алабы?
- Кыздар менен аларды кызыктыруучу программа менен кеңешүүнүн мааниси канчалык?

## 7.4

# Көнүгүү: Биздин жеке коалициябыз

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан башка уюмдар менен биргелешип иштөө тууралуу үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз[18].

**Өнөктөштүк, кызматташтык, тармак, биримдик жана коалиция**

Өнөктөштүк, кызматташтык, тармак, биримдик жана коалиция – уюмдар же жеке адамдар өз максаттарына жетүү үчүн маалымат жана ресурстар менен алмашуучу байланыштын бир түрү.

Эгерде сиз башка уюмдардын ресурс жана кызматтарынан өзүңүзгө пайда келтире алсаңыз, өз ишиңиздин эффективдүүлүгүн жогорулата аласыз, ошол эле убакта, алар да сиздин уюмдун салымынан жана тажрыйбасынан пайдалана алышат.

Мындан тышкары, биргелешип иштөөнүн өзүнүн кемчиликтери бар. Эң белгилүү болгон кемчилик – бул чечимди жай кабыл алуу же кээ бир учурларда иш-аракетке өтүүгө жөндөмсүздүгү. Ошентип, канчалык көп уюм болсо, чечим кабыл алуу үчүн ошончо көп кадам керек болот жана ал чечимге бардык өнөктөштөр макул болуусу керек, ошол себептен карама-каршылыктар чыгып кетүүсү мүмкүн деген коркунучтар да жогору болот. Экинчи кемчилик – коалициянын муктаждыктары жана кийинки кадамдары тууралуу коалициянын өнөктөштөрүнүн ортосундагы байланышты камсыз кылууга сарпталган убакыт, энергия жана ресурстар.

Андан ары, тактага «4-сабактын максатын» жазыңыз. Аны үч бөлүккө бөлүккө бөлүңүз жана 4-сабактын максатынын негизинде акыл-эс чабуулун өткөрүңүз.

| Бул максатка жетүү багытында иштеп жаткан уюмдар, мекемелер, саясий партиялар, массалык маалымат каражаттары жана башка топтор. | Бул максатка жетүү багытында иштебеген, бирок, тарапташ ниетиндеги уюмдар, мекемелер, саясий партиялар, массалык маалымат каражаттары жана башка топтор. | Биздин ишибизге каршы чыккан уюмдар, мекемелер, саясий партиялар, массалык маалымат каражаттары жана башка топтор. |
|---|---|---|
| | | |

18 Коалиция түзүү боюнча кошумча маалымат “Е” тиркемесинде. Түйүн ичиндеги иш алып баруу жана коалиция түзүү.

Катышуучуларды саналып өткөн беш уюмдун ичинен биринчи орунга алар иштегиси келген кайсы уюмдар чыккандыгын аныктоосун сураныңыздар. Тандалып алынган уюмдарды тегерек айлампалар менен курчаңыздар.

Топту экиге бөлүңүз. Ар бир уюмду талкуулап чыгуу үчүн ар бир топту тегерек айлампалар менен курчалган бир же эки уюмду карап чыгуусун сураныңыз. Ар бир топко уюмду кийинки суроолор боюнча өз эскертүүлөрүн берүүсүн сураныңыз:

- Алар бул уюмда иштөө менен эмнеге жетише алышат?
- Кандай карама-каршылыктар, татаалдашуулар келип чыгуусу мүмкүн?

Топторду кайрадан чогултуп, ар бир жупту өз жыйынтыктары тууралуу айтып берүүлөрүн сураныңыз.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- 4-сессиянын максаты боюнча иштеп жаткан уюм, мекеме, саясий партиялар, массалык маалымат каражаттары жана башка топтордун саны канчалык кеңири? Алардын бардыгы аялдар уюмдары болуп саналабы?
- Эгер уюмдар өз алдынча, бири-биринен көз карандысыз иштешкен 4-сабактын максатына жетүүдө коалиция натыйжалуу боло алабы?
- Уюмдардын биргелешип иштөө жолунда кандай тоскоолдуктар болушу мүмкүн? Бул тоскоолдуктарды жеңүү мүмкүнбү?
- Бардык уюмдар коалициянын ишине салым кошууга кызыкдарбы же алар өздөрүн жарнамалоо үчүн эле иштеп жатышабы же коалициянын ишинен башкача пайда табууну көздөшүүдөбү?
- Коалициядагы ар бир уюм өнөктөштөр тарабынан сунушталганбы?
- Гезит, теле жана радио сыяктуу массалык маалымат каражаттарынын катышуусунда альянс түзүү канчалык маанилүү?
- Социалдык адилеттүүлүктү жактаган уюмдарды кошуу канчалык маанилүү?

Баарыңар жапырт тактаны карагыла. Катышуучулардан сураңыз, эми потенциалдуу өнөктөш катары тизмеге кошууну же алып салууну каалаган топтор барбы? Эмне үчүн?

# 8-САБАК:

## Элге өз билдирүүбүздү жеткире билүү: Жеке байланышуу ыкмасы

*(Окутуу үчүн 3 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Эркек лидерлерге салыштырмалуу аял лидерлердин кабыл алуусунун өзгөчөлүгүн иликтөө;
- Билдирүүлөрдү оозеки жана белги берүү аркылуу берүүнүн натыйжалуу жолдорун карап чыгуу;
- «Ыплас саясатка» болгон биздин сестенүүлөрүбүздү, ачык каршылашууга жасаган реакциябызды жана коомдук-саясий чөйрөлөрдөгү жек көрүүнү талкуулоо

## 8.1

## Көнүгүү: Мыкты лидерликте жыныстык айырмачылык барбы?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Чили президенти Мишель Бачлеттин Би-би-Си «Hard Talk» (2008-ж.7-апрель) программасында Гевин Эслер менен болгон маегинен үзүндүнү үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыздар.

*Эслер: Эркек лидерлерге салыштырмалуу аял лидерлерди башкача сынга алабы?*

*Президент Бачалет: Мен буга кошулам. Мисалы, мага бирөө жаңы эле Чили гезиттери менин (Англияга) иш сапарымды, алардын менин кечээ Канышага кийип барган көйнөгүмдүн түсүн талкуулап жатышканын айтты. Эгер сөз эркек лидерлер тууралуу жүргөн болсо, мындай нерселер эч качан жарыяланмак эмес. Биз аларды алар интеллегенпи, алар жакшы сүйлөдүбү, алар колдоп жаткан долбоорлор туурабы, ошолор тууралуу талкуулмак, Силер буга макулсуңарбы же жокпу....*

*Менин эсимде Президент (Рикардо) Лагос адам укуктары жаатындагы же дагы бир маанилүү маселенин мисалында талкууга алынган…. Анын көздөрү жашылданып кетти. Бардыгы «ал кандай сезимтал, жакшы элес калтыра турган адам экендигин» айтышкан. «Эгер бул мени менен байланыштуу болсо, алар массалык маалымат каражаттарына: «Ал өз туюмдарын көзөмөлдөй албаган, чырлуу аял» - деп айтышмак. Дайыма ушундай. Эгер Сиз эркек катары катуу чечим кабыл алсаңыз, баары Сиздин кыялыңыз чатак адам экендигиңизди айтышат. Эгер аял катуу чечим кабыл алган болсо, анда Сиз, аны буга кеңешчиси көндүрдү дегенди окуйсуз…*

*Бул убактылуу маселе. Бул кызмат өтөй билген, кээде, ал эмнени өнүктүрүүнү каалаcа, аны ишке ашыруу үчүн тагдыр жолун ачкан аялдарга карата маданий өзгөрүүлөрдүн маселеси.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

Катышуучулардан күчтүү лидердин мүнөздөмөсүнүн тегерегинде акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыздар. Тактага тизмесин жазыңыздар.

- Кээде аялдарга тиешеси жок мүнөздөмөлөр кездешеби?
- Кээде эркектерге тиешеси жок мүнөздөмөлөр кездешеби?

## 8.2

## Көнүгүү: Мени кандай карама-каршылык күтүп турат же лидерлик үчүн күрөш?

*(Окутуу үчүн 20 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Топту экиге бөлүңүз. Ар бир катышуучуну өзүнө бөлүнгөн түгөйү менен, ал кайсы жерде өзүнүн назиктиги менен «жакшы аялдын» ролун бир тараза ташына салып теңештирүүсүн (үй-бүлөдөгү же жумуштагы күрөштөр) жана жакшы уюштуруучу, жетекчи же башка лидер катары тажрыйбасы менен бөлүшүүсүн сураныңыздар. Убакытты ар бир өнөктөш 5 мүнөт чыгып сүйлөгүдөй кылып бөлүштүргүлө. Беш мүнөттөн кийин экинчи өнөктөштүн чыгуусуна убакыт келип жеткенин жарыялаңыз. Топтор кайрадан чогулганда, ыктыярчыларды алар мындан өздөрү үчүн кандай пайдалуу нерсе алышкандыктарын айтып берүүсүн сураныңыз.

# 8.3

## Көнүгүү: Сиз кандай кеңеш бере алат элеңиз?

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан АКШнын мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтонду массалык маалымат каражаттарынын талкуулоосу тууралуу баянды үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

2009-жылдын февралы. WLP.

Сиз чындап эле Хиллари Клинтон тууралуу муну билүүнү каалайсызбы?

*Былтыркы жылы Вашингтон пост мындай деп жарыялады: «Шаршемби күнү эртең менен CSPAN2(кабелдүү спутник түйүнү) аялдын көкүрөгүнүн узунча тилкесин көрсөттү. Бул сенатор Хиллари Клинтонго тиешелүү эле. Колдонуучулар президенттикке талапкер, үстүңкү кара кийимдин үстүнөн күлгүн түстүү блейзер кийип алганынан кабардар болушту. Кесилиши көкүрөккө абдан жакын болуп, V түрүндөгү формада эле. Пост бизди колдонуучулардын кызыгуусун жараткан болсо «бул анчалык уят деле эмес» деп ишендирди.*

*Мындан бир нече айлардан кийин гана ABC News:"Сенатор Нью-Йорктон, негизинен Портсмуттагы Café Exsspresso аялдар уюмунун суроолоруна жооп берди, бир аял «ал мындай жайдары жана сулуу болуп жүрүүгө кандайча жетишип жаткандыгы тууралуу» суроо бергенде ал сөз таппай калды деп дагы жарыялап жиберди.*

*Сөз таппай калды. Алар ыйламсыраган же дагы "Көйнөгү айрылганча, төшүн каккылаган" аялды күтүшпөдү беле?*

*Клинтон мындай деп түшүндүрдү: «бул жеңил эмес, эгер мен бул туура экендигине чын дилимден ишенбесем, жасай албайт элем. Билесиңерби, менин бул өлкөдө көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүм бар. Мен биздин артка чегинүүбүз тууралуу ойлогум да келбейт».*

*ABC Newsтун репортажы андан ары Клинтон айымдын көздөрүнө жаш толгон учурлардан баштап, дагы башка убактарды чагылдырды, ал эмоцияга берилип, көз ирмемде активдүү болуп, үнү жагымсыз түрдө бийик чыгып жатты.*

*«Өзгөрүүлөрдү алып келүү – жок... сөз алып сүйлөө бул - тынымсыз иштөө» - деди Клинтон айым. Андан ары үнүн бийик чыгарып: «Мен өзгөрүүлөрдүн болушун каалайм, бирок, мен өзгөрүү жасай алдым. Мен өзүмдүн шайлоо алдындагы кампанияма өзгөрүүлөрдү алып келем деп сөз берген жокмун… Ишке ашырууга мүмкүн нерселер тууралуу, биздин атуулдарда жалган үмүт отун жандыруунун кереги жок» - деди. Андан соң, биз Клинтон айым: «Мен ойлойм, Аялды президент катары тандоонун өзү – бул чоң өзгөрүү» - деп айтуу үчүн үнүн бийик чыгарганына күбө болдук.*

*Бул добуш авторго кийинки суроону берүүгө дем берди: «жакынкы кездердеги эл алдындагы маектеринде Клинтон абдан эмоционалдуу, абдан сезимтал же абдан алсыз болду».*

*Робин Гибхандын Дон Каранда кара көйнөк кийгендигин сүрөттөөсү, аны сенаторлуктан алыстатып турган болсо дагы, баары бир күчтүүлүк менен төп келишкендей элес бере алды. Хиллари Клинтон Дон Коранга, ийиндерине чейин ачылып турган кара халатчан сүрөткө түшкөн эле. Аны кара көйнөк жаш өзгөчөлүгүнө карабастан сүйкүмдүү кыла тургандыгын Коран байкаган көйнөктөрдүн бири эле.*

*Эми аны АКШнын мамлекеттик катчысы болуп дайындалган соң, массалык маалымат каражаттары Хилларинин көйнөгүнөн маанилүү маселелерди козгошот. Чындап келсе, көлөмдүү саясий чыңалууну чечүү модада!*

## Айлампа түрүндө иштөө

Ар бир катышуучудан сураныңыз:

- Хиллари Клинтонго ал кандай сүйлөөсү, кийинүүсү, турпаты кандай болуусу жана анын билдирүүлөрүнүн мазмуну кандай болуусу керек экендиги тууралуу кеңеш берүүсү керек.
- Ар бир катышуучудан бул кеңешти эмне үчүн бергендигин жана анын бул кеңешине эмне үчүн, ар бир аял - саясий лидер үчүн маанилүү экендигин түшүндүрүп берүүлөрү зарыл.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Саясатчы лидер аялдар эл астында ийилчээк, ачык же эмоционалдуу, кабагы бүркөө болушабы? А эркектерчи?
- Эмоционалдуулук, сексуалдуулук же каардуулук аял-лидерге мүнөздүү өзгөчөлүктөр боло алабы? Эмне үчүн? Бул өзгөчөлүктөрдү коомго көрсөтүүгө болобу? Эмне үчүн?
- Өзүңүздү лидер катары көрсөтүү үчүн Сиз кандай тең салмактуулукту табат элеңиз? Сиз өзүңүздө кандай лидерлик мүнөздөмөлөрдү алып жүрүүнү каалайт элеңиз?

# 8.4

# Көнүгүү: Жеке нерсе бул дагы лидерлик?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан кийинки баянды үнүн бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

*Мира Гупта «Таза гигиена Кампаниясынын (ТГК)» учурунда төрт жыл бою семинарларды жетектеген. Ал кесиптештери менен бирге лекцияларды окушуп, чоңдорго жана балдарга таза гигиенанын жакшы жактары тууралуу маалыматтарды беришкен. Семинарларды уюштуруудан сырткары Мира, семинарлардын башка жетекчилери үчүн семинарларды уюштурууга дагы жооптуу болчу. Жүрүштөргө чыккан учурда аны жаш же белгилүү шакирттер коштоп жүрүшөт.*

*Мира ар бир семинардын алдында, ал бара турган ар бир шаарды же айылды, анын элдери жана тарыхы тууралуу көптү билүү үчүн бир жума бою кылдат иликтейт. Ал дайыма өзүнүн шакирттерин семинарга келүүчү аудиториянын жаш өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин, гендердик курамын тактоолорун суранат. Иш-чараны уюштуруудан бир топ күн мурун, Мира жана анын шакирттери өздөрүнө кандай материалдар керек болот, кандай көнүгүүлөрдү колдонушат, практикалык сабактарды кандай өтүшөт, ал тургай, кандай кийимдерди кийише тургандыктары тууралуу план түзүшөт.*

*Жакында эле, Мира жана анын шакирттерине айыл жергесиндеги тигүү фабрикасына ТГК боюнча семинар өтүп берүүлөрүн суранып кайрылышты. Фабрикада жалаң аялдар иштечү, алардын көпчүлүгү сабатсыз үй-бүлөлөрдөн чыккандар. Бул шакирттердин бири үчүн алгачкы семинар эле, ал абдан толкунданып жатты. Мира ага тыкан жана эскиче кийинүүнү сунуштады. Ал аны менен бул аймактагы үй-бүлөлөрдүн тарыхы жана алардын текстиль өндүрүшү менен эчактан берки байланышы тууралуу сүйлөштү.*

*Шакирт кыз фабрикага келгенде, кара көйнөк кийип туура кылыптырмын деп ойлоп кубанды, себеби, жумушчулар дагы ушундай кийинип жүрүшкөн эле. Жалпак тил менен айтканда, Мира аялдарга алар эмне үчүн чогулушканын жана семинарда кандай маселелерди талкуулай тургандыктарын айтып берди. Ал семинарларынын көпчүлүгүндө семинардын күн тартибин жана программа таратчу, бирок, бул жолу аудиториянын көпчүлүгү окуй алышпады. Ал эч ким зордоо менен катышпайт, бирок, баардыгы катышса чын жүрөктөн кубанычта боло тургандыгын жеткиликтүү деңгээлде билдирди.*

*Топ айлампа түрүндө жайгашкан соң, Мира өзүнүн шакиртин тааныштырып, эми катышуучулардын таанышууларын суранды. Анын шакирти семинарларды өткөрүүнү үйрөнүп жаткандыгын жана ар бир катышуучу өз семинарларын өткөрүү тууралуу ойлонуулары зарыл экендигин билдирип өттү. Ал жумушчулардын ичинен өз эрки менен семинардын жетекчиси болууну каалаган*

*катышуучуга окутууну алып баруусун сунуштады жана өзүнүн жеке даректерин берди. Андан соң, Мира жана анын шакирти семинардын темалары менен тааныштырууга өттү.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Мира эмне үчүн өз аудиториясынын тарыхын жана табиятын иликтөөгө алды?
- Сиздерде шакирттер үчүн кошумча кеңештер же сунуштар барбы? Ал кандай сунуштар?
- Семинардын жетекчиси болуу үчүн үйрөнүүнү коомчулук менен талкуулоонун кандай орто жана келечектүү жакшы жактары бар?
- Сизге Миранын жүрүм-турумундагы кандай аракеттер же процедуралар жакты? Эмне үчүн?
- Ал башка жаш аялдарга алар коомчулуктун лидерлери болуп калуулары үчүн кандайча жардам берет?
- Эгер семинарды Сиз өткөрө турган болсоңуз дагы эмне кылмак элеңиз?

# 8.5

# Көнүгүү: Эгер ыпылас иштер чынында эле жасалып жаткан болсо, биз эмне кыла алабыз?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан кийинки текстти үн чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

*Кыймылсыз мүлк боюнча бай инвестордун аялы Зейна Шариф эл аралык маалымат каражаттарынан Мэр жабык түрдө шаардык администрацияларга аялдардын катышуусуна тыюу салганын билген соң, шашылыш түрдө пландоо боюнча Шаардык комиссияга дайындалды. Өлкө боюнча жана чет жерлерде дагы мэрдин адам укуктары боюнча эл аралык конференцияларга активдүү катышууларынын фонундагы маалыматтар жайылып жатты. Аны шайлоого байланыштуу ызы-чуулуу атмосферага карабастан, Зейна Комиссиянын ишине жан дили менен берилди.*

*Комиссиянын эң алгачкы эле жыйынында Зейна анын алдында чоң салгылаш турганын түшүндү. Ага күйөөсү "жыйындарга такыр катышпа" деп кеңеш берди. Күйөөсүнүн Комиссия менен саясий байланыштары бар болчу жана ал Зейна үчүн эң ыңгайлуу стратегия бул – эч нерсе жасабоо экендигин сезди.*

*Бирок, шаардын борборундагы лагерди мыйзамсыз түрдө жоюу тууралуу маалымат тарады. Миңдеген үйсүз адамдар паркты катарлай өткөн жашоого шарты жок, ыңгайсыз үйлөрдө жашашчу, лагерди башка жакка жылдыруунун себеби, анын четинде чоң эмес суу агып өтчү, лагердин жашоочулары аны жуунуу жана калдыктарды ыргытуу үчүн колдонушчу. Зейна лагерде жүздөгөн көчө*

*балдары, сойку кыздар, таштанды терген жакырлар жашашарын билчү, лагерди бульдозер менен түрттүрүп салган күнү алар көчөдө калышмак. Зейна алардын бир тобу көчөдө өлүмгө дуушар болушат деп коркту.*

*Зейна лагерди түрттүрүп салуу боюнча Комиссиянын башка мүчөлөрү менен сүйлөшүүгө аракеттенгенде, аны жөн гана шылдыңдоого өтүштү. Атайын сессияларда болсо, анын жан үрөп кол көтөргөнүнө карабастан, жетектөөчү ага сөз берчү эмес. Лагерь маселеси боюнча бир гана сессия болду. Жетектөөчү кийинки күнү добуш берүү үчүн баары саат экиден кечикпей келиши керек экендигин айтты.*

*Зейна 24 саат бою лагерь маселесин чечүүгө таасири барлардын бардыгы менен сүйлөшүү жүргүздү. Ал тургай соода комплексинин сатуучусун, бульдозер менен түрттүрүп салууга каршы петицияга кол койдуруу үчүн түшкү тамакка чакырды. Кийинки күндүн экинчи жарымында анын колунда таасирлүү адамдардын колу коюлган петиция даяр болду. Ал жыйынга абдан кылдат даярданып, борбордук орундан ээлөө үчүн бир аз эртерээк келди.*

*Ал жыйындар залына киргенде бардыгы келип калышкандыктарын көрүп таң калды. Ал киргенде жетектөөчү жылмайып:*

*«Эх, Шариф айым, акыры келдиңизби. Бирок, добуш берүүнү биз жарым саат мурун бүтүрүп койдук. Тилекке каршы, биз Сиздин кир балдарды жана сойкуларды колдоо боюнча петицияңызды укпай калдык». Зейна өзүн жоготуп койду. Жетектөөчү дагы бир жолу күлүп, калгандары дагы каткырып залдан чыгып кетишти. Эшик жабылган соң, Зейна кытмыр күлкүлүү: «Күндүн экинчи жарымында саат экиде. Бул аял кандай макоо» -деген добушту укту.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Бул баян тууралуу Сиздер эмнени ойлоп жатасыздар? Бул чыныгы жашоодо болушу мүмкүн деп ойлойсузбу?
- Комиссиянын мүчөлөрүнө таасир этүү үчүн Зейна башкача бир нерсе жасаса болмок беле?
- Жыйындын башталышы тууралуу туура эмес убакытты айткандыктарын билгенде, Зейна эмне кылуусу керек эле?
- Сиздердин Зейна үчүн кеңештериңиздер барбы? Анын ордунда болсоңуз кандай кылмак элеңиз?
- Эгер Сиз Зейнанын кесиптеши болсоңуз, ишти жемиштүүрөөк аткаруу үчүн кандайча жардам бермек элеңиз? Аялдарды саясий орундарга алып келүү үчүн колдоо көрсөтүү максатында, башка аялдар жана эркектер кандай роль ойношот?

# 9-САБАК:
## Сүйлөшүүлөр, компромисстер жана компромиссиз учурлар

*(Окутуу үчүн 3 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Сүйлөшүүнү Сиздин максатыңызга жеткирүүчү курал катары карап чыгуу;
- Саясий аренада «Компромисске жетишүү» жөнүндө уламыштарды жана чындыкты карап чыгуу;
- Сиздердин «компромиссиз варианттарыңыздардын» даражасын түзүү мүмкүнчүлүгүн иликтөө

## 9.1

## Көнүгүү: Жаңы варианттарды издөө

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан Канаданын мурунку премьер-министри жана юстиция министри Ким Кэмбеллдин[19] куралдар боюнча мыйзам жаатындагы сүйлөшүүлөрү тууралуу баянды үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

19 Улуу урматтуу Ким Кимбелл айым 1993-жылы Канаданын Премьер-министрлик кызматын ээлеген биринчи аял болгон жана 19-премьер-министр болуп саналат. Кэмбелл айым түндүк аймактарынын жана индеецтердин иштери боюнча министр, юстиция министри, генерал-атторней жана да улуттук коргоо министри, ветерандардын иши боюнча министри мамлекеттик кызматтарын ээлеп келген. Кийинчирээк ал Лос Анджелестеги Канадалык консул, Гарварддагы Кеннеди атындагы башкаруу мектебинде сабак берген жана дүйнө лидерлеринин аялдар кеңешинин төрайымы болуп да иштеп келген. Кембэлл айым аялдардын эл аралык форумунун Президенти жана Мадрид клубу, Киевдеги натыйжалуу башкаруу фонду, кризисттик топтордо, мындан тышкары, Salk Institute, Middle Powers Initiative, Arab Democracy Foundation жана Forum of Federations сыяктуу бир нече эл аралык уюмдардын Консультативдик Комитеттеринде жана Кеңештеринде кызмат кылат. Ал демократия үчүн эл аралык кыймылынын жетектөөчү комитетинде тең төрага болуп саналат.

*«Мен Юстиция Министринин кызматын ээлеп турган учурда бир маселе боюнча чечим кабыл алууда чечкиндүү боло албай ойлонуп калсам, кадр бөлүмүнүн башчысы мага: «Сиз балким, колуңуздагы варианттарды жактырбай турсаңыз керек»,- деп айтты. Мен андан: «Эмне үчүн?»,- деп сураганда, ал: «Сиз көбүнчөсү абдан чечкиндүүсүз, бирок, учурда сиз чечим кабыл ала албай тургандыгыңыз, колуңузда бар варианттарды жактырбай тургандыгыңызды далилдейт»,- деп айтты.*

*«Мындан бир айга жакын убакыт мурда мен Юстиция Министри кызматына ант берүүдөн мурда, Марк Лепин аттуу адам Монреалдагы политехникалык колледждин имаратына курал менен кирип, 14 студент кызга ок атып өлтүргөн. Бул биз үчүн өтө кайгылуу окуя болду, эл буга жооп кылып курал-жарактарды көзөмөлдөө боюнча мыйзам кабыл алуу керектигин айтып жатышты.*

*«Мага бул окуя канчалык оор болсо, ошончолук трагедиялуу да болду. Мен биринчи айым - Юстиция министри жана ошондой эле феминист болчумун. Студенттерге*

*ок атып жатып, Лепин: «Силер баарыңар феминистсиңер!»,-деп кыйкырган. Андан соң ал өзүн-өзү атып өлтүргөн. Мен өзүмдү кандай жаман сезгенимди айта албайм.*

*«Мындай кысым жасоонун түрү тез өзгөрүүлөрдү жасоо үчүн жарайт, бирок, ал жакшы саясатты иштеп чыгуу үчүн туура келбейт. Көпчүлүк учурда адамдар тез таасир этүүчү болуп сезилген чечимдерди кабыл алууңуздарды каалашат, бирок, ал чечимдер дүйнөнү коопсуз кылбайт. Жана натыйжада Сиз көптөгөн каражаттарды, саясий капиталды эч нерсеге жарабаган нерселерге сарпташыңыз мүмкүн.*

*«Ошондо мен өзүнүзгө өзүңүз: «Бар болгон чечим жолдору мени канааттандырабы?»-деген суроого жооп беришиңиз керек экендигин түшүндүм. Маселе же суроону так айта алган киши абдан күчтүү десе болот. Кээ бир учурларда башкалар маселелерди биз үчүн жакшы чечүү жолдору болбогондой кылып калыптандырышат.*

*« Мен чынында эле курал-жарак жөнүндө сунушталган мыйзам боюнча элдин ой-пикирин билүү канчалык маанилүү экендигин сездим. Ошондуктан, курал-жарак боюнча Министрге караштуу Кеңешчи топ түздүм. Ал топко: курал-жарак боюнча эксперттер, мергенчи, шаарлардагы зордук-зомбулук боюнча иштеген психиатр, аялдарга каршы зордук-зомбулукка каршы күрөшүү тармагында иштеген жактоочу жана ошондой эле тапанчадан ок атуу таймашында алтын медалга ээ болгон аялдар кирген.*

*« Мага бул маселе боюнча ой-пикир көптөй сезилди. Кесиптештерим менен абдан көп кеңештим жана биз парламент мүчөлөрү менен да көп кеңештик. Юстиция министри кызматын ээлеп турган убакытта мен канадалыктардын турмушун коопсуз кылууга милдеттүү болчумун, мен бардыгынын ой-пикирин сыйладым. Бул элдерге абдан башкача көрүндү, анткени, алар мындай процесске көнгөн эмес.*

*«Мага башында сунушталган чечүү жолдору мыйзамдын жалгыз гана канчалык катуу же жумшак болооруна байланыштуу эле. Бирок, мен башка багытта жылгым келди жана бул маселеге чыныгы демократиялык процессти колдонгум келди. Натыйжада, мен сунуштаган мыйзам көпчүлүк добуш менен кабыл алынды.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Курал-жарак жөнүндө мыйзамды иштеп чыгуу Кэмпбелл айым үчүн эмнеге саясий мааниде татаал болгон?
- Сизге анын чечимдерди кабыл алуу жолу жактыбы? Сиз эмнени башкача кылат элеңиз же эмнени кошот элеңиз?
- Сизде ушундай маанилүү, бирок, сиз чечим жолдорунун бирөөсүн да жактырбаган жагдайлар болду беле?
- Сиз башкалар сунуштаган чечим жолдорун карадыңыз беле? Кимдер сунуштады эле?
- Көптөгөн кишилердин бул чечим кабыл алуу процессине кийлигишүүсү сизге кандай коркунуч туудурат эле? Кандай пайдасы болот эле?

## 9.2

# Көнүгүү: Татаал чечимдер

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Бир же эки ыктыярчыдан кийинки баянды үнүн бийик чыгарып окуусун сураныңыздар.

*Татьяна Назирова Аялдардын юридикалык ресурстук борборунун аткаруучу директору, эртеси күнү келе турган жыйырма эл аралык сот-айымдар үчүн банкет жана шаар боюнча саякат уюштуруусу керек эле. Бирок, кеңсесиндеги бардык телефондор өчүрүлгөндүктөн, ал банкет, саякат уюштуруу, конокторго мейманкана камдоодо сүйлөшүү үчүн телефон, факс жана электрондук почта аркылуу пайдалана албады. Ал электр жарыгы өчүп калганда да таң калган эмес. Бут кийим оңдоочу күркөдө бул шашылыш жагдайда ал колдоно алуучу электр жарыгы да, телефон да бар эле. Бирок, электр жарыксыз ал соттордун аты-жөнү, келүү убактысы жана токтоочу жайы жазылган файлдары бар өзүнүн компьютерин күйгүзө албады. Жанында ал басмаканага барып соттордун бардыгы үчүн көбөйтө турган маалымат кагаздары бар эле жана ага көп акча-каражат керек болчу.*

*Аялдардын юридикалык ресурстук борборунун максаты – жергиликтүү жана эл аралык укук таануучуларды саясат жана юридикалык системанын практикасы, ошондой эле адам укуктарын бузуу жана коргоо жагдайы жөнүндө маалымдоо эле. Көптөгөн жылдар бою Татьяна дүйнөнүн ар кайсыл жерлеринен келген сот, юрист жана укук коргоочулар үчүн көптөгөн сапарларды жана иш-чараларды уюштуруу менен алектенген.*

*Бирок, акыркы убактарда өкмөт, шектүү чет элдик агитаторлор менен*

*өтө тыгыз байланышта болгон уюмдарды куугунтукка ала баштады. Татьяна: «Соттор агитатор деле эмес», - деп ойлоду. Бул айымдар-таанышуу сапарына келген ак ниеттүү , ийгиликтүү адистер болчу. Мамлекет аны түшүнгөн эмес же түшүнгүсү келбеген. Татьяна АЮРБде электр жарыгы жана телефондор эмнеге өчүрүлгөндүгүн жакшы түшүнгөн жана сот-айымдар кеткенге чейин электр жарыгы берилбесин да түшүнгөн.*

*Татьяна документтерди басып чыгарууга даярдап жаткан. Ал төмөн жакта өтүкчүнүн аны чакырып жатканын укту. Ага басып барып, флоттук кийим кийген адам күтүп турганын көрдү. Ал өзүнүн визиттик карточкасын берип, өзүн Юстиция Министринин кеңсесинен деп тааныштырды. Министр, АЮРБнин сот-айымдарды кабыл алгандыгын угуп, кандай жардам бере алаарын сурады. Ал киши Министрдин биринчи орун басары аларга шаар жана сотторду мамлекеттик автобуста өзү көрсөтүүгө жана ошондой эле соттор үчүн түшкү жана кечки тамакты уюштуруп берүүгө абдан кубанычта болоорун айтты.*

*Татьяна чоң ыраазычылыгын билдирди. Ал АЮРБнин айымдарды кичине кийинчирээк кабыл алаарын жана бул сунушту аларга билдирээрин жана жообун кичине убакыттан кийин айтууга убада берди. Ал кеңсесинде өчүрүлгөн телефон, электр жарыгы жөнүндө эч нерсе айтпады. Ал киши бул жагдайды билээрин божомолдоду. Келген адам буга макул болуп кетти.*

*Эки сааттан кийин Татьяна АЮРБ Кеңешинин мүчөлөрү менен кеңсенин терезесинин жанында олтуруп, аларга эмне болгонун айтып берди. Эгерде алар министрдин сунушун кабыл алса, аларга электр жарыгын жана телефон байланышы келип, шаар ичи саякат жана 24 сот –айым үчүн 4 жолку тамактануу мамлекет тарабынан камсыз кылынат. Ал эми экинчи жагынан телефон жана электр жарыгысыз аткаруусу эң зор бир маселе турган: 24 таксини заказ кылуу, эки жарым күнгө мейманкананы камсыз кылуу, банкетти уюштуруу жана жогорку рангдагы айымдардан турган чоң топтун адистик жана жеке муктаждыктарын канаатандыруу керек болчу.*

*Бирок, мамлекеттин АЮРБнун ишкердүүлүгүн манипуляциялоонун ачык аракети Татьянаны терең ойго салды. Министрдин орун басары менен шаарды көрүү, соттордогу коррупция жана адилетсиздик темасын жетишинче көрсөтпөйт эле. Сот-айымдар анда бейөкмөт уюмдар жана укук коргоочулар менен жолуга албайт. Алар бул чындык болбосо дагы, мамлекетти берешен, ал эми сот системасын болсо калыс экен деп ойлоп үйлөрүнө кетиши мүмкүн.*

### Топтук иш

Катышуучулардын эки топко бөлүнүүсүн сураныңыз. Ар бир топ АЮРБнын мүчөлөрүнүн ролун ойноосун сураныңыз. Алар, АЮБРдин мүчөлөрү кандай чечим кабыл алуулары зарыл? – деген суроого жооп издөөлөрү керек. Ар бир топ талкуулай турган суроолор төмөндөгүчө:

- Аял соттордун иш сапары учурунда өзүңүзгө кандай милдеттерди алдыңыз?
- Сиздин АЮРБнын алдындагы милдеттериңиз кандай?
- Татьянага кандай кеңеш бере аласыз?
- Сиз Өкмөт менен кандай сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт элеңиз? Бул этикага жатабы?
- Кандай тоскоолдуктар болушу мүмкүн? Кандай жыйынтыктарды күтөт элеңиз?

Катышуучулардын баардыгы чогулгандан кийин ар бир топтун өкүлү чыгып, өз тобунун планы жана алар тандап алган конкреттүү кадамдарды негиздеп берүүсүн өтүнүңүз?

## 9.3

## Көнүгүү: Өз ара түшүнүшүүгө жетишүү

*(Окутуу үчүн 90 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Бул көнүгүү ролдук оюндарды уюштурууга арналган. Ыктыярчыдан кийинки сценарийди окуусун сураныңыз:

*Массалык жакырчылыкты изилдөө боюнча иш тобу Женевадагы БУУнун имаратында ааламдаштыруунун дүйнөнүн эң кедей мамлекеттерине тийгизген таасирин талкуулоо максатында 40 мамлекетти кучагына алган үч күндүк жыйынга чогулат. Иш тобу тарабынан сунушталган иликтөөчү доклад жакыр жана мойнунда карызы бар мамлекеттердин өзгөчө сезгич келе тургандыгын унутуп калса керек жана аялдарга адистештирилген таасир берүү керек экендигин көңүлгө алган эмес. Иш тобунун жетекчиси Моника Гейндин алдына темалар жана күн тартиби боюнча жемиш бере турган жыйын өткөрүү тапшырмасы берилди. Бул жыйынга «Биздин иликтөөлөрүбүздү көңүлгө алгыла» деген аталыштагы аял-экономисттердин Коалициясы дагы кызыкдар болуп жатты. Бул иш тобу дүйнө жүзү боюнча өзүн жана өз үй-бүлөсүн багууга жөндөмсүз аялдардын саны тез өсүп бараткандыктары тууралуу өз далилдерин берүү үчүн жана саясат маселеси боюнча өздөрүнүн бир нече көрсөтмөлөрүн сунуштоо үчүн иш тобунун делегаттары менен жолугушууну каалаган.*

Көнүгүүнүн биринчи бөлүгүн өткөрүү үчүн топту эки тайпага бөлүңүз – иштөө тобуна (ИТ) жана «Биздин иликтөөлөрүбүздү көңүлгө алгыла» Коалициясына (БИКА). ИТ жана БИКАнын уюм тууралуу жалпы маалыматтарды жана

далилдерди камтыган жана сүйлөшүүлөрдү алдыга жылдырган өз аймактары бар. Бул проспекттерди көбөйтүп жана аны эки тайпага бөлүп берүү керек. Проспекттерди каршылаш топтун мүчөлөрүнө берүүгө болбойт.

## ИТнын Проспекти

(ИТнын) жакырчылык боюнча иштөө тобу кызыкдар өлкөлөр тарабынан жакырчылыктын тамырын ар тараптуу кыркуу боюнча саясий көрсөтмөлөрдү бере турган мамлекеттер аралык кеңеш бөлүмүн түзүү үчүн негизделген. Иштөө тобунун мүчөлөрү – жер шарындагы эң бай жана жакыр жашаган өлкөлөрдүн жыйындысы. Кээ бир нерселерди эске албаганда ИТнун мүчөлөрү жакырчылык маселелерин чечүүгө багытталган ири стратегияны негиздөө жана издөө жолдоруна чын дилден киришишкен. ИТ иш алып барган күндөн тарта 25 мамлекет боюнча отчет даярдады.

Женевадагы жолугушууда ИТ эки негизги максатты көздөйт:
**1-максат:** он эки ай ичинде отчет даярдала турган үч, төрт өлкөнүн тизмесин даярдоо. Өлкөлөрдү тандоо критерийлери абдан саясатташтырылган тандоолор ИТ ирилештирүү (глобализация) жолунун жакыр адамдар үчүн тийгизген таасирин сындоого жоопкерчиликтүү мамиле кыла тургандыктарын көрсөтүүсү керек.

**2-максат:** ИТ дүйнө жүзүндөгү уңгулуу элдердин оор абалын шылдыңга алат деген сынга жооп берүү. Буга чейин ИТ нын анализдери жакырларга, өкмөттөргө жана көрсөтүлбөгөн маданий салттарга коркунуч туудурган белгилүү бир социалдык жана экономикалык шарттар үчүн жоопкерчиликти жазууга арналган.

Ызы-чуулуу бир канча жергиликтүү укук коргоо уюмдары ИТнын анализдери аларды жакырчылык үчүн күнөөлөйт деп табышты. Ит өз анализдерин коргойт, ошол эле учурда жергиликтүү укук коргоочу топтор менен араздашуу маселесин чечүүгө абдан кызыкдар.

Моника Гейн ИТ нын абдан акылдуу жана кыймылдуу жетекчиси. Ал 30 жылдан ашуун укук коргоочулук жана мамлекеттик эмес уюмду жетектөөчүлүк тажрыйбага ээ (МЭУ).

Анын жердиги батыш африкалык өлкөлөрдөн жана укук коргоо боюнча тажрыйбасы узун тизмени түзөт. Анын ИТга дайындалышы анын өлкөсү калктын жакыр катмарын коргоого муктаждыктан келип чыккан туура чечим болуп саналат.

Төрт жыл мурун ИТ бул өлкөдөгү жакырчылыктын деңгээли тууралуу отчетун жарыялаган, ал калктын бир канча катмарынын, алар аралдын жергиликтүү жашоочуларынын салттарын, жашоочулардын өмүрлөрүнүн кыска болушу, начар тамактануусу жана май басып кетүү маселелеринин фонунда туура эмес күнөөлөгөн деген сынына кабылды.

Моника жолугушууда төмөнкү максаттардын артынан түштү:

- Коалиция акция уюштурууну пландап жатабы, эгер пландаган болсо, анын алдын алууга Айлананы көндүрүү үчүн бардык аракеттерди көрүү;
- Коалициянын өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын түздөн-түз иштөө тобуна тапшыруунун кереги жок экендигине, алар жыйындын өтүүсүнө жолтоо болбостугун, Коалициянын изилдөөсү толугу менен карала тургандыгына Айлананы ишендирүү;
- Айланага ИТнун анализи аялдардын жакырчылык жана анын келип чыгуусунун алдында өзгөчө көңүл бурууга муктаж экендигин бардык мезгилде көңүлгө аларын далилдөө;
- Коалиция менен ИТнун ортосунда формалдуу эмес өнөктөштүктү түзүү, мунун негизинде ИТ изилдөө жүргүзгөн өлкөлөрдө Коалиция мүчөлөрү менен чогуу, аялдар үчүн экономикалык шарттарды түзүү боюнча консультацияларды өткөрөт.

## БИКАнын Проспектиси

«Биздин иликтөөлөрүбүздү көңүлгө алгыла» (БИКА) – дүйнө жүзү боюнча аял экономисттердин тобу. 467 өлкөнүн ичинен 32% өнүккөн өлкөлөр. Болжол менен ар төрт жыл аралыгында БИКАнын комиссиясы аялдар арасындагы жакырчылык маселеси боюнча изилдөөлөрдүн жыйынтыгын жарыялап турат. Мурунку изилдөөлөр таза сууга жана тазалыкка ээ болуу, акушердик жана гинекологиялык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз болуу жана СПИД менен күрөшүү маселелерин камтыган. БИКА үч ай мурун өзүнүн ирилештирүү боюнча эң акыркы отчетун жарыялады. Ал массалык маалымат каражаттарына абдан кеңири жайылтылып, ал кыл өлкөлөр эл аралык соода жүгүртүү жана чет элдик жардамдар боюнча бул отчетко көп кайрылышчу.

БИКАнын мүчөлөрү Женевага өздөрүнүн отчетуна көңүл бурдуруу үчүн жана ИТ ар кыл өлкөлөр тууралуу бардык иликтөөлөрүндө өзгөчө басымды аялдарга жасоолорун өздөрүнүн резолюциясына киргизүүлөрүнө кысым жасоо максатында келишкен.

Айлана Бенге – БИКАнын учурдагы жетектөөчүсү. Ал Пацификинин туруктуу жашоочусу болуп саналат, бул жашоочуларынын негизин аралдын жергиликтүү калкы жана иммиграннтардан турган анча чоң эмес мамлекет. Төрт жыл мурун ИТ бул аралдагы жакырчылык тууралуу талаш-тартышты жараткан отчетун жарыялаган, анда алар жергиликтүү калктын салттарын алардын начар ден-соолугунун жана май басып кетүүнүн себепчиси катары күнөөлөгөн. Ал ИТ өз отчетунда аралдын туруктуу жашоочулары болгон калктын эң жакыр катмары үчүн өкмөт туура медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кыла алган эмес деп өздөрүнүн отчетунда туура белгилеген деген пикирде.

Айлана Иштөө Тобунун мүчөлөрү - жер жүзүндөгү эң бай жана эң кедей мамлекеттердин жыйындысы экендигин жакшы түшүнөт. Кээ бир нерселерди эске албаганда ИТнун мүчөлөрү жакырчылык маселелерин чечүүгө багытталган ири стратегияны негиздөө жана издөө жолдоруна чын дилден киришишкен. ИТ иш алып барган күндөн тарта 25 мамлекет боюнча отчет даярдады.

Айлана Моника Гейн ИТнун абдан акылдуу жана тың жетекчиси экенин билди. Ал укук коргоочу жана мамлекеттик эмес уюмдун лидери (МЭУ) катары 30 жылдык тажрыйбага ээ.

Анын жердиги батыш африкалык өлкөлөрдөн жана укук коргоо боюнча тажрыйбасы узун тизмени түзөт. Анын ITга дайындалышы анын өлкөсү калктын жакыр катмарын коргоого муктаждыктан келип чыккан туура чечим болуп саналат.

Айлананын ИТда аны менен Моника Гейндин ортосунда жолугушуу уюштуруп берген дос кызы бар. ИТнун жыйынынан тышкары, нааразылык акциясын өткөрүүнүн планын иштеп чыккан, нааразылык акциясын чагылдырууга жок дегенде эки массалык маалымат каражаттары келе турганын алдын ала билген Айлана, Моника менен жолугушууга макул болууга аргасыз болду. Айлана өз алдына төмөнкү максаттарды койду:

- БИКАнын мүчөлөрү аялдардын ааламдаштырууга адистештирүү боюнча күчтүү таасир этүүсү тууралуу өз иликтөөлөрүн ИТна сунуштоосу үчүн эки саат камсыз кылууга жетишүү;
- Иштөө тобу аялдардын абалына атайын көңүл бурган изилдөө жүргүзө тургандыгы тууралуу атайын резолюция кабыл алуусуна Мониканы макул кылдыруу;
- Иштөө тобу менен БИКАнын ортосунда расмий өнөктөштүккө жетишүү, мунун жыйынтыгында Иштөө тобу иш алып барган өлкөлөрдө БИКА экономикалык шарттар тууралуу кеңештерди жүргүзүшмөкчү

Ар бир топ өз проспектисин карап чыгуу үчүн 20-25 мүнөт чогулуулары зарыл жана компромисс түзүүсүз эле бир чечимге келе турган варианттарды, ыкмаларды карап чыгуулары керек.

Көнүгүүнүн экинчи бөлүгүндө бир түгөйү БИКАнын мүчөсү жана экинчи түгөйү Иштөө Тобунун мүчөсү болгон жуптарга бөлүнүүлөрү зарыл. Моника Гейн менен Айлана Бенгенин ролдорун ойноо менен жуптар алар чогуу кандайдыр бир чечимге келе алышабы маселесинин тегерегиндеги варианттарды карап чыгуулары керек. Жуптардын сүйлөшүүлөрү үчүн алардын карамагына 20 мүнөт берилет. Убакыт келген маалда жалпы бардыгы чогулуп, жуптардын өз алдынча иштөөлөрү эмне бергендигин жана жетишилген компромисстер тууралуу талкуулашат.

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- ИТнын алдында кайсы эң татаал маселе турат?
- БИКАнын алдында кайсы эң татаал маселе турат?
- Жуптар алар жакшы компромисстик чечимге жетишүүгө мүмкүн болду деп эсептейби? Эгер андай болсо, ал кандай компромисс?
- Жуптар карама-каршылыкты чечүү мүмкүнчүлүгү болгон жок деп эсептейби? Эмне үчүн?
- Бул көнүгүү жеңил же оор болдубу?

## 9.4

# Көнүгүү: Татыктуу күрөшүү, бирок канчага чейин?...

*(Окутуу үчүн 90 мүнөт убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчылардын биринен кийинки баянды үнүн бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз.

*Нигериядагы жалпы шайлоолор (губернаторлорду шайлоо) 2007-жылдын апрель айында болуп өттү. Ар кыл маалымат булактары бир канча штаттарда, өзгөчө Нигериянын түштүк-батышында ар түрдүү мыйзам бузуулардын жана орун алгандыгынан кабар берип турду.*

*Оппозициялык партиялар жыйынтыктарга макул болбой, сотко кайрылып, утуп алышты. Сот шайлоо учурунда бир катар мыйзам бузуулар орун алгандыгын аныктап, кайрадан шайлоо өткөрүү чечимин чыгарды. Укук коргоочулар экинчи шайлоого мониторинг жүргүзүштү. Алар кийинки шайлоо маалындагы мыйзам бузууларга мониторинг жүргүзгөндүгү үчүн коркутуулар, зомбулуктар болгондугун массалык маалымат каражаттары жазып чыгышты.*

*Шайлоо кампаниясынын жетекчиси, Өкмөт тарабынан бекитилген Теми Мутеси аттуу аял болчу. Мутеси шайлоо учурунда мыйзам бузуулардын орун алгандыгын, жеңүүчү адам башкаруучу партиядан экендигин, жеңишке жетүү үчүн жасалмалоолорго баргандыгын билип туруп, шайлоодогу ат салышуунун жыйынтыгын жарыялоого шашкан жок. Мутеси: "Процессти улантуу бул биздин христиандык аң-сезимибизге каршы келет" - деп жарыялады.*

*Мутеси шайлоонун жыйынтыгын жасалмалоо процессинин катышуучусу болгусу келбей, жумуштан кетүү тууралуу арызын берди. Бирок, анын арызы Федералдык өкмөт тарабынан кабыл алынган жок. Кийин Мутесини комиссияга кайтып келүүгө, ал башынан макул болгусу келбеген шайлоонун жыйынтыгын кабыл алуусуна мажбур кылышты.*

*Жасалмалоонун натыйжасында шайлоодо жеңилүүгө дуушар болгон оппозициялык кандидат жыйынтыкка макул болгон жок. Анын өлкөгө таанымал феминист аялы бул жоруктарды, анын ичинде Мутесинин алгачкы позициясында бекем тура албаганын сындаган билдирүүсүн таратты.*

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Мутеси өз позициясын ачык эле өзгөрттү. Анын бул аракети тууралуу Сиз кандай ойдосуз?
- Мүмкүн, Мутеси баардык процесс үчүн күнөөнү өз мойнуна алды жана көпчүлүк үчүн ал жыйынтыкты жасалмалоонун катышуучусу болуп калды. Бул аялдардын саясатка катышуусуна тескери таасирин тийгизбейби?
- Сиз Мутеси коомдук саясий кызматтагы эмес, коркутууга кабылган аял деп эсептейсизби?
- Феминистик кыймылдын лидери жана оппозициялык кандидаттын аялы өз билдирүүсүндө тилектештик тууралуу "Демократиянын арабасында майда мыкка айланган дагы бир аял үчүн жүрөгүбүз канап жатат" – жарыялады. Сиз аял саясатчыларга эркектерге караганда калысыраак мамиле кылынат деп ойлойсузбу?

# 10-САБАК:

## Жетишкендиктерди өлчөө, тажрыйбаларды өстүрүү

*(Окутуу үчүн 4 саатка жакын убакыт бөлүңүз)*

### Сабактын милдеттери:

- Сиздин кампаниянын пландарын, тактикасын жана иш жүзүнө ашыруу процессин мөөнөтү менен баалап туруунун пайдалуу жактарын карап чыгуу;
- Кампания жүргүзүү учурунда берилген убадаларды ишке ашыруу стратегияларын карап чыгуу;
- Башкалардын тажрыйбаларын иликтеп чыгуу жана лидердин сапаттарындагы эң натыйжалуу кадамдардын тизмесин түзүү.

## 10.1

## Көнүгүү: Биз канчалык ийгиликтүү экендигибизди кантип билсек болот?

*(Окутуу үчүн 30 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан кийинки баянды окуп берүүсүн сураныңыз.

*Уша Пател бөлмөгө кирип, жыйындар үчүн деген узун үстөлдүн башына олтурду, коалициянын 20 мүчөсү жана кампаниянын мүчөлөрү дуу эттире кол чаап жиберишти.*

*«Кыздардын сабаттуулугун көтөрүү боюнча улуттук кампаниясын баштоо үчүн, Сиздер бүгүн мени менен ниеттеш болгонуңуздар үчүн чоң ырахмат» - деп баштады Уша. Өзүңүздөр абдан жакшы билгендей, бул өлкөнүн аялдарынын 50% сабатсыз болуп саналат. Бул кампаниянын максаты – бул маселе боюнча коомчулуктун маалыматтуулугун жогорулатуу, маселени чечүү үчүн каражат чогултуу жана биздин башталышыбыз сөзсүз түрдө ийгиликке жете тургандыгына өлкөнүн жарандарын ишендирүү. Бизде баардыгы ойдогудай боло тургандыгына коомчулук ишенбесе, андан биздин коалиция эч нерсе кыла албайт же учурдагы кырдаалды*

*өзгөртө алабыз деп айта албайт. Мына ушундан улам мен айткым келет, бул жердегилердин бардыгы – биз кыздар арасындагы сабатсыздыкты жоюуга жетишебиз деп чын жүрөктөн ишенишет».*

*Уша ыңгайлуу жымжырттыкты күткөн болуп, олтургандарга бир сыйра көз жүгүрттү. Ушанын оң тарабында олтурган аял кол көтөргөн болду эле «Угуп жатам, Гита» - деп жылмая карады Уша.*

*«Акыркы мөөнөт коюулабы? Айталы, он жылдан кийин? Он жылдан кийин, өлкө боюнча сабатсыздыкты жоюуга жетише алабызбы?»*

*«Албетте, ошентип айтсак да болот. Бирок, мен бизди абдан тар үмүт менен чектегим келбейт. А эгер он жылдан кийин сабатсыздык жоюлбай калсачы? Бул биздин утулуубуздан кабар берген болобу? Биз ийгиликти, качан гана аны көргөндө сезе алабыз».*

*«Анда эмне бизге конкреттүү максаттардын кереги жокпу?» – деди өзүнүкүн бергиси келбеген Гита. Биз эмне кылышыбыз керек, кампанияны кандай уюштуруубуз керек, биздин жарнамабыз, биздин мектеп үчүн салымыбыз кандай болуусу зарыл, биз каражаттарыбызды, убактыбызды жана ресурстарыбызды кайда сарптайбыз?».*

*«Албетте Гита, бирок, бул нерселер күтүп тура алат. Биздин учурдагы максат – биздин инвесторлор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, биз эмнени өзгөрткүбүз келип жаткандыгыбыз тууралуу калктын маалыматтуулугун жогорулатуу жана каражат чогултуу. Биз ишенишибиз керек. Биз бул максаттарга абдан берилгенбиз, бизде ишенич барда сабатсыздыктын тамырын кырка алабыз, биз муну татыктуу түрдө жасай алабыз. Мен буга толук ишенем!».*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Сиз Ушанын «Биз ийгиликти, качан гана аны көргөндө сезе алабыз» деген пикири менен макулсузбу? Эмне үчүн?
- Гита кандай кылгысы келди? Анын кеңеши туура болдубу?
- Гита айткан критерийлер, анын уюму үчүн пайдалуу болмок беле? Эмне үчүн?
- Сиз алардын тизмесин кандай критерийлер менен толуктамак элеңиз?

Катышуучуларды төрт же беш адамдан турган топторго бөлүңүздөр. Ар бир топту Ушанын жана Гитанын топтору үчүн он жылдык жылнаама иштеп чыгуусун сураныңыздар. Катышуучулар майда топтордо сабатсыздыкты жоюу боюнча кампаниянын 10-15 критерийден турган күн тартибин иштеп чыгуулары керек. Ар бир топ өзүндө кандай ресурстар бар экендигин аныктап жана ал ресурстарга ылайык өз күн тартибин иштеп чыгуулары керек.

20 мүнөттөн кийин топту кайра чогулткула. Ар бир топ 10 жыл үчүн иштөө боюнча күн тартибин алып чыгуусу зарыл жана өз максаттарын негиздөө менен ийгиликке жетүү критерийлерин иштеп чыгуулары керек.

## 10.2

# Көнүгүү: Өз ишибиздин критерийлерин бекитүү

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Тактага **"4-Сабактын максатын"** жазыңыз.

Критерийлер – бул Сиздин канчалык деңгээлде өз максатыңызга жакын аракеттенип жаткандыгыңызды көрүүгө жардам берген багыттоочу чекиттер болуп саналат. Мисалы, эгер Сиз жергиликтүү бийликти же шаардык кеңешти өз Хартиясына аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча Конвенциянын беренесин камтууну камсыз кылууга мажбурлоо боло турган болсо анда, багыттоочу чекиттер: 1) жергиликтүү кеңешке бул конвенция тууралуу айтып берүү максатында жыйын уюштуруу; 2) бул тема боюнча университеттерде жана мектептерде талкуу уюштуруу; 3) бул маселеге жергиликтүү массалык маалымат каражаттарын тартуу; 4) аталган конвенция тууралуу коомдун маалыматтуулугун жогорулатуу жана анын жергиликтүү аялдар үчүн маанилүү экендигин жеткирүү; 5) бул конвенцияны колдоо боюнча 4000ден ашык кол топтоону жемиштүү түрдө жүргүзүп жаткан петицияны жайылтуу.

Катышуучуларды 4-сессиянын максатына жетүүдө ийгиликтин индикаторлору тууралуу акыл-эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыз. Топторду 5тен баштап, 10го чейинки индикаторлорду таап чыгууга аракеттениңиздер. Топтор кандай максаттарга жетүүнү каалап жатат?

Катышуучуларды үч-төрттөн кылып бөлүңүз. Ар бир тайпага тактада жазылган тапшырманы бериңиз. Алардын ар бир берилген тапшырманы аткаруу үчүн 2ден баштап, 4кө чейинки ийгиликтин критерийлерин иштеп чыгуу жаатында акыл эс чабуулун жүргүзүүсүн сураныңыз.

Тайпаларды чогултуп, ар бир тайпанын өкүлүн өз критерийлери тууралуу айтып берүүсүн сураныңыздар. Ыктыярчынын бул критерийлерди тактага жазып туруусу зарыл.

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Тактага келтирилген критерийлер Сиздерди күчтүү кыла алабы? Өз максаттарыңыздарга жетүүлөрүңүздөр үчүн жол көрсөтүүгө жардам бере алабы? Эмнеге?
- Башкаларга караганда кайсы критерийлер өзгөчө жакты? Эмне үчүн? Сиздин пикириңиз боюнча кайсы критерийлер көбүрөөк пайдалуу болушу мүмкүн?
- Кайсы критерийлер башкаларга караганда азыраак пайда берет?
- Ар бир максатты, анын маанилүүлүгүнө карап, ирээти менен коюуга болот деп эсептейсизби? Же бардык максаттар бирдей деңгээлде маанилүүбү?
- Башкаларга караганда кайсы максаттарга ылдамыраак жетишсе болот? Кайсы максаттарга жетишүү, башка максаттарга жетүүдөн көз каранды?

# 10.3

# Көнүгүү: Себилген уруктарды сугарып....

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Ыктыярчыдан кийинки баянды үндү бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*Насрин гезитти барактап, улуттук Парламентке өзү тандаган талапкер тууралуу жаңылыктарды издеп жатты. Астрид Хеджиниан мектептердин абалын оңдоого жана калктын жакыр катмары жана кыздар үчүн билим алууну жеткиликтүү кылуу үчүн берген убадасынан улам, калктын жакыр жашаган катмарынын жана аялдардын арасында белгилүү болгондугунан пайдаланды. Шайлоодон жеңишке жетишкен соң, Хеджиниан айым коомдук турмуштан жоголгондой болду. Ал шайлангандан бери 8 ай өттү, бирок, маалымат каражаттарында анын билим берүүнү жакшыртуу үчүн кылган аракеттери же бир саясий активдүүлүгүн көрсөткөндүгү тууралуу бир дагы сөз болгон жок. «Балким, ал көшөгө артында активдүү иштеп жаткандыр,» - деп ойлоду Насрин – ушундай эле болсо экен…».*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Эгер Астрид Хеджиниандын Парламенттеги иш-аракеттери тууралуу эч кандай жаңылыктар жок болсо, анда ал берген убадаларын аткарбагандыгынан кабар берип жатабы? Астрид Хеджиниан тууралуу жаңылыктардын жок болгондугун дагы кандайча түшүнсөк болот?
- Сиз качандыр бир кезде саясий орун үчүн талапкерди тандадыңыз беле, ал эми шайлоодон кийин алар берген убадаларынын үстүндө иштеп жатышкандыктары тууралуу кызыктыңыз беле?
- Саясатчы берген убадасын аткарып жаткандыгын аныктоо үчүн эмне кылат элеңиз?
- Сиз колдогон кандидатты тиешелүү саясий кызматка шайлангандан кийин дагы колдоо керекпи? Эмне үчүн?
- Сиз тандаган талапкер берген убадаларын кандайдыр бир саясий орунду ээлеп турган учурунда аткаруусу үчүн кандай аракеттерди көрмөк элеңиз? Сиз талапкерлер шайлоо алдында берген убадаларын аткаруусу зарыл деп эсептейсизби?

Катышуучуларды үч-төрт адамдан турган топторго бөлүңүз. Ар бир топ Астрид Хеджиниандын талапкерлигин колдоп жаткандыгын элестетүүсүн сураныңыз. Алар Астрид Хеджинианды (эгер топтун мүчөлөрү жалпы колдой турган реалдуу талапкер болсо, анда топтун мүчөлөрү альтернативдүү түрдө ал талапкерди колдоо тууралуу манифестин иштеп чыгышса болот) колдоп жаткандыктарын жарыялоо үчүн 5-10 стратегиянын, аракеттердин же убадалардын ичинен манифест иштеп чыгуулары керек.

Топтор Парламенттин аракети жана астрид Хеджиниан тууралуу аларга кошумча маалымат керекпи же жокпу деген суроонун тегерегинде ой-жүгүртүүлөрү зарыл. Алар аны кайдан, кантип алышат? Эгер маселе анын өз убадаларын аткаруу үчүн

Парламенттеги тарапташтарын табууда болуп жатса, алар (топтун мүчөлөрү) эмне кыла алышат? Эгер ал ачык айтуудан коркуп жатса , эмне кылуу керек? Эгер Астрид Хеджиниандын аракеттери Парламенттин башка мүчөлөрү тарабынан четке кагылып жаткан болсо, ал эмне кылуусу керек?

Алар манифесттин үстүнөн иштеп бүткөн соң, бардык топтордун чогулуусун сураныңыздар. Ар бир топтон бирден ыктыярчы чыгып, өз манифесттерин үндү бийик чыгарып окуп берүүсүн сураныңыздар.

### Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Бир тайпанын иш алып баруусуна караганда, кандай темалар жана стратегиялар иштелип чыкты?
- Сиздер талапкерлерди колдоо боюнча манифестке камтылгандар тууралуу кандайдыр бир кадамдарды жасай алдыңызбы?
- Сиз келечекте аял-талапкерди колдоо үчүн кандай кадамдарды жасамак элеңиз?

## 10.4

## Көнүгүү: Семинар учурунда биз аялдардан эмнени үйрөнө алдык?

*(Окутуу үчүн 45 мүнөткө жакын убакыт бөлүңүз)*

Катышуучулардын ар биринин ысымдарын жана өзүңүздүн атыңызды кичинекей баракчаларга жазып, аны бүктөп, кандайдыр бир бутакка салып коюуңуз. Андан соң, Сиз менен кошо катышуучулар, бутактан аттар жазылган баракчаларды алып чыгуулары керек (эгер кимдир бирөөгө өзүнүн аты жазылган баракча туш болгон болсо, ар башка катышуучу менен алмашып алуусу абзел).

Бардык катышуучуларда бир барак кагаз, калем же карандаш болсун. Катышуучулардын баарысы колундагы баракка кичине кагазда жазылган адамдын атын жана анын лидерликке жана саясий уюмга тиешелүү эки же үч сапатын, ал күчтүүбү же ушул сыяктуу нерселерди жазуусун сураныңыз. Муну аткарууга 10-15 мүнөт сарпталат.

Баардыгын кайрадан чогултуп, алар тандаган аялдарга аныктама берүүсүн сураныңыз. Бул процесс оюн түрүндө өтүүсү зарыл, ошондуктан, катышуучулар бири-биринин таржымалы тууралуу ой бөлүшкөнгө убакыт бериңиз.

## Семинардын ишин баалоо куралы: семинардын сабактарынан биз эмне биле алдык?

*(45 мүнөт бөлүңүз)*

Талкуулар учурунда дайыма жазып туруу абдан пайдалуу, себеби, катышуучулардын комментарийлери Сиздин башка семинарларды өткөрүүңүз үчүн чоң жардамы тиет.

Катышуучуларды үч-төрт адамдан турган топторго бөлүңүз. Ар бир топту кийинки төрт суроону талкуулоосун сураныңыз жана алардын жоопторун батман кагазына жазып туруңуз (бул үчүн 30 мүнөт убакыт талап кылынат):

1. Сиз каалаган нерселердин ичинен семинар учурунда кайсынысына жетише алдыңыз?
2. Сиз өз алдыңызга койгон милдеттердин ичинен кайсыларына жетүүгө мүмкүн болбой калды же ага көбүрөөк убакыт бөлсөңүз жетише алат белеңиз?
3. Акыркы он сабактын ичинен, кайсы көнүгүү, талкуу же тажрыйба Сизге өзгөчө таасир берди? Эмне үчүн?
4. Бул семинардын тренерлерине кандай кеңештерди же өзгөртүү үчүн кандай көрсөтмөлөрдү бере аласыз?

Катышуучуларды кайрадан чогултуп, топтордун өз ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сураныңыз.

### Топтук талкуу үчүн суроолор

Сабактардын ичинен Сиз өз ишиңизде колдонууну каалап жаткан кайсы конкреттүү идеяны же тажрыйбаны ала алдыңыз? Семинардын жыйынтыгы менен Сиз келечекте өз жүрүш-турушуңузду, каалоолоруңузду жана тандооңузду кантип өзгөртөсүз?

**“4-сабактын максатын”** карап чыгууда топтордун кийинки кадамдары кандай болуулары керек?

# СЕМИНАРДЫ БААЛОО ФОРМАСЫ

Сураныч, саясий активдүүлүк тренингинин тажрыйбасын жана Сиздин семинардын тренеринин ишин тиешелүү жерге белги коюу менен баалаңыз. Бул баа берүүлөр кийинки семинардын ишин жакшыртууга жардам берет.

**5=эң жакшы, 4= жакшы, 3=канааттандырарлык, 2=жашыртууну талап кылат, 1=абдан жаман**

Эгер Сиз аты-жөнүңүздүн көрсөтүлүшүн каалабасаңыз, Сиздин баалоо формаңыз анонимдүү түрдө жүргүзүлөт.

## САБАКТАР

| | |
|---|---|
| 1. Семинарга катышуу менин күнүмдүк жашоомдогу маселелер тууралуу ойлонуума түрткү берди | 5 4 3 2 1 |
| 2. Семинарга катышуу менин башкалардын алдында өз ой-пикиримди айтпоо ниетимди кыскартты | 5 4 3 2 1 |
| 3. Семинарга катышуу менин башкаларды көңүл коюп уга билүүмө түрткү болду | 5 4 3 2 1 |
| 4. Семинарга катышуу менин башкалар менен натыйжалуу пикир алыша билүүмө түрткү берди | 5 4 3 2 1 |
| 5. Семинарга катышуу менин өзүмө ишенүүмдү бекемдеди | 5 4 3 2 1 |
| 6. Семинарга катышуу менин жамаатымдын келечектеги жакшы жашоосу тууралуу ойлонуума түрткү берди | 5 4 3 2 1 |
| 7. Семинарга катышуу менин өз ыктыярым менен иш баштоомо түрткү болду | 5 4 3 2 1 |
| 8. Семинарга катышуу менин үй-бүлөмдүн же жамаатымдын маселесин топтук ишмердүүлүктүн негизинде чечүү керек деген ишенимди берди | 5 4 3 2 1 |
| 9. Семинарга катышуу көп досторду жана кесиптештерди табуума түрткү болду, мен алар менен эч тартынбастан, жеке жана жалпы маселелерди талкуулоомо, жамаатымдын жашоосун өзгөртүүмө түрткү болду | 5 4 3 2 1 |
| 10. Семинарга катышуу менин саясий активдүүлүк тууралуу көп нерсени билүү ниетимди ойготту жана мен аялдардын статусун бекемдөө үчүн бир нерсе жасай ала тургандыгыма ишеним берди | 5 4 3 2 1 |
| 11. Семинардын башка катышуучулары менен иштөө менин жамаатымда аялдар чечим кабыл алуу процесстерин активдүү катышуусу керек деген түшүнүктү берди | 5 4 3 2 1 |

| | |
|---|---|
| 12. Семинар маалында сунушталган бейнелерди угуу саясий активдүүлүктү изилдөө үчүн пайдалуу болду | 5 4 3 2 1 |
| 13. Көнүгүүлөр менен иштөө менин саясий укук коргоочулук ишмердүүлүгүм үчүн пайдалуу болду | 5 4 3 2 1 |
| 14. Мен бул семинардан аялдар дагы, эркектер дагы пайдалуу билим аларына ишенем | 5 4 3 2 1 |
| 15. Мен досторума, кесиптештериме, туугандарыма бул семинарга катышкыла деп кеңеш берем | 5 4 3 2 1 |

Сураныч, төмөндө семинардын калган бөлүгү боюнча пикирлериниздерди жазыңыздар. Семинарды Сиздин жамаатта жана башка элдер үчүн мындан дагы пайдалуу кылуу үчүн кандай кеңеш берет элеңиз. Сураныч, саясий активдүүлүк боюнча Сиз билген башка тажрыйбалар менен дагы бөлүшсөңүз.

## Комментарийлер:

## Фасилитатор

| | |
|---|---|
| Тренер сабакты иреттелген ылдамдыкта өттү, эриктирген жок. Бирок, менин материалды түшүнүүм үчүн жетиштүү | 5 4 3 2 1 |
| Тренер менин жеке жана кесиптик маселелеримди тартынбай айтуум үчүн жагымдуу маанай жарата алды | 5 4 3 2 1 |
| Тренер чын дилинен өз тажрыйбасы менен бөлүштү, бул талкууга стимул болду | 5 4 3 2 1 |
| Тренер катышуучуларга саясий активдүүлүктүн кыйынчылыктарын түшүнүүлөрүнө стимул берди | 5 4 3 2 1 |
| Тренер катышуучулардын актуалдуу маселелер боюнча сунуштарын туура кабыл алып, семинарды биз каалагандай өттү | 5 4 3 2 1 |

Сураныч, төмөндө семинардын калган бөлүгү боюнча пикирлериңизди жазыңыз. Семинарды Сиздин жамаатта жана башка элдер үчүн мындан дагы пайдалуу кылуу үчүн кандай кеңеш берет элеңиз? Сураныч, саясий активдүүлүк боюнча Сиз билген башка тажрыйбалар менен дагы бөлүшсөңүз.

## Комментарийлер:

# ТИРКЕМЕЛЕР

А. Кошумча көнүгүүлөр

Б. Пресс-релизди кантип жазуу керек:
мисалдар жана көнүгүүлөр

В. Этикалык кампанияларды уюштуруу. Кеңештер бети.

Г. Мобилдештирүү. Өз ой-максаттарын
коомчулукка жеткире билүү

Д. Түйүн ичинде иштей билүү жана коалиция түзүү

Е. Саясий активдүүлүк боюнча
терминдердин глоссарийи

Ж. Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча
интернет ресурстар

З. Квоталар гендердик акыйкаттыктын ченеми катары

И. Ишеним жана эркиндик. Доклад

К. Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча
эл аралык юридикалык документтер

Л. «Women Learning Partnership». Публикациялар
жана окутуу инструменттери.

# «А» ТИРКЕМЕСИ:
## Кошума көнүгүүлөр

## Көнүгүү: Радио-маек

Ыктыярчыдан кийинки баяндаманы үн чыгарып окуусун сураныңыз.

*«Бхаратия эйруэвс» консервативдик радиостанциясы рейтингин өтө бат жоготуп, биргелешкен демөөрчүлөр жана жарнама берүүчүлөр компенсация талап кылып жатышты. Компромисс алдында же жабылып жатып, бул радиостанциянын Кеңеши өзүнүн «чагымчыл» радио алып баруучуларды колдонуу саясатын өзгөрттү.*

*Станциянын эң биринчи чуулгандуу программасы өлкөнүн эң чоң университетинин колледжиндеги «Аялдар демилгечи тобунун» катарындагы студент кыз менен болгон маеги болуп калды. Станция кийинки маектер үчүн өзүн жарнамалай алган жок, анткени, алар аялдарга каршы ыплас тилдик каражаттарды колдонуп, аудиториянын жанданышына салыштырмалуу кызды маскаралоого өткөн.*

*Ал убакта Хина Дилавар микробилогия факультетинин экинчи курсунун студенткасы болчу. Анын академиялык карьера жасоого кызыкчылыгы күчтүү эле. Университеттин илимий баскычтарынан алган билими, анын жеке изилдөө жүргүзүүсүнө жетмек жана микробиологиянын алдыңкы катарында туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болмок. Анын көңүлүн бурдурган маселе, илимий багыттарды изилдеп үйрөнүп жаткан аялдардын саны бир топ экендигине карабай, дал ушул аял профессорлордун санынын өтө аздыгы жана бир дагы аял микробиологдун болбогондугунда эле.*

*Жыйынтыгында, Дилавар айым жана анын бир нече кесиптештери кесиптик чөйрөдө аялдардын алдыга жылуусундагы тоскоолдуктарды жараткан «айнек шыпка», жалпы тил менен сүйлөп бара турган жана аял профессорлордун санынын аздыгына көңүл бурууну жогорулатуу максатында, «Аялдардын демилгечи тобун» түзүшкөн. Топтун мүчөлөрү басмырлаган жагдайларга, студенттердин жана башкаларды назар салдыруунун жана аны кандай жеңүү стратегияларын иштеп чыгышты.*

*Бир жолу аларга «Бхаратия эйруэвстен» топтун лидери менен маек куруу ниети менен чалышты. «Аялдардын демилгечи тобунда» атайын бекитилген лидер болбогону менен, жалпы жамаат аудитория менен маек курууга Хина Дилавар эң ылайыктуу деп тапкан.*

*Маек куруу жакындаган сайын «Бхаратия эйруэвс» аялдарды басмырлоого белсенип жаткандыгы айкын болду. Топтун мүчөлөрүнүн ортосунда маек берүүдөн баш тартуу жаaатында кызуу талкуу болду. Хина Дилавар маек курууга даяр эле, себеби, ал топтун коомчулукка таанылуусуна өбөлгө түзмөк.*

*Маек өтүүчү күнү өтө жандуу көчө менен өз багытында жай жүрүп бара жаткан автобуста олтурган Хана Дилавар, өз тобу тууралуу бир нече материалды окуп алуусу үчүн убакыт бар эле. Ал радиостанцияга кичине кечигип келди жана студияга жайбаракат кирип келди. Ал кирер замат дароо ага микрофон тагылып, төмөндөгү сөздөр жаңырды: «Мына урматтуу угармандар, Хина Дилавар айым дагы келип калды. Мен маекти мындай суроо менен баштагым келип турат, Дилавар айым жана анын достору кантип профессионал болууга аракеттенип жатышат, эгер ал өзү маек берүү үчүн студияга өз убагында келе албаса?».*

*Ыңгайсыз абалга туш болгон Хинага ой топтоп алуу үчүн бир нече мүнөт керек болду. Алып баруучунун кийинки суроосу андан кем эмес орой түрүндө болуп, андан аркысынын баары Хина Диавар даярданган темадан сырткары болуп жатты. Ал эми топтун мүчөлөрү демдерин ичине тартып маекти үйлөрүндө угуп, Хина качан жагдайды өз нугуна салат деген үмүттө күтүп жатышты. Үчүнчү суроо болсо, топтун мүчөлөрү күйөөгө чыкканбы, же чыккан эмеспи?- деген маселени козгоду. Хина Дилавардын үнү барган сайын бийиктеп, барган сайын «аялдар демилгечи тобунун» ишмердүүлүгүнөн четтеп жаткан алып баруучунун ар бир суроосуна наразычылыгы байкалып турду. Он мүнөттөн соң маек аяктады.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- «Аялдар демилгечи тобу» радио маеккке катышуу менен өз максаттарына жете алдыбы? Эмнеге?
- Маекке жакшы даярдыктарды көрүү үчүн Хина Дилавар жана анын кесиптештери башка чара колдонушса болот беле?
- Хина Дилавар суроолор кандай берилсе, ошого жооп бербестен, маекти «Аялдар демилгечи тобунун» максат, милдеттерине жакындаткан жагдайды түзсө болот беле?

## Топтук иш

«Радио маек» баянында Хина Дилавар маектен мурун өз уюму тууралуу материалдарды окуп чыкты. Бирок, күтүүсүз кырдаалдар учурунда абдан кылдат даярданган адам дагы кызыктуу жана ишенимдүү аргументтерди бат унутуп калуусу толук мүмкүн. Хина Дилавар аргументтерди даярдап алган болсо, алар сүйлөшүүнү «Аялдар демилгечи тобу» зарыл деп эсептеген туура багытка бурулуусуна жардам бермек.

- Эгер Сиз «Аялдар демилгечи тобунда» болсоңуз, Сиз үчүн илимпоз аялдардын жана башка адистердин маселеси абдан түйшөлткөн болсо, радио маек учурунда кандай фактыларды, куйкум сөздөрдү, кайрылууларды жана маалыматтары келтирет элеңиз?
- Катышуучуларды төрт-беш адамдан турган майда топторго бөлүп, радио маек учурунда аялдардын иш ордунда басмырланууга туш болуусу жана эмне үчүн мындай акыйкатсыздык келип чыгып жатат, эмне кылуу керектиги жөнүндө үчтөн баштап сегизге чейинки себебин табууга шарттаган сиз зарыл деп эсептеген «акыл-эс чабуулун» жүргүзүңүз.
- Окууга жана колдонууга ылайыктуу болуш үчүн өз далилдериңизди кыска жана так эскертүү түрүндө жазыңыз.
- Сиздин далилдериңиздин негиздүүлүгүн жалпы топ менен баалоо үчүн топтун ичинен бир өкүлдү тандаңыздар.

# Көнүгүү: Хода Курашини шайлайбыз!

Ыктыярчыдан кийинки баянды үнүн бийик чыгарып окуусун сураныңыз.

*Парламенттик шайлоого ат салышкан талапкер Хода Кураши митингге катышуудан баш тартууну каалаган. Беш күн мурун Кураши айымдын чет жердеги агасы машинени мас абалында айдагандыгы үчүн камакка алынган. Бул окуяны жаңылыктар, ток шоу, ал гана эмес улуттук гезиттерден бери басып чыгарышты. Ал жалгыз гана ушул окуя тууралуу билгилери келген журналисттер үчүн митинг уюштуруу убакытты текке кетирүү жана өзүн-өзү басмырлоо экендигин түшүндү. Агасынын кетирген катасын ал капалануу менен кабыл алып, бул окуя анын жеке өзү үчүн жана бүтүндөй үй-бүлө үчүн трагедияга айланды. Баардыгынын көңүлү ушул ызы-чууга өзгөчө назар салып жаткан учурда, ал өзүнүн саясий жолундагы маанилүү маселелер менен алектене албасын дагы толук түшүнүп турду.*

*Мындай жагдайда, Кураши айымдын шайлоо кампаниясынын координаторлору өздөрүн колго алып, митинг уюштурулду. Уюштуруу иштеринин бардыгы алдын ала күтүлгөндөй болду. Алдын ала даярдалган таасирдүү сөз гүлдөрү менен куралданган, ачык күлгүн түстөгү костюмчан Кураши айым өзүн сабырдуу кармап, тепкичтен өйдө көтөрүлдү.*

*Митингде аны 300 дөй адам күтүп турган болчу. Ал болгону 20 мүнөт гана сүйлөп, парламеттик реформалардын жөнөкөй аялдарга жана эркектерге жардам берүү үчүн мыйзамдардагы өзгөрүүлөрдүн зарылдыгы тууралуу сүйлөдү. Анын жөнөкөй элге болгон кайрылуусу калкты ишендирип, ага добуш берүүгө ынандыра алат деген үмүттө болчу. Кайрылуудан кийинки бир нече мүнөттөрдө эл бир демге дымып калды. Андан соң, «Парламенттеги кандай өзгөрүүнү сунуштай аласыз?, «Кандай мыйзамдарды кабыл алууну сунуштайсыз?» - деп кыйкыргын аялдын үнү чыкты. «Менимче, мен «реформалардын болушун сунуштайм» деп түшүнүктүү эле айттым окшойт» - деп шаша-буша жооп кайтара салды Кураши айым. Андан соң ал кол көтөргөн журналистке кол жаңсады. «Сиз сунуштап жаткан реформаңыз тууралуу конкреттүү маалымат бере аласызбы?» - деп сурады журналист.*

*«Албетте, мен сунуштап дагы өттүм». Аны алагды кылгысы келген онго чукул эркек журналисттерге көңүл бурбастан, Кураши айым, кайрадан журналист кызды көздөй кол жаңсады. «Сиз шайлоо кампанияңызды кантип каржылоону пландап жатасыз?» - деп сурады журналист кыз. «Сиздин реформаларыңызды ким колдойт?».*

*Финансылык каржылоо жаатындагы суроо абдан кыйын болду. «Ходу Курашини шайлайбыз» кампаниясынын отчету көрсөткөндөй, бардык каражаттар анын талапкерлиги көрсөтүлгөнгө чейин чогултулган, абийирдин аты үчүн өлтүрүүгө баргандарды катуу мыйзамдын кабыл алынышын жактагандар тарабынан чогултулган эле.*

*Абийирдин аты үчүн өлтүрүүгө баргандарды жазалоо үчүн абдан катуу мыйзам кабыл алуу менен күрөш жүргүзө тургандыгы тууралуу ант берип, Коалиция өлтүрүүнү токтотуу үчүн анын кампаниясына болгон каражатын жумшоого өттү. Мыйзамдын кампания каржылык жактан колдоп жаткан техникалык тарабына толук киришпей туруп, коалициянын милдет-максаттарын чаташтырып, өз наамын булгап алууну каалабагандыктан, ал бул суроого кантип жооп берүүнү билбестен, буйдалып калды.*

*Ал суроо берген адамга карабастан, жай жооп берип баштады «Менин кампаниямдын финансылык каражаттарынын бардыгы мыйзамдуу булактардан чогултулган, анын бардыгы Парламенттеги реформаларды жүргүзүүгө багытталган. Дагы суроо барбы?».*

*Мындан соң журналисттер өздөрүнүн терс сапаттарын көрсөтүп, кыйкырып, орой суроолорду берүү менен катар жооп дагы талап кылып жатышты. «Агаңыз боюнча сот процесси качан болот? Аны кылганы Сизди уялтпайбы?» - деп микрофон аркылуу кыйкырган журналистти топтун арасынан даана көрүүгө болот эле. Хода баары бир мындай суроо берилерин күткөн болсо дагы, ал ага оор тийди. Ал аны өтө оор кабыл алды, анткени, ал үй-бүлөсүнөн алыскы жерде абакта жана да ал мындай катачылыкты Хода Парламенттик ат салышууну баштаган учурда кетирип олтурат. Хода жөтөлгөн болду.*

*«Чындык ушундай –деп баштады ал сөзүн, анын камалганы мага жана менин үй-бүлөмө оор тийди. Биз окуянын кандайча болгонун түшүнө албай, агам үчүн тилек кылып жатабыз. Бирок, агама байланыштуу бул окуя – биздин үй бүлөлүк маселебиз, ал менин Парламенттеги жасай турган иштеримдин сапаттарына эч таасирин тийгизбейт. Агам тууралуу айтар кебим ушундай».*

*Башында бир азга кол чабуулар байкалды, ага башкалар кошулушуп, кимдир бирөө «Хода Курашини шайлайбыз!» - деп кыйкырды. Мындан соң, кол чабуулар жапырт уланып, колдоо көрсөтүү маанайындагы кыйкырыктар угулуп жатты.*

## Топтук талкуулоо үчүн суроолор:

- Хода Кураши кандай катачылыктарды кетирди? Сиздин оюңузча, кайсы сөздөр жана жооптор кандай түрдө шайлоочуларга таасир берди?
- Кураши айым дагы эмнени өзгөртсө болот эле?
- Шайлоо кампаниясын каржылоо тууралуу суроого Сиз кандайча жооп берет элеңиз?
- Кураши айымдын кайсыл аракеттери же сөздөрү ага ийгилик алып келди?
- Кураши айымдын агасы тууралуу жооптору элге эмнеси менен жакты? Анын агасы тууралуу жообу Сизге жактыбы? Эмне үчүн?
- Сиз талапкердин саясий платформасынын майда-чүйдөсүнө чейин киришүүгө коомчулуктун акысы бар деп ойлойсузбу? Коомчулуктун талапкердин финансылык булактары тууралуу билүүгө укугу барбы? Коомчулуктун талапкердин агасы мас абалында айдагандыгы үчүн камалганы тууралуу билүүгө укугу барбы?
- Талапкер кандай сурооолордун жана маселелердин айланасында чын жүрөктөн жооп берүүсү зарыл деп ойлойсуз?

# «Б» ТИРКЕМЕСИ:
## Пресс-релизди кандай жазуу керек: Мисалдар жана көнүгүүлөр

### Пресс релизди туура түзүү

Пресс-релиздер – тигил же бул окуялардын, жарыялардын, бир жактуу пикирлердин же жетишкендиктердин маанилүүлүгүн белгилөө максатында окуянын жүрүшүнүн жазуу түрүндө ирээтке келтирилип, массалык маалымат каражаттарына таркатылышы (гезиттерден баштап теле жана радиодогу жаңылыктар, андан сырткары, интернет сайттарындагы маалымат булактары). Пресс-релиздер Сиздин кампанияңыздын ишмердүүлүгү тууралуу жана башка маанилүү окуялар тууралуу массалык маалымат каражаттарын маалымдоонун эң сонун жолу болуп саналат. Пресс-релиздин форматы журналисттердин, радио жана телевидениенин кызматкерлеринин жана башка кесипкөйлөрдүн массалык маалымат каражаттарына жарыялоо үчүн Сиздин маалыматыңыздын канчалык деңгээлде баалуу экендигин аныктоосуна жардам берет. Таасирлүү пресс-релиз жаза билүү жана аны жарыялоо, орду менен убактысын тандай билүү Сиздин миңденген, кээде миллиондогон шайлоочуларыңыздын болушуна жардам берет.

Жакшы жазылган пресс-релиз жакшы кабар менен бирдей. Ал анча көлөмдүү эмес, бирок, маалыматка бай болуп, окуганда көп нерсени маалымдай алат. Маданият, массалык маалымат каражаттарынын графиги менен максаттары өзгөрүп, жаңыланып турса да, сиз жазган пресс-релиз, жаңы окуяларды чагылдырып туруусуна басым жасашыңыз абзел жана ушул ыкманы адатка айлантууга аракет кылууңуз, ал үчүн Сиз кайсы бир базалык көрсөтмөлөрдү аткарууңуз зарыл.

- Өзүңүз ишенген массалык маалымат каражаттарындагы маалыматты берүү ыкмасы менен убактысына көңүл буруңуз. Бул маалыматты Сиз, ошол басылманын редакторуна же менеджерине кат жазуу же телефон чалуу аркылуу алсаңыз болот. Чоң маалымат түйүндөрүнүн, телеберүүлөрдүн же белгилүү радиоберүүлөрдүн менеждерлерин табуу кыйын, бирок, бул маалымат түйүндөрүнүн бардыгынын интернет сайттары бар, бул сайттар аркылуу Сиз пресс-релизди кандайча жөнөтө тургандыгыңыз тууралуу толук маалымат ала аласыздар.
- Пресс-релизди өзүңүзгө гана тиешелүү ыкма жана стил менен жазыңыз, аны бир сыйра көз жүгүртүү менен жарыялоого ылайыктуу кылып, боюна урунттуу маалыматтарды сыйдыруусу абзел. Журналисттин маалыматты оңдобой түз жарыялоосу – бул маалыматтын Сиз каалагандай толук бойдон чагылышы. Жарыяланган маалыматтардын ичинен, негизинен, пресс-релиздер оңдолууга көп туш болот, бул бир канча сөздү оңдоо же бүтүндөй бир цитатаны кошуу дегендикке жатат.
- Пресс релиздер кыска болушу зарыл, эң көп дегенде бир же эки барак. Эгер басылма көлөмдүү макала жарыялагысы келген болсо, анда журналист өзүнүн жеке иликтөөсүн жүргүзүүнү чечкендиги. Эгер пресс-релиз узун жазылган болсо, анда редактор убакыттын аздыгынан аны толук окубашы мүмкүн.
- Пресс релизди жазып жатканда негизги маалыматтарды алдыңкы саптарга сыйдырууга аракет кылыңыздар. Эгер редактор маалыматты кыскарта турган болсо, анда ал кыскартууну аягынан баштайт. Ошондой эле редактордун дагы көңүлүн буруу

үчүн, негизги маалыматтар тексттин башталышында камтылышы мүмкүн. Маалымат редакторго жагып баштаса, ал аны аягына чейин окууну улантат. Жакпай кала турган болсо, керектүү маалыматка жеткенге чейин эле окууну токтотуп таштайт.

- Форматка салуунун жалпыга тиешелүү стилин колдонуңуз («Пресс-релизди форматка салуунун негизги эрежелери бул бөлүмдүн аягында). Бардык пресс-релиздер окшош болбоосу керек. Мындан сыркары, жалпыга тиешелүү формат редактордун ишин жеңилдетет.
- Пресс-релизди жөнөткөндөн бир күндөн кийин электрондук дарек же телефон чалуу аркылуу редактор же менеджер (же пресс-релиздерди тандоо боюнча жооптуу адам) менен байланышып, маалыматыңыз жеткендиги тууралуу жана кошумча маалыматтын кереги жокпу, тактаңыз.

**Талкууну андан ары улантуу үчүн:**

1. Сиз уюштурган иш-чаралардын ичинен кайсылары маалымат каражаттарына чагылдырууга татыктуу?
2. Окуяларды, иш-чараларды же маселелерди чагылдыруу үчүн улуттук жана эл аралык массалык маалымат каражаттарынын ичинен кайсыларын чакырууну туура көрөт элеңиз?
3. Сиз уюштурган кампания же уюмуңуздун ишмердүүлүгүн чагылдырууга кызыкдар болгон гезит же журнал, конкреттүү радио же теле станциялар бар деп эсептейсизби?
4. Массалык маалымат каражаттары Сиздин маалыматтарыңызга муктаж деп эсептейсизби?

# БИР ПРЕСС-РЕЛИЗДИН МИСАЛЫНДА ИЛИКТӨӨ: 1-МИСАЛ

## Троян тулпары

«Women Empowerment (WE)» уюму аялдардын гигиенасына байланыштуу чыгарылган буюмдар үчүн алынуучу ашыкча салыкты алып салууларын талап кылып, мамлекеттик кызматкерлерге кысым көрсөткөн. 10% салык алынуу менен тампондор жана гигиеналык салфеткалар шөкөттүү деп табылып, жыттуу атырлар жана чет жерден келген тамекилер менен бирдей категорияга кирип калган. Бул маселе тууралуу жогорку жактагыларга кат түрүндөгү жана жеке кайрылуулар эч натыйжасыз кала берди. «WE» уюмунун мүчөлөрү бул маселе боюнча массалык маалымат каражаттарына, бул аялдарга карата басмырлоо мүнөзүнө ээ экендигин тастыктаган ишенимдүү далилдери жана статистикалык көрсөткүчтөрү менен бир нече жолу кайрылышкан, бирок, журнилисттер дагы бул маселеге кызыгышкан эмес.

«WE» уюму күрөшүүнүн жаңы ыкмасын ойлоп табуу менен бир мамлекеттик жогорку даражадагы адамга интернетке кошулган компьютер белекке берүүнү чечишти. Бир күнү ал интернетке чыгып, интернет браузинг менен алаксып олтурган учурда, анын электрондук дарегине салыктын дал ушул түрүнө байланыштуу миңдеген даттануулар келип түшкөн. «WE» белекке берилген компьютер тууралуу

пресс-релиз жана миңдеген билдирүүлөрдү таратуусунун негизинде, ага бул кайрылуулар келип олтурат. Ушундай жол менен бул окуя жергиликтүү жана эл аралык маалымат булактарында жарыяланып жатты.

Women Empowered
43 Bunche Road P.O.
Почталык дареги 56643
Өлкөсү жана шаары

ТЕЗИНЕН

Жооптуу кызматкер: Анна Имданга Джоунз
XXX-X-123456/8 (Office)
AlJones@we.org

**БАШКЫ КОМИССАРГА БЕЛЕККЕ БЕРИЛГЕН, САЛЫК ТУУРАЛУУ МИҢДЕГЕН ЭЛЕКТРОНДУК КАТТАР БАР КОМПЬЮТЕР ТУУРАЛУУ**

Шаар, 18-ноябрь, 2003-ж.

-Башкы комиссар Сене Недри жергиликтүү аялдардын мамлекеттик эмес уюму, анын кеңсесине интернет кошулган компьютер белекке берүүгө камынып жаткандыктарын угуп абдан кубанган. Ага белекке берилген бул компьютердеги электрондук дарек, дүйнөдөгү ондогон аялдар уюмунун карамагында экендигин ал кийин түшүндү. Сене Недри Мырза бир топ күн бою «Аялдардын гигиена буюмдарына керектелүүчү салыктарды жоюңуздар» деген мазмундагы миңдеген билдирүүлөрдү алып жатты.

Жаңы компьютер 11-октябрь күнү Мамлекеттик чогултуулар Демпартаментине орнотулган. Компьютер Өкмөткө, WEнин негиздөөчүсү жана Президенти Вангари Ндереба тарабынан белекке берилген. «Компьютерди кайсы тармакка белекке берүү керек экендигине биз абдан кылдат мамиле кылдык» - деди Вангари Ндереба. «Эгер компьютер эле белекке берип койгон болсок, жетишсиз болмок. Кырдаалды оңдош үчүн үйдө болобу, дүйнө жүзү менен болобу - кантип байланышуу зарыл экендигин түшүнүү керек. Ошондуктан, «WE» интернет түйүнүнө кошуу менен ишти жөнгө салууну чечти».

Компьютерди белекке берүү кампаниясы бир жыл мурун эле башталган. «WE» дүйнөлүк аялдар уюму түйүнүндөгү пикирлештерине кайрылуу менен керектелүүчү салык системасында кандай жыныстык басмырлоо бар экендиги тууралуу маалыматты дүйнөгө жар салды. Ошол мезгилде көпчүлүк буюмдар үчүн кирешеден алынган салык 5%, ал эми тампон жана гигиеналык аарчыгычтар сыяктуу аялдардын гигиеналык каражаттары шөкөттүү деп эсептелип, 10% салык алынчу. Бул акыйкатсыздыкты жөнгө салуу үчүн «WE» компьютер сатып алып жана аны мамлекеттик чогултуулар Департаментине белек кылышты.

Компьютер талап кылынган жерге орнотулган соң, комиссар Сене Недрини электрондук дарек үчүн каттап жатып, «WE» чечкиндүү кадамга өттү. Жергиликтүү жана эл аралык тарапташтар Ндери Мырзага салыктын акыйкатсыз түрү тууралуу арызданууларды жөнөтө баштышты. «WE» өз пикирлештеринин электрондук кайрылуулардын көчүрмөсүн алардын дарегине дагы жөнөтүүлөрүн суранышкан эле. 11-ноябрь күнү уюм Мамлекеттик чогултуулар Департаментинин дарегине жөнөтүлгөн кайрылуулардын 1808 көчүрмөсүн алышты.

Ндереба айым «Биз бул кампаниянын жыйынтыктарына абдан кубанычтабыз. Биологиялык жактан алып караганда аялдардын тандоо мүмкүнчүлүгү жок, ошондуктан, аялдарды гигиеналык жактан коргоону шөкөттүү деп табуу бул - абсурд. Мен ойлойм, бул билдирүүнү Ндери Мырза жана Мамлекеттик чогултуулар Департаментиндегилер, кыйкырып жеткизүүдөн артык түшүнүштү деп ойлойм».

Ндери Мырзага кат жазууну каалагандар жана «WE» тууралуу көбүрөөк билүүнү каалагандардын бардыгына, биздин кеңсе менен XXX-X-123456/8 телефондору же info@we.org электрондук даректери аркылуу байланыша аласыздар.

###

**Талкууну андан ары улантуу үчүн:**

1. «WE» уюму Салык Кодекстиндеги жыныстык басмырлоо тууралуу маалыматты массалык маалымат каражаттарына жайылтууда эмне үчүн кыйынчылыкка кабылышты?
2. Салык Кодекси тууралуу маалыматты «WE» уюму редактор бир карап эле, таратып жибергидей деңгээлде жеткирүүсүнө өбөлгө боло тургандай Сиздин башка сунушуңуз барбы?
3. «WE» уюму өз пресс-релизинде Башкы комиссардын электрондук дарегин жарыялабоону чечти. Эгер алар мындай жолго барышкан болсо, аларды кандай окуялар күтүшү мүмкүн эле?

# БИР ПРЕСС РЕЛИЗДИН МИСАЛЫНДА ИЛИКТӨӨ: 2-МИСАЛ

## Басым алдында кызмат көрсөтүү

Аялдар кыймылынын тарапкерлери өлкөнүн тарыхында биринчи жолу Адилет министрлиги кызматына аял келүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлдү деп ойлошту. Баардыгы сыйлаган аял-юристтин аты Өкмөттүн министрлери тарабынан дагы аталып жатты. Алар кызматынан ашыкча пайдаланган төрт Башкы сотту куугунтуктоо менен токтоп, наамына көлөкө түшкөн сот системасынын кайрадан жандандыруу колунан келе турган талапкерди издеп жаткандыгы тууралуу кептер айтылып жатты. Аялдардын изилдөөчү жана укуктук борбору (АИУБ) кандайдыр бир саясий топ болбогонуна карабастан, ал Энчик айымдын талапкерлигин абдан колдоп, анын жогорудагы кызматка шайланып калуусу үчүн башкаларды дагы үндөп жатты. Энчик айымдын чыныгы адис экендигине жана чынчылдыгына көңүл бурдуруу максатында, АИУБ чоң жетишкендиктерге жетишкен аялдарга арналган кечеде ага атайын сыйлык тапшырууну чечти. Алардын максаты - бул кечеге массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн бурдуруу жана аны өз басылмаларынын беттеринде чагылдыруу эле. Тынымсыз сүйлөшүүлөрдөн кийин АИУБ нын мүчөлөрү, ишенимдүү түйүндөр аркылуу белгилүү ырчы Гарри Белафонте менен макулдашууга жетишишти, ал ЮНИСЕФке байланыштуу иш-чара учурунда борбордо болуп, Энчик айымга сыйлык тапшырмай болду.

# АЯЛДАРДЫН ИЗИЛДӨӨЧҮ жана УКУКТУК БОРБОРУ

4-кабат, Ракят Висма 1
1501 шаары, өлкөсү
www.wrrc.org

ТЕЗИНЕН

Байланышуу кызматкери: Виолет Мухамед
Тел: (XXX)X14765/60
Email:wrrc_vm@hotmail.com

**Гарри Белафонте алдыңкы юрист аялга жогорку сыйлыкты тапшырат**

*14-апрелде аял-профессионалдар АИУБдун салтанаттуу жыйынында өз жетишкендиктерин белгилөө үчүн чогулат*

Шаар, 8-апрель, 2005-ж.

– Көп нерсеге жетишкен аялдардан ким коркот? Албетте, эмдиги ишембиде «Caapital Marriot» салтанаттуу кечесине катышуу үчүн келе турган Гарри Белафонте өтө супер-жылдыз эмес. Сыйлык алуучулардын катарында Фатима Пуан, Шарлотта Ли Тан, Хава Сулайман жана Самата Ибрахим бар. Кызматтагы жетишкендиги үчүн атайын медаль мекендештерине өткүрдүгү жана чыныгы таланты менен кызмат кылган юрист Айшан Бинте Енчикке тапшырылат. Ар жылы Аялдардын изилдөөчү жана укуктук борбору бизнес, илим, медицина, укук жана билим берүү чөйрөлөрүндөгү эң татыктуу жана көрүнүктүү аялдарга сыйлыктарды тапшырып келет. ЮНИСЕФке атайын жүрүш менен келген Белафонте Мырза «21-кылымдын босогосун аттап жатып, бул өлкө аялдардын укугун коргоо жаатындагы лидерлерден болуп калды. Бул жерден көрүнүктүү аялдарды жолуктуруу – мен үчүн чоң сыймык болду» - деп билдирди.

Белафонте Мырза Айшан Бинтеге сыйлык тапшырат. Сыйлык ага укук чөйрөсүндөгү жогорку профессионалдуугу үчүн ыйгарылат. Ал Башкы Прокуратуранын кеңсесинде 18 жыл Башкы доогер болуп кызмат өтөп келген. Анын мурда Дүйнөлүк Банкта иштөөсү аны эл аралык деңгээлге көтөрүп жана анын чет жердеги тарапташтарын көбөйттү. Салтанаттуу кече 18.00 дө башталат. Бардык массалык маалымат каражаттары чакырылат. Сураныч, билеттерди сатып алууга байланыштуу маалыматтарды алуу үчүн Синди Чого (XXX)X 14 765/50 телефондоруна кайрылыңыздар. Аялдардын изилдөөчү жана укуктук борбору (АИУБ) аялдарга карата басмырлоонун келип чыгуусунун себептерин жана аларды жок кылуунун жолдорун изилдеген белгилүү окумуштуулар тарабынан уюшулган.

АИУБ нын максаты – аялдардын алга жылуу жолдорундагы тоскоолдуктарды аныктоо жана укук, экономика жана билим берүү жаатында элдердин жашоо деңгээлин көтөрүүчү жана аялдардын тең укуктуулугун камсыз кыла турган өзгөрүүлөргө жетишүү.

###

## Талкууну улантуу үчүн суроолор:

1. АИУБнын пресс-релизиндеги кайсы маалымат массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн бурдурушу мүмкүн?
2. Салтанатка Гарри Белафонтенин катышуусун бөлүп көрсөтүү эмне үчүн массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн бурду? Белафонтенин айткандары АИУБнын ишмердүүлүгүн жарыялоого пайдалуу деп ойлойсузбу? Эмне үчүн?
3. Эгерде бул тууралуу өз пресс-релизиңизди жазсаңыз, эмнени өзгөртүп, кошуп же алып салат элеңиз? Эгер “ооба” десеңиз, эмнени?

# СИЗДИН КЕЗМЕТ

Пресс-релизди даярдап баштоодон мурун төмөнкү суроолорго жооп бериңиз:

**1. Кайсы басылмалар, уюмдар же болбосо жеке адамдар Сиздин пресс-релиздин көчүрмөсүн ала алышат?**

**2. Сиз жазган пресс-релиздеги кайсы далилдер тиешелүү аудитория үчүн кызыктуу болушу мүмкүн?**

Мисалга, АИУБду карасак, бул уюмдун максаты Адилет министри кызматына көрсөтүлүп жаткан Айшан Бинте Энчиктин адисттик сапаттарына көңүл бурдуруу болчу. Бирок, алар массалык маалымат каражаттары Гарри Белафонтенин катыша тургандыктарын билгенде көбүрөөк көңүл бурушат деген пикирге келишти. Ошондуктан, алар ал тууралуу маалыматты ишенимдүү түрдө кошушту жана аны пресс-релиздин биринчи сабына коюшту. Энчик айым тууралуу маалымат андан кийинки репортажда камтылган.

Кээде приманка убакыт жана өткөрүү орду дагы болушу мүмкүн. Приманка – бул аудиторияны маалыматка тартып турган жана журналисттин аны чагылдыруусуна түрткү берген нерсе.

**3. Сиздин маалыматыңызда далилдер негиздүү?**

Эсиңизден чыгарбыңыз, пресс-релиз кыска болушу, бир же эки барактан гана турушу зарыл. Айрым учурларда гана үч барак болушу мүмкүн. Эгер окуя татаал болсо же окуяны толук жана так жазуу үчүн Сиз аты-жөндөрүн толук же башка тактоолорду кийире турган болсоңуз, үч баракка уруксат берилет. Пресс-релиздин көлөмү канчалык көбөйгөн сайын, аны жарыялоо мүмкүнчүлүгү ошончолук азаят.

**4. Пресс-релизди кайсыл уюм же адам таратат?**

Бул суроо оңой көрүнгөнү менен, ага жооп берүү кыйын, себеби, пресс-релизди бир нече уюм жана бир нече адам таратат. Маалыматтын максатына көңүл буруу керек - ага бир мүнөз берүүгө жетишүү зарыл. Тексттин башталышындагы уюм же адам массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн бурдуруп, алардын ишенимине ээ болуулары керек. Адатта, пресс-релизди журналисттер чөйрөсүнө таанымал уюмдун атынан таратуу, жаңы, али таанылуу алдында турган уюмдун атынан таратканга караганда көбүрөөк жыйынтык берет. Мындан сырткары, коомчулукка таанымал «бир нече ысымдардын» болушу – журналисттин иш-чаранын маанилүү экендигине ынануусуна жардам берет.

**5. Сиздин маалыматыңызды редактор кайсы убакта жарыялай алат?**

Көп учурда пресс-релизге «ТЕЗИНЕН» деген сөздү кошуп коебуз, бул болсо, маалымат жарыялоого даяр дегенди түшүндүрөт. Мисалга, Сиз журналистти сыйлыкка ээ болгон адам тууралуу маалымдагыңыз келип жатат, бирок, ал адамдын аты белгилүү бир күнгө чейин жалпыга маалым болушун каалабайсыз. Мындай учурда пресс-релизге «ЖАРЫЯЛАНСЫН» (күнү же убактысы) деп жазылат.

**6. Кошумча маалымат алуу үчүн же маек уюштуруу үчүн журналисттер ким менен байланышуусу абзел?**

Маалымат үчүн Сизге окуя тууралуу бардык тактоолорго жооп бере турган адамды тандаңыз. Журналисттер кимди тандабасын, ал журналисттерге далилдүү жоопторду бергенге даяр болушу керек, андан ары маек берүү милдети дагы ага жүктөлөт. Пресс-релизде көрсөтүлгөн байланыш түйүндөрү (телефон номери жана электрондук дарек) ал адамдын байланыш түйүндөрү менен байланышып туруусу абдан маанилүү. Эгер журналист конкреттүү бир маалыматты иликтөөгө кызыккан болсо, бирок, кошумча маалымат алуу үчүн пресс-релизде көрсөтүлгөн адам менен байланыша албаса, анда ал ишти улантуудан баш тартып, ал башкалардын пайдасына кетип калышы мүмкүн.

**7. Кандай аталыштар көңүл чордонуна ээ болушу мүмкүн?**

Пресс-релиздин аталышы көңүл бурдуруп туруусу абдан маанилүү. Көп учурларда окуянын маанилүүлүгүн түшүнүү үчүн редакторго анын аталышын окуу жетиштүү. Кээде редакторлор маанилүү окуяны колдон чыгарып жиберүүлөрү мүмкүн, себеби, алардын ар бир пресс-релизди окуп чыгууга убактысы дагы жок.

Мисалга, «WE» массалык маалымат каражаттарын тампондорго байланыштуу аларды шөкөт буюмдарынын салыгына теңеген адилетсиз салык тууралуу массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн бурдура алган жок. Бул улуттук гезиттер же башка маалымат булактары өз беттеринде жарыялай турган окуя эмес эле. «WE» уюму мунун ордуна компьютер белекке берүү менен көңүл бурдура алды жана окуя тууралуу мазмунуна «белек» деген аталышты кошту, бул болсо, адилетсиз салык тууралуу маалыматтын ордун алмаштырды.

Эгер аталыш көзгө урунуп, бирок, маaалыматтык баалуулугу байкалбаса, кичинекей «темача» жардамга келет. Мисалы, АИУБ өз пресс-релизинин аталышына Гарри Белафонтенин атын колдонсо, кийинки «темача» иш-чара тууралуу маалымат берип жана ага ким кандай максатта катыша тургандыгы тууралуу баяндайт.

**8. Окуяны жандандыруу же аны кызыктуу кылуу үчүн кандай цитатаны кошсо болот?**

Цитата - редакторлук ишти аткаруу үчүн абдан орундуу нерсе болуп саналат, ал пресс -релизге субьективдүү мүнөз берүүгө жардам берет. Мисалга, «Сиздин уюмдун ажырашуу мыйзамы тууралуу китеби абдан кызыктуу экен» деп айтуунун ордуна, жакында мыйзамдуу түрдө ажырашкан жана Сиздин китепти колдонгон адамдын төмөндөгү сөзүн кошуп коюуңуз:

*“Июнь айында мыйзамдын негизинде ажырашуу процессин башынан кечирген Джил Морена мындай деди: «Бул китеп окууга абдан жеңил экен жана абдан пайдалуу болуп чыкты, ал ажырашуу учурунда мени ар бир юридикалык тепкич боюнча багыттап турду».*

Эгер Сиз катардагы жарандардын арасынан эч кимди таппай жаткан болсоңуз (бийлик өкүлдөрү, белгилүү адамдар жана профессионалдар – бул дайыма эң жакшы тандоо), анда Сиз өзүңүздүн уюмдагы бир адамдын цитатасын келтире аласыз.

### Талкууну улантуу үчүн суроолор

1. Пресс релизде чагылдыруу үчүн жакында болуп өткөн окуяны же иш-чараны тандаңыз.
2. Топ ичинде пресс-релиз темасына байланыштуу «СИЗДИН КЕЗМЕТтеги» сегиз суроону талкуулагыла.
3. Ыктыярчы катышуучулар кайра бул темага кайрылып келүүсүнө өбөлгө түзүү максатында бардыгын батманга түшүрүп туруусу зарыл.

### Пресс-релиз жазуунун негизги эрежелери

- Пресс релиз таратып жаткан уюмдун атын өйдөкү сол бурчка жазгыла.
- Бир сап калтырып, «ТЕЗИНЕН» же «XXXX (күнү) ЖАРЫЯЛАНСЫН» деп жазып коюуңуз.
- Пресс-релиздин аталышын чоң тамгалар менен кошо борборго коюп, сызып коюуңуз.
- Эгер темача болсо, ал негизги аталышынан бир сап ылдый бөлүнүп көрсөтүлүп турушу зарыл. Анын биринчи тамгасы айырмаланып, курсив абалында жазылуусу шарт.
- Пресс-релиздин биринчи сабында шаардын аты жана анын жарыялануу күнү камтылышы зарыл (бирок, пресс-релиз таркатылган күндүн датасы эмес).
- Окууга жеңил болуусу үчүн саптардын арасына абзац койсоңуз болот.
- Беттин аягында эки тарабынан тең тире белгиси коюлган ( — окууну улантуу — ) «окууну улантуу» сөзү болушу зарыл.
- Тексттен кийин ортого «#» үч жылдыздын коюлушу пресс-релиз аяктагандыгын түшүндүрөт. Бул ыкма пресс-релизди факс аркылуу жөнөтүүдө абдан пайдалуу. Себеби, кабыл алуучулар акыркы бетти алгандыгын оңой түшүнүшөт.

# «В» ТИРКЕМЕСИ:
## Этикалык өнөктүктү уюштуруу. Кеңештер бети

### Кеңештер бети

Адеп-ахлактык талаптарды тутунган лидер максатка жетүү үчүн максаттын өзү менен макулдашылган[20] каражаттарды колдонот. Бул нерсе саясий өнөктүктөр менен дагы байланыштуу. Этикалык өнөктүктөрдү иштеп чыгуунун дагы бир жолу – аны негизги принциптерин иштеп жана тактап чыгуу.

Эгерде өнөктүктүн максаты – мыйзамдарды өзгөртүү, саясий талапкерди колдоо же коомчулуктагы конкреттүү маселени көтөрүп чыгуу болсо, анда негизги максаттын артында татаал жана көп жылдык максаттар тургандыгы өзүнөн өзү белгилүү. Мисалга, өнөктүктүн көп жылдык максаттарынын бири – жергиликтүү мыйзам чыгаруу бийлигине аялдарды шайлоо болсо, бул бийликтин акыйкат, сезгич, жооптуу жана жоопкерчиликтүү болушун камсыз кылат.

Акыйкаттык, сезгичтик жана жоопкерчиликтүүлүк – бул кандай гана өнөктүк болбосун анын негизги критерийлери болуп саналат. Сиз менен бирге өнөктүктүн башка уюштуруучулары саясатты жана ишмердүүлүктү Сиздердин жеке критерийлерге жооп бергидей кылып жүргүзүүгө жоопкерчиликтүү.
Бул жоопкерчилик уюштуруу иштеринен баштап, өнөктүктүн стратегиясына, ишке ашыруу үчүн ишке тартылган ар бир адамдын жүрүм-турумуна тиешелүү.

Сиз уюмдун негизги эрежелерин иштеп чыгып жатканда алдыртан укуктар жана милдеттер категориясы тууралуу ойлонуу пайдалуу, андан соң тең салмактуулукту орнотсо болот. Мисалга, Сиздин лидерлердин ой-пикирин талкуулоого укугуңуз бар, бирок, планды аткарууга жолтоо болгон болсоңуз же аны себепсиз үзгүлтүккө учуратсаңыз, анда ошол эле маалда жооп берүүңүз зарыл. Өткөрүлүп жаткан өнөктүктүн мүчөлөрү коалиция канткенде максатына жетет деген маселеде өз ой-пикирлерин айтууга укуктуу, бирок, алар башкалардын ой-пикирине дагы жоопкерчиликтүү мамиле жасоолору зарыл.

20 Принципалдуу лидерлик тууралуу мазмундуу талкуулар «Leading to Choices: A Laedership Training Handbook fo Women (Women Learning Partnership 2001) автору Махназ Афхами окуу куралынын «The buiding Blocks Leadership: Leadership as Communicative Learning» бөлүмүндө берилген.

## Этикалык кампаниялар – Эмнеден баштоо керек?

**Уюштуруу саясаты жана ишмердүүлүк ............. Жеке жүрүм-турум**

**Эгалитардуулук .................................................... Биргелешип колдонуу**

**Сезгичтик ............................................................... Уга билүү**

**Демократиялуу ...................................................... Кошулуу**

**Инклюзивдик ........................................................ Сый мамиле**

**Сабырдуулук ......................................................... Чыдамкайлык**

**Ачык-айкындуулук ............................................... Пикир алмашуу**

**Биргелешүү ........................................................... Күчтөндүрүү**

**Мисал катары колдонуу ...................................... Мисалды колдонуу**

**Жоопкерчиликтүү ................................................ Жоопкерчиликти моюнга алуу**

**Ишенимге негизделген ......................................... Урматтоо жана ыраазычылык билдирүү**

- Этикалык өнөктүктөр чоң ишенимге ээ болот жана туруктуу, себеби, алар шайлоочуларга аны сактоого жана мындан соң, өзгөрүүлөргө жетишүүгө шарт түзүүгө катышууга мүмкүнчүлүк берет.
- Жеке жүрүм-турумдар же өнөктүктүн мүчөлөрүнүн жүрүм-турумдары шайлоочуларга бирдей, барган сайын чоң таасир бериши мүмкүн. Муну менен катар уюштурулуп жаткан өнөктүктүн ар бир өкүлү жоопкерчиликтүү мамиле жасап, сылык, чынчыл жана маалыматка ээ болуулары керек. Өнөктүктүн көптөгөн потенциалдуу тарапташтары өнөктүктүн жетишкендиктерин эл менен жүргүзүлгөн мүнөздөмөлөрүнүн негизинде баалашат. Мындан сырткары, этикалык жүрүм-турумдун бийиктиги өнөктүктү уюштурууда туруктуулукту жана эффективдүүлүктү камсыз кылат.
- Этикалык өнөктүктүн тоголок ташы – бул уюштуруучулар ортосундагы жана да уюштуруучулар менен шайлоочулардын ортосундагы тыгыз байланыш. Жакшы байланышууда социалдык таасир берүүнүн бардык түрү колдонулат. Телефондук чалуулар, факс, электрондук дарек, жарнамалар, флаерлер, кулактандыруу, маек, конференциялар, жолугушуулар, жыйындар, үймө-үй иштөөлөр жана оозеки маалыматтар – булардын бардыгы эффективдүү жана принципиалдуу өнөктүктү уюштурууга чоң жардам берет. Үзгүлтүксүз байланышуу өнөктүктү уюштурууда ийкемдүү, сезгич жана ачык-айкын болууга алып келет: мындай өнөктүктүн билдирүүлөрү калктын эң калың катмарына чейин жетип, ой-пикир, кеңештер, көрсөтмөлөр түрүндө кайтарым байланыштардын болушун камсыз кылат, ал эми өнөктүктүн мүчөлөрү жеңишке гана жетишет.

# СИЗДИН КЕЗМЕТ

Баракты же тактайчаны эки бөлүккө бөлүңүз. Топ менен же бир-бирден, өнөктүк өтүп жаткан бардык убакыт аралыгында лидерлер, уюштуруучулар жана шайлоочулар кандай укуктарга ээ экендигине акыл-эс чабуулун жүргүзүп, катышуучулардын пикирлерин биринчи бөлүккө жазыңыз. «Укуктар» бөлүгүнө адам укугунан баштап бардык укуктарды (сөз эркиндигине болгон укук сыяктуу) анын каржылык салымы кандай чыгымдала тургандыгын билүүгө чейинки укуктарды кучагына алат. Экинчи “Милдеттер” бөлүгүнө дал ушул өнөктүк өтүп жаткан бардык убакыт аралыгында лидерлердин, уюштуруучулардын жана шайлоочулардын кандай милдеттери бар экендигин – ар бир катышуучунун кандай этикалык милдеттери бар экендигин жазгыла.

| УКУКТАР | МИЛДЕТТЕР |
|---|---|
| | |

# «Г» ТИРКЕМЕСИ:
## «Мобилдештирүү\Билдирүүнү элге жеткире билүү» темасынын алкагында кеңештер бети

### Кеңештер бети

Мобилдештирүүнүн эң негизги жолу окутуу жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү болуп саналат, эгер Сиз мыйзам жаатындагы өзгөрүүнү кааласаңыз талапкерди колдоо же өз коомчулугуңузду белгилүү бир маселе тууралуу маалымдооңуз зарыл. Сиздин милдетиңиз – элди тынчсыздандырып жаткан маселенин маңызы тууралуу маалымдоо болуп саналат. Элге маалымат берүү Сиздин далилдериңизди даярдап, стратегияларыңызды сунуштап жана аудиторияны маалымдап, ынандыра алганыңызда жатат. Адамдарга телефондук чалуулар, үймө үй, көчөлөрдү кыдыруу, интернет сайттарын колдонуу, митингдер, телерадио маектер, гезит-журналдардагы макалалар, мындан сырткары, электрондук даректер аркылуу жайылтуулар аркылуу маалыматтарды таратсаңыздар болот. Ал гана эмес кол топтоолор, добуш берүүчүлөрдү каттоо жана финансылык каржылоолор тууралуу өтүнүчтөр да жалпы элди маалымдоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

**ДАЯРДОО, БЕТ АЧАР, ЫНАНДЫРУУ**

| | | |
|---|---|---|
| **Сөздөр, макалалар, редакторго жазылган кызыктуу, жеткиликтүү каттар, каттар жана электрондук көрсөтмөлөр** | **ЭМНЕ КЕРЕК** | **Ишенимдүү, кызыктуу мисалдар, окуялар билдирүүлөр менен берилген далилдер** |
| **Телефондук сүйлөшүүлөр, үймө-үй кыдыруулар, өнөктүктөр, маек куруулар, тегерек үстөлдөр** | **ЭМНЕ КЕРЕК** | **Конкреттүү аудитория үчүн ылайыктуу темалар жана маалыматтар** |
| **Колдоо митингдери, плакаттар, эсте кала турган бампердеги чаптагычтар, футболкалар** | **ЭМНЕ КЕРЕК** | **далилдер, таанымал логотиптер же көп түстүү чийимдер, чакырыктар** |

- Өнөктүктүн активдүү жана берилген катышуучулары – бул маселени чындап түшүнгөн жана кандай кадамдарды жасаш керек экендигин билгендер.
- Сиздин маалыматтык билдирүүңүз эки бөлүктөн турушу зарыл: (1) маселени түз чагылдыруу жана (2) муну кандайча чечүү керек экендиги жөнүндөгү түшүнүктүү, так план.

# СИЗДИН КЕЗМЕТ

## Сүйлөшүү үчүн тема

Тема Сиздин өнөктүктүн негизги милдеттерин аныктоонун, түшүнүүнүн жана аны чечүүнүн жолдорун билүүнүн эң мыкты куралы болуп саналат. Тема сиздин сөз алып сүйлөөңүздүн планы катары дагы кызмат кыла алат. Ал маектешүү учурунда дагы белгилүү бир маселенин айланасында сүйлөшүүгө жана Сиз уюштурган өнөктүк тууралуу адамдар менен сүйлөшүү учурунда пайда болгон суроолорго даярдануунузга жардам берет.

Көп учурда сүйлөмдөргө же абзацтарга окшош темалар таанышууга жеңил болуп, башка адамдар менен аңгемелешкен учурда сиздин эсиңизде калгандай болуш керек. Темалардын тизмесин түзүүнүн эки гана эрежеси бар:

- Темалар Сиздин алдын-ала ишенимиңизди кеңейтүүчү пайдалуу жана ишенимдүү маалыматтын булагы болуусу керек. Мисалга: Эгер Сиз саясий орун үчүн Хелен Патоисти шайлоо өнөктүгүн уюштуруп жаткан болсоңуз, Сизге «Хелен Патоис үчүн добуш бергиле» маанайындагы сапты жазуунун зарылчылыгы жок. Анын ордуна ал кандай мыйзамдын жактоочусу экендиги, анын экономикалык маселелер тууралуу тажрыйбасы жана анын талапкерлигин колдогон белгилүү адамдар тууралуу маалыматты кошуп койгонуңуз оң.
- Тизме узундугуна чектөө жок, бирок, ал тыкан жана керектүү маалымат бардык учурда көз алдыга келгендей деңгээлде болушу керек. Мисалга, Сиздин темаларыңыз бир баракка батып калса, белгилүү бир сөздөрдү бөлүп көрсөтүү бет ачарыңыздын маанилүү учурларын эсиңизге салып туруу үчүн жетиштүү. Бирок темалар бир канча узун болушу мүмкүн. А чындыгында, массалык маалымат каражаттарында иштеген тиешелүү кызматтагыларда кээде мындай ондогон темалардын тиркемелери бар. Тиешелүү учурда керектүү маалыматты алуу үчүн бул темалар бөлүмдөр боюнча ирээттелип, ар бир бөлүмгө өзүнө таандык белги коюлат жана маалыматтын артыкчылыктуу түрү боюнча уюштурулат.

## Сиздин сабакка даярдыгыңыз

Эгер Сиз атайын сөз алып сүйлөй турган болсоңуз же эл менен жеке баарлашууну туура деп тапсаңыз, адамдарды тартуунун эффективдүү жолу - натыйжалуу окутуу болуп саналат. Маселенин маңызын түшүндүрүү үчүн кээде Сиздин карамагыңызда бир мүнөттөн дагы аз убакыт болушу мүмкүн, ошону менен катар Сиз бул маселени чечүү үчүн бул адамдан кандай кадамдарды, эмне үчүн күтө тургандыгыңызды дагы айтып үлгүрүүңүз керек.

## Лозунгдар жана кооз чакырыктар

Сиз уюштуруп жаткан өнөктүк тууралуу жарнактарды жайгаштыра турган көптөгөн жайлар бар, ар бир орундук – адамдар эмне үчүн конкреттүү бир кадамдарды жасоолору керек экендигин түшүндүрүү орду болуп саналат. Теле жана радио чоң аудиторияны кучагын алат, бирок, алар өтө эле кымбат. Эгер Сиз өз флаерлериңизди, белги жана желектерди коомдук жайдарга чыгармачылык менен жайгартырган болсоңуз, анда Сиздин билдирүүңүз өзүнүн тиешелүү аудиториясын табат. Эсиңизде болсун,

флаерлерди почта, факс жана электрондук даректер, аркылуу жөнөтсө болот, интернет-сайттарга жайгаштырып, коомдук жайлардагы дубалдарга, терезелерге жабыштырса болот. Эгер дүкөндөрдүн ээлери макул болгон болсо, витриналар – Сиздин билдирүүңүздү таратуунун эң сонун орду.

Өнөктүктүн материалдары, флаерлер көңүл бурдуруп туруулары үчүн, ачык түстөрдү, Сиз кайра-кайра кайталоого ылайыктуу уйкаш сөз айкаштарын колдонсоңуз болот. Эң негизгиси, Сиздин чакырыктарыңыз түшүнүүгө оңой жана таанымал болушу керек. Мисалы, сот системасындагы аялдардын санынын көп болуусун каалаган топ, өзүнүн чакырыгы катары тең укуктуулук жана адилеттүүлүк маанисин түшүндүргөн сөздөрдү тандаганы туура болот алардын чакырыгы мындайча болушу мүмкүн: «Бүгүнкү соттор – аялдар! Бул абдан акыйкат чечим!».



**БҮГҮНКҮ СОТТОР – АЯЛДАР!**

**БУЛ АБДАН АКЫЙКАТ ЧЕЧИМ!**

# «Д» ТИРКЕМЕСИ:
## Тармакта иштөө жана коалиция түзүү

### Кеңештер бети

Коалиция – бул жалпы максатка жетишүү үчүн өнөктөштүктө иштеген уюмдардын тайпасы. Жалпы мүдөөгө бириккен уюмдар өз ишмердүүлүгүнө карата ишенимди, көз караштарын, каражаттарын, штатын жана ресурстарын жалпы көбөйтө алышат. Ал гана эмес демейки убактарда акча каражаттары жактан же жалпыга маалымдоо каражаттарынын көңүл буруусу боюнча атаандашкан уюмдар же ар кандай идеологияларга ээ уюмдар дагы кээде аныкталган максаттарга жетүү үчүн альянстарды түзүшөт. Ошентсе да, коалицияга биригүү үчүн талап кылынгандан көп күч жумшоого туура келген же айрым себептер менен расмий өнөктөштүккө келүү дээрлик мүмкүн болбой турган учурлар да кездешет. Айрым жагдайларда формалдуу эмес тармактар конкреттүү өнөктүктөргө материалдык жана башка колдоолор менен камсыз кылат.

Бирдей максаттарга ээ уюмдар менен өнөктөштүк байланыштарды түзүү бул – сиздин өнөктөштөрүңүз жана ресурстарыңыз үчүн тармакты курууга карай биринчи кадам болуп саналууга тийиш. Бул уюмдар демейде сиздин ишмердүүлүгүңүз же Сиздин ишиңиз менен эбактан тааныш болушат. Ошентип, натыйжада, сиз өнөктөштөрүңүздүн аракеттерин, ал эми алар өз кезегинде сиздин аракеттериңизди колдоого аласыздар.

Сиз колдоого алган талапкерге же маселеге жараша стратегиялык альянс түзүүгө туура келген топтор (студенттик жана жарандык уюмдар, кыймылдар, ж.б.) болушу мүмкүн. Ошентсе да, мындай кырдаалда сиздин жалпы байланыштарыңыз аз болушу күтүлөт. Асыресе, эң күчтүү жана саясий таасири күчтүү коалициялар булар – маданий, расалык, гендердик жана саясий чек аралар аркылуу альянстарды түзгөндөр болуп саналышат.

Кошумча катары ишкердик же топтук тайпалар, диний уюмдар же коалицияга расмий түрдө киргүүгө мүмкүнчүлүгү жок, бирок, сиздин өнөктүктү— ”көмүскө колдоону камсыз кылган” адамдар болушу мүмкүн. —Көмүскөдөгү “тынч” тарапташтар материалдык ресурстар жаатында, мисалы, микрофондор менен үн жаздыруучу жабдуулар, чогулуштарды өткөрүү үчүн жайларды уюштуруп берүү, илинүүчү материалдарды даярдоо же төлөмдөр үчүн каражаттарды сунуш кылуу сыяктуу жардамдарды көрсөтө алышат.

Өнөктүктүн мындан башка маанилүү потенциалдуу куралы – маанилүү саясатчылардын же белгилүү адамдардын же таасирдүү гезиттер менен журналдардын редакциялык кеңештеринин колдоосуна ээ болуу. Бул колдоо сиздин өнөктүккө түздөн-түз таасир этпесе да, башка адамдарга таасир этиши мүмкүн.

Сиздин тармак сиздин позицияңызды чагылдыруучу жападан жалгыз маанилүү курал болуп калуусу ыктымал. Коалиция жакшы иштегенде гана ал коомдун ишенимин, муктаждыктарга туруштук берүүсүн жана жемиштүүлүгүн бекемдей алат. Кийинки негизги сунуштамалар коалициянын ийкемдүү жана натыйжалуу иштешине жардам берет.

- Коалициянын мүчөлөрүнүн арасында финансылык операцияларды жүргүзүүдө жана чечимдерди кабыл алууда демократиялык жана айкындык процесстерин колдонгула.
- Өз ара сыйлашууга негизделген, айкөлдүк жана башкалардын сезимдерин бөлүшө билүү лидерлигин көрсөткүлө. Коалиция боюнча өнөктөштөр менен тез-тез диалог кылып туруңуз жана алардын муктаждыктары менен үмүттөрүнө ийкемдүүлүк менен мамиле көрсөтүңүз.
- Өнөктөштөрдүн өкүлдөрү менен чогулуштарды үзгүлтүксүз жүргүзүңүз. Дамамат жолугушуулардын артыкчылыктары: 1). Коалициянын мүчөлөрү ар убакта иштин жүрүшүнөн кабардар болуп турат, ал эми кампания алардын мүчөлөрү камсыз кылган ресурстарды жана жаңы маалыматтарды алып турат.
- Коалициянын муктаждыктары менен алардын уюмунун муктаждыктарынын ортосундагы балансты сактап туруу үчүн жасаган мүчөлөрдүн аракеттерине урмат кылыңыз. Ар түрдүү уюмдарда чечимдердин процесстерин эске алуу мүмкүндүгү канчалык экендигин түшүнүүгө аракет кылыңыз.
- Ар дайым мүмкүнчүлүк болгон убактарда коалиция боюнча өнөктөштөрүңүзгө тапшырмаларды бериңиз. Бул борбордук координациялык органдан каражаттарды чогултууда жана уюм катары жүктөлгөн милдеттердин бир бөлүгүн алып салууга жардам берип, коалиция боюнча өнөктөштөрдүн жыйынтыкка жетишүүгө көбүрөөк салым кошуусунун эсебинен алардын ролун күчөтөт.

  Натыйжада пикир келишпестиктер пайда болбошу үчүн бардык жоопкерчиликти коалициянын ар бир мүчөсүнө кең-кесири түшүндүрүп бериңиз.
- Коалицияны түзүүдө адамдардын колдоого алуусу үчүн ыраазылыгыңызды билдирүүнү эч убакта унутпаңыз. Алардын кошкон материалдык салымдарын, кайсы бир иштерди бүткөрүүдө сарптаган убакыттары менен тажрыйбаларын белгилеп көрсөтүңүз. Адамдарга кылган жардамы үчүн рахмат айтуу мүмкүнчүлүктөрүн ар убакта пайдаланыңыз. Ошондой эле башкаларга да ыраазылык билдирүү тууралуу унутпоосун эскертиңиз. Бул катышуучулардын моралдык духун көтөрүп, алардын андан да кызыгып катышуусуна түртөт.

# СИЗДИН КЕЗМЕТ

Өнөктөштүк, кызматташтык, тармактар, альянстар жана коалициялар – мунун бардыгы өздөрүнүн максатына жетүү үчүн айрым адамдар жана уюмдар маалыматтар жана ресурстар менен бөлүшкөн өз ара мамилелер. Эгерде Сиз башка уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнөн жана ресурстарынан пайда таба алсаңыз, Сиздин ишиңиздин натыйжалуулугу артат, эгерде Сиз башка уюмдарга кызмат көрсөтүп жана тажрыйбаңыз менен бөлүшсөңүз, Сиздин ишиңиздин өндүрүмдүүлүгү жогорулайт. Жеке өзүңүздүн чөйрөдөгү өз ара байланыштарды өнүктүрүүгө саясатчылардын тармагы менен иштөө, негиздөөчүлөр, окумуштуулар, сүрөтчүлөр, компьютердик техникалар, ал гана эмес саякатчылардын бюросу менен иштөө дагы Сизге жана Сиздин уюмга кеңешчилердин, тигил же бул демилгелерди пландаштыруучулардын жана демөөрчүлөрдүн даяр тизмесин бериши мүмкүн. Бирок, биргеликте иштешүүнүн бир кемчил жагы бар. Эң эле көп кездешкен кемчилик – бул чечимдерди жайбаракат кабыл алуу. Ар бир уюмдун чечимдерди кабыл алууда өзүнүн процесси бар. Ошондуктан, тигил же бул чечимди кабыл алууда канчалык көп уюм тартылса, бардык тараптар макулдашууга келүүсү үчүн ошончолук көп кадамдарды жасоого туура келет. Экинчи кемчилиги – болуп жаткан жана алдыда болуучу окуялардан кабардар болуп туруу

үчүн коалициядагы өнөктөштөрдүн ортосундагы коммуникациялык байланыштарга сарпталуучу убакыттын, ресурстардын жана энергиянын көлөмү. Коалицияны түзөөрдөн мурда кийинки суроолорго көңүл буруу зарыл:

- Коалициянын мүчөлөрү кайсы жалпы суроону карап чыгууну каалайт?
- Максатка жетүүдөгү уюмдардын күч-аракеттери өз алдынча иштегенде натыйжалуу болобу?
- Чогуу иш алып барууда уюмдардын алдында кандай тоскоолдуктар пайда болушу мүмкүн? Бул тоскоолдуктарды жеңүүгө болобу?
- Ар бир өнөктөш уюм коалициянын ишине салым кошууга даярбы же өзүн өзү таанытуу жана коалициянын арты менен башка жетишкендиктерге гана ээ болууну көксөйбү?
- Ар бир уюмдун катышуусу коалициянын башка өнөктөштөрү тарабынан кубатталабы?

## Коалицияны түзүү үчүн кадамдар

- Лидер-уюмду тандап алыңыз. Анын милдети - ар жолугушуулардан кийин коалициянын ишин уюштуруу, коалициянын мүчөлөрүнө берилген милдеттердин аткарылышын камсыздоо, коалициянын мүчөлөрүнө максатка жетүү боюнча прогресс тууралуу кабарлоо жана баалоо.
- Коалициянын мүчөлөрүнүн биргелешкен перспективалары тууралуу маселени карап чыгуу. Мындан тышкары, узак мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү максаттарды иштеп чыгуу. Коалиция максатына жеткендиги тууралуу кантип билет?
- Коалициянын мүчөлөрүнүн салымдары тууралуу маселени карап чыгуу же коалиция тараптан каражаттарды чогултуу стратегиясын иштеп чыгуу.
- Коалициянын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү жана аларды аткаруу мөөнөтүн бекитүү.
- Коалициянын мүчөлөрүнүн жолугушуу ордун жана убактысын аныктоо.
- Коалициянын ишинин натыйжалуулугун баалоо процессин талкуулоо, коалициянын бардык мүчөлөрүнө өзгөрүүгө туш болуп калуучу муктаждыктарга даяр болуусу зарылдыгын түшүндүрүү.
- Жаңы мүчөлөрүн чакырууда коалициянын критерийлерин аныктап алуу.
- Алардын баардыгына аткарып жаткан жигердүү иштери үчүн ыраазылык билдирүүнү унутпаңыз.

# «Е» ТИРКЕМЕСИ:
## Саясий катыштыктагы терминдердин глоссарийи

### Саясий терминдер

**Авторитаризм:** жетекчилер элдин эркин эзүүгө алган башкаруу системасы. Элде ой-пикирдин же аракеттерин эркиндиги жок, бирок, эң жогорку бийликке баш ийүүгө аргасыз.

**Пекин декларациясы жана аракеттердин платформасы:** "Аялдардын акыбалы боюнча төртүнчү дүйнөлүк Конференция: теңдик, өнүгүү жана тынчтык". Пекинде 1995-жылы өткөрүлгөн бул конференцияга 189 өлкөнүн өкмөттүк жана 210 бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Негизинен аялдар үчүн адам укуктарын бекемдөө жана алдыга жылдыруу, аялдар жана жакырчылык, аялдар жана чечимдерди кабыл алуу, кыз-келиндерге карата зомбулук темаларынын тегерегинде кеп жүргөн. Жыйынтыгында бардык катышуучу тараптардын макулдугу менен —"Пекин декларациясы жана аракеттердин платформасы" деген аталыштагы документ кабыл алынган. Декларация өкмөттөрдү жана кыз-келиндердин укуктарын алдыга жылдырган коомдук уюмдарды конкреттүү аракеттерге чакырган.

**Коалиция:** Аракеттердин планына же саясий өнөктүктүн жалпы максатына жетүү үчүн бириккен эки же андан ашык адамдардын, саясий партиялардын, айрым адамдардын ж.б. альянсы.

**Консенсус:** аталган тайпанын же топтун мүчөлөрүнүн ортосундагы жалпы макулдашууга келүү. Консенсуска жетишүүдө алардын ар бир мүчөсүнүн чечимдерди кабыл алууда кайсы бир деңгээлде эркиндиги бар, ар бир катышуучунун пикирин эске алуу талап кылынат, ал эми акыркы чечимди аныкталган даражада бардыгы бирге кабыл алат.

**Кадимки укук:** эл аралык укукта кадимки укук улуттар ортосундагы түзүлгөн тажрыйба жана аны өз ара алмашуулардын негизинде иштелип чыккан юридикалык нормаларга байланыштуу.

Декларация жана аракеттердин платформасы: Караңыз. — "Пекин декларациясы жана аракеттердин платформасы".

**Демократия:** жогорку бийлик элге таандык болгон жана демейде мезгилдик шайлоолордо билдирилип, өкүлчүлүктүн системасы аркылуу тикелей же кыйыр түрдө колдонулган башкаруу формасы.

**Демократиялык чөйрөдө чечимдерди кабыл алуу:** өздөрү чечип жаткан же аларга караштуу маселелер боюнча кабыл алынып жаткан чечимдерге бардык катышуучулар бирдей таасир эткен чечимдерди кабыл алуунун формасы жана/же башкаруу.

**Диктатордук:** Чектелбеген мыйзамдар, Конституция же башка социалдык жана саясий күчтөр аркылуу жетекчиликтин же башкаруучунун абсолюттук, эзүүчүлүк башкаруусу.

**Дипломатия:** мамлекеттерге же бийликтин башка точкаларына башка тараптар менен тынчтык негизде иш алып баруу жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүчү расмий же бейрасмий система же план.

**Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам же үй-бүлөлүк кодекс:** Үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин камтып, демейде үйлөнүү, ажырашуу, бала асырап алуу ж.б. сыяктуу окуяларды жөнгө салат жана жүзөгө ашырат. Ал ошондой эле социалдык, саясий жана экономикалык укуктардын көпчүлүгү үчүн мааниге ээ. Мусулманчылыкты тутунган көпчүлүк өлкөлөрдө Үй-бүлө жөнүндөгү мыйзам мамлекет тарабынан ислам мыйзамдарын (шариятты) жана сунналарды (ислам салттарын) ишке ашырууга жана түшүндүрүүгө негизделген формалдуу мыйзам.

**Феминизм:** аялдар менен эркектердин ортосундагы саясий, юридикалык, экономикалык жана социалдык теңчиликти камсыз кылуучу социалдык кыймыл, ишеним жана доктрина.

**Адам укугу:** бардык элдер укукка ээ болгон негизги укуктар жана эркиндиктер. Бул артыкчылыктар эмес, бирок, адам кайсы жакта жашагандыгына, кандай ишенимге киргендигине, же кандай маданиятка ээ экендигине көз карандысыз адамдын табигатын аныктоочу бөлүк. БУУнун адам укугу боюнча бүткүл дүйнөлүк декларациясында бардык жалпы атуулдук, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий укуктары системалаштырылган.

**Идеология:** коомду ачып берүүчү баалуулуктардын жана көз караштардын бардык тараптуу системасы. Ал өкмөттүн ролун аныктайт жана индивидуалдык жана социалдык кыймылга, институтка, класска же топко багытталат.

**Эл аралык укук:** мамлекеттер ортосундагы өз ара мамилелерге багытталган эрежелердин жана мыйзамдардын, салттардын жыйындысы.

**Адам укугу боюнча эл аралык мыйзамдар:** айрым адамдардын жана топтордун укуктарын коргогон мамлекеттер ортосундагы адам укуктарын сактоо салттары, мыйзамдары жана системалары. Алар өз ичине жергиликтүү жана эл аралык келишимдерди, мыйзамдарды жана конвенцияларды, ошондой эле жалпы кабыл алынган адам укугун коргоо салттарын камтыйт. Адам укугу жөнүндөгү мыйзамдардын эл аралык келишимдерди, конвенцияларды жана улуттук конституцияларды камтыган, мындан тышкары, ар бир адамдын гендерден, расадан, диний ишениминен, улутунан жана башка айырмачылыктарынан көз карандысыз эркиндигин жана абийирин коргоого алган көп булактары бар.

**Патриархия:** үй-бүлөнүн башчысы ата, ал эми эркектер аялдарга жана балдарга үстөмдүк кылып, жетектеген социалдык система.

**Плюрализм:** 1. аныкталган кайсы бир маселеге карата бирден кем эмес көз караштардын бар экендиги жөнүндөгү теория. 2. Ар түрдүү этникалык, расалык, диний жана социалдык топтор жалпы тобунун өнүгүүсүнө катышуу менен өзүнүн уникалдуу статусун сактаган коомдогу жагдай.

**Үгүт-насаат:** ишендирүүчү идеялар, фактылар, ынандыруулар же болбосо, аныкталган адамга же себепке карата пикирлерди жаратуу максатында аныкталган адамдардын тайпасынын ичинде бул идеяларды алдын ала билип туруп таратуу.

**Укуктук:** башкы максаты адам укугун коргоо жана камсыз кылуу болуп саналган жана адам укугунун стандарттарына негизделген укуктук демилге, программа же процесс.

**Теократия:** диний мыйзамдарды жана салттарды коомду көзөмөлдөө үчүн колдонгон жана ыйык күч менен багытталган, диний бийликтин көзөмөлүндө турган өкмөт.

**Тоталитаризм:** идеологиялык багыттарга ылайык коомду бардык тараптан өзгөртүү жана чыңдоо максатында мамлекет тарабынан абсолюттуу көзөмөл жүргүзүү. Аракетке карай колдонмо: аялдардын саясий катыштыгы боюнча колдонмо.

**Залимдик:** өкмөт тарабынан колдонулган ээзүүчүлүк же чектелбеген бийлик; кээде бир ууч топтун колуна чогултулган же, ал гана эмес жападан жалгыз ээзүүчү адамдын колунда турган бийлик.

Аялдарга карата зомбулук: Гендердик мамилелердин негизиндеги ар кандай актылар. Кыз-келиндердин физикалык, сексуалдык жана руханий жабырлануусуна алып келген, ошондой эле жубайы же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү тарабынан катаал чырчатактын, кол салуунун, каршылашкан тараптын кол салуусунун жана зордук көрсөтүүсүнүн жыйынтыгында келтирилген зыян.

**Аялдар үчүн квоталар:** Кыз-келиндердин саясий институттарга катышуусун көбөйтүүгө багытталган саясат. Органдарда талапкерлердин тизмесинде, Өкмөттө, парламенттик ассамблеяда же комитеттерде болсун, аялдардын аныкталган санын же пайызын талап кылган механизмдер.

**Адам укугу боюнча жалпы декларация:** 1948-жылы БУУ мүчөлүгүндөгү мамлекеттер дүйнөнүн бардык өлкөлөрү колдоосу үчүн дүйнөлүк диндердин жана философиялардан алынган принциптердин негизинде адам укугунун универсалдуу стандарттарын иштеп чыккан. Декларациянын киришмеси жана 30 беренеси дүйнө жүзүндөгү жүздөгөн маанилүү мыйзамдардын жана конституциялар үчүн негиз болуп берген.

# «Ж» ТИРКЕМЕСИ:
## Аялдардын саясий активдүүлүгүн колдоочу интернет-ресурстар

### Саясий активдүүлүктү шарттоочу социалдык түйүндөр Маалымат жана колдоо

**Европа парламентарийлеринин Африка боюнча Ассоциациясы (The Association of European Parliamentarians for Africa – AWEPA)** – Африкадагы парламенттик демократияны күчөтүү, Европанын саясий тартибинде Африкадагы маселелердин актуалдуулугун сактап калуу жана африкалык-европалык парламенттик диалогду тездетүү максатында африкалык Парламент менен биргеликте иш алып барат.
http://www.awepa.org

**Талаптагыдай башкаруу үчүн кампаниясы (Campaign for Good Governance – CGG)** – Сьерра-Леондогу демократия жана гендердик теңчилик, эркиндик, бийликтеги тартип үчүн күрөшкөн каттоодогу коммерциялык эмес уюм (бейөкмөт уюм).
http://www.slcgg.org

**CAWTAR** – араб дүйнөсүндөгү гендердик теңчиликти иликтөөлөр, тренингдер, коомдук кыймылдарда жана тармактарда иштөө аркылуу чыккан көз карандысыз аймактык институт.
http://www.cawtar.org

**Азия жана тынч океан аймагы үчүн саясаттагы аялдар борбору (The Center for Asia-Pacific Women in Politics – CAPWIP)** – саясатта жана чечимдерди кабыл алууда аялдардын бирдей катышуусу үчүн күрөшкөн партиядан тышкаркы, коммерциялык эмес, өкмөттүк эмес аймактык уюм.
http://www.capwip.org

**Мадрид клубу (the Club of Madrid)** – дүйнө жүзү боюнча уникалдуу тажрыйбаларды жана ресурстарды өзүнүн 70 мүчөсүнө - демократиялык өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө жана мамлекет башчыларына жайылтуу жолу менен демократияны бекемдөөгө багытталган көз карандысыз уюм. http://www.clubmadrid.org

**“Elect Women Magazine” журналы** – шайлоо өнөктүгүндө саясий кызмат боюнча катышуучу аялдарга өнөктүктөрдү өткөрүүгө карата сунуштамалар, таржымалдар жана ресурстар менен камсыздоочу онлайн-маалымат сайты. Талапкерлер жана шайланган саясатчылар өздөрүнүн блогдорун ача алышат, ал эми аял-талапкерлер аларга суроолору менен кайрылып, кеңештери жана маалыматтары менен бөлүшө алышат. http://www.electwomen.com

**Аялдар үчүн квоталар боюнча маалыматтардын дүйнөлүк базасы (Global Database of Quotas for Women)** – бул International IDEA менен Стокгольм университетинин биргелешкен долбоору.
http://www.quotaproject.org.

**“iKNOW Politics, International Knowledge Network of Women in Politics”** онлайн-ресурсу – шайлоодо жеңип чыккан, талапкер, саясий партиялардын жана алардын мүчөсү, иликтөөчү, студент жана башка аялдарды саясатка аралаштырууга кызыкдар башка ишмерлердин керектөөлөрүн канааттандырууга багытталат.
http://www.iknowpolitics.org

**“International IDEA”** эл аралык институту: Демократия жана шайлоолорго көмөктөшүү үчүн эл аралык институту – эл аралык уюм болуп саналат. Мунун программасы демократиялык өнүгүүнү жана талдоону карманган, демократиялык реформаларды колдоого алган адамдарды маалымат менен камсыз кылууну көздөйт.
http://www.idea.int

**“The Inter-Parliamentary Union”** - эгемендүү мамлекеттердин парламенттерин бириктирген парламент аралык союз. Бул союз парламент мүчөлөрүнүн ортосундагы бүткүл дүйнөлүк пикир алышуучу борбордук чекит болуп саналат. Анын иши тынчтыкка жетишүү жана кызматташууга багытталган. Бул ресурстун “Эркек жана аял саясатчылардын ортосундагы өнөктөштүк аркылуу демократия” бөлүмү кызыктуу ресурстарды камтыйт.
http://www.ipu.org/iss-e/women.htm

**“MobileActive.org” сайты** – социалдык жыйынтыктарга жетишүү үчүн чөнтөк телефондорун колдонуучу уюмдардын жана адамдардын коомчулугун түзөт. Бул коомчулук дүйнө жүзү боюнча бейөкмөт уюмдардын ишинин натыйжалуулугун күчөтүү максатын көздөйт. Үч жарым миллиард мобилдик телефон уюмдар үчүн маалымат таратуу жана кызмат көрсөтүүдө болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүк түзөт.
http://mobileactive.org

**Mowatinat** – бул “Female Citizens' дегенди билдирет. Бул сайт “Sisterhood Is Global Institute/Jordan” уюмунун — ”MENA” жана башка уюмдардагы аялдардын саясатка катышуусу жана эл алдына чыгуусу боюнча ресурстар, маалыматтар жана жаңылыктар сайты. http://www.mowatinat.org/articles/index.php

**“NDI/The National Democratic Institute” уюму** - өкмөттүн отчёттуулугу жана айкындуулугуна жарандарды катыштыруу аркылуу дүйнө жүзүндөгү демократиялык институттарды күчөтүү жана колдоону уюштуруу үчүн иш алып барган өкмөттүк эмес жана партиядан тышкары уюм. http://www.ndi.org

**“Onlinewomeninpolitics.org”** - Азиялык аял-лидерлердин саясатка, башкарууга, чечимдерди кабыл алууга жана ийкемдүү лидерликке тартылган аялдарды кучагына алган азия жана тынч океан аймагындагы тармагынын түзүлүшүнүн чыгармачыл жолдорун иликтөөгө далалат кылуунун жыйынтыгында пайда болгон сайт.
http://www.onlinewomeninpolitics.org

**“Program on Governance in the Arab Region (POGAR)”** - араб аймагында башкаруу боюнча программа – туруктуулукка жетишүү максатында араб мамлекеттериндеги башкаруу процессин жакшыртуу боюнча жарандык коомчулуктун жана жеке сектордун өкүлдөрүнө, өкмөттүк кызматкерлерге жардам көрсөтүү боюнча БУУнун өнүктүрүү программасы. http://www.pogar.org

**“United Cities and Local Governments” сайты** – бул жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийлиги, тажрыйба алмашуу каражаттары жана эл аралык тилектештик боюнча бүткүл дүйнөлүк маалымат булагы. http://www.cities-localgovernments.org

**“Алжирдеги, Тунистеги жана Мароккодогу аялдардын саясатка катышуусу”** долбоору: араб аялдарын даярдоо жана иликтөө борбору менен өнөктөштүктө иш алып барат (CAWTAR). Бул долбоордун демилгечиси БУУ-INSTRAW Алжирдеги, Мароккодогу жана Тунистеги аялдардын саясатка жана чечимдерди кабыл алууга катышуусун күчөтүүгө багыттаган.
http://www.unnstraw.org/en/ggpp/maghreb-project/maghreb-project-2.html

**“Бүткүл дүйнөлүк башкаруу индикаторлору (WGI)” китеби** - Бүткүл дүйнөлүк банктын изилдөөчүлөрү түзгөн бул китепте көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдүн өкмөттөрү коррупцияны көзөмөлдөөдө прогресске жетишип жаткандыгы, ал эми алардын айрымдарын көрүлгөн чараларга ылайык алдыга жылган мамлекеттердин катарына кошулууга мүмкүн экендиги тууралуу жазылган. Бул өлкөлөрдүн индикаторлорунун графигин кийинки шилтемеден табууга болот.
http://info.worldbank.org/governance/wgi

**Демократия үчүн бүткүл дүйнөлүк кыймыл** - демократияны алдыга жылдыруу үчүн бардык күчтөрүн бириктирген, каржы жаатын көтөргөн адамдардын, демократиялык активисттердин, жогорку кызматтагы саясатчылардын глобалдык түйүнү.
http://www.wmd.org/

**“Аял-лидерлердин бүткүл дүйнөлүк справочниги”** - тарыхый аспектидеги жана азыркы учурдагы аял-лидерлердин статусу боюнча статистикалык маалыматтардын топтому.
http://www.guide2womenleaders.com

# «3» ТИРКЕМЕСИ:
## Квоталар гендердик адилеттиктин чен-өлчөмү сыяктуу

### Саясаттагы аялдар үчүн квоталардын системасы

Дэлфин Торрес
CRTD-A
*"Collective for Research and Training on Development-Action"*
Бейрут, декабрь 2009-ж.

Парламенттеги көрсөткүч менен чагылдырылган аялдардын саясатка катышуусу коомдун саясий жана демократиялык жактан өнүгүү деңгээлинин индикаторлорунун бири болуп саналат. 2009-жылы аялдар дүйнө калкынын теңинен көбүн түзсө дагы, дүйнө жүзү боюнча улуттук парламенттерде 18, 6%га гана ээ болушкан. Эркектер менен демократиялык теңдик бийлик менен байланышкан бир дагы чөйрөдө сакталбай келет. Социалдык, экономикалык же саясий жактан болсун, аялдардын саясий аренада орун ээлеши азчылыкта, ал тургай айрым учурларда аялдардын саны дээрлик жокко эсе. Тарыхый жактан коомдук турмуштан же саясаттан четтетилген аялдар эл алдындагы дебаттарга катышуу үчүн жана саясий аренада өз ордун табуу үчүн стратегияларды иштеп чыгуу жана аларга катышуу укуктарын талап кылат.

22 өлкөдө парламент мүчөлөрүнүн 30%ын аялдар түзөт, бирок, 17 өлкөдө 0 жана 3%дын тегерегинде гана. Аймактар боюнча алганда орточо маалыматтар 42.5%ы скандинавия өлкөлөрүндөгү лидерлерге мүнөздүү, аял-парламентарийлери болгону 9%ды түзгөн араб өлкөлөрү акыркы орунда турат. Бул изилдөө аялдардын саясаттагы өкүлчүлүгүнө жана чыныгы демократияны куруу жана чоң баланска жетишүү үчүн квоталарды пайдалануунун маанилүүлүгүнө конкреттүү түрдө кунт коюуга багытталат.

Иликтөөлөрдүн жүрүшүнөн башталышында квоталарды аныктоо жана эл аралык конвенциялардын контекстине коюу аракети жүрөт. Андан кийин ал квоталарды паритетке жетишүү каражаты катары кабылдоо жана козгоо тууралуу айрым түшүнүктөрдү сунуш кылат. Соңунда дүйнөнүн ар кайсы аймактарында кабыл алынган саясаттагы аялдардын санын көбөйтүү үчүн жүргүзүлгөн саясат жана конструктивдүү чаралардын мисалында жыйынтыкталат.

# I. Квотанын аныктамасы

## А. Квота деген эмне?

### Аныктама

Квота максаттык минимумду же максимумду көрсөткөн сандык максат. Саясатта аялдардын катышуусунун минималдык өтмөгүн гендердик квоталар түзөт. Квоталар аялдардын саясаттагы өкүлчүлүгүнүн ар түрдүү салттык, социалдык-маданий, диний жана башка себептер менен байланыштуу тарыхый жактан шартталып төмөндөтүлгөн көйгөйүн чечүү болуп саналат.

Ошентип, аялдардын саясатка катыштыгынын квотасынын максаты – шайлануучу, бекитилүүчү же дайындалуучу органда аялдардын минималдуу өлчөмүн бекитүү. Квота системасын колдонуу аялдардын саясаттагы өкүлчүлүгүн талапкерлердин же ээленген орундардын тизмесинен 20%, 30% же 40%га кепилдикке алынган минимум жолу менен көбөйтүүгө жардам берет, мунун башкы максаты аялдар менен эркектердин ортосундагы теңдикти түзүү болуп эсептелинет. Квоталар колдонулушуна, шайлоо системасынын тибине, жергиликтүү же улуттук деңгээлде колдонулушуна, ошондой эле мандаттуу же ыктыярдуу экендигине жараша бир нече түрлөргө бөлүнүшү мүмкүн.

### Квоталар системасы

Квоталар системасы өлкөлөрдүн саясий же шайлоо системаларына жана алардын социалдык-маданий ыңгайларына жараша, ошондой эле саясатты түшүнүү даражасына жараша айырмаланат. Квоталардын негизги эки тиби бар: мамлекет тарабынан конституциялык жана мыйзамдык деңгээлдерде бекитилген квоталар, ошондой эле, саясий партияларга ыңгайлаштырылган жана эркин шайлануучу ыктыярдуу квоталар.

**Мандаттык квоталар:** мамлекет өз институттарына туура келген квоталардын тибин эң ылайык келген шарттарда гендердик паритетке жетишүү максатында тандап алат. Квоталарды ар кыл мыйзамдык инструменттер аркылуу мандатка берсе берсе болот: кайсы бир өлкөнүн конституциясына кошумчалоо аркылуу конституциялык же эгерде мыйзамдык система аркылуу иш жүзүнө ашырылса, мыйзамдык болушу ыктымал. Мындай милдеттүү квоталардын тиби Латын Америкасында кеңири таралган. Квоталарды бекитүүнүн артыкчылыгы өлкөдөгү партияларга карабай, бардыгына бирдей болуп саналат, ошондой эле анын аткарылбагандыгы үчүн санкциялар да колдонулат. Ар түрдүү өлкөлөр аларды жергиликтүү, аймактык же федералдык деңгээлдерде алардын саясий же шайлоо системасынан экендигине жараша азчылык же көпчүлүк жетишкендикте кабылдайт.

**Ыктыярдуу квоталар:** бир же андан көп партиялардын уставтарында, стратегияларында жана процедураларында же жумушчу эрежелеринде квоталар ырасмий түрдө бекитилип, эркин тандалат жана кабыл алынат. Ар түрдүү патронаждыктан тарта идеологиялык себептерге чейин аялдарды алдыга жылдыруу максатын көздөөдө оң кадамдарды кабыл алууда партияларга мотив болот. Алар аял-шайлоочуларды тартуу менен чыныгы саясий аң-сезимдүүлүккө, тең укуктуу өкүлчүлүктү түзүү үчүн жөнөкөй изденүү тең укуктуулукту орнотууну чындап каалоо сезимдери менен жыйынтыгында демократияны калыбына келтирүүнү камтыйт. Мандаттык квоталардан айырмаланып, ыктыярдуу квоталар аларды аткарбагандыгы үчүн жазаланууга себеп болбойт.
Мындай кырдаалда ички партиялык кысым шайлоочулар тарабынан айтылган сын-пикирлер жападан жалгыз механизм болуп саналат.

Бул эки система өз ара шайкеш келипши мүмкүн, мындай учурда бири-бирине жолтоо болбой, тең укуктуулукка жеңил жана тез жетишүүгө алып келет.

Кошумча катары, квоталар мандаттык же ыктыярдуу болсун, туруктуу же убактылуу болгондугуна жараша өзгөрүп кетиши ыктымал. Айрым өлкөлөр же саясий партиялар квоталарды медициналык дарылоо сыяктуу чектелген убакытка киргизип коюшу мүмкүн. Квоталар аялдардын өкүлчүлүгүнүн аныкталган деңгээлине жеткенде жана аялдардын органдарга карай жолунда тоскоолдуктар жана бөгөттөр жок болгондо өз күчүн жоготот. Ошого карабастан, квоталарды алдын ала алып салдырбоого кам көрүү зарыл. Бангладеште 2000-жылы бир шайлоонун аралыгында эле квоталарды колдонуу үчүн убактылуу шарттарды мөөнөтү бүткөн мезгилде аял-өкүлдөрдүн саны 10%дан 2%га чейин түшүп кеткен.

Квоталар ошондой эле ыктыярдуулардын тизмесинде же талапкерлердин же шайлоо орундарында колдонулушуна жараша ар түрдүү формаларга ээ болот. Аргентина жана Белгия сыяктуу айрым өлкөлөр минималдуу өкүлчүлүктү камсыз кылуу үчүн жана ошондой эле өкмөттүн бардык деңгээлдериндеги жана добуш берүүдөгү аялдар үчүн резервтелген аныкталган орундардын саны үчүн квоталардын экилик системасын киргизген. Бул шайлоодо аз мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон талапкерлердин тизменин төмөнкү бөлүгүндө калбоосун алдын алат.

Эгалитардык демократиянын логикасына ылайык, жынысынан көз карандысыз квоталарды түзүү маанилүү, анткени, аялдар сыяктуу эле эркектердин өкүлчүлүктөрүнүн санынын төмөн болуу көйгөйүн жолго салуу шарт. Бул ар бир жыныстын өкүлдөрү үчүн кеминде 40%, көбүндө 60%дан ашпаган ковталардын минимумун алууну камсыз кылат. Аныктама боюнча, 50 жана 50 квотасы барабар жана бейтарап болуп саналып, аялдардын дагы, эркектердин дагы өкүлчүлүктөрүн чектөө артыкчылыгына ээ. Ошентсе да, мындай жагдайда демократия урматоого татыктуу болобу? – деген суроо туулбай койбойт.

Жалпысынан компенсациялык дискриминация үчүн мыйзамдык принциптер, ошондой эле квоталар табиятынан аймактык же универсалдык болуп саналган эл аралык юридикалык документтерге негизделет. Бул тууралуу мындан ары талкууланмакчы.

## В. Квоталар жана эл аралык мыйзамдар

Квота системасын негиздөөгө биринчилерден болуп кызмат кылган эл аралык документ – бардык адамдар тең укуктуу жана бирдей укуктарга ээ деген түшүнүктү жайылтууга негиз болгон 1948-жылы кабыл алынган Адам укуктары боюнча Жалпы Декларация жана 1976-жылы кабыл алынган жарандык жана саясий укуктар боюнча Эл аралык Келишим. Бирок, “Жалпыга тиешелүү” деген сөз өз маанисин жоготуп, бардык документтерде эркектерге карай гана колдонулуп калды. “Адамзатынын жарымын унутта калтырган кандай таң калычтуу жалпылык!” – дейт буга басым жасаган феминистка Мариа Дераисмес. Конкреттүү түрдө аялдардын укугун коргоого багытталган Конвенциянын зарылдыгынын талабы мына ушундан улам чыккан.

1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун түрлөрүнүн бирин калтырбай жок кылуу боюнча Конвенция (CEDAW) Кошумча протоколу менен бул процессти жыйынтыктады. Конвенциянын тексти гендердик тен укуктуулук принцибин кайрадан карап чыгат. Бул жолу ага толук кандуу мазмун берилген, өзгөчө, саясий аспектиде, себеби, Конвенция талапкерлерге дагы, шайлоо укугуна дагы абсолютуу түрдөгү тең укуктуу-

лукту ыйгарат. 3- жана 7-беренелери «Өлкөнүн коомдук жана саясий турмушунда аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу үчүн мыйзам чегинен баштап бардык чараларды көрүүнү» кабыл алууну сунуштайт...” Бирок, CEDAW анын алдында милдеттенме алган өлкөлөрдө бул максатты ишке ашыруу механизмдери менен каржылай алган жок, бул анын шарттарынын төмөндөшүнө алып келди.Буга кошумча CEDAWта тең укуктуулук тууралуу эч нерсе эскертилбейт.

185 өлкө же БУУга мүчө өлкөлөрдүн 90% CEDAWга кол коюшуп, аны маанилүү документке айландырышты.

Ошого карабастан, ушунчалык көп сандагы кол коюучулардын канчасы аны кандайча жүзөгө ашырып жаткандыгын тактоо маанилүү болуп саналат. Ал эми чындыгында, акыркылардан болуп кол койгон өлкөлөрдүн мисалында алып караганда (Алжир, 1996; Бахрейин, 2002; Кувейт, 1994; Ливан, 1997; Пакистан жана Сауд Аравиясы, 2000) бир нече өлкөлөр улуттук мыйзамдарына CEDAWдын айрым бөлүмдөрүн гана киргизишкен. Көбүнчөсүндө диний ишенимдерге же маданий салт-санааларга негизделген басмырлоочу мыйзамдар сакталып калган, бул ратификациялоо дагы да болсо талкуу жаратуучу маселе экендигинен кабар берип турат.

Мунун өзү аталган өлкөлөрдө тең укуктуулуктун принциптерин орнотуунун зарылдыгын айгинелеп турат. Конвенцияны аз гана өлкөлөр ашыкча талкуулоосуз кабыл алышты. Бул жаатта Түштүк Африканы жана Мозамбикти куттуктасак болот. Милдеттүү түрдө аткарылуусу боюнча принциптердин болбогондугу жана Конвенциянын принциптерин өздөрүнүн мыйзамдарына киргизбеген өлкөлөргө санкциянын жок болгондугуна байланыштуу Конвенция бөлүк-бөлүгү менен ишке ашып жатат. Конвенциянын талаптарын аткаруу милдетин эскертип туруу максатында эл аралык уюмдар менен жарандык коомун Өкмөткө кысым көрсөтүп турuусунан дагы көз каранды.

1995-жылы Пекинде болуп өткөн аялдардын абалы боюнча төртүнчү эл аралык Конференция чечим кабыл алуу огандарында жана бийлик түзүмдөрүндө аялдар менен эркектердин бирдей тең укуктуу аралашуусу концепциясын көтөрүп чыкты. Жалпы пикирге жетишүүдөн стимул алган Декларация конференцияга катышып жаткан 189 өлкөнүн өкмөтүнүн аракет Платформасын жыныстык тең укуктуулук жагынан ишке ашыруу үчүн бардык чараларды колдонуусун милдеттендирди. Өлкөлөр максат коюп, аялдардын саясаттагы санын мазмундуу түрдө көбөйүшү үчүн бардык алгылыктуу иштерди жасап баштоосу зарыл. Мына ушундай жол менен квота колдонуу биринчи жолу эл аралык денгээлде сунушталып олтурат. Пекин саясий денгээлдеги чечим кабыл алуу органдарында аялдардын көрсөткүчү 33% болуусуна кам көрүүнү сунуштады.

Белгилей кетүү керек, аймактык декларация деп аталган адам укуктары боюнча үч Ислам декларациясы - адам укуктары боюнча жалпы ислам декларациясы болуп саналат (UIDHR 1981). Исламдагы адам укуктары боюнча Каир декларациясы (CDHRI, 1990) жана адам укуктары боюнча араб Хартиясы (ACHR, 1994), адам укуктары жана аялдардын укуктары боюнча Африкалык хартиянын протоколу (2003-жылы Мапутудагы мамлекет башчыларынын жана Өкмөттөрүнүн Ассамблеясында кабыл алынган) адам укуктары боюнча Жалпы декларациянын 1-2-3-беренелериндеги, исламдагы адам укуктары боюнча Каир декларациясынын 1-19-беренелериндеги жана адам укуктары боюнча Араб хартиясынын 2-беренелериндеги эркиндик, тең укуктуулук жана бир тугандык бардык фундаменталдуу үч принцибин кайталайт. Ошону менен катар алар басмырлоону жок кылууну дагы камтыйт, бирок, бул абсолютуу болуп саналат
(Адам укуктары боюнча Жалпы декларациянын 2-беренеси, адам укуктары боюнча жалпы Ислам декларациясынын 3-беренеси, исламдагы адам укуктары боюнча Каир

декларациясынын 1-19-беренелери, адам укуктары боюнча Араб хартиясынын 2-беренеси). Мапутск протоколунун 9-беренеси катышуучу өлкөлөр саясий турмушунда гендердик тең укуктуулукка позитивдүү мыйзамдык аракеттердин негизинде жетишүүгө милдеттүү деп тааныйт, бирок, эч кандай милдеттендире турган чаралардын колдонулушун жазбайт.

2000-жылдын сентябрында Миң жылдык декларациясынын контекстинде БУУнун Башкы ассамблеясы миң жылдыкты өнүктүрүүнүн сегиз Максатын кабыл алды. Үчүнчү максаты аялдардын статусун бекемдөө максатында билим берүүдө, иш ордунда, коомдук жана саясий ишмердүүлүктө гендердик тең укуктуулукту алдыга жылдырууну колдоого алат. Миң жылдыкты өнүктүрүүнүн сегиз Максатын мындан тышкары, чечим кабыл алуучу коомдук процесстерде аялдардын эркектер менен бирдей катышуусунун илгерилешин көзөмөлгө алат. Миң жылдыкты өнүктүрүүнүн сегиз максаты боюнча 2015-жыл бул максатка жетүүнүн акыркы убактысы деп көрсөтүлгөн. Ал 191 өлкө тарабынан кабыл алынган, алардын ичинен, 147 мамлекет башчылары жана Өкмөттөрү кабыл алууга катышкан.

## II. Квота тууралуу азыыноолак ой-жүгүртүү

### A.Идеологиялык талаш-тартыштар

19-кылымдын аягында Чыгыш өлкөлөрүндө гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу боюнча талаптар феминисттердин, интеллектуалдардын, философиялык жана адабий кыймылдардын ар кыл идеологиядагы мектептеринин ортосунда талаш-тартыштарды жаратып келген. Азыраак мурун, дүйнө жүзү боюнча квота системасынын жактоочулары менен каршылаштардын ортосунда философиялык жана юридикалык талаш-тартыштар пайда болду. Бул талаш-тартыштар коомчулуктун ар түрдүүлүгү жана элдердин антогонисттик түшүнүгүнүн ар кыл экендиги менен тыгыз байланыштуу.

#### 1. Универсализм дифференциализмге каршы

1960-жылдары Симоны де Бовуардын феминисттик теориясы менен алектенген, «экинчи тараптан» өсүп чыккан француздук аял-философ Элизабет Бадинтер өзүнүн бир нече кесиптештери менен бирге саясаттагы аялдар үчүн квотаны карама-каршы койду. Ал адамзатынын универсалдуу табияты идеясын колдогон республикалык универсализм теориясынын негизинде квоталарга каршы өзүнүн далилин негиздеди. Бадинтер айымдын жана бул теорияны жактоочулардын пикири боюнча адамзаты бардык жерде жыныстык айырмачылыктардын карым-катышы менен байланышта. Ошондуктан, аялдарды колдоо үчүн атайын чараларды колдонуу менен аялдарды колдоонун зарылчылыгы жок, бул табиятында ылдам өнүгүүнү жана өзгөрүүнү ылдамдатууну камсыздай албайт, бирок, экинчи тараптан аларды кыйроо коркунучуна алып келет. Акыры аягында аялдардын компетенттүүлүгү ишенбөөчүлүккө түртүлүп, аялдарды конкреттүү бир кызматка ал аял болгондугу үчүн гана тандаган деген күмөн саноолор пайда болот.

Бирок, барынан кыйыны – компенсациялык басмырлоо бир категориядагы гана аялдарды чектейт. Компенсациялык басмырлоого жана женилдетилген режимге каршы туруп, АКШнын социалдык чөйрөлөрүндөгү ар кыл азчылыктарды колдонгон америкалык консерваторлордун далилдерин кайталоо менен Элизабет Бадинтер квоталарга сепарациялык эффект берген жана миндеген «геттонун» пайда болушу менен коомду

коркунучка салган категорияга өтүү мүмкүнчүлүгүнүн жаралып калышы тууралуу коңгуроо кагат. Ал басмырлоону юридикалык жактан таануу – басмырлоону күчөтүү жана мыйзамдаштыруу менен барабар деп эсептейт.

Бул божомолго жооп катары Сильвиан Агасински сыяктуу тең укуктуулуктун жактоочулары, бул чочулоо негизсиз деп билишет, себеби, жыныстык айырмачылыктардын ортосундагы универсалдуу ар түрдүүлүк эч бир категорияга жана азчылыкка тиешелүү эмес (бул мамлекеттеги кайсы бир расага, динге, социалдык категорияга тиешелүүлүктөн айырмаланып, аялдар бул категориянын бардыгында бар жана жана алардын бирөөнө гана тиешелүү эмес).

Жыныстык дихатомия универсалдуу түрдө дүйнөнү башынан баштап, эквиваленттүү жана туруктуу деген эки бөлүккө бөлүүгө алып келет: дал ушул эркек менен аялдын универсалдуу жаратылышы бир бүтүн адамзатынын расасын түзөт. Өзүнчө бир категория болбостон, аял эркек сыяктуу эле адамзатынын бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан, адамзатынын мазмунун, мыйзамдын мазмунун аныктоодо негизги көңүл чордонуна аялдын да, эркектин да бирдей ишмердүүлүгү жана бирдей жоопкерчиликтүүлүгү турушу зарыл, б.а., тең укуктуулукта айырмачылыктын суммасын түшүндүргөн тең укуктуулук болуп саналат. Албетте, «бирдей эки жактуулук» улуттук көз карандысыздыктын негизи болуп саналат, ал эми бирдей аракеттенүүсүз демократия болушу мүмкүн эмес.

### 2.Квота тууралуу сынчыл көз караштар

Квота кабыл алынгандан кийин жүргүзүлгөн салыштырмалуу так байкоолордон соң, катуу сынга кабылат. Мисалы, аялдардын саясаттагы санын көбөйтүүгө жана алардын контржемиштүүлүгүнө салым кошпогон пайдасыздыгы тууралуу айтып чыгышат. Бул далилдер боюнча квота системасы менен шайланган же бекитилген аялдар жетиштүү тажрыйбага ээ эмес; бекитилген аялдар, балким, үй-бүлөсү, жолдошу, коомчулугу ж.б. тарабынан «олтургузулган» жана жумушка берилүүгө саясий эрки жетпейт. Аялдар саясий чөйрөдө начар иштей тургандыктары тууралуу таң калууну жаратуу үчүн жагымсыз райондордон шайланышат. Же аларга таасирлүү жумуш орундары ыйгарылат же алар үй-бүлө жана социалдык чөйрөлөргө байланыштуу бөлүмдөргө бекитилишет. Мунун бардыгы аялдардын өзүнө-өзү ишенүүсүн жоготууга багытталат, ошондуктан, квота системасы өсүп-өнүгүүгө каршы болуп эсептелет. Мындай учурда компенсациялык басмырлоо ага туш болгон адамга каршы иштейт.
Ошондуктан, жогоруда аты аталган илинчектерден сактануунун бардык чараларды колдонбосо, квота эмнеге алып келет деген кооптуу тобокелдиктерди карап чыгуу зарыл.

## В. Консенсуска жетишүүнүн аракеттери: Квотага «ооба», бирок, белгилүү бир шарттар менен

Философиялык көз караштар менен алып караганда, квота системасын демократиялык системалардын кайтарымдуулугу (интерпретация) катары дагы карооого болот, анткени, ал демократиянын жасалма жол менен пайда болушуна негизделет, негизги максаты болсо, чыныгы демократияны жаратуу болуп эсептелет. Юридикалык жана саясий көз караштан алып караганда квотаны пайдалануу – гендердик тен укуктуулуктун жана демократиянын принциптери камсыз болбойт деген далилди көтөрүп чыкса болот. Ошондуктан, эл аралык конвенцияда аныкталгандай, гендердик тең укуктуулуктун принциптерине негизделген квота системасы, мейли туруксуз жана толук эмес демократияда болсун, демократияны камсыз кылуунун куралы катары кызмат кылат. Социал-

дык көз караштан алып караганда, анын ролун өзгөртүүгө туура келет. Эркектердин ишмердүүлүгү жана тажрыйбасы менен байланышкан, коомчулукта салттуу түрдө кабыл алынып калган баалуулуктар, буга аялдарды кошуу жана алардын саясий ишмердүүлүгүн таануу үчүн кайрадан каралып чыгышы керек. Бул балким, салттык патриархалдык коомчулукта өзгөчө кыйын болушу мүмкүн. Ошону менен бирге, максат эркектерди бийлигинен ажыратуу эмес, демократиялуу коомдун баардык жарандарынын ортосундагы бийликти бирдей бөлүштүрүү эрежесин калыптандыруу экендигин далилдөө маанилүү.

Демек, кандай ыкма туура? Аялдардын санынын көрсөткүчүнүн жогорку деңгээлине жетүү аракетинде, компенсациялык басмырлоо принцибин колдонуп, мүмкүн болушунча демократиянын мүмкүнчүлүктөрүн бузуунун эсебинен квота системасын орнотууга болобу? Же, демократияны биринчи мааниси боюнча калтырып, абсолюттукпу же чыныгыбы?- экөөнү эркин тандоо шартынын негизинде өз багытында кетүүсүнө уруксат берүү керекпи? Бир топ мезгилден кийин, өтө узак, муун алмашкан мезгил дагы ушул эле жыйынтыкка алып келет. Идеалдуу жыйынтык болбойт, бирок, эки ыкманы тең карап туруп, бир нече сунуштарды кабыл алса болот.

Өлкөдөгү улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде аныктоо үчүн квоталарды колдонуу боюнча чечим саясий институттардын, конституциянын, шайлоо мыйзамдарынын терең анализинин жыйынтыгы болуусу зарыл. Тигил же бул деңгээл үчүн, добуш берүүнүн кайсы түрүнө жана кайсы убакыт үчүн квотанын кайсы тиби ылайыктуу.

Тактап айтканда, маселе, учурдагы жарандыктын түрүн, анын институционалдык түзүлүшүн, шайлоо системасын, саясий партияларды түзүүнүн жана да гендердик курамды аныктаган улуттук саясий түзүлүштү аныктоодо жатат. Бул ар бир өлкөнүн калыптанып калган тоскоолдуктарды түп-тамыры менен чечүүнүн жолуна айланган квотанын конкреттүү моделин тандап алуусуна шарт түзөт. Так, дыкат тандалып алынган профилактикалык чаралардын колдонулушу, саясий институттарда аялдардын көрсөткүчүнүн улануусун кепилдикке алуу үчүн өлкөнүн тең укуктуулугунун деңгээлин жана саясий маалыматтуулук деңгээлин талап кылынгандай бийик деңгээлге көтөрөт.
Өлкө саясий жана демократиялык өнүгүүнүн дал ушул деңгээлинде жеткенде, аксаган, түрү боюнча кыйчалыш учурда кыйроого аз калган системада убактылуу колдонулган жасалма квотаны алып таштоо керек, ал эми түпкүлүгүндө квоталар тең укуктуулук үчүн күрөштөрдө позитивдүү катализатордун ролун ойнойт.

Шайлоо системасы өлкөдөгү демократиялык оюндардын эрежелерин түптөйт. Мына ушул эрежелерге жараша ага аялдардын катышуусу илгерилейт же таптакыр артка кетенчиктейт. Ошондуктан, саясаттагы аялдардын саясий активдүүлүгүнүн деңгээлине шайлоо системасы кандай роль ойной тургандыгына иликтөө жүргүзүү зарыл. Азырынча, белгилүү бир добуш берүү системасына жана саясий режимге белгилүү бир квоталар системасын колдонуу үчүн түптөлгөн эрежелер жок, тең укуктуу катышууга негизделген саясий системада квоталарды колдонуудан эң сонун жыйынтыктар болоорун изилдөөлөр көрсөтө алат. БУУнун аялдарды алдыга жылдыруу боюнча эл аралык изилөө жана билим берүү институту (UN-INSTAW) учурда шайлоо системасын гендердик көз караштан анализдөө аялдардын саясаттагы деңгээлине кандай таасир бере тургандыгын баалоо максатында шайлоо системасын гендердик көз караштан анализдөөнүн жолун иштеп чыгуу менен алектенип жатат.

Пропорционалдуу катышуу шайланган адамдар (парламенттин мүчөлөрү, жергиликтүү, шаардык жана аймактык кеңештер) шайлоочулардын ар кыл пикирлерин адилетүү түрдө чагылдырып туруулары үчүн орундарды добуштардын негизинде бөлүштүрүүгө багытталган. Ар бир партия добуш берүү үчүн талапкерлердин тизмесин сунуштайт. Орундар добуштардын саны электоралдык коэффицентке (бир орунга ээ болуу үчүн добуштардын саны) бөлүнгөн соң тизме аркылуу, калган орундар өйдөдө сүрөттөлгөн ыкма
менен бөлүштүрүлөт. Шайлоонун бул ыкмасы бир топ адилеттүү жана демократиялуу болуп саналат. Авторлор Мухолонгу Малумалу жана Фегалинин айтуулары боюнча, пропорционалдуу катышуу көбүнчөсү батыш демократиясында колдонулат.: ал Латын Америкада басымдуулук кылат, ошондой эле Европада Африкада колдонулган шайлоо ыкмаларынын 63, 8% баштап, 24, 4% чейин колдонулат.

Добуштардын басымдуу бөлүгүнө ээ болгон добуш берүү райондук бир же эки мандаттуу добуш берүүдө колдонулушу мүмкүн. Бул добуш берүүнүн эң эски формасы болуп саналат, анткени, ал орунду добуштардын көп бөлүгүн алган (тиешелүү же абсолюттуу) талапкерге же талапкерлердин тизмесине берет. Бул система кичинекей партияларга азыраак мүмкүнчүлүк түзүп, жыйынтыгында, шайланган мыйзам чыгаруучу бийлик жалпы калктын көпчүлүгү күткөн электоратты көрсөтө албайт. Шайлоонун бул түрүн колдонгон саясий системада квотаны ишке киргизүү аз жыйынтыктарды берет.

## С. Квоталарды туура колдонуунун жыйынтыктары

Көпчүлүгүн пикиринен алып карганда, UNFEM, IDEA, Парламент аралык союз жана Quotaproject чогулткан статистика квоталарды колдонуу аялдардын саясаттагы катышуусунун деңгээлинин жогорулашына кандай таасир бере тургандын көрсөттү. Механиканын тили менен айтканда, мамлекеттик мекемелердеги аялдардын саны өстү, ал эми өкмөттүк түзүмдөрдөгү аялдардын жеткиликтүү деңгээлдеги саны бүгүнкү күндүн белгилүү бир деңгээлинин көрсөткүчү болуп саналат. Кызык, «биринчи баруучунун таасири» канчага чейин созулат? Аялдар канча көп болгон сайын бул кыймыл ошончо эскирет, бирок, бул бийликтин пайда болуусунун узак жашоочу жаңы түрүнүн жаралышына өбөлгө болот. Тең укуктуулукка жетүү үчүн бир нече шайлоону баштан өткөрүү турган иш. UNFEMдин берген маалыматына караганда өнүккөн өлкөлөрдө саясатта аялдардын 40% камсыз кылган гендердик «тең укуктуулукка» жетишүү үчүн эки муун өткөрүү керек экен. Бул сандар саясатта аялдардын алдыга умтулуусу канчалык түрдө жай жүрө тургандыгын күбөлөндүрүп турат. UNFEM 2015-жылы саналуу гана өлкөлөрдө парламенттеги аялдардын көрсөткүчү 30%га жетет, ал эми өнүккөн өлкөлөрдө болсо тең укуктуулукка жетишүү үчүн дагы 40 жыл талап кылынат. 2009-жылдын сентябрына карата дүйнө жүзү боюнча аялдардын саны 18, 6% түздү жана дүйнө боюнча башкаруучулардын жетөөсү гана аял.

Квотаны кабыл алган жана кабыл албаган өлкөлөрдүн Парламенттериндеги аялдардын катышуусун иликтөөнүн жыйынтыктары квоталар процессти ылдамдатарын далилдеди. Квота иштеп баштаган өлкөлөргө караганда, квота киргизилбеген өлкөлөрдө аялдардын саясаттагы көрсөткүчү жай жылат. Түштүк Азиядагыдай айырмачылыгы 16% түзөт (UNFEM, Progress Report 2008-2009).

Мындан сырткары, квотанын натыйжалуулугун сандык көз караш менен гана карабастан сапаттык жактан дагы кароо зарыл. Бул жаатта статистикалык көрсөткүчтөр жок, бирок, квотанын дал ушул багытта иликтеп көрүү кызыктуу болмок, мисалы, аялдардын көрсөткүчүн 30% ашырбаган «айнек шыпка» натыйжасы. Мындай абалдан чыгуу

үчүн аялдар менен эркектер үчүн альтернативдүү квотаны кийиришкен, бул квота аялдардын бардык кызматтарга баруусун, мунун негизинде тең укуктуулук камсыз кылынат. Бул көрүнүш Швецияда болгон, “эки талапкердин бирөө -аял» принциби иштеп, ал эми «а» ар бир жыныстын өкүлдөрү 50% катышуусун шарттайт, чек коюучу квоталар коомчулук тарабынан кабыл алынбайт.

Айта кетүү керек, квоталар азырынча математикалык жандырмактар болгону менен, ал аялдардын саясатка келүү жолундагы бардык тоскоолдуктарды жок кыла албайт. Коомдогу түптүү өзгөрүүлөргө ээ болуу үчүн квоталар эки майдандын таасири менен коштолуусу керек: биринчиден, жардам көрсөтүүчү, таасир берүүчү жарандык коом жеткиликтүү деңгээлде өнүккөн болушу керек; экинчиден, аялдар аялдарды саясатка тартуусу керек. Бул өнөктүк ар кыл формада өтүүсү мүмкүн, алар кызматка келүү, ачык кайрылуулар, партиянын ичинде квота талап кылуу, тең укуктуулук принцибин карманбаган саясий лидердин артынан түшүүдөн баш тартуу, гендердик тең укуктуулук принцибин карманбаган партиядан чыгуу, тең укуктуулук принцибин туу туткан жана бардык мүчөлөрү тең укуктуулукка өз ишинде бирдей мамиле кылган саясий партия түзүү. Аялдар аларды сыйлабаган саясий партиядан баш тартуудан баштап, өз саясий эрктери тууралуу ачык жарыялоолору зарыл.

Квотаны эң көп өлчөмдө колдонуу менен тең укуктуулукка жетишкен Скандинавия өлкөлөрүнүн мисалы саясий эркти жарандык коомду мобилдештирүүнүн жана аялдардын саясий активдүүлүгүнүн негизи катары коомдун баардык баскычтарында колдонуунун натыйжалуулугун далилдейт.
Акыйкаттыкты орнотууда дүйнө жүзү боюнча айрым саясий партиялардын ийгиликтүү тажрыйбаларынан бир нече мисалдарды келтирүүгө болот, конкреттүү: партия ичинде аялдар бөлүмдөрүн ачуу, аял-талапкерлерге ийгиликтүү кампанияларды даярдоо жана аны каржылоо жаатында кызмат көрсөтүү, аялдардын ой-пикирлерин ачык айтуусун шарттаган форумдарды, дебаттарды уюштуруу, жыйындарды аялдарга ылайыктуу учурларда куруу, идеологияны, партиянын уставы жана платформасы гендердик тең укуктуулук идеяларынан эмнени камтыгандыгын көзөмөлдөй турган жана талапкердин шайлоо процесси демократиялык мүнөзгө ээ экендигин анализдей турган атайын комиссияларды түзүү.

## III. Квотаны дүйнөдө колдонуу тажрыйбаларынан: өлкөлөрдүн мисалдары, квотаны колдонгон жана колдонбогон тең укуктуулук

### А. Араб дүйнөсү

UNFEMден Хеба Нассар 9-10-декабрда Бейрутта болуп өткөн араб мамлекеттеринин Лигасы / MDG БУУ менен биргелешип даярдалган отчеттук конференцияда кайра-кайра мындай деп кайталады: дүйнө жүзү боюнча араб аялдарынын активдүүлүгү төмөн бойдон калууда, ал эми улуттук парламентте аялдардын ээлеген орду орто эсеп менен 9% түзөт. 2006-жылдагы ПРООНдун адамзатынын өнүгүүсү боюнча берген отчетунда ал тургай бул өлкөлөрдүн толук кандуу өнүкпөгөндүгүнүн себептеринин бири араб мамлекеттеринин өкмөттөрүндө аялдардын көрсөткүчүнүн аздыгынан улам болуп жатат деп да белгиленген. 2009-жылы араб мамлекеттеринин (Ливия, Оман, Ливан, Алжир, Египет, Марокко, Йемен жана Коморск аралдары) парламенттериндеги аялдар ээлеген орундардын саны 10%дан дагы аз болгон. Катардын, Сауд Аравиясынын, Кувейттин, Палестинанын жана Сомалинин парламенттеринде аялдар таптакыр жок.
Хеба Нессар бул абал бир нече факторлордун жыйынтыгы деп эсептейт: патриархалдык жана кээде кулчулук маданиятынын жана шайлоого баруучу талапкерлерди кландардын башкаруучулары гана көрсөтүү укугун берген, бир нече араб мамлекеттеринде өкүм сүргөн сектанттык. Араб аялдарынын коомдогу ролу тууралуу стереотиптер абдан күчтүү жана үй чарбачылыгы, бала тарбиялоо аркылуу аялдардын ролун чектейт. Бир топ араб өлкөлөрүндө аялдардын саясий катышуусу парламент жана министрликтердеги бир нече гана орундар менен чектелген.
Жыйырма эки араб мамлекетинин ичинен он тогузунун CEDAW ратификациялоосу аялдардын укуктарын жана тең укуктуулугун тааныгандыктарынын күбөсү болуп саналат. Тилекке каршы, башында айтып кеткендей, көп өлкөлөр өз чектөөлөрүн киргизип алышкан, мындай нерселер абдан көп, ал тургай CEDAW текстинин маанисиз болуп калуусуна дагы түртөт. Ливия, Тунис, Марокко CEDAW дын Кошумча протоколун дагы ратификациялашкан.
Мындан сырткары, конструктивдүү чараларды дагы белгилей кетүү керек, араб мамлекеттеринин бир бөлүгү тарабынан өз коомчулугунда аялдардын ролун таануу боюнча саясий каалоолорду алып көрсөтсөк болот.
Алар:

- Улуттук комиссияларды түзүү аркылуу аялдардын коомдогу таасирдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир канча араб мамлекеттеринде түзүлгөн «мамлекеттик феминизмдин» пайда болушу (мисалы, Египетте 2000-ж., Бахрейиндин аялдардын иштери боюнча Жогорку кеңешинде 2001-ж.). Дайыма көзөмөл астындагы учурдагы коомчулуктун түсүн берүүгө гана багытталган жасалма мүнөзгө ээ феминизм дайыма сын-пикирге кабылат. Аны аялдар кыймылын багыттагандыгы жана чектегендиги үчүн дагы күнөөлөп келишет. Буга кошумча, Өкмөттүн колдоосунан көз карандысыз жагдайда деле, мындай уюмдарды түзүү менен аялдар чындап утаары талашсыз.
- Бир канча араб мамлекеттеринин аялдардын ролун жогорулатуу жана гендер маселеси боюнча аймактык жана эл аралык конференцияларга активдүү катышуусу;
- Көптөгөн араб мамлекеттеринде жалпы шайлоочу укуктун кабыл алынышы;
- Квота системасынын кабыл алынышы (Алжир, Джибути, Марокко, Иордания, Тунис, Судан, Палестина, Египет, Мавритания жана Ирак);
- Бир канча өлкөлөрдөгү мыйзам жаатындагы реформалардын ишке ашышы, аялдарды басмырлаган мыйзамдар жоюлуп, алардын башкалар, адилеттүү мыйзамдар менен алмаштырылышы

Бул саясий мыйзамдык жана социалдык чаралар мындан дагы натыйжалуу болушу үчүн аларды улуттук жана аймактык деңгээлдеги маалымат кампаниялары менен коштоо керек, бул аялдардын өзүнө тиешелүү саясий укуктарын билүүсүнө жана социалдык абалына карабай аны пайдалануусуна шарт түзөт.

Бул ийгиликтүү кадамдар менен катар Машрика (Египет, Ирак, Иордания, Ливан, Палестина жана Сирия) өлкөлөрүнө аялдардын саясий активдүүлүгүн арттырууда конкреттүү демилгелер көтөрүлүшү керек. Аларга көрсөтмө: шайлоо участкаларына аялдарды ташууну уюштуруу; коомчулуктардын башчы эркектери менен иштешүүнү колго алып, аялдарды өздөрүнүн шайлоо укуктары боюнча окутуу жана алардын маалыматтуулугун жогорулатуу үчүн аялдар уюмдары менен кызматташуу; маалымат жана тажрыйба алмашуунун жеткиликтүү уюштурулушу; аялдардын иштерине колдоо көрсөткөн жана саясий оюндардын эрежелерин үйрөтө турган парламенттеги аялдардын аялдар менен же эркектер менен байланыштыруу.

Мисал катары биз кийинки өлкөлөрдү карайбыз: Марокко, Бахрейн, Иордания, Египет жана Ливан.

**Мароккодогу** гендердик тең укуктуулук принциби 1962-жылдагы конституцияда кабыл алынган. Бирок, 1993-жылы Өкмөт тарабынан CEDAWдын жана 2006-жылы Кошумча Протоколдун ратификацияланганына карабастан, 2009-жылы саясаттагы аялдардын көрсөткүчү 10, 5% деңгээлинде калды. Бул араб өлкөлөрү үчүн ачык эле түрдө орто көрсөткүч деп белгиленет.

1999-жылы Мохаммед VI бийлик башына келгенден баштап, Өкмөт гендердик тең укуктуулук жана өлкөнүн акыйкат башкарылуусун камсыз кылуу боюнча саясий камылгалардын өсүп жаткандыгын дайыма жарыялап келет. Х.Алими М Чичи, юридика факультетинин профессор-саясатчысы Касабланканын айтуусу боюнча саясий жашоого гендердик анализди киргизүү эмнеге алып келди: 1) көптөгөн гендердик акыйкатсыздыктарга жоопкерчиликтүү бир катар социалдык жана тарыхый жактан түптөлүп калган байланыштарды таап чыгууга; 2) модернисттер менен исламисттердин айырмасын билүүгө жана Марокко коомчулугундагы аялдардын ордуна байланыштуу кеңири жайылган чаташууларга кабылды.

Марокколук Өкмөттүн инновациялык ыкмасы – аялдар үчүн 12%дык квотанын кабыл алынышын шарттап, демократиялык багытка түшүүгө, экономикалык модернизацияга жана адамзаттык өнүгүүнү камсыздоого өтүү боюнча кулачы кенен улуттук күн тартибинин бөлүгү жана албетте, аялдардын саны бир аз абайлап турганына карабай, Марокконун саясий институттарында аялдарга кеңири мүмкүнчүлүк берүү ниетин дагы билдире алат.

Өкмөттүн аялдардын андан ары алдыга жылдырууга болгон ниетин CEDAWты ратификациялоодо көрсөтүлгөн чектөөлөрдүн алынып салынышы, андан соң 2004-жылдагы үй-бүлө боюнча мыйзамдын (Moudawana) кайра каралышы жана 2007-жылдагы атуулдук боюнча мыйзамга кошумчалардын киргизилиши тастыктады. 2005-жылы Марокконун Өкмөтү аялдарга карата зордук-зомбулукту токтотуу боюнча улуттук стратегияны, ал эми 2006-жылы гендердик тең укуктуулукту аялдарга коомдук турмуштун жолун ачкан өнүгүү программасына гендердик максатты камтуу стратегиясын кабыл алды.

«Etre femmeen Egypt, au marocet en Jordanie» (Египетте, Мароккодо жана Иорданияда аял болуу) китептеринин авторлору Алан Роуссиллон жана Фатима Захра Зриоюль түшүндүргөндөй, Иорданиялык феминисткалар биринчи жолу биригишкенде, алардын аракеттери чектелүү гана болчу жана мазмундуу өзгөрүүлөргө алып келген эмес, анткени менен, ал аракеттер кызматчылардын жашоо-шартын оңдоого эмес, саясий позицияны ээлөөгө багытталган. Көз ирмемде бул кыймыл кучагын жайып, жалпы Марокко коомчулугуна чыныгы импульс болуп калды.

Марокко аялдарынын демократиялык ассосиациясы (МАДА – ADFM француз аббревиатурасы менен таанымал) дагы негизги ролду ойногон. МАДА 1985-жылы негизделип, семинарларды, конференцияларды жана талкууларды уюштуруу аркылуу гендердик тең укуктуулук маданиятын камсыз кылуу боюнча иш алып барат. Аялдардын укуктары боюнча кыймыл менен иштөө аркылуу ассоциация аялдардын парламенттеги көрсөткүчү боюнча дебаттарды уюштурду жана жайылтты, акырындан жалпы талкуулоону компенсациялык басмырлоого чаралар тууралуу баштап, конкреттүү талаптарды коюуга жетишип, бул квота системасынын кабыл алынышына түрткү болду.

МАДА калк ичиндеги аялдардын саны менен аял-талапкерлердин анча көп эмес санынын ортосундагы дисбалансты түзөө максатында эл аралык конвенциянын кабыл алынышынын жолдорун издөө боюнча саясий жана укуктук деңгээлде иш алып барат. МАДА аялдар ассоциациясы жана түйүндөрү менен бирге саясий партиялардын саясатын өзгөртүү, партия ичинде аялдар өз ордун табуусуна мүмкүнчүлүк берүү боюнча активдүү кам көрүүнү колдоо жаатында саясий партиялар менен дагы жигердүү иштешет.

Жыйынтыктап айтканда, Марокко саясатына аялдардын тартылуусунун өсүүсү, жергиликтүү мыйзамдарды эл аралык конвенцияларга ылайыкташтыруу боюнча же аялдардын саясатка аралашуусуна жардам берген жана өлкөнү демократияга жетелеген Марокко коомчулугунун тең укуктуулукка негизделген билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча кылып жаткан аракеттери ар кыл саясий оюнчулардын аракетин алсыздандырбайт.

Орто Чыгыш мурда эскертип өткөнүбүздөй, аялдардын саясатка аралашуусу бир өлкөдөн экинчи өлкөгө жандуу түрдө өтүп жатат. **Бахрейнде** өкмөт аялдардын иштери боюнча башкы Кеңешти 2001-жылы негиздеген жана 2002-жылдын июнунда CEDAW Конвенцияны ислам мыйзамы – шариат уруксат берген шарттар менен кабыл алган. Конвенцияны ратификациялоодогу киргизилген шарттар жана чектөөлөргө карабастан, бул аялдардын жетишкендиктери катары саналган, акыры 2002-жылы алар добуш берүү укугуна ээ болушту, ошону менен катар 2003-жылы бардыгы шайлоого катыша алышты. Бул укук-коргоочу аялдар үчүн чоң жетишкендик жана аялдардын өздөрү үчүн революция болгон эле. Квотанын жок болгону менен, басмырлоону жок кылууну ишке ашыруу боюнча көрүлгөн чаралардан улам, аялдар парламенте 2, 5 %ды ээлейт.

«Каршылыксыз тең укуктуулук» кампаниясы 2008-жылдын ноябрында демилгеленген; аялдардын ордун аныктоо боюнча конференциялар уюштурулган. Албетте, бул Бахрейиндеги аялдардын статусун бекемдөөгө жетишүүдө көрүнүктүү прогресс болуп эсептелет, бирок, белгилүү деңгээлде чектелүү, себеби, өлкөдө үй-бүлөлүк кодекс жок. Али алдыда көп нерсени жасоо керек.

**Иордания** өзүнүн модернизмге болгон умтулуусун жана Королдук үй-бүлө аялдардын саясатта болуусун колдоо жана жайылтууга болгон ниетин жарыялады. Иорданиялык аялдар добуш берүү укугуна 1974-жылы ээ болушту, бул өлкөдө CEDAW 1992-жылы (бир нече шарт коюулар менен) ратификациялаган. Аялдар Парламентте 5, 36% орунду ээлеген, бул 2003-жылы квота кабыл алынышынын натыйжасы катары өлкөдөгү жетишкендик болуп саналат. 1992-жылы түзүлгөн Иорданиялык аялдардын иштери боюнча улуттук кеңеш аялдардын активдүүлүгү боюнча таасирлүү чараларды киргизүү үчүн алгылыктуу иштерди жасады жана мындан ары аялдардын кызыкчылыктарын коргоо боюнча стратегияны иштеп чыгуу жоопкерчилигин алды.

Коомчулуктун маалыматтуулугун жогорулатуу жаатындагы бир нече акция жана жыйындардан соң, акырында консенсуска алып келип, 2003-жылдагы Квота системасынын кабыл алынышына жетишилди. Акциялар 1995-жылы квота системасын 33 партиянын ичинен 22си колдогондугун, квота системасын киргизүүнү колдогон Мамлекеттик эмес уюмдардын Комитети уюштурган петицияга 15 000 кол коюлгандыгын көрсөткөн семинарды дагы камтыган.

Бул система аялдарга 6 орунду камсыз кылат. Орундар тиешелүү шайлоо участкаларынан аял-талапкерлер топтогон добуштардын пайызы аркылуу бөлүштүрүлөт. Бул мыйзам тарабынан кепилдикке алынган минимум, аялдар башка жерлерден дагы добуш алып, эркектерди утуп кетүү мүмкүнчүлүктөрү дагы бар. Мындай учурда утуп алган орундар квотанын эсебинен бөлүнбөйт.

Иорданиянын шайлоо системасы татаал, квота системасы менен чогуу эле, ал жакта христиан, чечен, черкес жана бедуин азчылыктары үчүн орундарды сактаган катар система дагы бар. Ошону менен катар эле, шайлоочулардын саны же шайлоо райондорунун чегин аныктоо үчүн калктын санын тактаган стандарттуу критерийлер жок. Шайлоо райондорунун ченеми тиешелүү квоталарга жооп берген бирден бешке чейинки орундар менен такталат.

Квота системасынын бир катар жакшы жактары бар. Биринчиден, ал чектелген эмес жана аялдар үчүн мыйзам боюнча сакталган 6 орун менен чектелип калбайт. Экинчиден, аялдар христиандар, чиркестер, чечендер жана бедуиндер үчүн аныкталган орундар менен эле чектелбейт. Жыйынтыгында, аялдар үчүн квота башка квоталарга караганда эң жакшы, эгер, бедуин аял шайланса, ага азчылыктарга тиешелүү квоталардан орун берилет.

Бул шайлоо системасынын негизги кемчилиги – аялдар үчүн сакталып коюлган орундардын жетишсиздиги. Алты орун – бул Парламенттин жалпы санынын болгону 5.5% түзөт. Бул бүгүнкү күндө аялдардын эң төмөн катышуусу дегенди түшүндүрөт (6.36 %). Мындан сырткары, райондор боюнча бөлүштүрүү системасы, өлкө боюнча аял-талапкерлерди географиялык жактан бөлүштүрүү аялдардын бирдей деңгээлдеги көрсөткүчүн камсыз кылбайт жана алардын чоң шаарлардан шайлануу мүмкүнчүлүгүн татаалдаштырат.

Аялдардын санын көбөйтүү үчүн аялдар үчүн сакталып коюлган орундарды эки эсе көбөйтүү керек, партиялардагы аял-талапкерлерге минималдуу квотаны калыптандыруу үчүн саясий партиялар тууралуу мыйзамды кайра карап чыгууну ойлонуштуруу жана пропорционалдуу добуш берүү системасын кабыл алуу керек.

Жыйынтыктап айтканда, Иордания өкмөтү аялдарды жылдыруу жана салттык мамилелерди өзгөртүү үчүн чыныгы каалоосун билдирди, бул болсо 2009-жылы үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы Актынын кабыл алынышы, он жыл аралыгында 40% аялсоттордун болушун камсыз кылуу максатында аялдарды соттук орундар үчүн окутуу, Иорданиялык юстиция министрлигинин колдоосу жана 2009-жылдын майында Иорданияда «Каршылыксыз тең укуктуулук» коалициясынын экинчи аймактык конференциясынын кабыл алынышы менен 2009-жылдын февралында CEDAW ка эки шарттын коюлушу негизсиз экендигин айгинеледи.

**Египет,** аялдар Парламент мүчөлөрүнүн болгону 1.8%ын түзүп турган - Өкмөттө аялдар азыраак көрсөткүчкө ээ өлкөлөрдүн бири. Ооба, Египет CEDAWты 1981-жылы кабыл алган жана өзүнүн 1956-жылдагы конституциясында аялдарга саясий укук берген биринчи араб өлкөсү болуп саналат. 1919-жылдагы революциядан бери Египет аялдары өздөрүнүн укуктары тууралуу айтып келишкен жана квота системасы мурда өз убагында кабыл алынган. 1956-жылдагы жана 1971-жылдардагы конституцияларында бардык жарандар үчүн, жыныстык айырмачылыгына карабастан бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр принциби киргизилгени, 1979- ж. жана 1983-жылдары кабыл алынган эки мыйзамда пропорционалдуу көрсөткүч системасында, Улуттук Ассамблеяда 30-31-орундар талапка ылайык аялдар үчүн бекитилген. Квота системасы киргизилгенден кийин Парламенттеги аялдардын пайызы 1979-жылы 9%га жеткенге чейин дайыма өскөн, бул өлкө жана бул аймак үчүн рекорддук көрсөткүч болуп калган. Бирок, кийинчирээк аялдарды Парламенттен четтетүү күрөшү башталган. 1986-жылы Жогорку Конституциялык сот 1976-жылдагы мыйзамды четке каккан, ал эми квота системасына конституциялык эмес деген негизде тыюу салган. Мыйзамды сот аркылуу четке кагуунун чыныгы мотивациясы бул мыйзамда шайлоого катышуу саясий партиялар тарабынан сунушталган талапкерлердин тизмесине гана негизделген, көз карандысыз талапкерлердин катышуусуна жол берилбеген жана ошону менен катар, саясий партиялардын мүчөлөрүнүн жана башка партиялык эмес тизме менен ат салышып жаткандардын ортосундагы бирдей мүмкүнчүлүк принцибине каршы шайлоо системасы деп табылып, конституциялык эмес деп мүнөздөөдөн улам келип чыккан. Аялдарга орун сактаган бул мыйзамдын 3-беренесинде конкреттүү максат болгон эмес деп четке кагылган. Бул чечимди актоо максатында, кээ бир пикирлерде аялдар үчүн орундарды сактоо эркектер үчүн басмырлоо мүнөзүнө ээ деп дагы түшүндүрүлгөн.

Египеттеги аялдардын саясатка аралашуусун колдогон жаңы толкун аялдарды колдоо боюнча Улуттук Кеңештин жана аялдардын өз талапкерлигин көрсөтүүлөрү жана добуш берүү үчүн каттодон өтүүсүнө чакырыктарды жүргүзгөн бир нече уюмдардын жардамында ишке ашкан. Семинар-тренингдер уюштурулуп жана аялдардын саясатка аралашуусун колдоо көрсөтүү боюнча туруктуу комитеттер түзүлдү. Квота системасын кабыл алуу боюнча бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр принцибин жаңыча сунуштаган, Парламентте аялдар үчүн 12 % орунду сактоону көздөгөн, 1979-жылдагы Конституциянын, CEDAW конвенциясынын, жана да 1984-жылдын 15-мартында Александрийск декларациясынын негизиндеги жаңы талаптар иштелип чыкты.

Бул Египет Өкмөтүнүн 2007-жылдагы конституциясына 62-кошумча беренесин киргизүүсүнө алып келди. Бул мыйзам чыгаруу органын күчөтүү жана Улуттук Ассамблеяда Шура Кеңешинде саясий партиялардын жетиштүү түрдөгү көрсөткүчүн камсыз кылуу үчүн шайлоо системасын реформалоо жана аялдар үчүн квота системасын кабыл алуу аркылуу коомдо аялдардын ролун жогорулатуу үчүн жасалган. Кабыл алынган 62-беренеде аялдар үчүн сакталып коюлган орундардын так саны көрсөтүлгөн

эмес, бирок, Парламенттеги аялдардын санынын көрсөткүчүнүн чындап көбөйүшү акыркы шайлооолордон кийин гана байкалды, 2005-жылдан баштап, 2%ды, 2009-жылга чейин 11%ды түздү. Бул сандар Египет элчилигинин MDG БУУ жана араб мамлекеттеринин Лигасы менен биргеликте даярдаган отчетунда көрсөтүлгөн (Бейрут, 9-10-декабрь, 2009-ж). Египеттин мисалы квоталар аялдардын саясатта аралашуусу үчүн жакшы натыйжаларды бере тургандыгын көрсөттү. Буга улай, бул жагымдуу чараларды аялдардын саясатка аралашуусу жолунда турган маданий тоскоолдуктар жана чыныгы тең укуктуулукка жетишмейинче сактоо абдан маанилүү.

**Ливан** Машрика өлкөлөрүнүн ичинен өзүнүн тарыхы, маданияты жана диний ар түрдүүлүгү жана аялдар үчүн сакталып коюлган орундар менен өзгөчө болуп саналат. Чындыгында, «С» (преамбула) Ливан Конституциясынын 7-беренелеринде жыныстык айырмачылыгына карабастан, бардык жарандар үчүн тең укуктуулук принциби орнотулган. Мындан сырткары, Ливан адам укуктары боюнча эл аралык конвенцияларды, тактап айтканда, CEDAWты ратификациялаган, муну менен ал аял менен эркектин ортосундагы тең укуктуулук принцибин бекемдеген.

Мындан сырткары, чечим кабыл алуучу түзүмдөрдө иштеген Ливандык аялдардын пайыздык көрсөткүчүн карап көрсөк, саясатта алар 3.2% менен гана чектелүү. Эң болбоду дегенде Парламентте бардык күчтөрдү кошкондо аялдар 30% көрсөткөнү менен, бүтүрүүчү кыздардын саны бүтүрүүчү балдардын санынан жогору, ал эми калктын жалпы санынын 52%ын аялдар түзөт. Ливан патриархаттын негизинде түзүлгөн кадимки араб мамлекеттерине таандык коомдун иллюстрациясы болуп эсептелет.

Ливандагы аялдардын иштери боюнча Улуттук комитеттен Ламии Оссеирандын сөзү боюнча, аялдардын саясий активдүүлүгүнө тоскоолдуктарды жаратуучу негизги себептердин бири Ливан мамлекетинин негизги курамын түзгөн, саясатташкан кээ бир үй-бүлөлөрдүн адистикке негизделбеген, бийликти көрсөткүч үчүн гана эркектерине бекитип берген үй-бүлөлүк сектандыктар болуп эсептелет.

Бул абалды оңдоо үчүн Аялдар ассоциациялары жана Ливан аялдарынын иштери боюнча Улуттук комиссия активдүү чараларды көрүү үчүн үзгүлтүксүз иштерди жасап келишет. Конкреттештирип айтканда, алар семинарларды уюштурушкан аялдардын укуктары жана алар үчүн квоталар боюнча (1998, 2000 жана 2004-жылдары) эл аралык конференцияларга катышышкан. 2005-жылы пропорционалдык көрсөткүч системасында Парламенттеги аялдар үчүн 40% орунду сактоо жана партиялык тизме боюнча аялдарга 30% квота мыйзамынын долбоору четке кагылган. Мын ушундан улам Ливанда аялдар үчүн квота жок, колдонулган квоталар исламдык деноминациялар үчүн колдонулат. Мари Нассиф-Дебенин түшүндүрүүсү боюнча, саясий класстын көрсөткүчүнүн көпчүлүгү аялдар үчүн квота системасы үчүн сынга кабылышты, себеби, алар аны басмырлоо деп түшүнүшөт, бирок, алар өздөрү диний деноминациянын саясий өкүлдөрү үчүн квотанын негизинде бийликке келишкендиктерин унутуп калышты.

Башка өлкөлөрдө географиялык квоталар бар, б.а. касталар үчүн квоталар бар, мисалы, Индияныкы сыяктуу. Бул квоталар аялдар үчүн квоталар сыяктуу киргизилген. Стокгольм университетинин саясат боюнча профессору Друд Далеруп ( Drude Dahlerup) аялдар үчүн квотанын юридикалык системасы Ливан үчүн ыңгайлуу деп эсептейт, мында диний өкүлдөр үчүн мыйзамдык квоталар бар болуп саналат. Бул система өтө чектейт, бирок, натыйжалуу болуп эсептелет.

Ливан Парламентинин мүчөсү жана 2005-жылдагы мыйзам долбоорунун авторлорунун бири Камаля Фегхалинин айтуусу боюнча Ливандын саясий жашоосундагы аялдардын көрсөткүчү, эгер саясий партиялар тең укуктуулук принцибин жана өз аткаруучу түзүмдөрүндө паритетти карманышса жана да квота системасы аял талапкерлерди топтоодо колдонулса өнүгүү жолуна түшөт. Ошондой эле, Камаль Фегхали аялдар саясий турмушка көбүрөөк аралашуусу керек жана саясий партиялар аларга шарттарды түзүп берүүсүнө кысым көрсөтүүлөрү керек экендигине басым жасайт. Коомдун маалыматтуулугун жогорулатуу максатында жана эки квота ( диний деноминациялар жана аялдар үчүн) системасын колдоонун тамырын жайылтуу жана шайлоо системасын реформалоо үчүн аялдардын, саясий партиялардын ишмердүүлүгүнө негизделген узак мөөнөттүү стратегияны колдонуу керек.

Жаңы Ливандык өкмөт диний паритет саясатына ынтызарлык менен мамиле кылышат жана өзүнүн саясий арызынын 22 пунктунда CEDAWтын жоболорун аткаруу жана шайлоо реформаларын жасоо ниетин билдирген. Бул максатта ал Ливандын саясий, диний жана түзүмдүк мүнөздөмөсүн (плюралисттик, пропорционалдык же аралаш) жана тең укуктуулукту – бул жолу гендердик тең укуктуулукту калыптандыруу үчүн кайсы райондордо аялдар үчүн квотанын натыйжасын күчөтүү керек экендигин аныкташы зарыл.

Азырынча, Ахмад Бейдоун сыяктуу айрым авторлор демократиялуу мамлекеттерде жарандардын тең укуктуулугу принциби - диний квоталардын жок болушун компенцациялоо үчүн жетиштүү кепилдик болуп саналат, мүмкүн, бул тең укуктуулук принциби аялдардын толук кандуу көрсөткүчү үчүн жетишсиз жана келечекте натыйжалуу юридикалык квоталар менен толукталышы мүмкүн.

## В. Квоталар дүйнө жүзүнүн башка өлкөлөрүндө

### А. Азия

Азияны аялдарга карата жигердүү аракеттерди көргөн пионер деп айтсак жарашчудай. 1956-жылы Пакистан парламентинде 5тен 10%га чейинки орун аялдар үчүн бөлүнгөн. Бангладеште бул аракет 1970-жылы киргизилген. Бүгүнкү күндө Бангладеш жана Индияда баш мыйзамга квота маселесин киргизишти. Индонезия, Пакистан жана Кытайда квота аркылуу мыйзам чыгаруу системасын өзгөртө алышты. Азия расмий, мандаттуу мыйзамдаштырылган квотанын ыктыярлуу квота түрүн саясий партияларга киргизди, мындай ыкма Батышевропалык мамлекеттерде колдонулуп келген. Азияда болсо квота системасындагы резервдеги оруундар үчүн так орундарды коюу агымы да өнүккөн.

**Индияда** 1920-жылы жылы аялдардын квота маселеси боюнча дебаттар башталган, 1950-жылдары ал маселе боюнча учкун жалынга айланып квотага касталардан, аз камсыз топтордон киргизүү контексти колдоого алынышы тууралуу ар кандай курч ой-пикирлер айтылган. Ошондуктан Индияда квотанын ар түрдүүлүгү улуттук жана жергиликтүү деңгээлде жакшы иллюстрацияланган деп айтсак болот. 1993-жылы Радж Гандинин демилгеси менен башталган саясий жактан азыраак борборлоштуруу алкагында индиялык парламент баш мыйзамга толуктоо киргизген, бул 30% аялдарга орун берилиши жана кандайдыр бир пайызда төмөнкү касталардагы аялдардын өкүлдөрү дагы квотага киргизилиши тууралуу.

Ал кезде жергиликтүү кеңеште 20-30%, улуттук парламентте 30% аялдардын квотага кириши чоң ийгилик катары саналган. Индиядагы эки деңгээлдүү квота үлгүсүн ливандыктар колдонуп, аялзатынын өкүлдөрүнин саясий аренадагы аздыгы, ошол эле учурда элдин бул маселеге көз карашы жана диний көп түрдүүлүккө карабай, аялдардын саясаттагы орду (квота, дин, гендер, география, каста) тууралуу талаш-тартыштар жаралган.

**Пакистанда** 33% квота киргизилген, бул квотадан пайдаланган аялдар саясатка гана катышпай, аймактык кеңештерде аз камсыз адамдардын өкүлчүлүктөрүн түзүшкөн. Пакистанда саясатка аралашууну каалаган аялдарга жана эркектерге окуулар уюштурулган.

**Чыгыш Тимор** аялдардын бийликке аралашуусу согуштан кийинки мезгилде демилгелүү иш баштаганынына мыкты үлгү боло алат.

Чындыгында, бул иштердин бардыгы аялдар кыймылынын мыкты уюшкандыкта иштешинин натыйжасында болгон. Аялдардын чечкиндүү кадамдарды жасашына БУУнун колдоосу жөлөк болгон. Саясаттагы гендердик тең укуктуулук, мыйзам чыгаруудагы институционалдык базалардын түптөлүшү аялдардын ролун жогорулаткан. Бүгүнкү күндө Чыгыш Тимордун парламентинде аялдар 30%ды түзөт жана министрликтердин үчтөн бир бөлүгүн башкарышат.

Азиядагы аялдардын бийликке катышуусу тууралуу мисалдарды жыйынтыктап жатып, квота, аялдардын үчүн орун Азияда эки агым: мыйзам кабыл алуудагы квота жана аялдар үчүн орундардын болуусу өнүгүп жатканын айта кетсек болот. Азиядагы изилдөөнүн натыйжаларында диний, этникалык жана маданий контекстердин өлкөлөргө тийзигген таасирин дагы эстен чыгарбашыбыз керек.

## Европада:

Дүйнөнүн башка аймактарындагыдай эле, аялдардын саясатка катышуусу квотаны колдонууга өз каранды жана квоталардын колдонулуусу системалуу эмес, бир нече формада экендиги байкалат.

**Скандинавиялык өлкөлөрдө** аялдар-лидерлеринин Парламенттеги орду 42.5%.
Көп жылдар бою саясий багытта активдүү аракеттенген аялдардын эмгегинин таасиринде мына ушундай натыйжага жеткендигин дагы эскерте кетсек болот. 1960-жылдардагы аялдардын массалык түрдө эмгек базарына кириши, социалдык багыттагы иштерге аралашуусу, билимге умтулуусу социалдык-демократиялык партияларды күчтөндүрүп, Өкмөттүн таасирдүү иштөөсүнө багыт берген.

Аялдардын күчтүү аракети менен Парламент курамында аялдар 25%ды түзгөн. Квота кийинчирээк кабыл алынган, анын кабыл алынышы аялдардын саясий күчүн дагы бир ирээт бекемдеп койгон. Арадан 80 жыл убакыт өттү, аялдардын саясатка катышуусу болгону 43%га жетти. Ошондуктан, аялдардын саясатка аралашуусу тууралуу бир канча эмгектерди жазган автор Друд Далеруп Скандинавияны үлгү катары кароого болбойт деген пикирде.

Учурда Скандинавия өлкөлөрүндө ыктыярдуу квота маселеси саясий партиянын ичинде колдонулат. Норвегияда көпчүлүк партиялар 40% квотаны эркектерге да аялдарга да бирдей колдонушат. Исландия жана Швецияда ыктыярдуу квота маселеси бипбирдей деңгээлде. Швецияда партиялардын тизмеси түзүлгөндө бир эркек бир аял болуп түзүлөт. Ал эми парламентте аялдар 42.9%дан 47%га чейинки орунду ээлеген. Данияда 1990-жылдарда квотанын бардык түрлөрү алынып салынган, учурда 38% аялдар парламентте эл өкүлдөрү. Финляндияда дагы квота жок, парламенттеги аялдардын саны 41.5%.

Данияда, Финляндияда, Норвегияда жана Швецияда пропорционалдык шайлоо системасы жүргүзүлөт.

Францияда аялдарды дискриминациялоого каршы көтөрүлүш чыккандан бери 6 кылымга чукул убакыт өттү. Бул туурасында автор Кристине де Пизан 1405-жылы жазган. Ал эми парламенттеги теңчилик тууралуу мыйзам араң зорго 2000-жылы жарыяланды. Катаал күрөштөн кийин, европалык башка мамлекеттерге салыштырмалуу француз айымдары абдан кеч 1944-жылы шайлоо укугуна жана саясий, атуулдук тең укуктуулукка ээ болушкан. Теңчиликти самаган саясий аң-сезим 1960-70-жылдар аралыгында ойгонуп, аялдар кыймылы күч ала баштайт.

Квотаны колдогон биринчи мыйзам долбоору 1979-жылы жазылса, 1982-жылы мыйзам катары кабыл алынган. Мыйзам боюнча 75% эркектер парламентке барса, 25% квота аялдарга тиешелүү болгон. Бирок, бул мыйзам долбоору аялдарды басмырлоого кошумча компенсация катары саналып, Улуттук Ассамблеяда бир добуштан колдоого ээ болот дагы, баш мыйзамга туура келбеген мыйзам деп жарыяланып, тез арада унутулуп калат.

20 жылдан кийин гана Францияда Конституциянын 3 жана 4 пункттарына кошумча толуктоолор киргизилип, “Мыйзам саясий мекемелерде жана кызматтарда аялдарга жана эркектерге бирдей укук бирүүнү камсыздайт” жана “Саясий партияларда жана топтордо мыйзам чегинде иш принциптери колдонулсун” деп белгиленген. Байкоочу Кеңештин докладчысы Катрин Джениссон “Бул чыныгы революция, анткени, биз парадигмадан абстрактуу универсализмге баратабыз. Эркектерге баш ийүү деген тоскоолдук алынды, конституциялык реформа аялдарга эшик ачты, алардын укугун жогорулатты” деп белгилеген.

Тең укуктуулук актысы 2000-жылы бекитилип, конституциялык реформанын бир бөлүгү катары саналган. Тең укутуулук үчүн кыймыл кеңейип, коомчулуктун колдоосуна алынып, “квота” деген термин Брюсселдин атагы чыкпаган чарбачыл саясатына дагы таасир тийгизип, квота кабыл алынат. Валери Меруа: “Квота идеясынан айырмаланып, концепция паритети коомдун чыныгы көз карашын негиздейт, гендердик тең укуктуулук эркектердин аялдардын дагы бирдей саясатка аралашуусуна мүмкүнчүлүк берет” (“La représentation politique des femmes dans les démocraties libérales: lescas français : justice, égalité, parité”) - деп айткан. Жаңы мыйзам талап кылгандай эркектер дагы, аялдар дагы саясий партияларда бирдей болушу керек.

50%-50% эркек-аял теңчилигин түзө албаган партияларга акчалай айып салынат. Натыйжада муниципалдык кеңештерге шайланган аялдардын саны 2001-жылы 30-47.5% болду. Айрым кеңештерде мындан 2 эсеге көп болду. Мына ушундай ыкма

менен мыйзам жергиликтүү деңгээлде таасирин жогорулатты. Ал эми Улуттук деңгээлде жергиликтүү кеңештердегидей прогресс байкалган жок 2009-жылы Парламентке аялдар болгону 18.2% гана шайланды. Бул Европалык Кеңешке кирген өлкөлөрдүн ичинендеги эң төмөн көрсөткүч. Өзгөрүү эки түрдүү тездикте жүрөт, аялдардын саясатка катышуусун үчүн өзгөчө мыйзам кабыл алуу багытында иштөөсүнө шарт түзүүдө график жана мыйзам чыгаруучу мекемелердин иш ылдамдыгы жана шайланган аялдардын статусун жакшыртуу.

Европанын башка мамлекеттеринде (27 өлкөдө) ыктыярдуу квота бардык саясий партияларда бекитилген ждана мындай ыкма менен аялдарды саясатка тартуу кеңири колдонулат. Анын ичинде 10 өлкөдө гана квотаны улуттук жана жергиликтүү деңгээлде колдонуу тууралуу мыйзам чыккан.

## Түндүк жана Латын Америкалары

**Америка Кошмо Штаттарында** квота колдонулбайт. Өкүлдөр Палатасында аялдар 16.% орунду ээлесе, ал эми Сенатта 15%, бирок, аялдар Өкмөттүн, департаменттин иштерине жигердүү катышышат.

**Канадада** Парламенттин өкүлдөрүнүн 22.1%ы аялдар. Бул жерде дагы квота, аялдардын орду үчун атайын кабыл алынган мыйзам жок. Ыктыярдуу квоталар саясий партияларда колдонулат. Демек, саясий тил менен айтканда гендердик теңчилик иши саясий партияларда, Өкмөттүн деңгээлде жүргүзүлөт дагы Министрлер Кеңешинде гендердик паритет ийгиликтүү болуусуна чоң аракет жасалат.
Учурда бийликте турган либералдык партия Квебека паритетке жетишкен, бирок, андагы аялдардын ичинен бийликке келгендердин 12си гана 28 министрликтин ичинен 12-орунду ээлеген. Бул ыктыярдуу системадагы коркунуч саясий партияларга көз каранды жана келечекке эч кандай кепилдик бере албайт. Азыркы мезгилге чейин мезгил-мезгили менен коомдук дебаттарда аялдар маселеси көтөрүлүп жатканы менен гендердик теңчилик тууралуу бир дагы мыйзам жок.

**Латын Америка** Түндүк Америкадан жана Европадан айырмаланып, аялдардын саясий алдыга жылуусуна кандайдыр бир кадамдарды жасаган. Бул аймактагы баш мыйзамда гендердик теңчилик тууралуу берене бар. Анын үстүнө Пекин конференциясы сунуштаган Платформа аракети квотаны кабыл алуу боюнча аймактык кампаниясы дагы жүргүзүлгөн. Бул 16 латынамерикалык өлкөдө квота тууралуу мыйзамдын кабыл алынышына алып келип, чындыгында эле улуттук Парламентте аялдардын орундарга ээ болушуна салым кошту. Эл аралык өнүгүү изилдөө Борборунун изилдөөлөрүнө таянсак, айрым мыйзамдар аялдардын өкүлчүлүгү жогорулашына жана гендердик тең салмактуулукка шарт түзүп, мисалы эркектердин же аялдардын парламентте 70%дан ашык болуусун тизгиндейт. Шайланган аялдардын саны 1990-жылдары көбөйдү, он жыл аралыгында 6%дан 15%га өстү. Бул сан Европа өлкөлөрүндөгү ушул жылдар аралыгындагы сандарга караганда кыйла жогору. Ошондой болсо да, Пекин конференциясындагы бийлик орундарын ээлөөдөгү тең укуктуулук ишке ашкан жок. Бирок, квотаны киргизүү тууралуу мыйзамдардын жакшы натыйжалары тууралуу айта кетсек болот.

Латын Америкадагы абройлуу саясий партиялар, кесиптик уюмдар басмырлоону жоюу тууралуу ыктыярдуу иш-чараларды кабыл алышкан. Бул аймактагы өлкөлөр аялдар саясий партиялардын тизмесинде 20дан 40%га чейин болушу керек деген мыйзамдарды киргизишкен. Бул жерде дагы жергиликтүү аймактын деңгээлинде мыйзамдуулукка баа берилээрин көрөбүз, ал эми саясий партиялардын чечими анчалык таасирдүү эмес.

Айрым мамлекеттердеги саясий партияларда квота маселеси оң жагына чечилген жана алар сөзсүз түрдө шайлоо кампанияларында квота менен тизме түзүшөт. Мындай жагдай Аргентинадагы өз ыктыяры менен квота маселесин көтөрүп чыккан Перонисттик партиясына тийиштүү. Авторлор Дареруп, Хтун жана Джоунс квота тууралуу мыйзамдар канчалык жакшы натыйжаларды жаратпасын, чындыкта баары бир Өкмөттө аялдардын саны чектелүү экендигин белгилешкен. 2004-2005-жылдарда Гондурас жана Гватемал парламенттеринде аялдардын саны болгону 5.5% түзгөн. Саясий партиялар минималдуу квоталарды колдонуп, шайлоо системасы квотаны колдонууну татаалдаштырып жибергенине байланыштуу аялдардын саясатка катышуу жолу узак жана кыйын. Статистикалык сандар аялдардын саясатка катышуусу акырындык менен жакшырып келатканын кабарлайт. Мисалы, Гондураста Парламенттеги аялдар 23.4%ды түзүп, 2009-жылдагы шайлоонун жыйынтыгында Парламентте аялдардын саны азайып, (“El Heraldo” гезити, 30-ноябрь, 2009-ж.) 23% аялдар Парламентке кайрадан шайланышкан. Демек, Гондурас көп өлкөлөргө караганда алдыда бирок, албетте теңчиликтен кыйла алыс.

**Аргентина** аялдардын саясатка катышуусуна кызыктуу үлгү боло алат, анткени, бул өлкөдө төрт типтеги квота түрү бар жана аны колдонбогондорго жаза өкүм кылынган. 1950-жылдардын башталышында Перонисттик партия (алдыңкы партиялардын бири) аялдар үчүн квота кабыл алган.

1991-жылы Аргентина ырасмий компенсациялык дискриминация жолуна түшүп, шайлоо кодексине квота мыйзамын киргизип, аял-талапкерлер үчүн минималдуу 30%дык пропорцияны алууга жетишкен. Бул механизм квотаны 50% көтөрүү тууралуу мыйзам менен толукталып, натыйжада 50% талапкер-аялдар Кордоба кыштагынан саясий партияларга киришкен.

Аргентина CEDAW конвенциясын ратификациялоо менен гендердик теңчилик жөнүндө 2007-жылы анын негиздерин конституцига киргизген.

Мына ушул иш-аракеттердин негизинде акыркы 60 жыл аралыгында аргентиналык аялдар Парламентте дайыма жакшы орунга ээ болуп келишкени маалым. 1955-жылы 22% орунга жетип ошол учурдун рекорду болгон. Учурда парламенттеги аял-депутаттар 41.6%, дүйнө жүзү боюнча аялдар көп парламенттер арасында Аргентина 6-орунда. Жыйынтыгында эмне болду? 1996-жылы Буэнос-Айрес автономдук шаарында, 2000-жылы өлкө башчысы болуп Кристину Кирчнер дайындалды.

## D. Африка

Түштүк Сахара Фатоу Соу, IFAN изилдөөчүсү (Institut fondamental de l'Afrique noir – Африкалык базистик изилдөө институт Сенегале Ижана Илимий изилдөө борбору) Францияда: “Африкалык демократия оору, анткени, Өкмөттө аялдар жетишпейт. ФИ бул Африканы башкарган патриархалдык түп-тамырдын сакталышы. Аялдардын саясатка катышууга мүмкүнчүлүгү бар, катышканда да таасирдүү катышуулары керек жана ал катышуу формалдуу квота паритеттен кеңири болууга тийиш” - дешет. Мырзайым Соу аялдардын ишке дайындалышы тууралуу сөз козгогон, а демократия-луу жол менен шайлануу тууралуу эмес. Африкалык аялдар бийлик бутактарында ар кандай кызматтарда турушат, анткени, алар кайсы бир партияга, үй бүлөгө же этникалык топко тиешелүү.

Изилдөөчү структураларды түзүүдөгү аялдардын статусу менен иш алып барган мамлекеттик феминизм жөнүндө да кеп козгогон эмес. “iKNOW Politics” тарабынан Африкада жүргүзүлгөн изилдөө 2005-жылы орто эсеп менен 21 өлкөдө аялдардын өкүлчүлүгү көпчүлүк добуштун 15.5%ын, пропорционалдык башкаруу менен жашаган 12 өлкөдө 27.4%га ээ экенин билдирген. Эң төмөнкү аялдар өкүлчүлүгү 13%.

**Түштүк Африкада** бардык бийлик бутактарында турган аялдардын саны 44.5%. Бул жыйынтыкка алар кантип жетишишкен? Албетте, Улуттук аялдар коалициясына кошулган аялдар кыймылынын күчү менен. Бул жагдай конституциялык жана мыйзамдык реформаларды бекемдеп, багыт берип, партияларга квота ситемасын киргизүүнү көшөрө кабыл алдырышкан. Улуттук аялдар коалициясы рационалдык платформа аракетин коомчулукка кеңири жайылтып, натыйжада аялдардын саясий аренада өз ордун табышына чоң көмөк көрсөткөн “ANC” түштүк африкалык башкы партиясы 30% аял-талапкерлерди киргизүү квотасын ыктыярдуу кабыл алган. Бул ыкма аялдарды саясий аренага жылдыруунун бирден бир ыкмасы болуп, саясий партияларда ыктыярдуу квотанын болушун камсыздап, жыйынтыгында аял-депутатардын саны боюнча өлкөдө 3-орунду ээлеп турат.

Өкмөттүн борборлоштурууну азайтуу программасы улуттук деңгээлде аялдарга жардам берүүдө чоң ролду аткарып, ал тургай эскичил маанайдагы жергиликтүү деңгээлдеги саясатка аялдардын катышуусуна шарт түздү.

Эл аралык өнүгүү изилдөө борбору (IDRC) Оттавада көрсөткөндөй, улуттук-спецификалык саясат аялдардын жергиликтүү саясий долбоорлордо жигердүү катышуусунаа таасир тийгизип жатканын билдирген. Бирок, изилдөө белгилегендей, аялдардын жергиликтүү кеңештерге келиши саясий таасир тийгизбей, салттуу маанайды жаратып турганын айгинелейт.

2009-жылы **Буркина-Фасодо** минималдуу квота - 30% аял-талапкерлер үчүн жергиликтүү жана жалпы шайлоолордо бекитилген. Квотанын кабыл алынышы мажбурланып аткарылбаса жаза колдонулаарына чейин айтылган.
Бул Өкмөттүн аялдар маселесине көңул бурган кызыктуу же новаторлук мамилеси дейбизби, айтор, 30% квотаны камсыздаган аял-талапкерлерди тизмеге кошкон субсидияда партиялар кошумча финансыга ээ болоору да айтылган. Учурда Буркина

Фасодо 15.3% аялдар парламентте. Бул өлкө тең укуктуулук тууралуу Мапут протоколун ратифицирлеп жана бул багытта иштиi жандантууга олуттуу маани бергендиги байкалат.

**Руандада** парламентинде аялдардын саны 56.3%, 2009-жылдын октябрында Парламент аралык тизмени түзүү боюнча Швециядан (47%) жана Түштүк Африкадан (44.5%) ашып түштү. Руанда дүйнөдөгү тең укуктуулук боюнча гендердик теңчиликке жетишкен жападан жалгыз өлкө болуп саналат. Буга кантип жетишти? Баш мыйзамда аялдар үчүн орун болуш керектиги белгиленген, конституциялык квота 30%, бардык Сенаттагы орундар боюнча. 1994-жылы геноциддин аякташы менен Раундада БУУ жана МПСнун уюштуруусу менен жаңы пайдубал түптөлгөн, аялдардын саясатка киришүүсүнө жеңилдиктер берилиши боюнча семинарлар өткөрүлгөн. Раунданын бардык саясий класстары аялдардын саясатка киришүүсү керек деген түшүнүктө болгондугун да өзгөчө белгилей кетсек болот. Мына ушул факторлор Раундада аялдардын саясий ийгилигинин жаралышына, өлкөдө демократия жана гендердик теңчилик өкүм сүрүшүнө алып келген.

Мына бул мисалдар аялдардын саясатка катышуусундагы прогресстерди айкындап турат. Африкалык өлкөлөрдө акыркы жылдары аялдарды саясатка аралаштыруу максатында кандай аракеттер көрүлүп жаткандыгы да окурманды олуттуу ойго салышы ыктымал. Жогоруда көрсөтүлгөн, квотанын ар кыл формаларын – ыктыярдуу, мыйзамдуу жана башка колдонуу менен көп мамлекеттер жакшы натыйжага ээ болушкан. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, квоталардын пайдаланылышы өлкөлөрдүн шайлоо системаларына жараша болот, мында партиялардын, өкмөттүн жана аялдардын кыймылынын аракети ийгиликке алып барат. “Аракет кылсаң берекет” дегендей, аялдар өздөрү саясатка катышууга аракет жасабаса, аларды эркектер эч качан колунан жетелеп саясатчы кыла албайт. Аялдардын саясаттагы ийгиликке жетишүүсүнүн бирден бир себеби аялдардын демилге көтөрүүсү.

# КОРУТУНДУ

Квота аялдарды саясий аренага чыгаруу үчүн бирден бир куралбы? Квотанын иштеши менен эле гендердик тең укуктуулукка жетишип калабызбы? Же квота маселеси аялдарды билгизбей муунткан басымырлообу? Мына ушул суроого биз баарыбыз, аялдар дагы, эркектер дагы жооп беришибиз керек. Көп мамлекеттерде квота маселеси капкачан чечилген, квота шайлоо сайын партиялык тизме түзүүдө колдонулат. Айрым өлкөлөрдө квота маселеси таптакыр жок, бул эгалитардык демократияга алып барууда. Мамлекеттерге идеалдуу квота маселесин чечүү менен социалдык, маданий, саясий жана административдик структураларды түзүү милдети турат. Бул аял-эркектин эгалитардык саясатта саясий, социалдык жана экономикалык өнөктөштүгүн түзүүдөгү бирден бир жолбу?

2009-жылы гендердик теңчилик боюнча европа-орто деңиз аймагында өткөн конфереренцияда "Толук кандуу атуулдук аялдар үчүн алардын саясий, социалдык-экономикалык, юридикалык укуктары толук кепилдигинде" деп белгиленген. Гендердик теңчилик менен аял-эркектин саясатка тең катышуусу – бул демократия-нын өзөгү, социалдык биримдикти жана өнүгүүнү камсыздоо.

Квота боюнча сөздү жыйынтыктап жатып, аялдарды мобилдештирүү менен саясий процесстерге катышуу, өз укугубузду коргоо жана эгалитардык юридикалык, экономикалык жана саясий өкүлчүлүктү түзүү менен турмушубузда экономикалык өнүгүүнү жана демократияны камсыздай алабыз.

# БИБЛИОГРАФИЯ

Abu Rumman, Hussein. “The Women's quota in Jordan: Crowning three decades of support for female political participation.” In The Arab Countries Report, IDEA 2007.

Agacinski, Sylviane. *Nouvel Observateur*, January 14-20, 1999.

Alami M'Chichi, Houria. “Genre et politique au Maroc; les enjeux de l'égalité hommes-femmes entre islamisme et modernisme” [Gender and Politics in Morocco: The Stakes of Male-Female Equality Between Islamism and Modernism]. L'Harmattan, Paris, 2002.

Badinter, Élisabeth. “Fausse route” [English title: Dead End Feminism, 2006]. Éditions Odile Jacob, Paris 2003.

Beydoun, Ahmad. “La dégénérescence du Liban ou la Réforme orpheline” [The Degeneration of Lebanon, or the Orphan Reform]. Sindbad, Actes Sud, Paris 2009.

Bommelaer, Claire. “L'influence du 'Facteur Femme,' nouveau mystére de la scéne politique française” [The Influence of the “Female Factor,” a New Mystery on the French Political Scene]. In *Le Figaro*, October 15, 2007.

Cespedes, Vincent. “Vainqueuses!” [Victorious Women!] At *Vincentcespedes.net*.

Dahlerup, Drude. “Quotas: A key to equality? An international comparison of the use of electoral quotas to obtain equal political citizenship women.” Dahlerup ed., Professor of Political Science at the University of Stockholm.

Dahlerup, Drude. “Women, Quotas and Politics,” Dahlerup ed., Routledge 2006.
El Sayed, Shawki. “Lobbying for increased participation of women in Egypt.” In The Arab Countries Report, IDEA 2007.

El Sherbini, Maged. “Women's Political Participation in Egypt: Equality versus Equal Opportunity,” In The Arab Countries Report, IDEA 2007.

Fassin, Eric. “L'épouvantail américain, penser la discrimination française” [The American Spectre, Thinking About French Discrimination] in *Vacarme* 04/05 Fall 1997.

Fraser, Nancy. “Justice interruptus. Critical reflections on the 'postsocialist' condition.” New York & London: Routledge. 1997

Gaspard, Françoise, Claude Servan-Schreiber, and Anne Le Gall. “Au pouvoir, citoyennes: liberté, égalité, parité” [To Power, Citizenesses! Liberty, Equality, Parity]. Broché 1992.

Génisson, Catherine. “La parité entre les femmes et les hommes: Une avancée décisive pour la démocratie” [Gender Parity: A Decisive Step Forward for Democracy]. Report to the Prime Minister. Paris, January 2002.

Htun, Mala, and Mark Jones. “Engendering the Right to Participate in Decision-Making: Electoral Quotas and Women's Leadership in Latin America.” 2002, www.idea.int/publications.

Inter-Parliamentary Union. www.ipu.org.

Inter-Parliamentary Union (IPU), 2009. “Femmes dans les Parlements nationaux” [Women in National Parliaments]. Situation as of October 31, 2009, available on the web at http://www.ipu.org.

International Development Research Centre. “La parole aux femmes” [Women Speak], www.idrc.ca/.

International Knowledge Network of Women in Politics, www.iknowpolitics.org.

Llanos, Beatriz. “The Expert Opinion,” 2008, at http://www.iknowpolitics.org/en/node/5555.

Malumalu, Apollinaire M., and Kamal Feghali. “Une seule voix, plusieurs interprétations. Définitions, caractéristiques et paradoxes des modes de scrutin” [One Voice, Many Interpretations. Definitions, Characteristics and Paradoxes of Electoral Systems]. Mokhtarat, Kinshasa, 2006.

Meier, Iena. “SOS féminisme” [SOS Feminism]. At *Cafébabel.com*, October 26, 2007.

Nassar, Heba. “MDG goal 3: Promote gender equality.” Conference on the Joint United Nations/Arab League MDG Report. Beirut, December 9-10, 2009.

Nassif-Debs, Marie. Alterinter.org.

Osseiran, Lamia. “The political participation of women in Lebanon.” www.idea.int.

Pialot, Gaлlle. “Les femmes dans la politique locale: l'alibi de la parité” [Women in Local Politics: The Alibi of Parity], March 2008, Rue 89.

quotaproject.org

Rosanvallon, Pierre. “La démocratie inachevée” [Unfinished Democracy]. Gallimard, Paris 2000.

Roussillon, Alain, and Fatima Zahra Zryouil. “Etre femme en Egypt, au Maroc et en Jordanie” [Being a Woman in Egypt, Morocco and Jordan]. Editions Aux lieux d'Etre, Paris/Cairo/Rabat, 2006.

Senac-Slawinski, Réjane. “Evaluation des lois sur les quotas et la parité” [Evaluation of Quota and Parity Laws]. AFSP Colloquium, “Genre et Politique” [Gender and Politics], May 30 and 31, 2002.

Sow, Fatou. “Les femmes dans l'exercice de leurs responsabilités politiques en Afrique de l'Ouest” [Women Fulfilling Their Political Responsibilities in West Africa]. IFAN Senegal, CNRS France.

UN-INSTRAW.org.

UNDP Cairo, UNIFEM Arab States, “The Arab Quota Report: Selected Case Studies” February 8, 2008.

UNIFEM Progress Report 2008. “Le progrés des femmes a travers le monde: 2008-2009” [Progress of the World's Women 2008/2009].

Vogel, Jean. “La parité et les nouvelles figures de la citoyenneté” [Parity and the New Faces of Citizenship]. In *La parité: Enjeux et mise en oeuvre* [Parity: Stakes and Implementation], lead ed. Jacqueline Martin, Presses universitaires du Mirail, 1998.

# «И» ТИРКЕМЕСИ:
## «Үмүт жана эркиндик» доклады

### Үмүт жана эркиндик

Махназ Афхами

*Мусавах конференциясында чыгып сүйлөгөн*
Малайзия, февраль, 2009-ж.

Мындан он жыл мурун «Ислам дүйнөсүндөгү аялдар үчүн адам укугу» деген баш аттын алдында «Үмүт жана эркиндик» деген аталыштагы китепти редакцияладым. Бул иштин авторлору бардык ислам дүйнөсүндөгү (жеке эле андагы эмес) ар кыл географиялык, маданий жана социалдык шарттарда жашаган миллиарддаган ислам аялдарынын ар кыл учурларын талкуулашкан. Алар өздөрү изилдеген аялдар бири-биринен айырмаланышаарын, ошондой эле аларга тийешелүү жалпы окшоштук: көпчүлүгү үчүн бүгүнкү учур - карама-каршылык – алардын бири-бири менен жакындыгынын негизинде атаандашуу жараткан жана өздөрүнө, курчап турган чөйрөгө карама-каршы көз караш менен кароого мажбур кылган баалуулуктардын жана күчтөрдүн жыйындысы экендигин моюнга алышкан. Алар туш болушкан эң оор карама-каршылык – заманбап дүйнөнүн суроо-талаптары жана салттардын суроо-талаптары, алар учурдагы исламчыл көз караштар менен алдыны көздөй жылууда. Бул карама-каршылыктын борборунда аялдар үчүн адам укугу диллемасы жатат – ислам аялдары укуктарга ээби, чындыгында, алар дагы адам, же болбосо, алар мусулман болгону үчүн укукка ээ боло алабы? Бул дилемманын борборунда аялдар үй-бүлөдө деген дилемма орун алган – алардын укуктары жана милдеттери, маселелер жана мүмкүнчүлүктөр дагы да болсо жетиштүү, масштабдуу окуялардын коштоосунда алар оркойуп көрүнүп калганына карабастан, акыркы эки он жылдыктын алкагында өз ордун жогопой келе жаткан, алар чыгарган жыйынтыктар али да болсо күчүндө. Биздин алдыбызда турган маселелер ого бетер тереңдеди, бирок, биздин мүмкүнчүлүктөр жана ички дараметтерибиз дагы өзгөчө жогорулады. Үмүт жана эркиндик - менин бүгүнкү темам – ушул маселелер тууралуу.

Темага кайрылуудан мурун, бул ислам аялдары үчүн маанилүү экенин эскерте кетүүгө уруксат берсеңиздер; ислам аялдары артка кеткен жок; баарынан мурун бул ислам мамлекеттери башынан кечирген, биздин эркиндиктерибизге чектөөлөрдү киргизген патриархаттын тарыхы. Башкача айтканда, тарыхты карасак, жер шарынын көпчүлүк бөлүгүндө диний ишенимине, улутуна же этносуна карабастан, коомдогу аялдардын статусу түп-тамырынан бери ушундай болуп келген. Жүрүм-турумдагы жана стилдеги өзгөчөлүктү кошпогондо, эркектер менен аялдардын ортосундагы эмгектин жана бийликтин бөлүштүрүлүшү мыйзамы дүйнө жүзү боюнча бирдей болгон. Балдардын келечеги, жашоо орду, никелешүү, мураска калтыруу, иш менен камсыздалуу сыяктуу негизги чечимдерди кабыл алууда аялдардын укуктары дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүндө адамзат жашап баштагандан бери алынып салынган. 20-кылымдын башындагы Жаңы Зеландия аялдарга шайлоо

укугун берген биринчи өлкө катары таанылганга чейин, жер үстүндө аялдарды саясий процесстерге катыштырган бир дагы өлкө болгон эмес. Ошону менен катар, аларда билим алуу, жумушка орношуу, ал тургай жумушка орношуу менен бирдей эмгек акы алуу сыктуу мүмкүнчүлүктөрү дагы болгон эмес. Чындыгында, кээ бир социалдык-экономикалык чөйрөлөрдө, мисалы, өзгөчө, жерге ээлик кылууда - ислам аялдары Европалык аялдардан алдыга кетишкен. Мындан сырткары, 20-кылымдын башында Кошмо Штаттарда бүгүнкү жетишкендиктердин конкреттүү аспектилерине таасирленүүнү жараткан, тактап айтканда, жаңы энергетикалык мобилдүүлүк жана аялдардын мүмкүнчүлүгүн кеңейткен биринчи түптүү кыймыл христиандык-протестанттар болгонун белгилеп кетүү кызыктуу. Фундаменталдуу Протестантизм окуясы сыяктуу эле, Исламизм да өзгөрүүлөргө жооп кайтаруучу болуп саналат, Исламизмде дагы аялдарга басым жасалып, саясий жактан түптүү болуп эсептелет. Чындыгында эле, исламисттер үчүн аялдардын укугу, үй-бүлөдөгү жана коомдогу абалынан тышкаркы, үйгө тиешелүү ар бир маселе баарлашуунун темасы боло алат. Алар аялдардын орду үйдө жана алардын коомдогу ролу ислам эрежелерин сактагандыктары боюнча башкы сынак катары болушу керек деген пикирин таңуулашат.

Диндердин баарысы – синтоизмден баштап, буддизм, конфуциандык, зороастризм, авраамикалык диндер – аялдарды салттык түрдө эркектерге кошумча катары карашкандыгы бизге маалым. Алгендердик мамилелер катары каралганга чейин, бул идея патриархияны аныктап келген. Албетте, патриархалдык түзүлүш бул ачкычты өзүнө таандык жыйындардын арасына сактаган. Коом модернизация жолуна өтө баштаганда, үй-бүлөлүк мамилелер акыркылардан болуп алмашты. Аял эркектин экинчи жарымы бойдон калды. Эркек кожоюн болду, ал эми аял аны толуктады. Бул аялды эң акыркы орунга түртүп таштады, бирок, бул эркекке берилген статустан сапаттуу, эң жакшы саналды. Патриархия аны өзүнө таандык кылды жана аялдардын кадыр баркын элестетүүгө айлантты, эркектердин – аталардын, ага-ининин, күйөөлөрдүн жүрүш-турушунда жана ой-толгоолорунда конкреттештирди. Ал гана тургай, анча чоң эмес өз алдынчалуулукту көрсөткөн аялдын аракети, бардык мезгилде башкы социалдык нормаларга каршы, эркектин кадыр- баркына доо кетирди деп эсептелип, аялдардын жашоосун андан дагы коркунучтуу кылган. Бул дуализм тарыхый жактан абдан тамырлап кеткендиктен, эркектер дагы, аялдар дагы муну кадимки нерсе катары кабыл алышчу.

Бирок, бүгүнкү күндө аялдар мындай ишенимдерден карама-каршылыкты сезишет, себеби, алар өз алдынча болууну түшүнө баштады. Убакыттын өтүшү менен, илим жана техника коомчулуктун мыйзамдарына – тактап айтканда, түз же кыйыр түрүндө кудайдан жана же жаратылыштан деп түшүндүрүлгөн мыйзамдарга күмөн туудура баштаганда, жеке аң сезим, анын жалпы түшүнүктөрдөн бөлүнүп чыгуусу эң сонун нерсе болуп эсептелет. Бул түшүнүктөн алып караганда тарых мыйзамдан уктарды көздөй жылууда, мында ар бир аял өзгөргүс жана түбөлүктүү деп эсептелген мыйзамдарга баш ийип эле олтуруп калбастан, ал мыйзамдарды иштеп чыгууга катыша аларын түшүнө баштайт. Өзгөрүүнү жана өнүгүүнү башынан кечирип жаткан бүт коом, бардык кадамдар бирдей чийиндерге ээ же болбосо, бир эле маалда бирдей дем менен кетип бара жатканына карабастан, ошол багытка умтулат. Ошондуктан, биздин коомдо жана диндерде фундаменталдуу таасирленүүлөр жүрүп жатат. Учурдагы исламдык фундаментализм дагы исламдык түскө ээ, бирок, жалаң гана Исламга тамыр менен таандык эмес, аттап өтө алгыс өзгөрүүлөргө таасир берген коомдун бир бөлүгү болуп эсептелет. Ал эми аялдар, алардын жабырлануучулары болуп саналат, дин саясатташкан учурда алардын абалы ого бетер оорлошот.

Бул жаңы аң-сезимге исламисттер эки тараптан: мусулман коомчулуктарынын ичинен жана сыртынан чабуул койду. Ички жактан бул аргумент Исламга колдоо кылып, текстти бекемдейт. Формулировкасында интеллектуалдык жактан ката кетирилген, бирок, саясий жагынан жакшы уюштурулган жана идеологиялык жактан ислам дүйнөсү менен салттардын, руханийлүүлүктүн көшөгөсүнүн чынжыры жана өкмөт менен мыйзам чыгаруу органдарынын мезгилдүү чечимдери менен өз ара байланыштуу.

Исламисттердин тышкы позициясы батышта өнүккөн, маданий релятивизм идеясы менен чиеленишип, бул талаштар адатта жалпы Исламга эч кандай тийешеси жок себептердин негизинде жүрөт. Заманбап батышта, өзгөчө академиялык чөйрөлөрдө релятивизм ар түрдүүлүктү камсыз кылуу үчүн колдонулат жана алдыга жылдырылып келет. Анын теориялык формасында, мисалы, тарыхтын марксистик жана позитивдүү сын катары, маданий релятивизм кээде батыштык эмес жамаатарды баалабаган жол менен батыштык гегемонияны таңуулоодо универсалдуу талкуулоолор күнөлүү деп эсептейт.

Батыштык релятивисттик позициянын кемчиликтери же салымы кандай болбосун, ал эркин тандоого жана бирдей мүмкүнчүлүккө негизделүүгө мажбурлайт. Бирок, исламисстер, таңуулоолорду аялдардын эркиндиктерин түзүмдүк кысымга алууну актоо үчүн жана аялдардын тең укуксуздугун ырасмий түрдө бекитүү үчүн колдонушат. Таңуулоону мындай жол менен колдонуу акыйкатсыз жана логикалык жактан ката. Өнүгүп жаткан коомдо учурдагы нерсени кароонун ордуна исламисттер исламды өзгөрүлгүс эрежелердин системасы катары абстрактташтырып жатышат, андан соң, татаал, өзгөрө турган, тарыхый жактан социалдык жана саясий тиешелүү нерселерге, шарттарга теңештиришет. Жыйынтыгында, тарыхый перманенттүүлүктүн архаикалык идеялары, моралдык шалаакылык жана диний алсыздык - экономикалык, социалдык, маданий, саясий формалардын маселеси болуп саналган, коомдун өнүгүүсүнө карап бийликти колдонгон патриархалдуу коомдогу аялдардын тарыхый жактан баш ийүүсү суроосун көчүрүшөт. Таңуулоо - укугу үчүн корккон, диндердин ичинен алар толук ишенген Исламга каршы каяша айткан аялдын элесин жаратууда өзгөчө коркунучтуу болуп эсептелет. Исламисттер дин тууралуу кеп козгошкондо бул суроону диндин пайдасы үчүн талкууланбайт деп түшүндүрүүгө аракет кылышат.

Албетте, аялдар бул оюнду барган сайын түшүнүп калышты. Биздин жооп эң жөнөкөй. Биз ислам аялдары койгон суроолор менен жооптор мындайча: Эмне үчүн биздин өз жашообузду өзүбүз аныктоого укугубуз жок? Биздин жеке жашообузга киришип жаткан башка адамга эмне укук берип жатат? Эмне үчүн ислам диний өкүлдөрү биздин үстүбүздөн аныкталган чектерди киргизүү укугун өздөрүнө менчиктештирип алышкан? Алар бул укукту кудайдан алышканбы? Тексттерденби? Салттарданбы? Биз бул таңуулоолордун бардыгын четке кагабыз. Ислам аялдары катары биз башка эркектер сыяктуу эле, Кудай эмне деп айтканын же тексттерде эмне деп жазылганын билебиз. Биз дагы бир жолу бекемдеп кетебиз, салттар мыйзамдуу булактар болуп эсептелбейт, анткени, коом өнүгөт, маданият өзгөрөт, биз каалайбыз –колубуздан келет – биз бул маселени эркектер менен чогуу талкуулай алабыз. Талаш-тартышты баштоодон мурун биз, алар ким болууну каалап жатышса, ошол укукту беребиз; алар эмнени жасагысы келип жатса, ал укукту дагы; алар эмнени маалымдагысы келип жатса ал укукту дагы. Биз бир гана ал өзү эмнени каалап жатса, биздин дагы ошону аткаруубузду мажбурлабоосун талап кылабыз, биз канчалык өз

эркибизге каршы турганыбыз менен, биз өзүбүз дагы өзүбүздү мажбурлай албайбыз. Биз укук милдет менен байланыштуу экенин дагы бир жолу бекемдей кетели. Бул укуктун борбордук концепциясы болуп саналат, тактап айтканда, эгер өзүбүз үчүн бир нерсени талап кылсак, биз аны башкалар үчүн сакташыбыз керек. Биз милдеттерсиз укуктарга ээ боло албайбыз, себеби, биз эки жактуулукка ээ болбогон укуктарды алып жүрө албайбыз. Бирок, милдеттер деген түсүн өзгөртүлгөн нерсеге баш ийип, жазалануу коркунучуна кабылып, белгилүү бир шарттарга баш ийүүгө мажбур болгонубузду далил катары билебиз. Дал ушундан көптөгөн ислам аялдары жабыркап жатышат жана ушуга каршы чыгышууда. Бүгүнкү күндө маданият дамамат өзгөрүп жатканы менен, анын бирдей өзгөрүп жатканын жана ислам мамлекеттеринде реалдуулукту башка түскө салып жаткан аялдар жана эркектер бар экендигин биз түшүнөбүз. Бул маданий көп кырдуулуктун далили, ал турган турпатында саясий жактан маанилүү, биздин күч колдонууну жана диндеги зомбулукту четке каккан жана өз алдынчалуулукту, жеке жашоону, эркиндикти жана адамдын кол тийбестигин сыйлаган позицияларыбыздын, көз караштарыбыздын моралдык башатын өзгөртө албайт. Бул позиция диний тажрыйба, жеке тажрыйба болуп эсептелерин жана динди мажбурлоочу нерсе катары жеткирүү дин деп эсептелбей тургандыгын, ал адамдардын бир тобу тарабынан экинчилерине карата колдонулган саясий курал экендигин моюнга алат. Ошону менен катар, Мен (адам катары) тандоо укугум бар, базалык принциби чечмеленишинде моралдык жактан туура универсалдуу принцип болуп саналат, мен Пекинде, Камандуда, Куала-Лумпур, Нью-Йоркто же Тегеранда жашайм. Чындыгында, күнүмдүк жашоодо алардын бардыгын эле бир маалда колдоно бербейм – ал саясий жана социалдык анализ, пландаштыруу, стратегияларды иштеп чыгуу жана ишмердүүлүк болуп саналат.

Демек, биз теориялык жаткан укукка ээ болуу башка нерсе, ал эми аны күнүмдүк жашоодо колдонуу башка нерсе экендигин түшүндүк. Биз укуктарды универсалдуу деп жар салганыбыз менен, теориядагы укуктар, ал эми күнүмдүк жашоодо колдонулган укуктар ар башка экенин билебиз. Бул айырма бизди релятивизм концепциясынан – көпчүлүк учурда саясат, аны аткаруу маселелеринен сактанууга коңгуроо болуп саналат. Ошондуктан, биз аялдар үчүн адам укуктарын камсыз кылууга дүйнө жүзүндөгү ар кыл жолдорду колдондук. Биз үйрөндүк жана биздин ыкмаларыбызды өкүм сүрүп турган саясий жана социалдык шарттарга кандайча ылайыкташырууну үйрөнүп жатабыз. Биз сүйлөшүүлөрдү издеп жатабыз. Биз аны өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн гана эмес, андан дагы түптүү себептерге байланыштуу ишке ашырууну каалап жатабыз. Укук – универсалдуу түшүнүк; ал белгилүү бир маданияттын менчиги болуп эсептелбейт, ал бардык маданияттын мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет. Тажрыйбада ал адамдык кыймылдын негизинде пайда болгон аң-сезиминин жана суроо талаптарынын эволюциясы болуп саналат. Ал тандоого болгон жөндөмүнө, тандай билүүгө тиешелүү. Мына ушундай жол менен маданият өзүнүн жеке тилин жаратат, ал эми укукту колдонуу тажрыйбасы, тандоо мүмкүнчүлүгүнүн универсалдуулугу тандоо эркиндиги процессии сакталат.

Дал ушул жерде биз мусулмандар кошумча жүктү көтөрөбүз, себеби, биздин жагдайда универсалдуулук чакырыгы четте калган, чакырык теологияга катылган, бирок, абдан саясатташкан. Белгилей кетели, 19-кылымдын ортосунан баштап, 20-кылымдын экинчи жарымына чейин тарыхтын өкүм сүрүп турган бөлүгү эмансипация кыймылы болгон, ал аялдардын эмансипациясын дагы кучагына алган. Фундаменталисттер бардык жерде коргонуу позициясын карманышкан. Капитализмге каршы социализмдин тең салмактуулугунун кулашы жана либерализмдин

көрүнүктүү триумфтары, фундаментализмдин ар кыл формалары пайда болду жана 20-кылымдын аягындагы Ислам революциясына сугарылган исламизм өзгөчө чекке жетти. Бул патриархаттын акыркы дем тартуусу катары көрүнөт; мындан сырткары, ал Ислам өкүм сүргөн коомдогу баардык аялдарга өзгөчө чакырыктарды таштайт. Бул бизге исламдын табиятын аялдык көз караш менен талкуулоо мүмкүнчүлүгүн дагы берет.

Биз дүйнө жүзү боюнча күрөшкө жана талкуулоого бул конференциянын мисалында тартылдык. Биз ааламдаштыруунун жана маалымат технологияларынын жакшы жактарынан колдонобуз, алар идея алмашууну, стратегияны аныктайт жана тездетет, аялдардын толеранттуулугун камсыз кылат жана дүйнө жүзү боюнча өзгөрүүлөр үчүн күрөшкөн биздин кыймылды колдойт. Бардык социалдык катмарлардын элдеринин көпчүлүк бөлүгү исламды фундаменталдуу түрдө интерпретациялоого каршы туруу үчүн биригишет. Биздин күрөштүн кулачы биз өз укуктарыбыз үчүн үй-бүлөдө жана коомдо кандай күрөшүп жаткандыгыбыздан, ал укуктарды аныктоо үчүн бирге иш алып баруубуздан эпистемологиялык жактан Ислам менен кандай байланышкан, ал конкреттүү ислам мамлекеттеринде социалдык жана саясий бийлик менен кандай байланышып жатат жана аларды камсыз кылган стратегияларды кандайча өнүктүрсө болоорун иштеп чыкканыбызда натыйжалуу болуп саналат. Эң негизги деп ислам тексттерин жеткирүүнүн жолдору жана каражаттары эсептелет: биз бул маселеге кандай карашыбыз керек, кандай тажрыйба талап кылынат, бул тажрыйбаны жергиликтүү элдердин лидерлерине кантип жеткирүү керек ж.б. Биз муну менен катар, ислам саясий элиталарын окутуунун жолдорун дагы издеп келебиз: чечим кабыл алган, элге жакын адамдарды кантип тартуу керек, кайрадан карап чыккан текстти кантип жеткирүү керек, саясатка тартуу чектерин аныктоо критерийлерин кандайча иштеп чыгуу керек, аялдардын жашоосуна өзгөрүү алып келүү үчүн, аялдардын укугун коргогон аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот органдарына кандайча жардам бере алабыз. Муну менен катар, аял лидерлерди ар түрдүү деңгээлдерде колдоо жана аныктоо, биз жөнөкөй жарандарды мобилизациялоо үчүн ылайыктуу моделди издейбиз, өзгөчө, аял-активисттерди моралдык жана физикалык зомбулуктан сактайбыз. Тизме толук түзүлүп бүтө элек, мындан сырткары, аялдар үчүн адам укугу байланышынын динамикасын, саясат, ислам тексттери жана биздин күрөштүн масштабын түшүндүрөт. Үй-бүлө биздин жашоонун тиреги; Биз үй-бүлөдө өз укуктарыбызды камсыз кылмайынча, эркектерге кошумча болгон бойдон кала беребиз. А биз кошумча болууну каалабайбыз – ошону менен бирге эле, укукка да ээ боло албайбыз, анткени, укук көз карандысыз элдерде гана бар. Ошондуктан, бул конференция өз учурунда уюштурулган жана биздин өз эркиндиктерибизди, үмүттөрүбүздү камсыз кылууга жана жетишүүгө болгон маршыбызды терең чагылдырып турат.

# «К» ТИРКЕМЕСИ:
## Аялдардын саясий активдүүлүгү менен байланышкан эл аралык документтер

**i. Аялдардын башкаруу органдарында жана чечим кабыл алуу процесстерине катышуусу**

Аялдардын таасири Платформасы боюнча 4-Конференциянын материалдарынан үзүндү (Аракеттердин Платформасы).

**ii. Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча Конвенциясы (CEDAW)**

**iii. Атуулдук жана саясий укуктар боюнча Эл аралык пакт**

**iv. Адам укуктарынын жалпы декларациясы**

# I.

## “Аялдардын башкаруу органдарында жана чечим кабыл алуу процесстеринде катышуусу”

### Аялдардын абалы боюнча БУУнун эл аралык 4-конференциясынан үзүндү

Пекин, Кытай – сентябрь, 1995-ж.

### АРАКЕТТЕРДИН ПЛАТФОРМАСЫ

181. Адам укуктары боюнча жалпы декларация ар бир адам өз өлкөсүн башкарууга катышууга укугу бар деп белгилейт. Эмансипация жана аялдардын көз карандысыздыгы жана алардын социалдык-экономикалык жана саясий статусун жогорулатуу ачык-айкын жана жоопкерчиликтүү бийлик жүргүзүүгө жана башкарууга, коомдун бардык чөйрөлөрүнүн туруктуу өнүгүшүнө жетишүүдө эң маанилүү роль ойнойт. Аялдардын толук кандуу жашоосуна тоскоол болгон жеке жана жалпы коомчулукка таандык башкаруучулук коомдун бардык чөйрөлөрүндө жашап келет. Чечим кабыл алуу процесстерине аялдардын жана эркектердин бирдей катышуусуна жетишүү коомдун түзүмүн так чагылдырууда жана демократиянын иштөөсүнө таасир берүүдө тең салмактуулукту камсыз кылат. Саясий чечимдерди кабыл алуудагы тең укуктуулук өзгөчө кыймылдаткычтын ролун ойнойт, ансыз мамлекеттик саясатты негиздөөдөгү тең укуктуулуктун реалдуу көрсөткүчүн аныктоо мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу саясий чөйрөдө аялдардын бирдей деңгээлде аралашуусу жалпы процессте аялдардын абалынын жакшыруусу үчүн чечүүчү роль ойнойт. Чечимдерди кабыл алуудагы аялдардын бирдей аралашуусу акыйкаттык менен демократиянын жөнөкөй талаптарынын бири эмес, ал аялдардын кызыкчылыгын эске алуунун негизги шарты катары каралуусу зарыл. Өнүгүү процессинин бардык баскычтарында аялдардын активдүү аралашуусуз жана алардын кызыкчылыктарынын эске алынуусусуз, өнүгүү, тынчтык жана тең укуктуулукка жетишүү чечимдерин кабыл алуу мүмкүн эмес.

182. Дүйнөнүн басымдуу өлкөлөрүндө коомду демократиялаштыруу абдан ылмдамдыкта жылып баратканына карабай, мамлекеттик башкаруунун бир топ деңгээлдеринде аялдардын көрсөткүчүнүн саны тиешелүү деңгээлде эмес, бул өзгөчө, аткаруу бийлигинде жана министрликтерде байкалат жана мыйзам чыгаруу органдарында саясий бийликке жетишүүдө азыноолак жылыштар бар экендигин 1995-жылы башкаруу кызматтарындагы аялдардын 30% көрсөткүчүн иликтеп чыккан максаттуу көрсөткөчтүн экономикалык жана социалдык кеңеши ырастайт. Дүйнө жүзү боюнча бүгүнкү күндө мыйзам чыгаруу органдарында аялдардын саны 10% гана түзөт, минстрликтердеги орундар мындан дагы аз. Мындан сырткары, кээ бир өлкөлөрдө, социалдык, экономикалык жана

саясий өзгөрүүлөрдү башынан кечирип жаткан өлкөлөрдү кошуп караганда мыйзам чыгаруу органдарында аялдардын санынын кескин түрдө азаюусу байкалган. Дүйнөнүн басымдуу өлкөлөрүндө аялдар шайлоочулардын жарымын түзүп жана Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлүгүн кабыл алган өлкөлөрдүн бардыгында алар шайлоого жана шайланууга укуктуу экендиктерине карабай, баштагыдай эле мамлекеттик кызматтар үчүн талапкерлер катары көрсөтүлбөй келет. Саясий партиялардын жана мамлекеттик түзүмдөрдүн эскирген салттык багытында эле иш алып баруусу дагы деле болсо аялдардын коомдук турмушка аралашуусуна тоскоол болуп келет. Аялдардын саясий ордун табууга болгон умтулуусу басмырлоочулук ыкмалар менен коштолот: үй-бүлө алдындагы милдети, бала багуу, мамлекеттик кызматка келүү үчүн сарпталган чыгымдар. Саясат менен алектенген, өкмөттө башкаруучулук кызматтарда жана мыйзам чыгаруу органдарында иштеген аялдардын салымын саясий приоритеттерди кайра карап чыгууда, күндүн саясий күн тартибине аялдарга тиешелүү жаңы суроолору кийирүүдө, тажрыйбалар жана баалуулуктар, саясий маанилүү суроолорду чечүүдө жаңы кадамдарды сунуштоодо байкасак болот.

183. Аялдар коомдук жана мамлекеттик эмес уюмдарда, ошондой эле, мамлекеттик кызматтарда көңүлгө толо турган башкаруучулук тажрыйбаларды көрсөтө алышты. Мындан сырткары, тарбиялоо процесси, массалык маалымат каражаттарындагы аялдарды жана эркектерди кабыл алуудагы негитивдүү стереотиптер, саясий чечимдерди иштеп чыгуу процесси эркектерге гана ыйгарымдуу деген тенденцияны күчөтүп келет. Саресеп салып көрсөк, искусство, маданият, спорт, массалык маалымат каражаттары, билим берүү, дин жана укук чөйрөлөрүнүн башкаруучу түзүмдөрүндө аялдардын көрсөткүчүнүн аздыгы аялдардын негизги институттарга таасирин тийгизүү укугун берген эмес.

184. Мисалы, саясий партияларда, жумуш берүүчүлөрдө жана профсоюздарда бийликке жетүүнүн салттуу жолу абдан татаал болгондуктан, аялдар бийликке альтернативдүү түрдө келип башташкан, бул өзгөчө мамлекеттик эмес уюмдарда басымдуулук кылат. Мамлекеттик эмес уюмдар аркылуу аялдар өз кызыкчылыктарын, аларды тынчсыздандырган маселелерди ачык айтуу жана аялдарга тиешелүү маселелерди улуттук, аймактык жана эл аралык күн тартибине киргизүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушкан.

185. 29-пунктта көрсөтүлгөндөй, коомдук турмуштагы тең укуксуздук көбүнчөсү эле, күнүмдүк өз арар мамилелердеги басмырлоочу ыкмалар жана үй-бүлөдөгү аял менен эркектин ортосундагы бири экинчисин башкаруучулук мамилелерден баштала бербейт. Бири экинчисин башкаруучулук мамилелерге негизделген үй чарбачылыгындагы милдеттердин жана эмгектин бирдей эмес бөлүштүрүлүшү аялдардын кеңири масштабдагы коомдук форумдарга катышууга жана чечимдерди кабыл ала билүү көндүмдөрүн өстүрүүлөрүнө тоскоолдуктарды жаратат. Эркек менен аялдын ортосундагы милдеттерди тең укуктуу бөлүштүрө билүү аялдардын, алардын кыздарынын жашоо турмушун гана жакшыртпастан, мамлекеттик саясатты, тажрыйбаны, чыгымдарды алардын кызыкчылыктары таанылгыдай жана эсепке алынгыдай аныктай жана калыптандыра ала билүүсүн шарттайт. Эркектердин басым жасаган ролун бекемдөөнү чагылдырган формалдуу эмес түйүндөр жана жергиликтүү деңгээлдеги жамаатта чечимдерди чыгаруу моделдери социалдык, экономикалык жана саясий чөйрөгө тең укуктуу катышуу жөндөмдүүлүктөрүн чектейт.

186. Эл аралык, улуттук жана жергиликтүү деңгээлде саясий жана экономикалык чечимдерди кабыл алган жоопту адамдардын арасында аялдардын эң аз көрсөткүчү жүрүм-турум жана түзүлүш тоскоолдуктарынын бар экендигинен

кабарлайт, буларды позитивдүү чараларды көрүү менен жеңе алабыз. Өкмөт, өлкөлөр аралык жана улуттук бирикмелер, массалык маалымат каражаттары, банктар, илимий окутуучулук мекемелер, жергиликтүү жана эл аралык уюмдар, анын ичинде Бириккен Улуттар Уюмунун карамагындагы уюмдар дагы билгич башкаруучулар, жетекчилер, дипломаттар катары аялдардын потенциалын толук кандуу колдонбой келишет.

187. Бийликти бирдей деңгээлде уюштуруу жана бардык деңгээлдерде чечимдерди кабыл алуунун прерогативи Өкмөттүн жана гендердик статистиканын башка субъекттеринин программаларды жана саясатты иштеп чыгууда гендердик маселерлерди эске алуусу, анализ жүргүзүүсүнөн көз каранды. Чечим кабыл алуудагы тең укуктуулук аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн эң зарыл фактору болуп саналат. Кээ бир өлкөлөрдө басмырлоого каршы көрүлгөн чаралардын жыйынтыгынан улам, жергиликтүү жана улуттук башкаруу түзүмдөрүндө аялдардын көрсөткүчүнүн саны 33, 3 процент жана андан жогору.

188. Улуттук, аймактык жан эл аралык статистикалык мекемелер социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдө аялдар менен эркектерге тең укуктуу мамиле кылуу жаатында кандай суроолорду берүү керектиги тууралуу жетиштүү билимге ээ эмес. Өз алдынча карай турган болсок, негизги чечим чыгаруучу чөйрөлөрдөгү колдо болгон ыкмалар жана маалыматтар базасы толук кандуу колдонулбайт.

189. Бардык деңгээлдердеги чечим кабыл алуулар жана бийликти бөлүштүрүү деңгээлиндеги аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуксуздук маселеси менен алектенүүдө өкмөт жана башка субъектер бардык стратегияларда жана программаларда чечим кабыл алууга чейин аялдарга жана эркектерге тийгизген таасирин анализдеген гендердик маселелерди эске алуу саясатын так жана кеңири жүргүзүүсү зарыл.

## G 1. Стратегиялык максаты

Башкаруу түзүмдөрүндөгү аялдардын тең укуктуулугун жана чечим кабыл алуу процесстеринде алардын толук кандуу катышуусун камсыз кылуу үчүн чараларды колдонуу

### Аткарыла турган иштер

190. Өкмөт тарабынан:

a) аялдар менен эркектердин өкмөттүк түзүмдөрдө жана комитеттерде, мамлекеттик-админстративдик түзүмдөрдө жана сот инстанцияларында, конкреттүү максаттуу көрсөткүчтөрдү калыптандырууну камтуу менен, аялдар менен эркектердин бирдей катышуусун камсыз кылууда бардык өкмөттүк жана мамлекеттик административдик кызматтарда квота системасы аркылуу аялдардын санын көбөйтүүнү максатка айландыруу үчүн чечкиндүү кадамдарды жасоо;

b) муну шайлоо системасындагы чен өлчөмдөрдө саясий партияларда аялдарды шайлоолорго жана мамлекеттик кызматтарга эркектер менен бирдей деңгээлде катышуусу зарыл деп саналган жерлерде колдонуу;

c) эркектер менен аялдардын саясатка аралашуусунда ассоциацияларга, профсоюздарга жана саясий партияларга мүчө болуусунда тең укуктуулукту коргоо жана жайылтуу,

d) тандалма кызмат орундарына аялдардын саясий жактан активдүү тартылуусуна шайлоо системасынын дифференциялык жактан таасирин иликтеп чыгуу жана максатка жетүүгө үчүн түзөтүү т.а. бул системаны реформалоо маселесин карап чыгуу.

e) мамлекеттик жана жеке тармактарда башкаруучу кызматтарда иштеп жаткан аялдар тууралуу сандык жана сапаттык маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултуу, таратуу жана анализдөө; өкмөттүн ар кыл деңгээлиндеги аялдардын жана эркектердин саны тууралуу маалыматтарды жыл сайын таратуу; сунушталып жаткан мамлекеттик кызматтарга аялдар менен эркектердин бирдей катышуусун камсыз кылуу; ушул жааттагы өнүгүүнү көзөмөлгө алган өкмөт ичиндеги механизмдер түзүмүн түзүү аркылуу аялдардын көрсөткүчүнүн өнүгүүсүн баалоо жана көзөмөлдөө;

f) чечим кабыл алуу процесстеринде жана түзүмдөрүндө аялдардын аралашуусу, алардын ага тийгизген таасирин иликтөө менен алектенген илимий изилдөө институттарын жана мамлекеттик эмес уюмдарды колдоо;

g) чечим кабыл алуу  процесстеринин баардык деңгээлдеринде калтын түпкү катмарынан аялдарды масштабдуу түрдө тартууга таасир этүү;

h) мамлекет тарабынан каржыланган уюмдардын басмырлоосуз саясатка негизделүүсүнө жана буга жетишүүгө тиешелүү чараларды көрүү, аны менен бирге аялдардын өз уюмдарында ийгиликке жетишүүсүн жогорулатуу, камсыз кылуу жана жайылтуу;

i) аялдар менен эркектердин коомдогу жана ата-энелик милдеттеринин бирдей бөлүштүрүлүшү аялдардын коомдук турмушка кеңири катышуусуна жана ага жетишүү үчүн тиешелүү чараларды көрүүлөрүнө жана ошону менен бирге үй-бүлөлүк турмуштун тең салмактуулугунун жана эмгек кылуу жөндөмдүүлүгүнүн бирдей ыраатка келүүсүнө шарт түзөт;

j) Бириккен Улуттар Уюмунун түзүмдөрүнө, бириккен Улуттар Уюмунун карамагындагы атайын мекемелерге жана автономдуу уюмдарына, жогорку деңгээлдеги кызматтарга бекитүү же шайлоо үчүн көрсөтүлгөн улуттук кандидаттардын тизмесинде аялдар менен эркектердин санынын бирдей болуусуна жетишүүгө умтулуу.

191. Саясий партияларда:

a) аялдардын активдүү аралашуусуна түз же кыйыр түрүндө басмырлоочулук кедергисин тийгизүүчү тоскоолдуктарды жоюу максатында партиялык түзүмдөрдү жана процедураларды изилдөө суроосун коюу:

b) аялдардын ички башкаруучу түзүмдөрдө жана тандоо жолу менен бекитиле турган кызматтарга, кандидаттарды көрсөтүү процесстерине аялдардын толук кандуу катышуусун камсыз кылуу демилгесин иштеп чыгуу маселесин кароо;

c) саясий партияларды башкарууда аялдар эркектер менен бирдей укуктарга ээ экендигин түшүнүү менен , гендер маселесин өзүнүн саясий программаларына камтууларын карап чыгуу.

192. Өкмөт, улуттук түзүмдөр, жеке секторлор, саясий партиялар, профсоюздар, жумуш берүүчү уюмдар, илимий изилдөө жана окутуу мекемелери, мамлекеттер аралык жана аймактык түзүмдөр жана мамлекеттик эмес жана эл аралык уюмдар:

a) аял лидерлердин ичинен «негизги массаны», администраторлорду жана башкаруучуларды негизги жетектөөчү кызматтарга тартуу үчүн конструктивдүү кадамдарды жасоо;

b) жетектөөчү түзүмдөрдөгү жогорку деңгээлдеги кызматтарга аялдардын тартылуусун көзөмөлдөгөн механизмдерди иштеп чыгуу же бекемдөө:

c) кеңеш берүүчү жана жетектөөчү түзүмдөргө, жогорку кызматтарга бекитүү жана тандоо критерийлерин иштеп чыгуу, бул критерийлердин аялдарга карата басмырлоосун мүнөздөгү актуалдуулугун жогорулатууну камсыз кылуу;

d) мамлекеттик эмес уюмдардын, профсоюздардын жана жеке секторлордун башкаруучу түзүмдөрүндө, бардык чөйрөдөгү жана деңгээлдеги сүйлөшүүлөрүнө, аларда эмгектенген аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун кеңейтүү аракеттерин көрүү;

e) мурда 29-пунктта белгиленгендей, коомдо жана үй-бүлөдө аял менен эркектин ролун коомчулукта талкуулоого таасир берүү максатында байланыш стратегияларын иштеп чыгуу;

f) Аялдар өзгөчө жаш курактагылардын жумушунан четтетилбестен жетектөөчүлүк, ишкерчилик, техникалык, башкаруучу чөйрөлөр боюнча адистерди даярдоо булактарынан бирдей пайдалана алуулары үчүн кызматтык өсүү жана жумушка кабыл алуу программаларын кайра карап чыгуу;

g) баардык жаш курактагы аялдардын карьералык өсүүсүн пландоо, инструктаж, адисттик кайра даярдоо программаларын иштеп чыгуу;

h) Бириккен Улуттар Уюмунун конференцияларында жана аларды даярдоо процесстеринде аялдардын мамлекеттик эмес уюмдарынын катышуусун колдоо жана жыйылтуу;

i) Бириккен Улуттар Уюмуна жана башка эл аралык форумдарына өкүлдөрдү жиберүүдө же ага даярданууда эркектердин жана аялдардын тең салмактуулугу сакталуусуна аракеттенүү.

193. Бириккен Улуттар Уюму:

a) 2000-жылга карай аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуктуулукка жетишүү максатында буга чейинки, жана жаңы эрежелерди, чараларды колдонуу, өзгөчө, адисттик жана андан жогорку категорияларга Бириккен Улуттар Уюмунун 101-Уставынын 3-беренесине ылайык, кызматкерди кеңири географиялык өзгөчөлүктү эске алуу менен тандоого көңүл буруу жаатында буга чейинки жана жаңы эрежелердин кабыл алынышын ишке ашыруу;

b) Бириккен Улуттар Уюмунун башкы кызматтарына, атайын мекемелерине жана Бириккен Улуттар Уюмунун түзүмдөр системасына аял кандидаттарды көрсөтүү механизмдерин иштеп чыгуу;

c) аялдардын жана эркектердин чечим кабыл алуу процесстерине катышуусунун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн жайылтуу жана андан ары чогултуу, алардын бул процесске дифференциалдык таасир этүүсүнүн жана 2000-жылы

аялдар башкаруучу жана жетектөөчү кызматтардын 50% ээлөөсүн көздөгөн Башкы катчылык тарабынан коюлган максаттарга жетүүнү көзөмөлдөө.

194. Аялдар уюмдарына, мамлекеттик эмес уюмдарга, профсоюздарга, социалдык өнөктөштөргө, ишкерлерге, өндүрүш жана адистик уюмдарга:

a) маалыматтык, агартуучулук жана жайылтуучулук иш чаралардын негизинде аялдар арасында толеранттуулукту жайылтуу жана бекемдөө;

b) Аялдардын социалдык, экономикалык жана саясий чечимдерге, процесстерге, системаларга таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана шайлоолорго жооптуу кызматкерлердин гендер темасы боюнча отчеттуулугун камсыз кылуу иштерин баардык деңгээлде жайылтууну өнүктүрүү;

c) түзүү – маалыматтарды колдоо боюнча мыйзамды сактоо – аялдар жана алардын квалификациясы боюнча маалыматтардын топтомун аялдарды жетекчилик жогорку кызматтарга жана кеңеш берүү бөлүмдөрүнө дайындоодо колдонуу максатында, жана аларды өкмөт аралык, аймактык жана эл аралык уюмдарга, жеке өндүрүш уюмдарына, саясий партияларга жана башка тиешелүү түзүмдөргө таратуу.

## G 2. Стратегиялык максаты

Башкаруу системасынын ишмердүүлүгүндө жана чечим кабыл алуу процессине катышууда аялдардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү

### Жүзөгө ашырыла турган ишмердүүлүк

195. Өкмөт, улуттук түзүмдөр, жеке секторлор, саясий партиялар, профсоюздар, жумуш берүүчү уюмдар, субрегионалдык жана регионалдык, мамлекеттик эмес жана эл аралык уюмдар жана окуу жайлары:

a) кыздарга жана аялдарга жардам көрсөтүүгө багытталган, өзгөчө, өзгөчө муктаж, мүмкүнчүлүгү жактан чектелген аялдарга жана расалык, этникалык азчылыкkка кирген аялдарга өз күчүнө ишенүү сапатын бекемдөө, жетекчилик көндүмдөрдү өстүрүү жана алардын жетектөөчү кызматтарга келүү каалоосун ойготуу боюнча окутууларды уюштуруу;

b) жетектөөчү кызматтарга келүү боюнча жазуу түрүндөгү критерийлерди иштеп чыгуу жана тандоо органдарындагы гендердик тең салмактуулукту камсыздоо;

c) тиешелүү тажрыйбага ээ эмес аялдар үчүн устатчылык иштерин уюштуруу, тактап айтканда, уюштуруучулук жана жетектөөчүлүк көндүмдөрү, ораторлук искусство жана өзүнө өзү ишенүү жана саясий кампанияларды алып баруу боюнча окутуу уюштуруу;

d) Аялдар жана эркектер үчүн, гендер маселесине өзгөчө көңүл бөлгөн, иш маалында басмырлабаган маанайдагы мамилелердин калыптанышына, ар түрдүү стилдеги иш алып барууга жана башкарууга багытталган даярдоочу окутууларды уюштуруу;

e) Аялдардын шайлоо процесстерине катышуу, саясий ишмердүүлүк жана башка чөйрөлөрдө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен окутуу механизмдерин жөнгө салуу.

# II.

## Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу боюнча конвенция

Конвенция 1979-жылдын 18-декабрында Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган (резолюция 34/ 180) жана 1981-жылдын 3-сентябрында күчүнө кирген. Төмөндө резолюциянын тексти келтирилди.

Бул Конвенцияга катышуучу мамлекеттер:

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы адамдын негизги укуктары, кадыр-баркы жана жеке адамзаттык баалуулуктары, аял менен эркектин тең укуктуулугуна ишенимди кайрадан ырастагандыгын көңүлгө алып,

Адам укуктарынын жалпы декларациясы басмырлоого жол бербөө принцибин бекемдей тургандыгын жана бардык адамдарга эркиндик менен тең укуктуулук анын жеке кадыр-баркы жана укуктары менен кошо төрөлгөндөн күндөн тарта ыйгарылаарын жана ар бир адам эч кандай айырмачылыгына карабастан, анын ичинен, жыныстык жактан айырмачылыгына карабастан, бардык укуктарын жана эркиндиктерин колдоно ала тургандыгын көңүлгө алып,

Адам укуктары жөнүндө эл аралык Пактка мүчө мамлекеттерге эркектер менен аялдарга бирдей деңгээлде экономикалык, социалдык жана маданий, ошондой эле атуулдук жана саясий укуктарды камсыз кылуу милдети жүктөлө тургандыгын көңүлгө алып,

Бириккен Улуттар Уюмунун жана атайын мекемелердин көзөмөлү астында аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна таасир этүү максатында бекитилген эл аралык конвенцияларды көңүлгө алып,

Ошону менен катар Бириккен Улуттар Уюму жана атайын мекемелер тарабынан аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна таасир этүү максатында кабыл алынган сунуштамаларды, декларацияларды жана резолюцияларды көңүлгө алып,

Жогорудагы ар кыл документтерге карабастан, аялдарга карата басмырлоо мурдагыдай эле өз ордун ээлеп келе жаткандыгына тынчсызданзуу менен,

Аялдарга карата басмырлоо тең укуктуулукка жана адамдын жеке кадыр-баркын урматтоого каршы келээрин, аялдардын эркектер менен тең катар өз өлкөсүнүн саясий, социалдык, экономикалык жана маданий турмушуна бөгөт коюп жаткандыгын, коомдун жана үй-бүлөнүн байгерчилигинин өсүшүнө жолтоо болуп, бардык өлкөлөр жана бүтүн адамзаттын жыргалчылыгы үчүн аялдардын мүмкүнчүлүгүнүн

толук ачылышына оорчулук келтирип жаткандыгын эскертүү менен,

Жакырчылык шарттарында аялдар азык-түлүккө, саламаттыкты сактоого, билим алууга, кесиптик даярдыкка жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле башка муктаждыктарга жетише албастыгына тынчсыздануу менен,

тең укуктуулук жана адилеттикке негизделген жаңы экономикалык эл аралык тартиптин орнотулушу менен аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуктуулукту камсыз кылуу бир кыйла жөнгө салынаарына ишенүү менен,

расалык басымырлоо саясатын, апартеидди, расизмдин бардык түрлөрүн, колониализмди, неоколониализмди, агрессияны, чет элдик оккупацияны жана мамлекеттердин ички ишине кийлигишүүнү ликвидациялоо аялдар менен эркектердин укуктарын толугу менен жүзөгө ашыруу үчүн эң зарыл экендигин баса көрсөтүү менен,

Эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту бекемдөө, эл аралык чыңалууну алсыздандыруу, социалдык жана экономикалык түзүлүшүнө карабастан бардык мамлекеттердин ортосундагы өз ара кызматташтык, жалпы жана толук куралсыздандыруу, өзгөчө ядердик куралсыздандыруу, акыйкаттык принциптерин бекемдөө, тең укуктуулук жана мамлекеттер аралык өз ара алакалашуудагы эки тараптуу пайда жана чет элдик жана колониалдык үстөмдүктү, чет элдик оккупация алдындагы элдердин укуктарын коргоо,

өзүн өзү таануу жана көз карандысыздык, жана да улуттук көз карандысыздыкты жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгү социалдык прогресске жана өнүгүүгө таасирин тийгизээрин жана анын уландысы катары, аялдар менен эркектердин ортосундагы толук тең укуктуулукка жетишүүгө өбөлгө болорун бекемдөө менен,

Келечекте өлкөлөрдүн толук кандуу өнүгүүсү, жалпы дүйнөнүн жакшы жашоосу жана дүйнөнүн өзү аялдардын бардык чөйрөлөрдө эркектер менен тең укукта бирдей деңгээлде катышуусун талап кыларына ишенүү менен,

Буга чейин толук кандуу түрдө кабылданбай келген коомду өнүктүрүүдөгү жана үй-бүлөнүн жакшы жашоосун камсыздоодогу аялдардын салымынын мааниси, эне болуунун социалдык мааниси жана ата-эненин экөөнүн тең үй-бүлөдөгү, балдарды тарбиялоодогу ролун жана аялдардын тукум улоону улантуусу басмыроо үчүн себеп эмес экендигин түшүнүп, балдарды тарбиялоодо ата менен эне жана жалпы коомчулук бирдей жоопкерчилик ээ экендигин эске алуу менен,

Эркектер менен аялдардардын ортосундагы тең укуктуулукту толук кандуу камсыз кылуу үчүн үй бүлөдө жана коомдо эркектин дагы, аялдын дагы салттык ролун өзгөртүү зарыл экендигин эскертүү менен,

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча Декларацияда аныкталган принциптерди чечкиндүү түрдө ишке ашыруу жана бул максатта басмырлоонун бардык түрүн жана анын келип чыгуу себептерин түп-тамырынан бери жок кылуу үчүн бардык чараларды көрүү үчүн,

төмөнкүлөргө толугу менен кошулат:

# I БӨЛҮМ

## 1-берене

Бул Конвенциянынын максатын ишке ашыруу үчүн “аялдарга карата басмырлоо” түшүнүгү алсыздандырууга же таптакыр тааныбоого багытталган жыныстык айырмачылыгына байланыштуу басмырлоо, айырмалоо же жыныстык белгисине карап чектөө, аялдардын алардын үй-бүлөлүк абалына карабастан, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун негизинде адам укуктарын жана саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык жана башка бардык чөйрөлөрдөгү негизги эркиндиктерин колдонуусу же ишке ашыруусу.

## 2-берене

Катышуучу-мамлекеттер аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн талкууга алат, аялдарды басмырлоого каршы кечиктирилгис тиешелүү чараларды камтыган саясат жүргүзүүгө макулдугун берет жана жана бул максатта милдеттендирилет:

а) эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулук принцибин өздөрүнүн улуттук конституциясына же жана башка тиешелүү мыйзамдарына киргизүү, эгер, бул али ишке ашырыла элек болсо, мыйзамдар же башка тиешелүү каражаттар аркылуу бул принциптин иш жүзүндө жүзөгө ашыруу;

б) зарыл учурда аялдарга карата басмырлоого тыюу салган санкцияларды камтыган тиешелүү чараларды жана мыйзамдарды кабыл алуу;

с) эркектер менен бирдей негизде аялдардын укугун юридикалык жактан коргоону калыптандыруу жана улуттук компотенттүү соттор жана башка мамлекеттик мекемелердин жардамы аркылуу аялдарга карата басмырлоонун баардык түрү үчүн натыйжалуу коргоону камсыз кылуу;

d) аялдарга карата кандайдыр бир басмырлоочу кадамдарды же аракеттерди жасоодон алыс болуу жана мамлекеттик түзүмдөр жана мекемелер бул милдеттин негизинде иш алып баруусуна кепилдик берүү;

е) кимдир бирөө, уюм же мекеме тарабынан жасалган аялдарга карата басмырлоону жок кылуу үчүн баардык тиешелүү чараларды көрүү;

f) аялдарга карата басмырлоонун белгилерин алып жүргөн салттарды жана тажрыйбаларды, токтомдорду, колдонулуп жаткан мыйзамдарды четке кагуу же өзгөртүү үчүн, мыйзамдын негизинде дагы баардык тиешелүү чараларды көрүү;

g) аялдарга карата басмырлоонун белгилери киргизилген Кылмыш жана Жаза мыйзамынын бардык жоболорун четке кагуу;

## 3-берене

Катышуучу-мамлекеттер аялдар үчүн көп жактуу өнүгүүнү жана прогрессти камсыз кылуу үчүн бардык чөйрөлөрдө, тактап айтканда, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө, анын ичинде мыйзамдык алкакта дагы тиешелүү чараларды көрөт, ошону менен катар эркектер менен тең укуктуулукка негизделген эркиндиктеринин негизинде адам укуктарын колдонууга жана жүзөгө ашырууга кепилдик берет.

### 4-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер тарабынан аялдар менен эркектердин ортосунда тең укуктуулуктун иш жүзүнө ашырылуусун калыптандырууну тездетүүгө багытталган убактылуу атайын чаралардын Конвенцияда аныкталгандай кабыл алынышы басмырлоочулук деп эсептелбейт, анда кыйыр түрдө дагы тең укуксуздук же дифференциялдык стандарттары сакталбоосу зарыл; бул чаралар бирдей мүмкүнчүлүктөр жана тең укуктуу мамилелерди калыптандыруу максаты ишке ашканда гана четке кагылат.
2. Катышуучу-мамлекеттер энеликти коргоого багытталган атайын чараларды Конвенциянын мазмунунда аныкталгандай чараларды киргизүү менен кабыл алса, басмырлоо деп эсептелбейт.

### 5-берене

Катышуучу-мамлекеттер төмөндөгү максатта тиешелүү чараларды кабыл алат:

а) күнүмдүк турмушта калыптанып калган тең укуксуздук абалдын жаралуусун шарттаган, бир жыныстын өкүлүн даңазалаган же эркектердин жана аялдардын ролу тууралуу стереотиптерге негизделген курулай талкуулоолорду, салттарды жоюу максатында аялдардын жана эркектердин жүрүм-турумунун социалдык жана маданий моделин өзгөртүү;

б) Үй-бүлөлүк тарбия берүү, энеликти социалдык кызмат экендиги тууралуу туура түшүнүктү өзүнө камтуусун жана балдардын кызыкчылыгы баарынан бийик экендигин эске алуу менен, балдарды тарбиялоодо жана өстүрүүдө эркек менен аялдын бирдей жоопкерчиликтүүлүгүн моюнга алууну камсыз кылуу.

### 6-берене

Катышуучу-мамлекеттер аялдарды кул катары сатууну токтотуу жана аялдарды сойкулук үчүн эксплуатациялоону жоюу үчүн бардык, анын ичинде мыйзамдык негизде тиешелүү чараларды кабыл алат.

## II БӨЛҮМ

### 7-берене

Катышуучу-мамлекеттер өлкөнүн саясий жана коомдук жашоосунда аялдарга карата басмырлоону жок кылуу боюнча бардык тиешелүү чараларды көрөт, тактап айтканда, аялдарга эркектер менен бирдей деңгээлде төмөндөгү укуктарды камсыз кылат:

а) бардык шайлоолордо жана элдик референдумдарда добуш берүү, эл тарабынан шайлана турган түзүмдөргө шайлануу;

б) Өкмөттүн саясатын калыптандырууга жана ишке ашырууга катышуу, ошону менен бирге мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде бардык мамлекеттик кызматтарды ишке ашыруу;

с) Өлкөнүн коомдук жана саясий жашоосу боюнча маселелер менен иш алып барган мамлекеттик эмес уюмдардын жана ассоциациялардын ишмердүүлүгүнө катышуу.

### 8-берене

Катышуучу-мамлекеттер аялдар эркектер менен тең укуктуу шартта жана эч кандай басмырлоосуз өз өлкөсүнүн атынан эл аралык деңгээлге чыгуусу жана эл аралык уюмдарда иштөөсү үчүн баардык тиешелүү чараларды көрөт жана камсыз кылат.

### 9-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер аялдардын жарандыкты алуу, аны өзгөртүү же, жарандыгын сактоо жаатында эркектер менен бирдей тең укукту камсыз кылат. Алар тактап айтканда, чет жердик жаран менен никелешүүдө же никелешүү учурунда күйөөсүнүн жарандыгын алмаштыруусу аялдын автоматтык түрдө жарандыгын алмаштыруусуна алып келбестигин жана аны жарандыгы жок адамга айландырбоону, күйөөсүнүн жарандыгын кабыл алуусун мажбурлабоону камсыз кылат.
2. Катышуучу-мамлекеттер аялдарга алардын балдарынын жарандыгы боюнча эркектер менен бирдей тең укукту камсыз кылат.

## III БӨЛҮМ

### 10- берене

Катышуучу мамлекеттер аялдарга билим берүү тармагында эркектер менен бирдей тең укукту камсыз кылуу, аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрөт, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу шартында камсыз кылат:

a) адистигин же кесибин тандоодо, жердиги айылдык же шаардык экендигине карабастан бардык жогорку окуу жайларында диплом алуу жана билим алуу мүмкүнчүлүгүндө бирдей шарттарды түзүү; ушул эле тең укуктуулук мектепке чейинки, жалпы, атайын жана жогорку техникалык билим берүүдө, жана да адис катары даярдоонун бардык түрүндө дагы камсыз кылынат;

b) билим алууда бирдей программалардын негизинде, бирдей экзамендердин, бирдей квалификациядагы окутуучулар түзүмүнө, мектеп имаратына жана бирдей шартта камсыздандырууга ээ болуу мүмкүнчүлүгү;

c) бул максатка жетүүнү шарттай турган чогуу билим алууну кеңейтүү, тактап айтканда, окуу куралдарын, мектеп программаларын жана билим берүү методдорун адаптациялоо жолу менен, билим берүүнүн бардык формаларында жана деңгээлдеринде аялдар менен эркектердин ролу тууралуу бардык стереотиптик концепцияларды четке кагуу;

d) билим алуу үчүн стипендия жана башка кошумча акчалай колдоо көрсөтүүлөргө бирдей ээ болуу мүмкүнчүлүгү;

e) билим алууну улантуу программаларынан пайдаланууга болгон бирдей мүмкүнчүлүк, анын ичинде чоңдор арасындагы сабаттуулукту жайылтуу программаларын жана функционалдык сабаттуулук программасын, тактап айтканда, аялдар менен эркектердин билим алуусундагы тыныгууларды тезинен кыскартууга багыттоо;

f) орто мектептерди толук аяктабаган кыздардын санын азайтуу жана орто мектептерди мөөнөтүнөн мурда таштап кеткен кыздар жана аялдар үчүн программаларды иштеп чыгуу;

g) спорт менен машыгуу жана дене тарбиялык машыгуулардан өтүүгө активдүү катышууга болгон бирдей мүмкүнчүлүк;

h) үй-бүлөнүн жагымдуу жана дени сак жашоосун камсыз кылууга таасир берүү максатында сабаттуулукту жогорулатуу мүнөзүндөгү атайын маалыматка ээ болуу мүмкүнчүлүгү, анын ичинде үй-бүлөнүн курамын пландаштыруу кеңештерин берүү.

## 11-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер ишке орноштуруу жаатында аялдарга болгон басмырлоону жок кылуу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрөт, ошону менен бирге аны аялдар менен эркектерге тең укуктуулуктун негизинде камсыз кылат, тактап айтканда:

a) эмгекке болгон укук бардык адамдардын ажыратылгыс укугу катары;

b) жумушка алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу укугу, анын ичинде тандап алуунун бирдей критерийлерин колдонуу;

c) адистигин же жумуш ордун эркин тандоо, кызмат тепкичинен өйдөлөө, жеңилдиктердин бардыгын колдонуу жана иштөө шарттарына ээ болуу, адисттик даярдыктан жана кайра даярдоодон, анын ичинде окуп-үйрөнүүдөн өтүү, жогорку деңгээлдеги адистик даярдыктан жана нөөмөтү менен кайра даярдыктан өтүп туруу укугу;

d) сыйлыкка көрсөтүлүү, анын ичинде жеңилдиктерге ээ болуу, эмгекке байланыштуу бирдей баалуулуктар жаатындагы бирдей шарттарга жетишүү, андан сырткары, иштөө сапатын баалоодо бирдей мамилелерге ээ болуу укугу;

e) социалдык жактан камсыздандырууга ээ болуу, тактап айтканда, эмгек өргүүсүнө чыгуу, жумушсуздук, ден соолугу начарлоо, физикалык жактан мүмкүнчүлүгү чектелген учурда социалдык жактан камсыздандырууга ээ болуу укугу жана акы төлөнүү менен эмгек өргүүсүнө чыгуу укугу;

f) саламаттыкты сактоо жана коопсуз эмгек шартына ээ болуу укугу, анын ичинде тукум улоо милдетин сактоо укугу;

2. Турмуш курууга же эне болууга байланыштуу аялдарга карата басмырлоону жок кылуу жана алардын эмгекке болгон укугун натыйжалуу түрдө камсыз кылуу үчүн катышуучу-мамлекеттер тиешелүү бардык чараларды көрөт:

a) кош бойлуулукка же кош бойлуулугуна байланыштуу өргүү жана төрөт, же үй-бүлөлүк абалына байланыштуу эмгек өргүүсүнө кетүүдө коркунуч келтире турган санкцияларды колдонууга тыюу салуу;

b) акы төлөнүүчү өргүүлөрдү же кош бойлуулугу жана төрөгөндүгү боюнча мурдагы жумуш ордун, улуулугун же социалдык жөлөк пулдарын жоготпостон дал келүүчү социалдык жөлөк пулдарды киргизүү.

c) ата-энелер үй-бүлөлүк милдети менен иштөөнү бирдей алып кетүүсүнө жана коомдук иштерге катышуусуна, тактап айтканда, балдарды тарбиялай турган мекемелердин түйүнүн кеңейтүү жана түзүү жолу менен зарыл болгон кошумча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү;

d) кош бойлуулугу учурунда иштеп жаткан жумушу ден-соолугуна зыян келтире тургандыгы далилденген болсо, аялдарга өзгөчө коргоону камсыз кылуу;

3. Бул беренеде козголгон укуктарды коргоого тиешелүү мыйзамдар илимий-техникалык билимдерден улам мезгил мезгили менен каралып турууга тийиш, ошондой эле бул зарыл өлчөмдө кайра каралып, алып салынып же кеңейтилип турат.

## 12-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер саламаттыкты сактоо тармагында аялдарга карата басмырлоону жок кылуу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрөт, анын ичинде медициналык кызматтан колдонууда аялдарга эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүктү, тактап айтканда, үй-бүлөнү пландаштыруу жаатында камсыз кылуу;
2. Бул берененин 1-пунктунун жобосуна карабастан, катышуучу-мамлекеттер аялдарды кош бойлуу, төрөгөн учурда жана төрөттөн кийинки тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат, зарыл болгон учурда акысыз кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле кош бойлуу жана эмчек эмизүү учурунда талапка жооп берген азык-түлүк менен камсыздайт.

## 13-берене

Катышуучу-мамлекеттер коомдун социалдык жана экономикалык жана башка тармактарында аялдарды басмырлоону жок кылуу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрөт, анын ичинде аялдар менен эркектердин тең укуктуулугунун негизинде тең укуктарды камсыз кылат, тактап айтканда:

a) үй-бүлөлүк жөлөк пулга болгон укук;

b) кыймылсыз мүлктү күрөөгө коюу менен карыздарды, ссудаларды жана башка формалардагы финансылык насыяларды алуу укугу;

c) эс алуу, спорт менен машыгуу жана маданий турмуштун баардык чөйрөлөрүнө байланыштуу иш-чараларга катышуу укугу;

## 14-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер айыл жергесинде жашаган аялдар кездешкен өзгөчө маселелерге, алардын өз үй-бүлөлөрүнүн экономикалык жактан жакшы жашоосун камсыз кылуу үчүн, анын ичинде, чарбачылыктын товардык эмес тармактарында ойногон ролуна көңүл бөлөт, жана айыл жергесинде жашаган аялдар үчүн бул Конвенциянын жоболорунун иштеши үчүн бардык тиешелүү чараларды көрөт.
2. Катышуучу-мамлекеттер айылдардын, райондордун жашаган аялдарга болгон басмырлоону жок кылуу үчүн баардык тиешелүү чараларды көрөт, анын ичинде, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугунун негизинде алардын айылдардын, райондордун өнүгүүсүнө жана мындай өнүгүүдөн пайда алуусун камсыз кылат, тактап айтканда, мындай аялдарга төмөнкү укуктарды камсыздайт:

a) баардык деңгээлдердеги өнүгүү пландарын түзүү жана иштеп чыгууга катышуу;

b) тиешелүү медициналык кызмат көрсөтүүлөрүнөн, кеңеш берүү жана үй-бүлөнүн көлөмүн пландаштыруу маселелери боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу;

c) социалдык жактан камсыздандыруу программаларынын кызмат көрсөтүүлөрүнөн түз пайдалануу;

d) функционалдык сабаттуулукту камтыган формалдуу жана формалдуу эмес билим берүү жана даярдоонун, анын ичинде жалпы кызмат көрсөтүүнүн баардык каражаттарынан, айыл чарбасы маселелери боюнча кеңеш берүү, тактап айтканда, алардын техникалык деңгээлин жогорулатуу кызматтарынын колдонуу;

e) жалдап иштетүү жолу же көз карандысыз ишкерчилик аркылуу экономикалык мүмкүнчүлүктөргө бирдей ээ болууну камсыз кылуу үчүн кооператив жана өз ара жардам топторун уюштуруу;

f) жамааттык ишмердүүлүктүн бардык түрүнө катышуу;

g) айыл чарба күрөөлөрүнө жана займдарга, сатып өткөрүү системасына, тиешелүү технологияларга ээ болуу, жер иштетүү жана агрардык реформаларга, жана да жер которуу боюнча бирдей статуска ээ болуу;

h) ыңгайлуу жашоо шартты пайдалануу, өзгөчө турак-жай шарты, санитардык тейлөө, электр, суу менен камсыздоо жана байланыш каражаттары жана транспорт менен.

## IV БӨЛҮМ

### 15-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер аялдардын эркектер менен тең укуктуулугун мыйзам аркылуу тааныйт.

2. Катышуучу-мамлекеттер аялдарга эркектер менен бирдей негизде жарандык укукжөндөмдүүлүк жана аны ишке ашырууда бирдей мүмкүнчүлүк берет. Тактап айтканда, мамлекет аларга келишимдерди түзүүдө жана мүлктү башкарууда, анын ичинде, Соттук териштирүүлөрдүн бардык этабында же трибуналдын бардыгына тең бирдей мамиле;

3. катышуучу-мамлекеттер аялдардын укугун укуктук жактан чектеген мүнөзгө ээ келишимдер жана баардык жеке документтерди колдонууга болбойт тургандыгы менен макул болушат.

4. Катышуучу-мамлекеттер туруктуу жашоо орду, туруктуу жашоо ордун эркин тандоо жана жашоо ордун өзгөрткүсү келген аялдар менен эркектерге мыйзам жаатындагы бирдей укуктарды камсыз кылат;

### 16-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер никелешүү жана үй-бүлөлүк мамилелерге байланыштуу бардык суроолор боюнча аялдарга карата басмырлоону жок кылуу үчүн тиешелүү чараларды көрөт, тактап айтканда, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугунун негизинде камсыз кылат:

a) никеге туруудагы бирдей укуктар;

b) никеге турууда түгөйүн эркин тандоого жана өзүнүн жеке каалоосу жана толук макулдугуна болгон бирдей укуктар;

c) никелешүү жана анын жоюу учурундагы бирдей укуктар жана милдеттер;

d) үй-бүлөлүк абалына карабастан, аял менен эркектин ата-эне катары балдарынын алдындагы бирдей укуктары жана милдеттери; кандай гана болбосун баланын кызыкчылыгы баарынан бийик болуп саналат;

e) балдардын саны жана алардын төрөлүү аралыгын жоопкерчиликтүүлүктүн негизинде эркин чечүүдө, маалымат жана билимге ээ болуу, жана бул укуктарга ээ болууга шарттоочу каражаттарга болгон бирдей укуктар;

f) бала багуучу, же баланы убактылуу асырап алуучунун укугу жана милдети улуттук мыйзамда көрсөтүлгөн. Бирок кайсы учурда болбосун балдардын укугу жана кызыкчылыгы үстөмдүк кылат;

g) аялы менен күйөөсүнүн жеке бирдей укуктары, анын ичинде фамилиясын, адистигин жана иштөө мүнөзүн тандоо укугу;

h) жубайлардын мүлккө акысыз жана акча төлөө түрүндө ээ болуу, сатып алуу, башкаруу, колдонууга болгон бирдей укуктары;

2. Кудалашуу жана баланын никелешүүсү юридикалык күчкө ээ эмес жана никеге турууда белгилүү жаш курагын аныктоо жана жарандык чогуу жашоодо никелешүүгө милдеттендирүү максатында мыйзамды камтуу менен бардык тиешелүү чаралар көрүлөт.

## V БӨЛҮМ

### 17-берене

1. Бул Конвенциянын ишке ашырылышын көзөмөлдөө үчүн Конвенцияга кирүү он сегизинчи катышуучу мамлекетке жеткенде, андан кийин ага отуз бешинчи катышуучу-мамлекет кошулганда же ратификация кылганда – Конвенция карамагына алган чөйрөлөр боюнча эң жогорку моралдык-этикалык сапаттарга ээ жыйырма үч эксперттерден турган Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу Комитети (андан кийин аталган Комитет) түзүлөт. Бул эксперттерди катышуучу-мамлекеттер өз жарандарынын ичинен тандашат жана өздөрүнүн жеке сапаттары аркылуу кабыл алышат, ошону менен катар географиялык жактан акыйкат бөлүштүрүү жана укуктук системанын, цивилизациянын ар кыл формалары эске алынат.
2. Комитеттин мүчөлөрү катышуучу-мамлекеттер тарабынан сунушталган тизмедегилердин арасынан жабык добуш берүү аркылуу тандалат. Ар бир мамлекет өз жарандарынын ичинен бирөөнү сунуштай алат.
3. Алгачкы шайлоолор бул Конвенцияны кабыл алган күндөн кийинки алты айдан кийин өткөрүлөт. Эң алды дегенде ар бир шайлоону өткөрүүдөн үч ай мурун Бириккен Улуттар уюмунун Башкы Катчысы катышуучу-мамлекеттерге эки ай ичинде өз кандидаттарын сунуштоосун суранган кат жөнөтөт. Башкы Катчы алфавиттик негизде тушунда катышуучу-мамлекеттер белгиленген, катышуучу-мамлекеттер өздөрү сунуштаган талапкерлердин тизмесин даярдайт жана бул тизмени катышуучу-мамлекеттерге сунуштайт.
4. Комитеттин мүчөлөрүн тандоо Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде Башкы Катчы тарабынан чакырылган катышуучу-мамлекеттердин жыйынында өткөрүлөт. Бул жыйында, Катышуучу-мамлекеттердин үчөөнөн экөө кворум түзө алат, Добуш берип жаткан жана ага катышып жаткан катышуучу-мамлекеттердин өкүлдөрүнүн абсолюттук түрдө көпчүлүк добушуна ээ болгон жана көпчүлүк добуштарга ээ болгон кандидаттар Комитетке шайланган өкүлдөр болуп эсептелет.

5. Комитеттин мүчөлөрү төрт жылга шайланат. Бирок, биринчи шайлоодо шайланган тогуз мүчөсүнүн кызматынын мөөнөтү эки жылдан кийин аяктайт; биринчи шайлоо өткөрүлгөн соң, дароо эле бул тогуз мүчөнүн фамилиясы Комитеттин Өкүлдөрүнүн чучу кулак кармоосу аркылуу аныкталат.

6. Комитеттин кошумча беш мүчөсүн тандоо бул документтин 2, 3, 4 бөлүмдөрүнүн жоболоруна ылайык Конвенцияга отуз бешинчи мамлекет кошулгандан же, ратификациялагандан кийин өткөрүлөт. Мындай жол менен шайланган эки мүчөсүнүн кызматтык мөөнөтү эки жылдан кийин аяктайт, бул эки мүчөнүн фамилиясы Комитеттин Өкүлдөрүнүн чучу кулак кармоосу аркылуу аныкталат.

7. Катышуучу-мамлекет калган вакансияларды толтуруу үчүн, Комитеттин мүчөсү катары кызмат кылган эксперттин мөөнөтү аяктаган учурда, Комитет макул деп тапкан шартта өз жарандарынын ичинен башка экспертти көрсөтөт.

8. Комитеттин мүчөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун каражаттарынын эсебинен Ассамблея бекиткен шарттарга жана эрежелерге ылайык, Комитеттин милдеттеринин маанилүүлүгүн эске алуу менен Башкы Ассамблея тарабынан бекитилген жөлөк пул алышат.

9. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Катчысы бул Конвенцияга ылайык Комитеттин кызматын натыйжалуу түрдө ишке ашыруусу үчүн зарыл болгон тиешелүү материалдык каражаттарды жана персоналдарды берет.

## 18-берене

1. Катышуучу-мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына Комитеттин кароосу үчүн Конвенциянын жоболорунун аткарылышы тууралуу мыйзам чегиндеги, сот иштери, административдик, же башка көрүлгөн чаралар боюнча доклад берүүгө милдеттендирилет, бул жаатта жетишилген өнүгүү тууралуу:
   a) кызыкдар мамлекеттин Конвенцияга кошулган күнүнөн тарта бир жыл аралыгында;
   b) мындан соң, эң жок дегенде ар бир төрт жыл сайын, кийинкисинде Комитет талап кылган сайын;

2. Докладда Конвенция боюнча милденттемелерди аткаруунун деңгээлине таасир берген факторлор жана кыйынчылыктарды көрсөтсө болот.

## 19-берене

1. Комитет процедуралар боюнча өз жеке эрежелерин бекитет.

2. Комитет өз кызматкерлерин эки жылга шайлайт.

## 20-берене

1. Эреже катары, Комитет ар жылы эки жумадан ашык эмес убакыттын ичинде Конвенциянын 18-беренесине ылайык тапшырылган докладдарды карап чыгуу үчүн жыйын өткөрөт.

2. Эреже катары Комитеттин жыйыны Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде же болбосо, Комитет тарабынан аныкталган ылайыктуу башка жайда өтөт.

### 21-берене

1. Комитет ар жылы Экономикалык жана Социалдык Кеңеш аркылуу Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясына өз ишмердүүлүгү тууралуу доклад берет жана катышуучу-мамлекеттер тапшырган докладдарга жана маалыматтарга негизделген жалпы мүнөздөгү сунуштарды бере алат.
2. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Комитеттин аялдардын абалы боюнча докладдарын таанышуусу үчүн Комитеттин Комиссиясына жөнөтөт.

### 22-берене

Ушул чөйрөгө боюнча иш алып барган адистештирилген мекемелер Конвенциянын жогорудагыдай жоболорун иштеп чыгуу маселелеринде сунушталуу укугуна ээ боло алат. Комитет адистештирилген мекемелерге алардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча докладдарды сунушташы мүмкүн.

## VI БӨЛҮМ

### 23-берене

Бул Конвенция аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуктуулукту калыптандырууга багытталган мазмундагы жоболорго каршы келбейт:

a) катышуучу-мамлекеттердин мыйзамындагы; же болбосо,

b) мамлекет үчүн күчкө ээ башка эл аралык конвенцияларга, келишимдерге же макулдашууларга;

### 24-берене

Катышуучу-мамлекеттер булл Конвенцияда таанылган укуктардын толук түрдө ишке ашырылышына жетишүү үчүн улуттук деңгээлде бардык тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттендирилет.

### 25-берене

1. Бул Конвенция кол коюуну каалаган бардык мамлкететтер үчүн ачык.
2. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы бул Конвенциянын катышуучулары тарабынан бекитилет.
3. Бул Конвенция ратификациялоого жарайт. Ратификацияланган грамоталар сактоо үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына тапшырылат.
4. Бул Конвенция кошулууну каалаган баардык мамлекеттер үчүн ачык. Кошулуу Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына кошулуу тууралуу документти сактоо үчүн тапшыруу аркылуу жүргүзүлөт.

### 26-берене

1. Бул Конвенцияны кайра карап чыгуу өтүнүчү катышуучу-мамлекеттердин ар бири тарабынан бардык учурда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына жазуу түрүндө маалымат берүү аркылуу ишке ашырылат.
2. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы, өтүнүч тууралуу кандайдыр бир тиешелүү чараларды көрүү зарыл деп тааныса, кандай чараларды көрүү керек экендиги тууралуу чечим кабыл алат.

### 27-берене

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына ратификацияланган жыйырманчы грамотаны же кошулуу тууралуу документти тапшыргандан кийинки отузунчу күндөн тарта бул Конвенция күчүнө кирет.
2. Бул Конвенцияны ратификациялаган ар бир мамлекет үчүн же ратификацияланган жыйырманчы грамотаны же кошулуу тууралуу документти тапшыргандан кийин, бул Конвенция ратификацияланган жыйырманчы грамотаны же кошулуу тууралуу документти тапшыргандан кийин отузунчу күндөн тарта күчүнө кирет.

### 28-берене

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы мамлекеттердин ратификациялоо же кошулуу учурунда түзүлгөн макулдашуу текстин кабыл алат жана бардык мамлекеттерге таратат.
2. Бул Конвенциянын максаттарына жана милдеттерине дал келбеген макулдашууга жол берилбейт.

### 29-берене

1. Бул Конвенцияны талкуулоо же колдонуу боюнча эки же бир нече катышуучу-мамлекеттер ортосундагы талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр жолу менен чечилбеген учурда, бир тараптын өтүнүчү боюнча арбитраждык иликтөөгө берилет. Эгер арыз тапшырылгандан кийинки алты айдын аралыгында арбитраждык иликтөөдө арбитаждык иликтөөнү уюштуруу боюнча тараптар макулдашууга жетише албаса, тараптардын кимиси болбосун булл талашууну Соттун Статусуна ылайык арыз тапшыруу жолу менен бул талашууну Эл Аралык сотко бере алат.
2. Ар бир катышуучу-мамлекет бул Конвенцияны ратификациялоо же ага кошулуу учурунда 1-пунктунун беренесинин мазмунунда камтылгандарга өзүн милдеттүү эмесмин деп эсептей тургандыгы тууралуу жарыялоого укуктуу. Башка катышуучу-мамлекеттер мындай шарт койгон башка катышуучу-мамлекет үчүн бул березенин белгиленген пункту боюнча жооп бербейт.
3. Шарт койгон ар бир катышуучу-мамлекет бардык учурда өзүнүн шартын алып салуу тууралуу бул березенин 2-пунктуна ылайык, Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына маалымат бере алат.

### 30-берене

Бул Конвенциянын орус, англис, араб, испан, кытай жана француз тилдериндеги тексттери оригинал болуп саналат, сактоо үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына тапшырылат.

МУНУ КҮБӨЛӨП буга тиешелүү түрдө ыйгарым укуктуу жактар ушул конвенцияга кол коюшту.

# III.

## Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт

1966-жылдын 16-декабрында Башкы Асссамблеянын 2200 А (XXI) Резолюциясында кабыл алынган.

*49-беренеге ылайык 1976-жылдын 23-мартында күчүнө кирген.*

### ПРЕАМБУЛА

*Аталган Пактта катышкан мамлекеттер*,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында айтылган принциптерге ылайык адамзат үй-бүлөсүнүн ар бир мүчөсүнө таандык болгон алардын жеке ар-намысын, ажырымсыз жана тең укуктуулугун камсыздандыруу эркиндиктин, акыйкаттыктын жана жалпы тынчтыктын негизин түзөөрүн эске алуу менен,

Бул укуктар адамзатына таандык ар-намыстан келип чыгаарын моюнга алуу менен,

адам укуктарынын Жалпы Декларациясына ылайык жарандык жана саясий эркиндикке ээ болгон эркин инсандын идеалы ар бир инсанга өзүнүн экономикалык, социалдык жана маданий укуктарын, ошондой эле атуулдук жана саясий укуктарын колдоно ала турган шарт түзүлгөн учурда гана ишке ашаарын эске алып,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык мамлекеттер адам укуктарын жана эркиндигин сыйлоого жана аткарууга милдеттүү экенин эске алып,

башка инсандардын жана өзү тиешелүү болгон жамааттын алдында милдеттери бар ар бир инсан аталган Пактта айтылган укуктардын аткарылышын талап кылышы керек экенин эске алып,

төмөнкү беренелерге толугу менен кошулушат:

# I БӨЛҮМ

## 1-берене

1. Бардык элдер өзүн өзү аныктоого укуктуу. Бул укуктун негизинде алар өзүнүн саясий абалын эркин аныкташат жана өздөрүнүн атуулдук, саясий жана маданий өнүгүүсүн эркин камсыздандырат.

2. Бардык элдер өз максатына жетиш үчүн өзүнүн табигый байлыктарын жана ресурстарын эркин түрдө колдоно алышат, бул иш-чаралар эл аралык укуктан жана өз ара пайда көрүү принциптерине негизделген эл аралык экономикалык кызматташтыктан келип чыккан милдеттенмелерге жолтоо болбошу зарыл. Эч бир эл өзүнө таандык болгон каражаттардан эч убакта ажыратылбашы керек.

3. Аталган Пактта катышкан бардык мамлекеттер, анын ичинде кол алдындагы өзүн өзү башкара албаган территориялар Бириккен Улуттар Уюмунун жоболоруна ылайык, өзүн аныктоо укугун урматтоону жана баалоону ишке ашыруусу зарыл.

# II БӨЛҮМ

## 2-берене

1. Аталган Пактта катышкан ар бир мамлекет расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ынанымдарына, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, туулушуна жана башка жагдайларга карата айырмалабастан, ошол аймакта жана анын юрисдикциясындагы адамдардын укуктарын урматтоого жана камсыздоого милдеттенишет.

2. Аталган Пактта таанылган адам укуктарын коргоо үчүн чаралар мыйзамдарда каралбаган болсо, анда ар бир Пактта катышуучу мамлекет өзүнүн конституциялык тартиптерине жана аталган Пакттын жоболоруна ылайык мындай керектүү чараларды өзүнүн мыйзамдарында кабыл алуу үчүн кам көрүүгө милдеттенет.

3. Аталган Пактка катышкан ар бир мамлекет төмөндөгүлөргө милдеттенет: Укук бузуунгу  жок кылуу үчүн баардык тиешелүү чараларды көрүү;

   a) ар бир адамдын аталган Пактта таанылган укуктары бузулган учурда, эгерде алар расмий укуктуу иштеп жаткан адамдар тарабынан бузулган болсо дагы, укукту коргоонун эффективдүү куралдары менен камсыздоону;

   b) мамлекеттин укуктук системасында каралган компетентүү соттор, административдик же мыйзам чыгаруу бийлик органдары же башка компетентүү орган тарабынан ар бир укук коргоону талап кылган адамга, коргоо менен камсыз кылууга жана соттук коргоонун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө;

   c) компетентүү бийликтер тарабынан алар берилген учурда укук коргоо каражаттарын колдонууну камсыз кылуу.

### 3-берене

Аталган Пактта катышкан мамлекеттер бул Пактта каралган бардык атуулдук жана саясий укуктардан аялдар менен эркектерге бирдей тең укукта пайдалануусун камсыздандырууга милдеттүү.

### 4-берене

1. Өлкөдөгү улуттук коопсуздукка коркунуч туулуп, ырасмий түрдө жарыяланган өзгөчө абалдын учурунда аталган Пактта катышкан мамлекеттер абалдын оордугуна жараша өздөрүнүн ушул Пактта көрсөтүлгөн милдеттерине төп келишпеген иш-чараларды колдоно алышат, бирок, мындагы негизги шарт - иш-чаралары алардын эл аралык укук боюнча башка милдеттерине каршы чыкпашы керек жана өзүнүн артынан расасынын, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, дининин жана социалдык келип чыгышынын негизиндеги дискриминациялоону алып келбөөгө тийиш.
2. Бул абал 6, 7, 8 (1-2 пункт), 11, 15, 16 жана 18-беренелерден баш тартууга негиз боло албайт.
3. Аталган Пактта катышкан ар бир мамлекет баш тартуу укугун колдонгондо Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысынын ортомчулугу аркылуу өзү баш тарткан жоболор жөнүндө жана мындай чечимге түрткү болгон чечимдер жөнүндө Пактка катышкан башка мамлекеттерге токтоосуз түрдө маалымат берүүсү зарыл. Ошону менен катар ушул эле ортомчу аркылуу мындай баш тартуунун бүтүшүн тактай турган дата билдирилиши керек.

### 5-берене

1. Аталган Пактта эч нерсе кандайдыр бир мамлекет, кандайдыр бир топ же кайсы бир инсан аталган Пактта көрсөтүлгөн укуктарды жана эркиндиктерди жоготууга же аларды көрсөтүлгөндөн чоң өлчөмдө кыскартууга багытталган иш-аракеттерин жүргүзүүгө укугу бар деген түшүнүктө талкууланбашы керек.
2. Аталган Пактка катышкан кээ бир мамлекеттерде орун алган же бар деп таанылган мыйзамдардын, конвенциялардын, тартиптердин, үрп-адаттардын негизинде адамдын негизги укуктарын кемсинтүүлөр же кыскартуулар, бул Пактта андай укуктар жок деп же аз өлчөмдө деп таанылган себептер менен жол берилбейт.

## III БӨЛҮМ

### 6-берене

1. Жашоого болгон укук ар бир адамдын ажырымсыз укугу. Бул укук мыйзам тарабынан корголот. Эч ким ээнбаштык менен өз өмүрүнөн ажыратылбашы керек.
2. Өлүм жазасына тыюу салынбаган өлкөлөрдө өлүм жазасына өкүм чыгаруу эң оор кылмыштар үчүн гана берилип, бул өкүм кылмыштар болгон убакта күчкө ээ болгон мыйзамдардын негизинде гана берилүүгө тийиш. Ал мыйзамдар аталган Пакттын жоболоруна жана геноцид кылмыштарынын алдын алууга жана ал үчүн жаза берүү жөнүндө Конвенцияга каршы чыкпашы керек. Мындай жаза ыйгарым укуктуу сот чыгарган акыркы өкүмдү ишке ашырууда гана аткарылат.

3. Адам өмүрүн кыюу геноцид кылмышын түзгөндө эске сала кетчү нерсе: бул берене аталган Пактта катышкан мамлекеттерге геноцид кылмышынын алдын алуу жана ал үчүн жазалоо Конвенциянын жоболоруна ылайык кабыл алынган өз милдеттеринен кандайдыр бир жол менен четтөөгө эч кандай укук бербейт.

4. Өлүм жазасына өкүм кылынган ар бир инсандын өкүмдү жеңилдетүүнү же ырайымдык кылууну сураганга акысы бар. Амнистия, ырайым кылуу же өлүм жазасын алмаштыруу бардык учурларда берилиши мүмкүн.

5. Өлүм жазасы жашы он сегизге толо элек инсандардын кылмыш иштери үчүн берилбейт жана кош бойлуу аялдарга чыгарылган өкүм аткарылбайт.

6. Аталган берене бул Пактта катышкан мамлекет тарабынан өлүм жазасына тыюу салууну токтотууга же кечеңдетүүгө негиз болуп бере албайт.

## 7-берене

Эч ким кыйноолорго же аеосуз, адамгерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек. Атап айтканда, өз ыктыярысыз бир дагы инсан медициналык же илимий тажрыйбаларга катышууга мажбур кылынбашы керек.

## 8-берене

1. Эч ким кулчулукта кармалбашы керек; кулчулуктун жана кул сатуунун бардык түрлөрүнө тыюу салынат.

2. Эч ким эрксиз абалда кармалбашы керек.

3.

a) Эч ким аргасыздан же таңууланган жумушка мажбурланбашы керек.

b) Жасаган кылмыш үчүн каторгалык жумушта иштетүүнү камтыган эркинен ажыратуу жазасы колдонулган өлкөлөрдө 3 (а) пункту ыйгарым укуктуу соттун өкүмү боюнча каторгалык жумуштарды аткарууга, ал өкүмдү ишке ашырууда колдонууга тоскоол болуп эсептелбейт.

c) аталган пункттагы "аргасыздан же таңууланган жумушту аткаруу" терминине төмөнкүлөр кирбейт:

d) соттун мыйзам ченемдүү буйругунун негизинде эркинен ажыратылган инсан же эркинен ажыратуудан шартуу түрдө бошотулган инсан аткарууга милдетүү болгон (b) подпунктунда эскертилбеген жумуш же кызмат;

e) аскердик маанидеги кандай гана кызмат болбосун, ал эми саясий жана диний-этикалык себептер менен аскердик кызматтан баш тартууга жол берилген өлкөлөрдө мындай себептер менен аскердик кызматтан баш тарткан инсандар үчүн мыйзамда каралган кандай гана кызмат болбосун;

f) элдин бейпилдигине же өмүрүнө коркунуч туудурган кырсыктын же атайын кооптуу абалдын учурунда сөзсүз аткарылуучу ар кандай кызмат;

g) кадимки эле атуулдук милдетке камтылуучу ар кандай эмгек же кызмат.

### 9-берене

1. Ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укугу бар. Эч ким ээнбаштык менен камакка алынбайт же кармалууга тийиш эмес. Эч ким мыйзамда көрсөтүлбөгөн негизде жана буга ылайык процедураларда эркинен ажыратылбайт.

2. Ар бир камакка алынган адамга аны камоо учурунда кайсы себептер менен камалышы жана тез убакыттын ичинде ага коюлган күнөөлөр жөнүндө маалымат берилет.

3. Кылмыш иши боюнча күнөө коюлган ар бир камалган же эркинен ажыратылган инсанды тез аранын ичинде мыйзам тарабынан сот бийлигин жүргүзүлүүгө, кыска мөөнөттүн ичинде бошотууга же сот ишин караштырууга укугу бар сотко же башка жооптуу кызматчыга жеткирүү керек. Сотто иши каралышын күтүп жаткан инсандарды кайтарууга алуу жалпы эрежеге айланбашы керек, бирок аларды боштондукка чыгаруу иши алардын сотко келишин, сот ишинин кароонун кайсыл гана болбосун стадиясына келишин, керек учурда өкүмдүн аткарылышына келишин кепилдеген жагдайларга байланыштуу болушу мүмкүн.

4. Камоонун же кайтарууга алуунун аркасында эркиндигинен ажыратылган ар бир инсан өз ишинин сотто каралышына укуктуу, ал сот анын камалышынын мыйзамдуулугу тууралуу токтом чыгаруу, эгерде мыйзамсыз камалса аны бошотуу боюнча иштерин токтоосуз түрдө жүргүзүшү керек.

5. Мыйзамсыз түрдө камалган же кайтарууга алынган ар бир адам арызданууу күчүнө ээ болгон компенсация алууга укуктуу.

### 10-берене

1. Эркиндигинен ажыратылгандардын ар бири гумандуу мамилеге, адамзатка тийиштүү ар намысынын сыйланышына укугу бар.

2.

   a) өзгөчө шарттар жок болгон учурда айыпталуучулар соттолгондордон бөлөк жайгалыштырылып, аларга соттолбогон жарандардын статусуна жооп берген өзүнчө тартип түзүлүп берилет.

   b) жашы жете элек айыпталуучулар жашы жеткен айыпталуучулардан бөлүнүп, кыска мөөнөттүн ичинде сотко чечим чыгаруу үчүн жеткирилет.

3. Камалгандар үчүн пенитенциардык система тарабынан көздөгөн максаты аларды туура жолго салуу жана кайра тарбиялоого болгон тартип түзүлүп берилет. Жашы жете элек кылмышкерлер жашы жеткендерден бөлүнүп, аларга өзүнүн жашына ылайык жана укуктук статусуна жооп берген шарт түзүлөт.

### 11-берене

Кандайдыр бир келишимдик милдеттенмелерди аткара албаганын негизинде эч ким өз эркиндигинен ажыратылбашы керек.

### 12-берене

1. Мыйзамдуу түрдө кайсы бир өлкөнүн территориясында аймагында жүргөн ар бир адам ошол аймактын чегинде эркин көчүп жүрүү укугуна жана турак кылчу орунду тандоо эркиндигине ээ.

2. Ар бир адам ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн да чыгып кетүүгө укугу бар.
3. Жогоруда айтылган укуктар мыйзамда көрсөтүлгөн, мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, элдин ден соолугун жана рухун, же башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо зарыл болуп, аталган Пактта көрсөтүлгөн башка укуктарга төп келишкен кыскартуулардан башка эч кандай чектөөлөрдүн объектиси боло албайт.
4. Эч ким ээнбаштык менен өз өлкөсүнө кирүү укугунан ажыратылбайт.

## 13-берене

Аталган Пактта катышкан мамлекеттердин биринде мыйзамдуу түрдө жүргөн чет өлкөлүк жаран ал өлкөдөн мыйзамга ылайыктуу чыгарылган чечимдин негизинде гана кетирилиши мүмкүн жана эгерде мамлекеттик коопсуздуктун императивдик кызыкчылыктары башканы талап кылбаса, өзүн кетирүүгө каршы болгон жүйөөлөрдү келтирүүгө, өз ишин ыйгарым укуктуу бийлик же ал бийлик дайындаган адам же адамдар карап чыгуусуна, жана бул максат менен бийлик алдына келүүгө болгон укуктары бар.

## 14-берене

1. Соттор жана трибуналдар алдында бардыгы бирдей жооптуу. Ар бир адам ага коюлган кылмыштык айыптоо ишин караштырууда, же кандайдыр бир атуулдук процессте өзүнүн укуктары жана милдеттерин аныктоодо өз ишин караштырууда, же кандайдыр бир атуулдук процессте өзүнүн укуктарын жана милдеттерин аныктоодо өз ишинин мыйзамдуулуктун негизинде түзүлгөн ыйгарым укуктуу, акыйкат жана көз карандысыз сот тарабынан ачык жана акыйкаттуу каралышына укуктуу. Басма сөз жана эл өкүлдөрү сот ишинин каралышына толугу менен же анын айрым бир бөлүктөрүнө моралдык, коомдук тартиптин же демократиялык коомдогу мамлекеттик коопсуздуктун түшүнүктөрүнө байланыштуу, же эки тараптын жеке кызыкчылыгы талап кылганда, же соттун пикири боюнча өтө керек деп табылган учурда - ачык жарыялоо адилеттик сот жүргүзүүгө тоскоол болчу өзгөчө шарттарда киргизилбей калышы мүмкүн; бирок, башка кылмыштуулук же жарандык иштер боюнча чыгарылган сот токтомдору бул учурлардан тышкары жашы жете электердин кызыкчылыгы башканы талап кылса, же иш материалдык талаштарга жатса, же балдарга камкордук кылуу талаштары каралса, ачык жарыяланышы керек.
2. Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлөнгөн ар бир адам анын күнөөсү мыйзамга ылайык далилденгенче күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу.
3. Ар бир адам аны кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлөгөн ар бир иш каралып жатканда эң эле аз дегенде толук тең укуктуулуктун негизинде төмөнкү кепилдиктерге ээ:
   a) кыска мөөнөттүн ичинде жана өзү түшүнгөн тилде өзүнө коюлган айыптоонун мүнөзү жана негиздери жөнүндө маалымат алуу;
   b) өзүн коргоону даярдоодо жана өзү тандап алган коргоочуга жолугууда жетиштүү убакытка жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу;
   c) сот ишинин каралышын себепсиз кечиктирбөө;

d) сот ишин кароодо өзү катышуу жана өзүн жеке өзү же тандап алган коргоочунун жардамы аркылуу коргонуу; эгерде коргоочусу жок болсо, бул укугу жөнүндө эскертүү жана акыйкаттуулуктун кызыкчылыктары талап кылган ар бир учурда дайындалган коргоочуга уруксат алуу, эгерде ал коргоочунун эмгек акысын төлөп берүүгө каражаты жетишсиз болсо бекер камсыз кылынуу;

e) өзүнө каршы көрсөтүү берген күбөлөрдү суракка алуу же андай күбөлөрдүн суракка алынышына укуктуу болуу, ошондой эле шарттарда өзүнүн күбөлөрүн чакыруу жана суракка алууга укугу болуу;

f) сотто колдонулган тилде сүйлөбөсө же ал тилди түшүнбөсө котормочунун жардамын бекер пайдалануу;

g) өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн айыптуумун деп моюнга алганга мажбурланбоо.

4. Жашы жете электерге колдонулган процесс алардын жаш курагын жана кайра тарбияланууга көмөктөшүүсүн эске алгандай болуш керек.

5. Кандайдыр бир кылмыш иши үчүн соттолгондордун ар бири, анын соттолушу жана сот өкүмү, жогору турган сот инстанциясы тарабынан мыйзамга ылайык кайра каралып чыгышына укуктуу.

6. Эгерде кимдир бирөө акыркы чечим менен кылмыш жасагандыгы үчүн соттолуп, кийин ага чыгарылган сот өкүмү кандайдыр бир жаңы же жаңыдан табылган шарттар соттун каталыгын айкын далилдөөнүн негизинде четке кагылса же ага ырайымдык көрсөтүлсө, анда мындай каталыктын натыйжасында жаза алган адам көрсөтүлгөн белгисиз шарттар өз убагында табылбай калышына ал толугу менен же аз болсо да күнөөлүү экени далилденбесе мыйзамга ылайык компенсация алат.

7. Ар бир өлкөнүн кылмыш-процессуалдык укугуна жана мыйзамына ылайык толугу менен соттолгон же акталган адам ал кылмыш үчүн кайрадан соттолбойт же жазаланбайт.

### 15-берене

1. Өлкө ичиндеги күчүнө ээ мыйзамдарга же эл аралык укуктарга ылайык кылмышкердик кылуу деп табылган кандайдыр бир кыймыл-аракеттердин же байкабастыктын негизинде эч ким кандайдыр бир кылмыш иши боюнча айыптуу деп табылышы мүмкүн эмес. Ошону менен бирге кылмыш кылуу убагында колдонулуучу жазадан оор жаза берилиши мүмкүн эмес. Эгерде кылмыш иши жасалгандан кийин мыйзам тарабынан жеңилирээк жаза кабыл алынса, бул мыйзам мындай кылмышкерлерге да өз таасирин тийгизет.

2. Бул берене эл аралык коомчулук тарабынан таанылган жалпы укуктук принциптерге ылайык, жасалып жаткан учурда кылмышкердик болуп саналган бардык кыймыл-аракеттер жана байкабастыктар үчүн бардык жарандарды сотко берүүгө жана жазалоого эч кандай тоскоол боло албайт.

### 16-берене

Ар бир адам кайда болбосун өзүнүн укук субъективдүүлүгү таанылышына укугу бар.

## 17-берене

1. Эч ким анын жеке жана үй-бүлөлүк жашоосуна ээнбаштык менен же мыйзамсыз кийлигишүүгө, турак жайына, же кат алышуу сырларына ээнбаштык менен же мыйзамсыз кол салууга же анын ар-намысына жана абройуна мыйзамсыз шек келтирүүгө дуушар болбошу керек.
2. Ар бир адам мындай кийлигишүүлөрдөн жана кол салуулардан мыйзам чегинде коргонууга укугу бар.

## 18-берене

1. Ар бир адамда ойлоо, абийир жана диний эркиндигине укугу бар. Бул укук өзүнө динди же ишенимдерди өз тандоосу менен кабыл алуу эркиндигин, өз динин жана ишенимдерин жеке өзү да, башкалар менен бирдикте да, жалпы же өзүмдүк тартипте колдонуу эркиндигин, сыйынуу, диний жана үрп-адаттарды, окууларды жүргүзүү эркиндигин камтыйт.
2. Эч ким анын динди жана ишенимди тандоо эркиндигин кемсинткен таңуулоого дуушар болбошу керек.
3. Динди жана ишенимдерди колдонуу эркиндиги мыйзамда көрсөтүлгөн жана коомдук коопсуздукту, тартипти, ден соолукту жана абройду, ошондой эле башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоого багытталган кыскартууларга гана жол берет.
4. Аталган Пактта катышкан мамлекеттер ата-энелердин жана тийиштүү учурда мыйзамдуу кам көрүүчүлөрдүн өз балдарына диний жана аң-сезимдик тарбия берүүнү өз ишенимдерине жараша жүргүзүү эркиндигин сыйлоого милдеттенишет.

## 19-берене

1. Ар бир адам өз пикирин эч тоскоолсуз кармануууга укугу бар.
2. Ар бир адамдын өз пикирин эркин билдирүү укугу бар; бул укук өзүнө мамлекеттик чек аралардан көз карандысыз ооз эки же кат жүзүндө, басма сөздүн же көркөм чыгармачылыктын жардамы менен же өзү тандаган башка жолдор аркылуу ар кайсы түрдөгү маалыматтарды жана идеяларды издөө, алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт.
3. Бул берененин 2-пунктунда көрсөтүлгөн укуктарды колдонуу өзгөчө милдеттенмелерди жана өзгөчө жоопкерчиликти талап кылат. Демек, ал кээ бир кыскартууларга дуушар болушу мүмкүн, бирок ал кыскартуулар мыйзамдарда көрсөтүлүп:
   a) башка адамдардын укуктары жана беделин урматтоо үчүн;
   b) мамлекеттин коопсуздугун, коомдук тартипти, калктын ден-соолугун жана адеп-ахлактуулугун сактоодо зарыл болушу керек.

## 20-берене

1. Бардык согушка үндөгөн чакырууларга мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек.
2. Дискриминацияга, касташууга же кордук көрсөтүүгө үндөгөн, улуттук, расалык же диний жек көрүүнүн пайдасына болгон бардык чакырууларга мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек.

### 21-берене

Тынч чогулуштарга болгон укук таанылат. Бул укуктан колдонуу мыйзамга ылайык талап болгон жана демократиялык коомдо мамлекеттик жана коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, элдин ден соолугун жана аң-сезимин сактоонун же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун кызыкчылыгын көздөө да керек болгон учурлардан тышкары эч кандай тыюуларга жооп бербейт.

### 22-берене

1. Ар бир адамдын башкалар менен биримдик түзүүгө, анын ичинде кесипчилик кеңештерди түзүүгө жана өз кызыкчылыгын коргоо үчүн аларга кошулууга укугу бар.
2. Бул укуктан колдонуу мыйзамга ылайык талап болгон жана демократиялык коомдо мамлекеттик жана коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, элдин ден соолугун жана аң сезимин сактоонун же башка адамдардын укугун жана эркиндигин коргоонун кызыкчылыгын көздөөдө керек болгон учурлардан тышкары эч кандай тыюуларга жол бербейт. Бул берене куралдуу күчтөрдүн жана полициянын курамына кирген адамдардын бул укуктан пайдалануусуна мыйзам ченемдүү тыюу киргизүүгө тоскоол боло албайт.
3. Бул берене Эл аралык эмгек уюмунун 1948-жылдагы ассоциациялардын эркиндиги жана уюштурууга болгон укугун коргоо тууралуу Конвенциясына катышкан мамлекеттерге ушул Конвенцияда көрсөтүлгөн кепилдиктерге шек келтирген мыйзамдарды кабыл алууга же мыйзамдарды бул кепилдиктерге шек келтирүү менен колдонууга эч кандай жол бербейт.

### 23-берене

1. Үй-бүлө коомдун негизги жана табигый ячейкасы жана коом менен мамлекет тарабынан жардам алууга укугу бар.
2. Үйлөнүү жашына жеткен эркектерге жана аялдарга үйлөнүү укугу жана үй-бүлө негиздүү укугу берилет.
3. Үйлөнүп жаткандардын толук жана эркин макулдугу жок бир да үйлөнүүгө уруксат берилбейт.
4. Аталган Пактта катышкан мамлекеттер үйлөнүп жатканда, үй-бүлөдө жана ажырашуу убагында жубайлардын укук жана милдет теңдигин камсыз кылыш үчүн керектүү чараларды кабыл алышы керек. Үй-бүлө ажырашкан убакта бардык балдар жетиштүү жардам менен камсыз кылынышы керек.

### 24-берене

1. Ар бир бала эч кандай дискриминациялоосуз расасы, өңү, жынысы, тили, дини, улуттук же социалдык теги, мүлктүк абалы же төрөлүшү сыяктуу белгилерине карабастан өз үй-бүлөсү, коом жана мамлекет тарабынан анын кичинекей жаш абалы талап кылган бардык коргоо чараларына укугу бар.
2. Ар бир бала төрөлөөрү менен өз ысмына ээ болуп, кечикпестен катталууга тийиш.
3. Ар бир бала атуулдук алууга укуктуу.

## 25-берене

Ар бир атуулдун 2-беренеда айтылган эч кандай дискриминациясыз жана негизделбеген чектөөлөрсүз укугу жана мүмкүнчүлүктөрү бар:

a) мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө түздөн-түз жана эркин тандалган өкүлдөр аркылуу катышууга;

b) шайлоочулардын эркин ой билдирүүлөрүн камсыз кылган жана жашыруун добуш берүүдө жалпы жана теңдүү шайлоо укугунун негизинде жүргүзүлгөн чыныгы мезгилдик шайлоолордо шайланууга жана шайлоого;

c) өз өлкөсүндө теңдилүүктүн жалпы шартында мамлекеттик кызматка кабыл алынууга.

## 26-берене

Бардык адамдар мыйзам алдында тең жана эч кандай дискриминациясыз мыйзамдын коргоосуна тең укугу бар. Бул жагынан дискриминациянын бардык түрүнө мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек жана мыйзам бардык адамдарга алардын кандай гана белгилерине: расасына, өңүнө, тилине, динине, саясий жана башка ынанымдарына, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, төрөлүшүнө же башка шарттарга карабастан дискриминацияга каршы бирдей жана эффективдүү коргоону кепилдеп бериши керек.

## 27-берене

Этникалык, диний жана тилдик азчылыктары жашаган өлкөлөрдө мындай азчылыктарга таандык адамдардын ошол эле топтун башка мүчөлөрү менен бирге өз маданиятын колдонуу, өз динине ишенүү жана анын салтын аткаруу, ошондой эле эне тилин колдонуу укугуна тоскоол көрсөтүлбөшү керек.

# IV БӨЛҮМ

## 28-берене

1. Адам укуктары боюнча Комитет түзүлөт (мындан ары бул Пактта "Комитет" деп аталат). Ал он сегиз мүчөдөн туруп, төмөндөгүдөй функцияларды аткарат.

2. Жогорку адеп-ахлактык сапаттарга ээ болгон жана адам укуктары чөйрөсүндө компетенттүү деп таанылган ушул Пактка катышуучу мамлекеттердин жарандары Комитетке мүчөлүккө киришет.

3. Комитеттин мүчөлөрү шайланышат жана жеке сапатта иштешет.

### 29-берене

1. Комитеттин мүчөлөрү 28-беренеде көрсөтүлгөн шарттарга ылайык катышкан мамлекеттер көрсөткөн адамдардын тизмесине киргизилгендердин ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу шайланышат.

2. Катышкан ар бир мамлекет өз граждандарынын ичинен экиден ашпаган адамды көрсөтө алат.

3. Талапкерлигин кайталап көрсөтүүгө ар бир адам укуктуу.

### 30-берене

1. Комитетке алгачкы шайлоолор бул Пакттын күчүнө кирген күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен өткөрүлөт.

2. Ар бир шайлоого эң жок дегенде төрт ай калганда, 34-беренеда көрсөтүлгөн ачык орунду толтуруу шайлоолорунан башка учурларда, Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Пактка катышкан мамлекеттерге өз талапкерлерин эки айдын ичинде көрсөтүүнү сунуш кылган кат менен кайрылат.

3. Шайлоо күнүнө бир ай калгандан кечиктирилбестен, Башкы катчы мына ушундай жол менен көрсөтүлгөн бардык адамдардын тизмесин бул адамдарды көрсөткөн катышкан мамлекеттерди көрсөтүү менен алфавиттик тартипте тизме түзөт жана бул тизмени ушул Пактын катышуучу мамлекеттерине жөнөтөт.

4. Шайлоо Башкы катчы тарабынан чакырылган катышкан мамлекеттердин кеңешмелеринде Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде өткөрүлөт. Катышкан мамлекеттердин үчтөн экиси кворум түзгөн мындай кеңешмелерде Комитеттин курамына добуштардын көпчүлүгүн жана катышкан мамлекеттердин өкүлдөрүнүн добуш берүүгө катышкандарынын көпчүлүк добушун алган талапкерлер шайланды деп эсептелет.

### 31-берене

1. Комитетке бир мамлекеттен бирден көп жаран кире алат.

2. Комитетке мүчөлөрдү шайлоо убагында мүчөлөрдүн географиялык бөлүнүшүнө жана ар түрдүү цивилизациянын формаларына жана негизги укуктук системаларга ылайык адилеттүү бөлүштүрүү көңүлгө алынат.

### 32-берене

1. Комиссиянын мүчөлөрү көрсөтүүдө кайрадан шайланууга укуктуу. Бирок, алгачкы шайлоолордо шайлануучу тогуз мүчөнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү эки жылдык мезгилдин акырында аяктайт, алгачкы шайлоодон кийин токтоосуз түрдө бул тогуз мүчөнүн ысымдары 30-берененин 4-пункуна ылайык кеңешменин председатели тарабынан чучу кулак боюнча аныкталат.
2. Ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктагандан кийин шайлоо бул Пакттын мурунку беренеларда көрсөтүлгөндөй жүргүзүлөт.

### 33-берене

1. Эгерде башка мүчөлөрдүн жалпы ою менен Комитеттин кайсы бир мүчөсү убактылуу жок болуусунан тышкары, өзүнүн милдетин аткарууну кандайдыр бир себептер менен токтотсо, Комитеттин председатели бул жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына билдирүү менен, ал орунду бош деп жарыялайт.

2. Комитеттин кандайдыр бир мүчөсү өлгөндө же отставкага кеткенде председатель Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына токтоосуз кабарлайт, ал бул орунду мүчөнүн каза тапкан күнүнөн тартып же ал отставкага кеткен күндөн тартып бош деп жарыялайт.

### 34-берене

1. Аталган Пакттын 33-беренесина ылайык орун бош деп жарыяланса, ошондой эле мындай орунду бош деп жарыялангандан алты ай өткүчө мүчөнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктабаса, Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы бул Пактка катышкан мамлекеттерге ал жөнүндө билдирет. Алар 29-беренега ылайык эки айдын ичинде бул бош орунду толтуруу үчүн өз талапкерлерин көрсөтө алышат.

2. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы алфавит түрүндө бардык талапкерлердин тизмесин түзөт жана ал тизмени Пактка катышкан мамлекеттерге жөнөтөт. Бош орунду толтуруу үчүн шайлоо Пакттын ушул бөлүгүнүн жоболоруна ылайык жүргүзүлөт.

3. Бул берененын жоболоруна ылайык, Комитеттин бош деп 33-беренеда жарыяланган ордуна шайланган мүчө, ал орунду бошоткон мүчөнүн калган ыйгарым укуктуу мөөнөтүнө ылайык кызматын ээлейт.

### 35-берене

Комитеттеги милдеттеринин өзгөчөлүгүнө жараша анын мүчөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын жоболоруна жана тартиптерине ылайык, ал тарабынан бекитилген Бириккен Улуттар Уюмунун каражаттарынан бөлүнгөн сыйлыктарды алышат.

### 36-берене

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Комитет өзүнүн функцияларын ушул Пактка ылайык натыйжалуу жүзөгө ашырышы үчүн зарыл болгон кызматкерлерди жана материалдык каражаттарды берет.

### 37-берене

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Комитеттин биринчи жыйналышы Бириккен Улуттар Уюмунун борбордук мекемелерде өткөрөт.

2. Биринчи жыйналыштан кийин Комитет өзүнүн иштөө эрежелеринде көрсөтүлгөн убакта чогулат.

3. Адат боюнча Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун борбордук мекемелеринде же Бириккен Улуттар Уюмунун борбордук мекемелеринде же Бириккен Улуттар Уюмунун Женевадагы бөлүмүндө чогулат.

### 38-берене

Комитеттин ар бир мүчөсү өз милдетин аткарууга киришердин алдында Комитеттин ачык жыйналышында өзүнүн кызматын чын дили менен жана акыйкаттык менен аткара тургандыгы жөнүндө салтанаттуу түрдө жарыялайт.

### 39-берене

1. Комитет өзүнүн жоопту кызматкерлерин эки жылдык мөөнөткө шайлайт. Алар кайра шайланышы мүмкүн.

2. Комитет өзүнүн иш жүргүзүү эрежелерин киргизет, бирок бул эрежелер, төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

   a) Комитеттин он эки мүчөсү кворумду түзөт;

   b) Комитеттин токтомдору катышып жаткан мүчөлөрдүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алат.

### 40-берене

1. Катышкан мамлекеттер Комитетке Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы аркылуу Пактта таанылган укуктарды бекемдөө жана бул укуктарды жүзөгө ашырууда жетишилген прогресс жөнүндө докладдарды:

   a) тиешелүү катышкан мамлекет үчүн Пакт күчүнө киргенден кийин бир жылдын ичинде;

   b) мындан кийин Комитет талап кылган бардык учурларда.

2. Бардык докладдар Бириккен Улуттук Уюмунун Башкы катчысына жиберилет, ал болсо аларды Комитетке карап чыгуу үчүн жөнөтөт. Докладдарда бул Пактты ишке ашырууга таасирин тийгизүүчү кыйынчылыктар бар болсо алардын факторлору көрсөтүлөт.

3. Бириккен Улуттар Уюмунун Комитет менен кеңешүүдөн кийин кызыккан атайлаштырылган мекемелерге алардын ыйгарым укуктуу чөйрөсүнө тиешеси бар доклад-дын айрым жерлеринин көчүрмөлөрүн жөнөтүшү мүмкүн.

4. Комитет бул Пактта катышкан мамлекеттер жиберген докладдарды изилдейт. Ал катышуучу мамлекеттерге өзүнүн докладдарын жана өзү туура көргөн жалпы тартиптеги эскертүүлөрдү жөнөтөт. Ошондой эле Комитет бул эскертүүлөрдү бул Пактта катышкан мамлекеттерден келген докладдардын көчүрмөлөрү менен бирге Экономикалык жана Социалдык Кеңешке жөнөтүшү мүмкүн.

5. Бул Пактта катышкан мамлекеттер Комитетке ушул берененин 4-пунктуна байла-ныштуу айтылган эскертүүлөр боюнча өз пикирлерин билдире алышат.

### 41-берене

1. Бул беренега байланыштуу бул Пактта катышкан мамлекет каалаган убакта ал Комитеттин кайсы бир катышуучу мамлекет өзүнүн Пакт алдындагы милдетин аткарбай жатат деген башка катышуучу мамлекеттин билдирүүсүн алууга жана карап чыгууга ыйгарым укугу бар экенин моюнга аларын жарыялашы мүмкүн. Бул беренеде айтылган билдирүүлөр Комитеттин ыйгарым укугун моюнга алган

катышуучу мамлекет тарабынан жиберилгенде гана кабыл алынат жана каралып чыгат. Мындай жарыя жасабаган катышуучу мамлекет жиберген билдүүлөрдү Комитет кабыл албайт. Бул беренеге ылайык кабыл алынган билдирүүлөр төмөндөгү процедураларга ылайык каралып чыгат:

a) эгерде бул Пактта катышкан мамлекет башка бир катышуучу мамлекет бул Пакттын токтомдорун ишке ашырбай жатат деп тапса, анда ал бул маселени аталган мамлекетке кат жүзүндө билдирүү жөнөтүү менен жеткире алат. Билдирүүнү алгандан кийин үч айдын ичинде билдирүү жиберген мамлекетке алган мамлекет кат жүзүндө мүмкүн болушунча толук жана так кылып аталган маселе боюнча кабыл алынган, кабыл алынчу же кабыл алынышы мүмкүн болгон ички иш-чаралары жана процедуралары жөнүндө түшүндүрмө же башка бир жарыялоо жибериши керек;

b) эгерде козголгон маселе биринчи билдирүү алынгандан кийинки алты айдын ичинде эки катышуучу мамлекеттерди канаатандырарлык кылып чечилбесе, бул мамлекеттердин кайсынысы болбосун бул маселени Комитетке өткөрүп берүүгө укугу бар, бул жөнүндө Комитет жана экинчи мамлекет эскертүү алышы керек;

c) Комитет өзүнө берилген маселени эл аралык укук принциптерине ылайыктуу бардык ички каражаттар колдонулуп бүткөнүнө көзү толук жеткенден кийин гана карап чыга алат. Бул эреже мындай каражаттарды колдонуу кечиримсиз созулганда гана иштебейт;

d) бул беренеде айтылган билдирүүлөрдү Комитет жабык жыйындарда гана карап чыгат;

e) "c" подпунктундагы жоболорго баш ийүү менен Комитет кызыккан катышуучу мамлекеттерге бул Пактта айтылган адам укуктарынын жана негизги эркиндиктерине негиздеп, маселени достук маанайда чечип берүү максатында өз кызматын сунуш кылат;

f) өзүнө тапшырылган бардык маселе боюнча Комитет (б) подпунктуна көрсөтүлгөн кызыккан мамлекет катышуучуларга маселеге тиешеси бар болгон маалыматты берүүлөрүн суроо менен кайрыла алат;

g) "в" подпункунда көрсөтүлгөн катышуучу мамлекеттер Комитеттеги маселени чечүү боюнча иш кароого катышканга жана кат жүзүндө же оозеки түрүндө түшүндүрмө бергенче укугу бар;

h) Комитет "в" подпунктуна ылайык эскертүү алгандан кийинки 12 айдын ичинде доклад даярдайт:

i) эгерде чечим "e" подпунктундагы жоболордун чегинде чыгарылса Комитет өз докладында фактыларды кыска келтирүү жана чыгарылган чечимди көрсөтүү менен чектелет.

j) эгерде "e" подпунктундагы токтомдордун чегинде маселе чечилбесе, Комитет өз докладында фактыларды кыска келтирүү менен чектелет; кызыккан катышуучу мамлекеттер тарабынан берилген кат жүзүндөгү жана оозеки көрсөтүүлөр жөнөтүлөт. Докладдын ар бир суроосу кызыккан катышуучу мамлекеттерге жөнөтүлөт.

2. Бул берененин токтомдору аталган Пактта катышуучу 10 мамлекет бул берененин 1-пунктуна ылайык жарыя кылганда күчүнө кирет. Мындай жарыялар катышуучу мамлекеттер тарабынан Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысында чогултулуп, ал болсо жарыялардын көчүрмөлөрүн калган катышуучу мамлекеттерге жөнөтөт. Бул жарыя каалаган убакта Башкы катчыга эскертүү менен кайра алынса болот. Мындай иш-аракети бул беренега ылайыктуу берилген билдирүүнүн себеби болгон каалаган суроону карап чыгууга тоскоол боло албайт; Башкы катчы жарыяны кайра алуу жөнүндө эскертүү алгандан кийин кызыккан катышуучу мамлекет тарабынан кайра жарыя менен кайрылуу келмейинче андай катышуучу мамлекеттен эч кандай билдирүү алынбайт.

## 42-берене

1.

a) Эгерде 41-беренеге тиешелүү Комитетке өткөрүлүп берилген суроо кызыккан катышуучу мамлекеттерди канаатандыра тургандай чечилбесе, комитет кызыккан катышуучу мамлекеттердин макулдугун алып, атайын жараштыруучу комиссия түзө алат (мындан ары "Комиссия" деп аталат). Комиссиянын ыктыярдуу кызматы кызыккан катышуучу мамлекеттерге бул Пакттын жоболорун сактоо негизинде берилген маселени жакшы чечип берүү максатында көрсөтүлөт;

b) Комиссия кызыккан катышуучу мамлекеттердин купулуна толгон беш адамдан турат. Эгерде кызыккан катышуучу мамлекеттер үч айдын ичинде комиссиянын толук курамы же кандайдыр бир бөлүгү тууралуу келишимге келе алышпаса, дайындалуусу жөнүндө келишимге келе албаган комиссиянын мүчөлөрү Комитеттин курамынын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүн түзгөн көпчүлүктүн жабык шайлоосу аркылуу дайындалат.

2. Комиссиянын мүчөлөрү милдеттерин жекече сапатта аткарышат. Алар бул Пактта катышпаган мамлекеттин же 41-беренеде айтылган жарыя менен кайрылбастан катышуучу мамлекеттин, же кызыккан мамлекет-катышуучунун атуулу боло алат.

3. Комиссия өз төрагасын шайлайт жана өзүнүн жеке иш-чараларын киргизет.

4. Комиссиянын жыйындары Бириккен Улуттар Уюмунун борбордук мекемелеринде же Женевадагы Бириккен Улуттар Уюмунун бөлүмүндө өткөрүлөт. Ошону менен бирге эле алар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы жана учурга туура келген мамлекет-катышуучулар менен кеңешүүдөн кийин комиссия аныктаган жерлерде өткөрүлүшү мүмкүн.

5. 36-беренеге ылайыктуу көрсөтүлгөн катчылар бул берененын негизинде даяндалган Комиссияларды да тейлейт.

6. Комитет кабыл алып изилдеген маалыматтар Комиссиянын карамагына өткөрүлүп берилет дагы, Комиссия кызыккан катышуучу- мамлекеттерге ишке тиешеси бар бардык маалыматты сурап кайрыла алат.

7. Комиссия маселени толугу менен карап бүткөндө, маселени кабыл алганына он эки айдан ашпаган мөөнөттүн ичинде, ал Комитеттин төрагасына кызыккан катышуучу-мамлекеттерге жөнөтүү үчүн доклад жиберет:

a) эгерде Комиссия берилген маселени он эки айдын ичинде чече албаса өзүнүн докладын каралып жаткан маселенин абалы жөнүндө кыскача билдирүү жасоо менен чектейт;

b) эгерде берилген маселе бул Пактта таанылган адам укуктарын сактоонун негизинде жакшы чечилсе, Комиссия өз докладын чыгарылган чечимдин жана фактылардын кыскача мазмунун билдирүү менен чектелет;

c) эгерде "b" подпунктунда көрсөтүлгөн чечим аткарылбаса, Комиссиянын доклады кызыккан катышу- мамлекеттердин талашына тийиштүү факт жүзүндөгү суроолор боюнча жыйынтыктарды жана маселени жакшы чечүү мүмкүнчүлүктөрүн камтыйт. Ошону менен бирге эле бул доклад өзүнө кызыккан катышуучу мамлекеттердин кат жүзүндө жана оозеки көрсөтүлгөн сунуштарын камтыйт;

d) эгерде Комиссиянын доклады "c" подпунктуна ылайыктуу түзүлсө, кызыккан мамлекет-катышуучулар бул докладды алгандан кийин 3 айдын ичинде Комитеттин төрагасына Комиссиянын доклады менен макул же каршы экендигин билдиришет.

8. Бул берененин токтомдору 41-беренеда каралган Комитеттин милдеттерине шек келтирбейт.

9. Кызыккан катышуучу-мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюмунун Башка катчысына көрсөткөн сметага ылайык Комиссиянын мүчөлөрүнүн бардык чыгымдарын тең калыпта толуктап беришет.

10. Зарыл учурда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы бул берененин 9-пунктунда каралгандай Комиссиянын кызыккан катышуу-мамлкеттер төлөгөнгө чейин комиссия мүчөлөрүнүн чыгымдарын өзү толуктап турууга укугу бар.

## 43-берене

42-беренеге ылайык шайланууга мүмкүнчүлүгү бар Комитеттин жана атайын жараштыруучу Комиссиянын мүчөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун артыкчылыктар жана иммунитеттер боюнча Конвенциясынын тийиштүү бөлүктөрүндө каралган, Бириккен Улуттар Уюму тарабынан командировкаларга жиберилчү эксперттер менен катар эле жеңилдиктерге, артыкчылыктарга жана иммунитетке болгон укугу бар.

## 44-берене

Аталган Пактты ишке ашыруу боюнча жоболор Бириккен Улуттар Уюмунун жана атайылаштырылган мекемелердин уюштуруу актыларында жана конвенцияларында көрсөтүлгөн адам укуктарынын чөйрөсүндөгү иш-аракеттерге шек келтирбестен же алар менен айкалыштырып колдонулат, ошону менен бирге эле Пактта катышуучу мамлекеттердин ич арада кабыл болгон жана атайын эл аралык келишимдердин негизинде башка иш-аракеттер менен талашты чечип алуусуна тоскоол болбойт.

### 45-берене

Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясына Экономикалык жана Социалдык Кеңеш аркылуу өз иши жөнүндө докладды ар бир жыл сайын берип турат.

## V БӨЛҮМ

### 46-берене

Бул Пактта көрсөтүлгөн БУУнун ар кандай органдарынын жана атайын уюмдардын милдеттерин аныктаган, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын токтомдору жана атайын уюмдардын уставдарынын маңызы кемсинткен талдоолорго жатпоосу керек.

### 47-берене

Бул Пактта бардык элдердин ажырагыс укуктары жана алардын табигый байлыктарына жана ресурстарына ээ болуп, аны толук колдонуу кемсинтип талкууланбайт.

## VI БӨЛҮМ

### 48-берене

1. Аталган Пакт - Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрүнө же анын атайын органдарынын мүчөлөрүнө, Эл аралык соттун Статутунун катышуучу мамлекеттерине жана башка Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан бул Пактка катышууга чакырылган мамлекеттерге кол коюу үчүн ачык.
2. Бул Пакт ратификацияланууга тийиш. Ратификацияланган грамоталар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сакталууга берилет.
3. Бул берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй, Пакт бардык мамлекеттерди кошуу үчүн ачык.
4. Кошулуу Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына кошулуу жөнүндө документти депонирлөө менен жүргүзүлөт.
5. БУУнун Башкы катчысы ар бир ратификацияланган грамотанын жана кошулуу жөнүндө документтин ратификациялангандыгы жөнүндө бул Пактка кол койгон же ага кошулган мамлекеттерге билдирүү жөнөтүп турат.

### 49-берене

1. Аталган Пакт отуз бешинчиси ратификациялык грамота же кошулуу жөнүндө документ Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысында депонирленгенден үч ай өткөндөн тартып күчүнө кирет.
2. Ушул Пакты ратификациялаган же ага отуз бешинчи ратификациялык грамотаны же кошулуу жөнүндө документти сактоого бергенден кийин кошулган ар бир мамлекет үчүн ушул Пакт мындай мамлекет тарабынан анын ратификациялык грамотасы же кошулуу жөнүндө документ сактоого берилгенден үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

### 50-берене

Аталган Пакттын токтому федеративдик мамлекеттердин бардык бөлүктөрүнө эч кандай чектөөсүз же алып коюусуз күчүнө ээ.

### 51-берене

1. Бул Пактка катышкан кайсы мамлекет болбосун, түзөтүүлөрдү сунуш кылышы жана аны Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына бериши мүмкүн. Башкы катчы берилген түзөтүүнү алар ушул сунуштарды кароо жана алар боюнча добуш берүү өткөрүү максатында катышкан, мамлекеттердин конференциясын чакырууга макул же макул эместигин көрсөтүшүн өтүнүү менен катышкан мамлекеттерге сунуш кылынган түзөтүүнү жиберет. Эгерде мындай билдирүү берилген күндөн тартып эң жок дегенде катышкан мамлекеттердин үчтөн бири макул болсо, Башкы катчы мындай конференцияны Бириккен Улуттар Уюмунун атынан чакырат. Катышкан мамлекеттердин конференцияга катышкан көпчүлүгү жана добуш берүүгө катышкан көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган түзөтүү Башкы Ассамблеяга бекитүүгө берилет.
2. Түзөтүүлөр Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилгенден кийин жана Пактка катышкан мамлекеттердин конституциялык процедураларына ылайык, үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен кабыл алгандан кийин күчүнө кирет.
3. Түзөтүү күчүнө киргенден кийин ал аны кабыл алган катышкан мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп калат, ал эми башка катышкан мамлекеттер үчүн ушул Пакттын жоболору жана алар тарабынан кабыл алынган мурдагы ар кандай түзөтүүлөр милдетүү бойдон калат.

### 52-берене

48-берененин 5-пунктуна ылайык көрсөтүлгөн билдирүүлөрдү жасоого карабастан, Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы ошол эле берененын 1-пунктунда көрсөтүлгөн бардык мамлекеттерге төмөндөгүлөр тууралу билдирүү жасайт:

a) 48-беренеге ылайык кол коюлгандыгы, ратификациялангандыгы жана кошулгандыгы;

b) 49-беренеге ылайык бул Пакттын күчүнө кириши жана 51-беренега ылайык өзгөртүүлөрдүн күчүнө кирүү датасы.

### 53-берене

1. Аталган Пакт англис, испан, кытай, орус, француз тилдериндеги ага барабар тексттери Бириккен Улуттар Уюмунун архивине сактоо үчүн тапшырылат.
2. Пакттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү БУУнун Башкы катчы тарабынан 48-беренеде көрсөтүлгөн бардык мамлекеттерге жиберилет.

Ушуларды күбөлөндүрүп, өздөрүнүн тиешелүү өкмөттөрү тарабынан белгилүү даражада ыйгарым укук берилген төмөндө кол койган ыйгарым укуктуу өкүлдөрү бир миң тогуз жүз жетимиш алтынчы жылдын он алтынчы декабрында Нью-Йоркто ушул Пактка кол коюшту.

# IV.

## Адам укуктарынын жалпы декларациясы

1948-жылдын 10-декабрындагы Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынды жана угузулду

### ПРЕАМБУЛА

Адамзат үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнө мүнөздүү нарк-касиетти жана алардын тең жана ажыралгыс укуктары эркиндиктин, адилеттүүлүктүн жана жалпы тынчтыктын негизи болуп санала тургандыгын көңүлгө алып; жана

адам укуктарын этибарга албоо жана жек көрүү адамзаттын абийирин жийиркенткен жырткычтык актыларга алып келгендигин жана адамдар сөз жана ынаным эркиндигине ээ боло турган, коркуудан жана муктаждыктан эркин боло турган дүйнөнү түзүү, адамдардын асыл умтулуусу катары жарыяланганын көңүлгө алып; жана

адам акыркы арга катары зомбулукка жана эзүүгө каршы көтөрүлүп чыгууга аргасыз болбошун камсыз кылуу максатында адам укугу мыйзам күчү менен корголушу зарыл экендигин көңүлгө алып; жана

элдердин ортосундагы достук мамилелерди өнүктүрүүгө көмөктөшүү зарылдыгын көңүлгө алып; жана

Бириккен Улуттардын элдери анын Уставында адамдын негизги укуктарына, адам инсанынын зоболо-баркына жана нарк-касиетине жана эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна ишенгендиктерин ырасташкандыгын жана социалдык прогресске жана кеңири эркиндик менен жашоо-турмуш шартын жакшыртууга көмөктөшүүнү чечишкендиктерин көңүлгө алып; жана

мүчө болгон мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюму менен кызматташууга көмөктөшүүгө, адам укуктары менен негизги эркиндиктерин жалпы урматтоого жана сактоого милдеттенгендиктерин көңүлгө алып, жана

бул укуктар менен эркиндиктердин мүнөзүн жалпы түшүнүү бул мнлдеттенмени толук аткаруу үчүн зор мааниге ээ экендигин көңүлгө алып;

Башкы Ассамблея, коомдун ар бир адамы жана ар бир органы ушул Декларацияны эске алуу менен агартуу жана

билим берүү аркылуу бул укуктар менен эркиндиктерди урматтоого жана камсыз кылууга, улуттук жана эл аралык прогрессивдүү иш-чаралардын, Уюмга мүчө болгон мамлекеттердин элдеринин арасында, ошондой эле алардын юрисдикциясында турган аймактагы элдердин арасында жалпы таануу жана ишке ашыруу жолу менен бардык элдер жана бардык мамлекеттер аткарууга аракет кылууга тийиш болгон милдет катары адам укуктарынын ушул Жалпы Декларациясын жарыялайт.

### 1-берене

Бардык адамдар эркин жана тең укуктар жана нарк-касиет менен жарык дүйнөгө келет. Алар аң-сезимдүү жана абийирдүү жана бири-бирине боордош мамиледе болууга тийиш.

### 2-берене

Ар бир адам эч кандай айырмачылыгына, расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карабастан ушул Декларацияда жарыяланган бардык укуктарга жана бардык эркиндиктерге ээ болууга тийиш.

Мындан тышкары, адам таандык болгон өлкө же аймак көз карандысыз, көзөмөлдүк астында турган, өз алдынча башкарылбаган же суверенитети кандайдыр бир башкача чектелгендигине карабастан анын саясий, укуктук же эл аралык статусунун негизинде эч кандай айырмачылык болбоого тийиш.

### 3-берене

Ар бир адам жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу.

### 4-берене

Эч ким кулчулукта же эрксиз абалда кармалууга тийиш эмес; кулчулукка жана кул сатуунун бардык түрлөрүнө тыюу салынат.

### 5-берене

Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек.

### 6-берене

Ар бир адам, кайда гана болбосун, ага укуктун субъектиси таандык экендигин талап кылууга укуктуу.

### 7-берене

Бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана эч айырмасыз мыйзам менен бирдей корголууга укуктуу. Бардык адамдар ушул Декларацияны бузуучу кандай гана болбосун кодулоодон жана андай кодулоого ар кандай шыкактоодон бирдей корголууга укуктуу.

### 8-берене

Ар бир адам Конституциядагы же мыйзамдагы анын негизги укуктары бузулган учурда компоненттүү улуттук соттор аркылуу укуктары толук калыбына келтирилишине акылуу.

### 9-берене

Эч ким ээнбаштык менен камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес.

### 10-берене

Ар бир адам өз укуктары менен милдеттерин аныктоо жана ага коюлган кылмыш күнөөсүнүн негиздүүлүгүн аныктоо үчүн толук теңчилик негизде анын иши ачык жана адилеттүүлүктүн бардык талаптарын сактоо менен көз карандысыз жана адилет сот тарабынан каралышына укуктуу.

### 11-берене

1. Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлөнгөн ар бир адам анын күнөөсү соттук ачык териштирүү жолу менен мыйзамдуу тартипте белгиленгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу, мында ага коргонуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр камсыз кылынууга тийиш.
2. Эч ким кандайдыр-бир жосуну же аракетсиздиги үчүн ал улуттук мыйзам же эл аралык укук боюнча кылмыш болбосо аны жасагандыгынын негизинде соттолушу мүмкүн эмес. Ошондой эле кылмыш жасалган учурда колдонулушу мүмкүн болгон жазадан кыйла оор жазага да тартылбайт.

### 12-берене

Эч ким анын жеке жана үй-бүлөлүк турмушуна ээнбаштык менен кийлигишүүгө, анын турак жайына, анын кат-кабарларынын купуялыгына же анын абийирине жана беделине ээнбаштык менен кол салууга кириптер болууга тийиш эмес. Ар бир адам андай кийлигишүүдөн же андай кол салуудан мыйзам менен коргонууга укуктуу.

### 13-берене

1. Ар бир адам ары-бери эркин жүрүүгө жана ар бир мамлекеттин чегинде өзүнө жашаган жерди тандап алууга укуктуу.
2. Ар бир адам ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн да чыгып кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып келүүгө укуктуу.

### 14-берене

1. Ар бир адам куугунтуктоодон башка өлкөлөрдөн башбаанек издөөгө жана андай башбаанектен пайдаланууга укуктуу.
2. Бул укук чындыгында саясий эмес кылмыш жасоого же Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына жана принциптерине карама-каршы келген жосундарга негизделген куугунтуктоо учурларында колдонулушу мүмкүн эмес.

### 15-берене

1. Ар бир адам жарандуулукка ээ болууга укуктуу.
2. Эч ким ээнбаштык менен жарандыгынан ажыратылышы же өз жарандыгын өзгөртүүгө укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

### 16-берене

1. Бойго жеткен эркектер жана аялдар расасы, улуту же дини боюнча эч кандай чектөөсүз никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Алар никеге туруу, никеде болуу жана аны бузуу учурунда бирдей укуктардан пайдалана алышат.
2. Никеге туруп жаткан тараптар өз эрки менен ага өз ара толук макул болгондо гана нике кыйылат.
3. Үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уюткусу болуп саналат жана коом менен мамлекет тарабынан коргоолууга укуктуу.

### 17-берене

1. Ар бир адам мүлккө жеке өзү, ошондой эле башкалар менен бирдикте ээлик кылууга укуктуу.
2. Эч ким өз мүлкүнөн ээнбаштык менен ажыратылууга тийиш эмес.

### 18-берене

Ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө, адеп-ахлакка жана дин тутууга укуктуу; бул укук өз динин же ынанымын өзгөртүүнү жана өз динин же ынанымын жекече, ошондой эле башкалар менен бирдикте жүргүзүүнү, дин жана табынуу ырым-жырымдарын жалпы же жекече тартипте үйрөнүү, сыйынуу жана аны ишке ашырууну эркин жүргүзүүнү камтыйт.

### 19-берене

Ар бир адам эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу; бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин камтыйт.

### 20-берене

1. Ар бир адам тынч жыйындарга жана ассоциацияларга катышуу эркиндигине укуктуу.
2. Эч ким кайсы бир ассоциацияга кирүүгө мажбурланышы мүмкүн эмес.

### 21-берене

1. Ар бир адам өз өлкөсүн түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу башкарууга катышууга укуктуу.
2. Ар бир адам өз өлкөсүндө мамлекеттик кызматка кирүүгө бирдей укукка ээ.
3. Элдин эрки өкмөттүн бийлигинин негизи болууга тийиш; бул эрк мезгилдүү жана бурмаланбаган шайлоолордо билдирилүүгө тийиш, алар жалпы жана тең шайлоо укугу аркылуу, жашыруун добуш берүү жолу менен же добуш берүүнүн эркиндигин камсыз кылуучу башка ар кандай бирдей маанидеги формалар менен жүргүзүлүүгө тийиш.

## 22-берене

Ар бир адам коомдун мүчөсү катары ар бир мамлекеттин структурасына жана колдо болгон ресурстарына ылайык улуттук күч-аракеттер жана эл аралык кызматташтык аркылуу өзүнүн кадыр-баркын сактоо үчүн жана инсандык эркин өстүрүү үчүн зарыл болгон социалдык камсыздалууга жана экономикалык, социалдык жана маданий жааттардагы укуктарын жүзөгө ашырууга укуктуу.

## 23-берене

1. Ар бир адам эмгектенүүгө, ишти эркин тандап алууга, адилет жана жагымдуу эмгек шартына жана жумушсуздуктан корголууга укуктуу.
2. Ар бир адам эч кандай кемсинтүүсүз бирдей эмгеги үчүн бирдей эмгек акы алууга укуктуу.
3. Ар бир иштеген адам өзүн жана үй-бүлөсүнүн татыктуу жашоосун камсыз кылуучу жана зарыл учурда социалдык камсыздоонун башка каражаттары менен толукталып турууучу адилет жана канааттандырарлык эмгек акы алууга укуктуу.
4. Ар бир адам өз таламдарын коргоо үчүн кесиптик бирликтерди түзүүгө жана кесиптик бирликтерге кирүүгө укуктуу.

## 24-берене

Ар бир адам жумуш күнүн акыл-эстүү чектөөгө жана акы төлөнүүчү отпускага болгон укугун камтуу менен бош убакытка жана эс алууга укуктуу.

## 25-берене

1. Ар бир адам тамак-аш, кийим-кечек, турак-жай, медициналык жана зарыл социалдык жактан тейлөөнү ичине камтыган татыктуу турмуш деңгээлине укуктуу, ал адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн ден соолугун жана бакубаттыгын сактоо үчүн зарыл жана ал жумушсуз калганда, ооруганда, майып болгондо, жесир калганда, карыганда же ага байланыштуу болбогон жагдайлардан улам жашоо каражатынан ажыраган учурда камсыз кылынууга укуктуу.
2. Эне болуу жана балалык кез өзгөчө кам көрүүгө жана жардамга укуктуу. Никеден же никесиз төрөлгөн бардык балдар бирдей социалдык коргоодон пайдаланууга тийиш.

## 26-берене

1. Ар бир адам билим алууга укуктуу. Билим берүү, жок дегенде башталгыч жана жалпы билим берүү акысыз болууга тийиш. Башталгыч билим берүү милдеттүү болууга тийиш. Техникалык жана кесиптик билим берүү ал мүмкүнчүлүктөн пайдалана алгыдай жана жогорку билим берүү ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүнүн негизинде бардык адамдар үчүн бирдей пайдалана алгыдай болууга тийиш.
2. Билим берүү адамдын инсандык касиеттерин толук өстүрүүгө жана адамдын укуктары менен негизги эркиндиктерин урматтоону арттырууга багытталууга тийиш. Билим берүү бардык элдердин, расалык жана диний топтордун ортосунда өз ара түшүнүшүүгө, сабырдуулукка жана достукка өбөлгө түзүүгө жана Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтыкты сактоо боюнча иш-аракеттерине көмөк көрсөтүүгө тийиш.
3. Ата-эне өзүнүн жаш баласы үчүн билим берүү түрүн тандап алууда артыкчылыктуу укукка ээ.

## 27-берене

1. Ар бир адам коомдун маданий турмушуна эркин катышууга, искусстводон ырахат алууга, илимий прогресске катышууга жана анын натыйжаларынан пайдаланууга укуктуу.
2. Ар бир адам өзү автор катары жараткан илимий, адабий жана көркөм эмгектеринин натыйжасы болуп саналган өзүнүн материалдык жана моралдык кызыкчылыктарынын корголушуна укуктуу.

## 28-берене

Ар бир адам ушул Декларацияда баяндалган укуктары менен эркиндиктери толук ишке ашырыла турган социалдык жана эл аралык тартипке укуктуу.

## 29-берене

1. Адам инсан катары коомдо гана эркин жана толук өсүп-өнүгүшү мүмкүн, андыктан ар бир адам коом алдында милдеттүү.
2. Өз укуктары менен эркиндиктерин иш жүзүнө ашырууда ар бир адам эң оболу башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тийиштүү түрдө таанууну жана урматтоону камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адеп-ахлактын, коомдук тартиптин жана жалпы бакубаттыктын акыйкат талаптарын канааттандыруу үчүн мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөргө гана дуушарланууга тийиш.
3. Бул укуктар менен эркиндиктерди иш жүзүнө ашыруу Бириккен Улуттар Уюмунун максаттары менен принциптерине эч кандай карама-каршы келүүгө тийиш эмес.

## 30-берене

Бул Декларацияда эч нерсе кандайдыр бир мамлекетке, айрым топторго же айрым адамдарга ушул Декларацияда баяндалган укуктар менен эркиндиктерди жок кылууга багытталган иш-аракет жүргүзүү же андай аракеттерди жасоо укугун берүү катары чечмеленүүгө тийиш эмес.

«Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча көрсөтмө» окуу куралы аялдардын кыймылын өркүндөтүү максатындагы окутуу семинарларынын топтомунан турат. Китеп «Women Learning Partnership» (WLP) аялдарды колдоо жана өнүктүрүү уюмунун демилгеси менен иштелип чыгып, аялдарды лидерликке окутуу үчүн кырктан ашуун өлкөгө жайылтылып, он жети тилге которулган. Саясий активдүүлүк боюнча көрсөтмө окуу куралы демократиялык өнүгүү жолундагы мамлекеттердеги аялдардын саясатка аралашуусуна түздөн түз жардам берүүчү, жол көрсөтүүчү колдонмо. Китептин мазмуну туруктуу өнүгүүнү, тынчтыкты, акыйкаттуулукту жана тең укуктуулукту камсыз кылууну көздөп, бийлик менен байланышты өзгөртүүгө багытталган сабактардан турат. Ар бир сабакта көндүмдөрдү бышыктоочу көнүгүүлөр орун алган. Алар ондогон аял-лидерлердин басып өткөн жолдору, тең укуктуулук, акыйкаттык үчүн күрөштөгү кыйынчылыктары менен жетишкендиктери тууралуу баяндар менен толукталып, аялдардын саясий аң-сезимин курчутуп, жаңы бийиктиктерге шыктандырат. Сабактар катышуучулардын билимдерин баалоо менен жыйынтыкталат. Өз кезегинде WLP уюмунун өнөктөштөрү тууралуу маалымат берилип, тиркемелерде баалуу кеңештер менен тактамалар берилет.

Тарыхый өңүттөн караганда кыргыз элинде кыз-келиндердин орду төмөн бааланып, турмуш-тиричиликтин деңгээлинен көтөрүлгөн эмес, аялдардын арасынан саясий лидерлер сейрек чыккан. Бирок, мезгилдин өтүшү менен коомдук аң-сезим алмашып, аялдар да эркектер менен тең катарда жашап, эмгектенип, ал тургай мамлекетти башкарууга кудуреттүү экендиги тастыкталып олтурат. Ошондой болсо да, учурда республикада, айрыкча, элеттик аймактарда жашаган аялдардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу максатында окутуу зарылдыгы бар. Бул жагдайда кыргыз тилине которулуп, басылып чыккан колуңуздагы «Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча көрсөтмө» китеби табылгыс колдонмо.

***Эркин журналист Г.Турдалиева***

*"Таасир берүүчү көрсөтмө: Аялдардын саясий активдүүлүгү боюнча окуу куралы" өтө кылдаттык менен, өтө көп кырдуу мамиле менен, китептин аты өзү айтып тургандай таамай таасир берүүчү деңгээлде иштелип чыккан. Окуу куралы аялдардын саясатка, чечим кабыл алуу процесстерине активдүү катышуусун жогорулатуу максатында билимдерди сунуштап, катышуучудан дагы, окутууну жүргүзүп жаткан тренерден дагы чыгармачылык, изденүүчүлүк мамилени талап кылат. Окуу куралынын өзөгү ар бир катышуучунун жеке билим көрөңгөсүн жөнөкөйдөн татаалга карай толтуруп жүрүп олтурууга негизделген он сабактан турат. Мында Сиз тренер катары ошол сабактардын темалары менен эле чектелип калбайсыз. Ар бир сабактын алкагында бир нече көнүгүүлөр сунушталган, аларды ар бир тренер билим алып жаткан аудиториянын деңгээлине жараша, окутуунун багытына жараша тандап колдоно билсе болот. Эгер ар бир тренер кимди, эмне үчүн окутуп жатканын, эртең алардын орду кайда экендигин чындап түшүнгөн болсо, окуу куралындагы көнүгүүлөр анын кыялын ишке ашыруучу өтө кылдат курулган көпүрө, жол. Музыкант ар бир нотага аяр мамиле жасап олтуруп, улуу бир шедевр жараткан сыяктуу эле, бул окуу куралынан ар бирибиз, ар бир тренер өз шедеврин жаратса болот, анда сабактын темаларын эргүү менен кылдат тандоо мүмкүнчүлүгү бар. Мына ошол кылдат тандоонун натыйжасында тренер өзү окутуп жаткан аудиторияны да, өзүн да жеке кыялдарды ишке ашыруунун сырларынан баштап, шайлоолордо ийгиликке жетише билүүнүн жолдору, квоталар, эл аралык мыйзамдар дүйнөсүнө жетелейт. Окуу куралында катылган билимдердин дал ушундай көп кырдуулугу котормочу катары мага зор эргүүнү тартуулады жана өтө аяр чыгармачылык мамиле жасоону, жоопкерчиликти талап кылып, китепти кыргыз тилинде чеберчилик менен сүйлөтүүгө түрткү берип, жыйынтыгында сыймыктануу алып келди. Эми бул окуу куралынан Кыргызстандын аймактарындагы көптөгөн аялдар, эжекелер, кыз-келиндер билим алышып, саясат айдыңында лидерлик чеберчилигин арттыра алышат.*

***WLP Кыргызстан долбоорунун***
***эксперти, котормочу, тренер Г.Жумабаева***

Women's
Learning
Partnership

for rights,
development,
and peace

www.learningpartnership.org

**Women's Learning Partnership**
4343 Montgomery Avenue, Suite 201
Bethesda, MD 20814, USA
www.learningpartnership.org